"InKoom - Кыргызстанда адилеттүү жана
инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү"
долбоору

# ИНКЛЮЗИВДҮҮ ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН СТАНДАРТТАРЫ

## ОКУУ КУРАЛЫ

Бул басылма Европа Биримдигинин финансылык колдоосу менен жарыяланды. Анын мазмуну үчүн “Социалдык технологиялар агенттиги” Коомдук Бирикмеси гана жооптуу. Басылма милдеттүү түрдө Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

**УДК 070**
**ББК 76.0**
**И 65**

*Рецензенттер:*
Юридика илимдеринин доктору, профессор Ниязова А.Н., «Адилет» Жогорку укук мектеби, Каспий коомдук университети (Алматы шаары)
Филология илимдеринин доктору, профессор Сардарбек кызы Н., Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.

**ИНКЛЮЗИВДҮҮ ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН СТАНДАРТТАРЫ: ОКУУ КУРАЛЫ /ЭКИНЧИ ТОЛУКТАЛГАН БАСЫЛЫШЫ/ Б.2025 – 259 Б.**

*М.А. Карыбаеванын жалпы редакциясынын алдында:*
Алдашова Г.М., Алымбекова М.Т., Асанова А.А., Бактыбек к. А., Болотбекова К.Б., Горина И.В., Джунушалиева Г.Дж., Искендерова Ш.А., Калыбекова Н.К., Кошоева М.Д., Мамаева А.А., Мамырова М.К., Мамышева Ж.А., Нооганова Е.О., Султаналиева А.С., Токтосун к. А., Умарова А.А., Эшимканова А.А.

Биринчи басылышы: «Гендерге сезимтал журналистиканын стандарттары» методикалык колдонмосу / Капушенко А., Кочорбаева З., Пригода Н., Исланбекова Б. Редакциялаган: Араева Ж. / Бишкек, 2021

**ISBN 978-9967-11-818-8**

“Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары” окуу куралы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерине арналат жана алар тарабынан “Журналистика” адистиги боюнча өзүнчө курстун алкагында, ошондой эле “Социалдык жарнаманын тарыхы”, “Жарнаманы жана продуктту иштеп чыгуу”, “Массалык коммуникациянын психологиясы” курстарын окутууда өздөштүрүлүшү мүмкүн. Сунушталган материалдар студенттерге медиа сабаттуулук чөйрөсүндө гендер жана инклюзия маселелеринин актуалдуулугун түшүнүүгө жардам берет. Алар курстук жана бүтүрүүчү квалификациялык иштердижазууда эске алынышы керек.

Окуу куралы Европа Биримдиги тарабынан каржыланган «InKoom – Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү» долбоорунун колдоосу менен даярдалып, басылып чыгарылган. Долбоорду «Социалдык технологиялар агенттиги» коомдук бирикмеси (СТА) www.sta.kg ишке ашырат.

Авторлор бул басылманы чыгарууга көрсөткөн колдоосу үчүн Швейцария өкмөтүнө терең ыраазычылыгын билдиришет. Иллюстрациялар: Титова Александра.

Бул басылманын мазмуну Европа Биримдигинин көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

**ISBN 978-9967-11-818-8**

**УДК 070**
**ББК 76.0**

Европа Биримдигинин каржылоосу

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

SOCIAL TECHNOLOGIES AGENCY
АГЕНТСТВО СОЦИАЛЬНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ...7

**ОКУУ КУРАЛЫНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ** ... 10

**I. ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕ: ПАЙДА БОЛУУ ТАРЫХЫ ЖАНА НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР** ... 13

1.1. Жыныс жана гендер: айырмасы эмнеде? ... 15

1.2. Гендердик айырмачылыктар кандайча калыптанат? ... 19

1.3. Гендердик теңчилик "бирдейлик" дегенди билдиреби? ... 27

1.4. Теңчилик үчүн дүйнөлүк кыймылдын тарыхы кандай? ... 35

1.5. Кыргызстанда аялдар кыймылынын тарыхы барбы? ... 43

1.6. Жаңылыш пикирлер, стереотиптер, басмырлоо - аларды кантип айырмалоого болот? ... 53

1.7. Гендердик зомбулук деген эмне? ... 59

**II. УЛУТТУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУКТУК АЛКАКТАР** ... 62

2.1. Адам укуктарын коргоонун эл аралык системасы кандай калыптанган? 65

2.2. Кыргызстанда улуттук мыйзамдык база кандай? ... 83

2.3. Кыргызстандын мыйзамдары мүмкүнчүлүктөрдү кантип "теңдештирет"? ... 91

**III. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЯЛДАРДЫН ЖАНА ЭРКЕКТЕРДИН АБАЛЫ САНДАР ТИЛИ МЕНЕН** ... 96

3.1. Гендердик талдоо жана статистика ... 99

3.2. Демография ... 105

3.3. Билим берүү ... 125

3.4. Ден соолук ... 141

3.5. Саясий катышуу ... 149

3.6. Гендердик зомбулук ... 155

**IV. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН ПРИНЦИПТЕРИ** ... 173

4.1. Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика деген эмне? ... 177

4.2. ИГСЖнын тарыхы жана ишке киргизүү тажрыйбасы кандай? ..................... 185
4.3. Гендердик зомбулук жөнүндө темаларды кантип чагылдыруу керек? .... 197
4.5. Гендердик сезимтал тил деген эмне? ..................................................... 211

**V. ПРАКТИКУМ: Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика** 215
5.1. Гендердик зомбулук темасындагы басылмаларды талдайбыз .................. 217
5.2. Гендердик дата-журналистикада көнүгөбүз ........................................... 237

**ТИРКЕМЕЛЕР** ........................................................................................... 240
Кыскача глоссарий ......................................................................................... 240
Кошумча окуу үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси ................................ 257



## АББРЕВИАТУРАЛАР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| **АБЖК** | БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенциясы |
| **АУЖД** | Адам укуктарынын жалпы декларациясы |
| **АИВ** | Адамдын иммундук жетишсиздик вирусу |
| **БУУ** | Бириккен улуттар уюму |
| **БУУ-Аялдар** | Гендердик теңчилик жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча БУУнун Аялдар түзүмү |
| **БУУӨП** | БУУнун өнүктүрүү программасы |
| **БШК** | Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия |
| **ИГСЖ** | Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика |
| **ДССУ** | Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму |
| **ЖК** | Жогорку Кеңеш |
| **ЖКУ** | Жарандык коомдун уюмдары |
| **ЖОЖ** | Жогорку окуу жай |
| **ИИО** | Ички иштер органдары |
| **КР БП** | Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы |
| **КР БИМ** | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| **КР ИИМ** | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| **КР КК** | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси |
| **КР ММСЖСМ** | Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги |
| **КР ССМ** | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |

**КР ӨКМ** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги

КР **УСК** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

**КР ЭСКММ** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги

**КТРК** Кыргыз Республикасынын коомдук телерадиоберүү корпорациясы

**ММК** Массалык маалымат каражаттары

**ПИП** Пекин иш-аракеттер платформасы

**ТӨМ** Туруктуу өнүгүү максаттары

**ҮК** Үй-бүлөлүк кодекс РК ЖК Республика Казакстан Жаза кодекси

# КИРИШҮҮ

Заманбап дүйнөдө журналистиканы өз кесиби катары тандап алган жаштар же кеңири мааниде — медиа контентти жаратуучулар медиа сабаттуулуктун жана кибергигиенанын жогорку деңгээлине ээ болуу үчүн жетиштүү билимге жана көндүмдөргө ээ болушу керек.

Бирок маалыматтык-коммуникациялык технологиялар чөйрөсүндө сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандыруучу аналитикалык куралдарга ээ болуу андан да маанилүү, алар курчап турган дүйнөнү жана анда болуп жаткан окуяларды жаңылыш пикирлердин, көз караштардын жана стереотиптердин таасирине кабылбастан, мүмкүн болушунча объективдүү кабылдоого жана сүрөттөөгө мүмкүндүк берет.

Мындай аналитикалык куралдардын бири болуп инклюзивдүү гендердик мамиле саналат. Бул куралга ээ болуу медиа контенттин авторлоруна коом үчүн маанилүү жана актуалдуу темаларды чагылдырууга адистешүү мүмкүнчүлүгүн түзүп, адаттагы нерселерди жана көрүнүштөрдү жаңы ракурстан кароого мүмкүндүк берет.

Ошол эле учурда гендердик аспектилердин коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө бар экенин түшүнүү маанилүү. Гендердик көйгөйлөргө көңүл буруу практикасы эң жакшы учурда саясий катышуу маселелеринде жана жарым-жартылай социалдык чөйрөдө калыптанды. Экономика, саясат, коопсуздук тармагында кабыл алынган ар кандай чечимдер аялдар менен эркектерге ар кандай таасир этет. Бул нерсени түшүнүү үчүн “гендер” терминин жетишсиз түшүнүүнүн кесепеттерин жоюу керек жана гендердик талдоону аялдар менен эркектерге карата ар кандай таасирлерди баалоонун объективдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган натыйжалуу аналитикалык курал катары кароо зарыл.

Инклюзивдүү гендердик мамиле акыркы жылдардагы бир нече теңсиздик темасына арналган изилдөөлөрдүн натыйжасы болуп саналат, мында бир эле адам бир учурда бир эмес, бир нече белгилердин негизинде басмырланышы мүмкүн. Адамдын тажрыйбасы индивидуалдуу жана бир нече социалдык өлчөмдөрдүн:  гендер, этностук, сексуалдуулук, жаш курак, жарандык, физикалык жана психикалык мүмкүнчүлүктөр ж.б. кесилишинде ойлонулгандыктан, гендер заманбап түшүнүүдө ар кандай аялуу топторду жана алардын кызыкчылыктарын эске алууну камтыйт. Бул мамиле “Гендер +” деген аталышка ээ болду. Бул окуу куралында майыптыгы бар адамдарга карата бул мамиле кандай колдонуларынын мисалдары берилген.

Майыптуулуктун гендердик аспектилери жөнүндө айтууда дүйнөдө

аялдардын майыптыгынын деңгээли орточо 19,2 пайызды түзөрүн белгилей кетүү керек. Бул ар бир бешинчи аял же кыз ден соолугуна байланыштуу кандайдыр бир чектөө менен жашайт дегенди билдирет. Эркектердин арасында бул көрсөткүч кыйла төмөн - 12 пайыз[1].

Азыркы учурда гендердик теңчилик жөнүндө дискурс саясий күн тартибинин борборунда турат. Теңдик жана “бирдейлик”, гендердик ролдордун өзгөрүлмөлүүлүгү жана “салттуу баалуулуктар” жөнүндө талкуулар телекөрсөтүүлөрдүн экрандарынан жана башка ММКда активдүү угулуп жатат. Коомдун саясий жетилгендигинин даражасын, толеранттуулук маданиятын жайылтууну, көп түрдүүлүктү урматтоону бул дебаттардын деңгээли жана сапаты боюнча бааласа болот. Анын үстүнө акыркы жылдары гендердик мамиле салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарга каршы келет, сырттан келген жана Кыргызстан үчүн актуалдуу эмес деген талаш пикирлер активдүү калыптанууда.

Бул темалар жөнөкөй эмес, бирок аларды чагылдыруу абдан маанилүү. Көп учурда журналисттер көйгөйлөрдүн актуалдуулугун жана масштабдуулугун түшүнбөй, аларды кызыксыз деп эсептеп, чагылдыруудан баш тартышат. Ошондуктан бул окуу куралынын максаты — журналисттердин жана медиа жаратуучулардын ишмердүүлүгүндө гендердик талдоону иш жүзүндө колдонуунун артыкчылыктарын жакшыраак түшүнүүгө көмөктөшүү.

Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча көрүлүп жаткан аракеттерге (адам укуктары боюнча негизги эл аралык документтерди ратификациялоо, улуттук мыйзамдардын деңгээлинде укуктар менен мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин жарыялоо жана башка чаралар) карабастан, өлкөдө аялдар менен эркектер бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес экенин белгилөөгө туура келет, муну гендердик бөлүнгөн статистиканын маалыматтары тастыктап турат. Башкалардан тышкары, теңсиз абалды коомдо болуп жаткан гендердик стереотиптерди бекемдеген билим берүү чөйрөсү жана массалык маалымат каражаттары (ММК) колдойт.

Кесепети катары биз ММКларда чагылдырылган басмырлоо, куугунтуктоо жана гендердик зомбулук учурларын көп кездештиребиз, алар акыркы мезгилде эң жийиркеничтүү көрүнүштөргө жана татаал формаларга ээ болууда. Анын ичинде майыптыгы бар адамдар да зомбулукка кабылууда.

Студенттерге, биринчи кезекте журналистика жана медиакоммуникация факультеттеринде окугандарга арналган бул окуу куралы прак-

[1] Пандемия учурунда майыптыгы бар аялдар кошумча коргоого муктаж / Булак: БУУнун жаңылыктар борбору. — 2021-ж. 6-июлу. // URL: https://news.un.org/ru/story/2021/07/1405942#

тикалык мүнөзгө ээ жана эң көп берилүүчү суроолорго жооп түрүндө түзүлгөн. Ошол эле учурда материал “дата-журналистика” жана “чечимдер журналистикасы” сыяктуу коммуникацияларды түзүүгө карата заманбап ыкмаларды эске алуу менен тандалып алынган. Колдонмонун мазмуну беш бөлүмгө топтолгон.

- **1 бөлүм.** Гендердик мамиленин концептуалдык негиздери: кыскача теориялык сереп.
- **2 бөлүм.** Улуттук жана эл аралык укуктук алкактарды талдоо.
- **3 бөлүм.** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (КР УСК) расмий статистикасынын негизинде Кыргыз Республикасындагы аялдардын жана эркектердин реалдуу абалы жөнүндө негизги иш жүзүндөгү маалыматтар.
- **4 бөлүм.** Гендердик сезимтал журналистиканын пайда болушунун негизги принциптерин жана тарыхын сүрөттөө.
- **5 бөлүм.** Окуучулардын конкреттүү медиа өнүмдөрдүн мисалдарында тексттерди жана видео контентти талдоо көндүмдөрүнө ээ болуудагы практикалык муктаждыктарын канаттандыруу: практикум.

Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика (ИГСЖ) студенттерге сынчыл ой жүгүртүү жана социалдык талдоо көндүмдөрүн бекемдөөгө жардам бере турган келечектүү багыт болуп саналат. ИГСЖ “стереотиптерден эркин билим берүү” мамилесинин бир бөлүгү болуп саналат. Колдонмонун түзүүчү-авторлору окурмандар гендердик мамиленин концептуалдык жана укуктук негиздерин гана эмес, ошондой эле актуалдуу медиа контентти түзүү үчүн статистикалык маалыматтарды колдонууну, ошондой эле чыныгы медиа өнүмдөрдөгү сексисттик жоболорду аныктоо үчүн “гендердик көз айнектерди” колдонууну үйрөнүшөт деп үмүттөнүшөт.

Өлкөнүн бардык жогорку окуу жайларынын окуу программасына “Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары” окуу курсу киргизилбегендигин эске алып, окуу куралы окурмандар бул темалар башка ар кандай окуу курстарына киргизилсе да, предмет жөнүндө толук түшүнүк калыптана тургандай кылып жазылган.

Бул окуу куралын иштеп чыгуу, апробациялоо жана басып чыгаруу Европа Биримдиги каржылаган жана “Социалдык технологиялар агенттиги” коомдук бирикмеси тарабынан ишке ашырылып жаткан “InKoom - Кыргызстанда адилеттүү жана инклюзивдүү коомду өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү” долбоорун ишке ашыруунун алкагында мүмкүн болду.

## ОКУУ КУРАЛЫНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

“Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистканын стандарттары” окуу куралынын максаты — студенттерде ММКнын ишмердүүлүгүндө адам укуктарынын жана гендердик теңчиликтин баалуулуктарын түшүнүүнү, окуяларды жана кубулуштарды гендердик сезимтал чагылдыруу, стереотиптерди кайталабастан гендердик корректтүү тилди колдонуу менен тексттик жана визуалдык контентти өндүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү.

Бул максатка жетүү үчүн ушул окуу куралында баяндалган маалыматтар жана материалдар төмөнкү милдеттерди аткарууга көмөктөшөт:

— студенттерди инклюзивдүү гендердик мамиленин концептуалдык негиздери, анын калыптануу жана өнүгүү тарыхы, анын ичинде дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхынын мисалдарында тааныштыруу;

— гендердик мамилелерди жөнгө салуучу улуттук жана эл аралык укуктук алкактарды, анын ичинде массалык маалымат каражаттарынын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоонун натыйжаларынын маалыматтарын берүү;

— КР УСК расмий статистикасынын негизинде Кыргыз Республикасында аялдардын жана эркектердин реалдуу абалы жөнүндө маалыматтарды колдонуу менен гендердик талдоо сыяктуу аналитикалык куралдын мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгуу. Өлкөдө гендердик дезагрегацияланган маалыматтар дээрлик көп чогултулгандыгын, алар жыл сайын жаңыланып туруучу “Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер[2]” статистикалык жыйнагында жарыяланарын эске алуу менен тиешелүү бөлүмдүн милдетине алардын деталдуу талдоосу кирбейт. Медиа жаратуучулар гендердик статистикадан кантип кызыктуу маалымат ала аларын, анын негизинде макала жазып же маалымат керектөөчүлөрдүн кызыгуусун арттыра турган актуалдуу тема боюнча репортаж жасай аларын көрсөткөн бир нече гана мисалдар келтирилген;

— гендердик сезимтал журналистиканын негизги принциптерин аныктоо жана анын пайда болуу тарыхы жөнүндө айтып берүү;

— студенттердин кызыгуусун арттыруу үчүн медиа өнүмдөрдүн конкреттүү мисалдарын талкуулоо жана материалдарды берүүнүн, анын ичинде санариптик тиркемелерди колдонуу менен берүүнүн гендердик тууралыгы предметине тексттерди жана видео контентти талдоо боюнча практикалык көндүмдөрдү өркүндөтүү. Бул бөлүмдө окурман кейс

[2] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022: Статистикалык жыйнак. — Б., 2023. // URL: https://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-zhenshiny-i-muzhchiny-kyrgyzskoj-respubliki/

түрүндө берилген реалдуу материалдардын гендердик талдоосун өз алдынча жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алат, анын ачкычтары өзүнчө басылмада — Окутуучулар үчүн методикалык колдонмодо камтылган.

Ар бир параграфтын аягында текшерүүчү суроолордун тизмеси берилген. Аларга жооптордун бир бөлүгүн окуу куралынын материалынан тапса болот, ал эми бир бөлүгү студенттерден жоопторду өз алдынча табуу үчүн интернеттен маалымат менен иштөө көндүмдөрүн талап кылат.

Окуу куралы ошондой эле колдонулган терминдердин кыскача сөздүгүн, окуу жана өз алдынча иш жазуу үчүн кошумча адабияттардын тизмесин камтыйт.

# I. ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕ: ПАЙДА БОЛУУ ТАРЫХЫ ЖАНА НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР



21-кылымда көпчүлүк үчүн миңдеген жылдар бою аялдар менен эркектер теңсиз болгон деген ой кызыктай көрүнөт. Бул маселеде олуттуу жылыш 20-кылымда гана болгон, анын башында аялдар тарыхта биринчи жолу шайлоо укугун алышкан жана Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгил адам укуктарын коргоонун Глобалдык системасынын калыптануу мезгили деп саналат.

1945-жылдын июнь айында БУУнун[3] Уставына кол коюлган, анын преамбуласында “эркектер менен аялдардын тең укуктуулугу” эң маанилүү максат катары жарыяланган. Адам укуктарынын жалпы декларациясы [4](АУЖД) бардык адамдардын фундаменталдык укуктары менен эркиндиктеринин эл аралык деңгээлде макулдашылган биринчи аныктамасын камтыйт. АУЖДнын биринчи беренесинде адам укуктары түшүнүгүнүн белгилүү кыскача баяндамасы берилген: “Бардык адамдар өзүнүн укутарында жана кадыр-баркында эркин жана тең болуп төрөлүшөт”.

Андан кийин бардык демократиялык өлкөлөрдүн Конституциясында тең укуктуулук жөнүндө жоболор киргизилип, тиешелүү мыйзамдар чыгарылган жана ондогон жылдар бою теңдикке тез арада жетишүүгө болчудай сезилди, адилеттүүлүк орноп жана аялдар технологиялык өнүгүүдөн жана демократиялаштыруудан бардык жыргалчылыктарды алуу үчүн согуштан кийинки тездетилген калыбына келтирүү жана экономикалык өсүш эле жетиштүүдөй болгон.

Бирок, 1980-жылдары кээ бир өнөр жай өнүккөн өлкөлөрдө жумушсуздук күчөп, социалдык кызматтарга жетүү мүмкүнчүлүктөрү начарлап баратканда, өнүгүү боюнча ойчулдар экономикалык өсүштү өлкөнүн өнүгүү деңгээлинин бирден-бир көрсөткүчү катары колдонуунун негиздүүлүгүнө шек келтире баштады.

Ошол мезгилде дүйнө жүзү боюнча аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна жетишүү үчүн көптөгөн аракеттер жасалган. Бирок, гендердик басмырлоонун ар кандай формалары жашыруун айырмачылыктар жана аялдар менен кыздардын укуктарын жана кадыр-баркын ачык, одоно тебелөө түрүндө да көрүнүп келе жатканы белгилүү болду. Көрсө, жыныстык теңсиздиктин себептери алда канча  татаал жана тереңирээк экен.

Теңдикке жетүү үчүн мыйзамдарды жана өнүктүрүү программаларын кабыл алуу менен чектелбестен, кошумча иш-аракеттерди жүргүзүү керек экени түшүнүктүү болду. Мына ошондо коомдук илимдерде гендердик мамиле күч алды. Бул биздин жүрүм-турумубузду, мүмкүнчүлүктөрүбүздү жана чектөөлөрүбүздү калыптандырууда гендер менен байланышкан социалдык ролдор, нормалар жана стереотиптер чоң роль ойноорун түшүнүүгө реакция катары пайда болду. Гендердик мамиле бул айырмачылыктарды талдоону камтыйт, гендердик негизде теңсиздик жана басмырлоо менен күрөшүүгө жардам берет. Гендердик изилдөөлөр гендер, бийлик, маданият, коомдун ортосундагы мамилелерди ачууга жардам берет жана инклюзивдүү жана тең укуктуу коомду түзүүгө көмөктөшөт.

[3] БУУнун Уставына 1945-жылдын 26-июнунда кол коюлуп, 1945-жылдын 24-октябрында күчүнө кирген. // URL: https://www.un.org/ru/charter-united-nations/index.html

[4] Адам укуктарынын жалпы декларациясы БУУнун Башкы ассамблеясынын үчүнчү сессиясында 217А резолюциясы менен 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган(III). // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml


кыз?
девочка?
кыз?
бала?
кыз?
бала?
девочка?
девочка?
мальчик?
бала?
мальчик?
девочка?
кыз?
кыз?
мальчик?
кыз?
бала?
мальчик?

## 1.1. Жыныс жана гендер: айырмасы эмнеде?

Суроолор: “Сенде ким төрөлөт?”, “Уулбу же кызбы?”, “Кимди каалайсың?” деген сыяктуу суроолорду кош бойлуу аял көп угат. Алардын жообу менен анын жана анын жакындарынын күтүүлөрү байланышкан. “Ким төрөлөт?” — тууганыбыз, кесиптешибиз же досубуз эне болгонун укканда бизди кызыктырган биринчи суроо. Эмне үчүн бул ушунчалык маанилүү?

Жыныс түшүнүгү адамдын биологиялык мүнөздөмөлөрүнө тийиштүү, бул алардын генетикалык жана анатомиялык өзгөчөлүктөрү менен аныкталат, анын ичинде гениталийлер, хромосомалар, гормоналдык курам жана экинчи жыныстык өзгөчөлүктөрү дагы бар. Бала кыз же уул болуп төрөлөт деген бул биологиялык айырмачылыктарда психологдор, социологдор, антропологдор, криминологдор, педагогдор өздөрүнүн суроолоруна жооп издешет.

Алгачкы учурда, баланын аялга же эркекке биологиялык таандыктыгын төрөт учурунда дарыгер визуалдык түрдө аныктайт. Эгерде мындай аныктама кыйын эмес болсо, дарыгер медициналык документтерде баланын жынысын чагылдырат, алар кийин мамлекеттик органдар тарабынан жынысын белгилөө үчүн негиз болуп калат. Жынысы туулгандыгы тууралуу күбөлүктө жана паспортто белгиленет, адамдын укуктук статусуна, укуктарынын бар экендигине жана көлөмүнө, милдеттерине жана жоопкерчилигине таасир этет.

Мисалы, Кыргыз Республикасында эркек жынысындагы жарандар гана аскер кызматына милдеттүү түрдө чакырылууга тийиш, кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүү аялдарга гана берилиши мүмкүн, ошондой эле атасы дагы бала багуу боюнча өргүүнү ала алат. Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу аялдарга дайындалбайт, никеге ар башка жыныстагы адамдар (аял жана эркек) гана кире алышат. Башка өлкөлөрдө, мисалы Италияда, аялдар өмүр бою эркинен ажыратылышы мүмкүн, ал эми Израилде армияга чакырылышы мүмкүн.

Биологиялык көз караш боюнча аялдар менен эркектерде чечилгис айырмачылыктар көп эмес деп айтууга болот. Буларга, албетте, аялдардын баланы көтөрүү жана төрөө, эмчек эмизүү жана эркектердин уруктандыруу гана жөндөмү тийиштүү. Калган бардык айырмачылыктар (жүрүм-турумдагы, үй-бүлөлүк турмуштагы, кесиптик ишмердүүлүктөгү) анчалык принципиалдуу эмес жана көпчүлүктө тарбиянын жана салттын таасири астында калыптанат, б.а. айлана-чөйрө, үй-бүлө жана коом таңуулаган жүрүм-турум стереотиптери болуп саналат. Бул жерде биз

гендер түшүнүгүнө туш болобуз.

Эгерде жыныс - бул “организмдин төрөлгөндөн баштап берилген биологиялык жана физиологиялык мүнөздөмөлөрүнүн жыйындысы болсо, анда гендер - бул коом тарабынан физиологиялык реалдуулуктун үстүнө курулган жыныстык социалдык түзүлүш болуп саналат”[5] .

Англис тилинен алынган “гендер” деген сөз грамматикалык түрдү (род), эркек (мужской) же аял (женский) дегенди билдирет. Биринчи жолу грамматикалык контексттен тышкары, аны психолог Роберт Столлер “Жыныс жана гендер” чыгармасында термин катары колдонгон («Sex and Gender»)[6] . 1968-жылы ал жыныс менен гендер бири-бири менен белгилүү бир байланышы бар түшүнүктөр болсо да, бири-биринен көз каранды эмес деген жаңы концепцияны сунуштаган, ошондуктан жыныс биологиянын, ал эми гендер психологиянын изилдөө предмети болушу керек. Терминдерди бөлүүнүн мааниси “эркектиктин” жана “аялдыктын” социалдык-маданий маанилерин биологиялык жыныстык айырмачылыктардан бөлүү болгон. Ошентип, “гендер” терминин киргизүү жыныстардын ортосундагы мамилелер биологиялык айырмачылыктарга гана негизделбегенин баса белгилейт; алар көпчүлүк түрдө коом тарабынан калыптанып, гендерди “социалдык жыныс” кылат”[7] .

Гендерди аялдар же эркектерге таандык деп айтууга болбойт, бул термин алардын ортосундагы мамилелерди, бул мамилелерди социалдык жактан түзүүнүн жолдорун мүнөздөйт, коом жыныстардын өз ара аракеттенүүсүн кантип “түзөрүн” түшүндүрөт. Таптык, расалык жана этникалык концепциялар сыяктуу эле, гендер түшүнүгү коомдогу процесстерди жакшыраак түшүнүү үчүн аналитикалык курал болуп саналат.

Гендердик айырмачылыктар мейкиндикте жана убакытта өзгөрүүгө ээ: ар кандай маданияттарда аялдар менен эркектердин ар кандай, көбүнчө карама-каршы жүрүм-турум моделдери жана көрсөтмөлөрү кездешет. Кылымдар бою адамдарда коомдо аялдар менен эркектердин ойной турган ролу жөнүндө белгилүү бир көрүнүштөр пайда болгон. Алар феминдик (аялдык) жана маскулиндик (эркектик) сыяктуу түшүнүктөргө, б.а. социалдык жана маданий жактан жынысына байланыштуу мүнөздөмөлөргө негизделген.

Гендердик ролдор - бул социалдашуу процессинде кабыл алынган

[5] Ильин Е. П. Жыныс жана гендер. — СПб.: Питер, 2010-ж. — 14-б. // URL: https://www.litres.ru/book/evgeniy-ilin/pol-i-gender-422242/chitat-onlayn/

[6] Столлер Р. Жыныс жана гендер: эркектикти жана аялдыкты өнүктүрүү. — Лондон, 2020-ж. // URL: https://www.taylorfrancis.com/books/mono/10.4324/9780429479915/sex-gender-robert-stoller

[7] Жаңыдан баштагандар үчүн гендер/ Т. Барчунова, Е. Жидкова, Е. Здравомыслова, О. Здравомыслова, Л. Попкова, Е. Омельченко, Л. Саморукова, Л. Семенова, И. Тартаковская, А. Темкина; И. Тартаковской, Л. Попковой. ред. алдында— М., 2006-ж. // URL: https://www.colta.ru/articles/specials/10698-gender-dlya-chaynikov-kratkiy-kurs

"аялдык" жана "эркектик" жүрүм-турумдун белгилүү бир үлгүлөрү, моделдери. Коом аялдар менен эркектерди белгилүү бир тарыхый өнүгүү этабында белгилүү бир коомдо болгон социалдык жана маданий нормаларга ылайык роль ойноого багыттайт. Гендердик ролдор белгилүү бир жыныстагы адамдардын ой жүгүртүүсүн, сезимин жана иш-аракетин жөнгө салат. Алар ар кандай курактык жана социалдык топтордо ар кандай болушу мүмкүн жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн.

Гендердик ролдор жөнүндө стереотиптер - ар башка жыныстагы адамдардын образы жөнүндө типтүү түшүнүктөр менен бекемделет. Жыныстын табигый "тагдыры" жөнүндөгү стереотиптик идеяларга негизделген салттуу гендердик ролдор аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу чектейт жана эркектердин өмүрүнүн узактыгынын кыскарышына алып келет.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **"Биологиялык жыныс" деген эмне?**
2. **"Биологиялык жыныс" менен "социалдык жыныс" же гендер эмнеси менен айырмаланат?**
3. **Бул терминди илимге ким киргизген? Эмне үчүн?**
4. **"Гендердик ролдор" деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?**





## 1.2. Гендердик айырмачылыктар кандайча калыптанат?

Гендердик стереотиптер алгач үй-бүлөдө, башкача айтканда бала биринчи кирген чөйрөдө калыптанат. Баланын ымыркай кезинде эле ата-энелер гендердик түскө боелгон коляскаларды, чепчиктерди, распашонкаларды, байпактарды ж.б. колдонуу менен айланасындагы адамдарда, ал эми кийинчерээк баланын өзүндө анын жынысына ылайыктуу келбет тууралуу түшүнүктү калыптандырышат. Кыз менен бала чоңойгон сайын гендердик айырма оюнчуктар, оюндар, чач жасалгасы, кийим-кече менен бекемделип, бала “типтүү аялдыкы” (куурчакты ороо, төшөккө жаткыруу, тамак даярдоо ж.б.) же “типтүү эркектики” (“атышуу”, унаа менен ойноо, самолеттор, трансформерлер ж. б.) менен бекемделет. Мындан тышкары, жеке үлгү же тарбиялоо ыкмалары аркылуу “туура” (“өзүңдүн артыңан тазалап кет, сен кызсың да”) же “туура эмес” (“ыйлаба, сен эркек баласың да”) жүрүм-турумду ооздуктоо баланын адатта аялдык жана эркектик жүрүм-турум үлгүлөрү жөнүндөгү түшүнүктөрүн бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Адабиятта көп кездешкен дагы бир термин — бул гендердик иденттүүлүк, адамдын өзүнүн жынысын билүүсү, өзүн аял же эркек катары аныктоо. Адатта, болжол менен төрт жашында, балдар жыныстык таандыктыгын жакшы билип гана тим болбостон, аны физикалык өзгөчөлүктөрү- өз жыныс органдарынын түзүлүшү менен байланыштыра башташат. Бул куракта алар жынысы туруктуу мүнөзгө ээ экенин жана атын өзгөртүп жана жүрүм-турум деталдарын өрзөртүп карама-каршы жыныстын өкүлдөрүнүн кийимин кийүүгө мүмкүн эмес экенин түшүнүшөт. Жыныстык аң-сезимдин экинчи мезгили жыныстык жетилүү мезгилине туура келет.

Эркектин жана аялдын стереотиптик идеяларын бекемдеген бул билим берүү чөйрөсү (бала бакча, мектеп, кесиптик билим берүү), ал жака бала чоңойуунун кийинки баскычында жетет. Буга мугалимдер тарабынан берилген билдирүүлөр да, окуу процессинде колдонулган материалдар да (окуу китептери, көрсөтмө жана усулдук окуу куралдары) көмөктөшөт. Мындан тышкары стереотиптерди бекемдөөгө алардын мазмуну гана эмес, визуалдык жасалгалоосу да иштейт.

Алсак, Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн окуу китептеринин гендердик экспертизасы[8] алардын мазмуну гендердик стереотиптерди калыптандырууга жана бекемдөөгө өбөлгө түзөрүн көрсөттү. Мисалы,

[8] “Аял киши ашканада, эркек диванда”. Кыргызстандагы окуу китептери гендердик стереотиптерден тазаланат: Алтынай Акматова менен “Окуу китеби” Республикалык илимий-практикалык борборунун директору Чынара Курбанованын маеги/ веб-сайт KaktusMedia. — 12.10.2021. // URL: https://kaktus.media/doc/447508_ona_na_kyhne_on_na_divane._v_kyrgyzstane_ychebniki_ochistiat_ot_gendernyh_stereotipov.html

балдар жана эркектер үчүн окуу китептеринде гендердик ролдордун вариативдүүлүгү кыздар менен аялдар үчүн берилген ролдорго караганда алда канча кеңири берилген. Аялдардын артында алардын кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн чагылдырган мисалдардын минималдуу санынын фонунда үй-бүлөлүк чөйрө (салттуу эненин, аялдын, келиндин, чоң эненин ролдору) жана алардын үй эмгеги “бекемделген”. Эс алуу, спорт, интеллектуалдык ишмердүүлүк чөйрөсүндө көбүнчө эркектер көрсөтүлгөн. Тапшырмаларда, көнүгүүлөрдө, айрыкча так илимдерде, эркек каармандардын басымдуу бөлүгү көрсөтүлгөн, ошондуктан илим эркектин иш-аракет чөйрөсү деген түшүнүктү бекемдейт. Коом таануу, тарых боюнча окуу китептеринде социалдык өнүгүүнү согуштардын, басып алуулардын тарыхы катары сүрөттөө ыкмасы басымдуулук кылат, саясий чөйрөдө жана бийлик структураларында эркектердин үстөмдүк кылган позициясы жөнүндө стереотиптер кайталанат, тарыхый процесстеги аялдардын ролу төмөндөтүлөт. Башкаруу, бийлик ыйгарым укуктары "эркектердин" иш чөйрөсү катары көрсөтүлгөн. Ошентип, балада социалдык ролдорду "салттуу" бөлүштүрүү түшүнүгү калыптанат.

Үй-бүлөлүк ролдордогу гендердик стереотиптер аял үчүн жашоонун эң маанилүү чөйрөсү бул жеке мейкиндик- үй жана үй-бүлө- ошого жараша кожойкенин, аялдын жана эненин ролун трансляциялайт. Аялдын жашоодогу “ийгиликтери” көбүнчө турмушка чыктыбы, канча балалуу болду, жакшы кожойке болдубу боюнча бааланат. Жада калса үй-бүлөнү сактап калуу жоопкерчилиги көбүнчө аялга стереотиптик түрдө жүктөлөт (“Үй-бүлөнү сактап кала албады”, “Аялдык акылмандык жетишсиз болуп калды” ж.б.).

Салттуу көрүнүчтөрдө эркектерге үй-бүлөнү материалдык жактан камсыз кылуу, иштин кесиптик жана коомдук чөйрөсүнө кошулуу, б. а. коомдук мейкиндикте өзүн көрсөтүү жоопкерчилиги милдеттендирилет. Аялдын үй кожойкеси, аял жана эне катары баалоонун карама-каршысы, эркектин “ийгилиги” анын кесиптик жана материалдык байлыгы, карьерасы боюнча бааланат (“ийгиликтүү маскулиндик” деп аталат).

Эркек жөнүндө бир гана багуучу жана камсыздоочу деген стереотиптик көрүнүч бир нече жагдайралда алардын өзүнө ырайымсыз тамаша ойноп, аны үй-бүлөсүнүн, коомдун жана өзүнүн көз алдында да “утулууга” алып келет. Эркек көп учурда өзүн-өзү өлтүрүүгө алып келген баш аламандыкка же ал тургай депрессияга кабылат. Мындай кырдаалдан чыгуунун жолу үй-бүлөдөгү гендердик ролдорду салттуу бөлүштүрүүдөн баш тартуу болушу мүмкүн: эркекти үй жумуштарына жана балдарды багууга тартуу жана аялдын кесиптик өсүшүнө жана ка-

рьерасына көңүл буруу. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары эркекке (баланын атасы, чоң атасы, башка туугандары) бала багуу боюнча өргүүгө толук жана жарым-жартылай чыгууга мүмкүндүк берет.[9]

Практика көрсөткөндөй, аялдар да, эркектер да үй-бүлөдөгү жана кесиптик ишмердүүлүктөгү ролдорду “салттуу эмес” бөлүштүрүүгө даяр эмес. Бирок, эгерде заманбап аял бизнесмен же саясатчы катары "салттуу" эркектин кесибин сынап көрө алса (ийгиликке жетүү кыйыныраак болсо да, бирок фактынын өзү универсалдуу айыптоону жаратпайт), анда эркек маникюрист, бала бакчанын тарбиячысы, башталгыч класстын мугалими, няня, же үй чарбачылыгы, балдарга же улгайган үй-бүлө мүчөлөрүнө кам көрүү сыяктуу “салттуу” аялдардын кесибин алуу каалоосу коомчулуктун сынына кабылат. Ошол эле учурда калыптанып калган стереотиптерден улам эркектер үйдөгү да, профессионалдык да “аялдардын жумушун” жасоо мүмкүнчүлүгүнөн коркушат. Натыйжада алар балдарына кам көрүүнүн эмоционалдык жана психологиялык жактан пайдалуу тажрыйбасынан ажырап калышат. Бул стереотип эркектердин аткарууга даяр болгон жумуш түрлөрүн да чектейт.

Экономикалык кризис учурунда аялдар жана эркектер үчүн алгылыктуу ролдордогу мындай ийкемсиздик экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү олуттуу чектеп, жумуштуулук көйгөйлөрүн чечүү үчүн инновациялык стратегияларды ишке ашырууга тоскоолдук кылышы мүмкүн.

Бирок, моюнга алуу керек, эркектер гендердик ролдорду салттуу бөлүштүрүүгө сейрек каршы чыгышат, анткени бул аларга абдан ыңгайлуу. Изилдөөчүлөр: “кандай гана караба, алардын карамагында дүйнөдөгү бардык байлыктын арстан үлүшү бар” деп белгилешет. Алар саясаттын жана экономиканын дээрлик бардык негизги чечимдерин көзөмөлдөйт”[10] .

Кесиптик ишмердүүлүктөгү гендердик стереотиптер эркектерге көбүнчө инструменталдык иш-аракеттерди, технологияны, физикалык эмгекти жана так илимдерди белгилейт. Аялдарга салттуу түрдө тейлөө жана аткаруу иши (билим берүү, социалдык коргоо, саламаттыкты сактоо ж. б.) берилет. Буга эмгек рыногундагы кесиптик ишмердүүлүктүн адаттагы "аялдын" жана "эркектин" чөйрөлөрүнүн болушу менен тастыкталат. Мындай сегрегация "айнек дубалдар" жана "айнек шып"деп аталып калган.

"Айнек шып" же вертикалдуу эмгек сегрегациясы- бул аялдардын

[9] КР 2004-жылдын 4-августундагы №106 Эмгек кодексинин 137-б.
[10] Здравомыслова Е. “Жаңы баштагандар үчүн гендер — 125-б. // URL: https://www.colta.ru/articles/specials/10698-gender-dlya-chaynikov-kratkiy-kurs

кызмат тепкичке көтөрүлүшүн чектеген көрүнбөгөн жана формалдуу түрдө аныкталбаган тоскоолдук[11]. Эркек кесиптештерине салыштырмалуу бирдей же андан жогору кесипкөйлүк деңгээли менен аялдар мансаптык өсүүнү көбүнчө аткаруучулардын деңгээлинде “токтотушат” же эң жакшы учурда жетекчинин орун басары болушат. Бул тоскоолдуктар коомдук жашоодо аялдардын экинчи ролу жана алардын жөндөмдүүлүктөрүнүн чектелгендиги жөнүндө терең гендердик стереотиптер менен шартталган.

Горизонталдуу эмгек сегрегациясы же "айнек дубалдар" - бул аялдардын карьералык өсүш жана кирешени камсыз кылган кесиптерге жана иш-аракеттерге азыраак мүмкүнчүлүгү болгон кырдаал. “Айнек дубалдар” аялдарды азыраак кирешелүү тармактарга топтоп, алардын финансылык жана экономикалык ресурстарга, демек, күч структураларына жеткиликтүүлүгүн чектейт. Ошентип, маданият, саламаттыкты сактоо же социалдык камсыздоо чөйрөсүндө башкаруу жана каржы тармактарына караганда мансаптык өсүүнүн келечеги азыраак. Ошентип, “айнек дубалдар” болгон учурда, вертикалдык илгерилөөнүн чектөөсү иштин кесиптик чөйрөсүн тандоо менен алдын ала аныкталган.

Эркектер экономика чөйрөсүндө көбүрөөк айлык акы төлөнүүчү жумуштарда иштешкендиктен, ошондой эле "аялдар" чөйрөсүндө дагы жогорку кызматтарды ээлешкендиктен, аялдар менен эркектердин орточо эмгек акысынын ортосунда айырма пайда болот. Мисалы, Кыргыз Республикасында аялдар үчүн бул көрсөткүч 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча 24 954 сомду, ал эми эркектер үчүн 31 353 сомду түздү (79,6 пайыз)[12] .

Аялдар менен эркектердин саясатка жана чечимдерди кабыл алууга катышуусуна байланыштуу гендердик стереотиптер саясат “аялдардын иши эмес” деген идеяга негизделген. Бирок “парламентаризмдин дүйнөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй, эгерде мыйзам чыгаруу органындагы 10 пайыз орундарды аялдар ээлесе, бул балдарды коргоо боюнча мыйзамдарды кабыл алууну жеңилдетет. Эгерде орундардын 20-30 пайызын аялдар ээлесе, анда аялдардын кызыкчылыгын чагылдырган бардык программалар алда канча тез жана натыйжалуу ишке ашат. БУУнун бардык документтерде аялдардын катышуусуз социалдык, экономикалык жана башка көйгөйлөрдүн ишенимдүү чечимдерин табуу мүмкүн

[11] Гендердик терминдер сөздүгү // URL: http://a-z-gender.net/steklyannyj-potolok.html

[12] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018–2022: Статистикалык жыйнак. — Б., 2023-ж. — 120-121. Б. // URL: https://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-zhenshiny-i-muzhchiny-kyrgyzskoj-respubliki/

эмес деген катуу принципти кармангany бекеринен эмес"[13] .

Парламенттерде аялдардын саны жогору болгон өлкөлөр — Норвегия (41,4 пайыз), Швейцария (41,5 пайыз), Швеция (47 пайыз) — адамзаттык өнүгүү индекси боюнча өлкөлөрдүн рейтингинде алдыңкы катарда турат (АӨИ)[14]. АӨИ адамдын өнүгүүсүнүн үч ченеминдеги жетишкендиктердин орточо көлөмүн аныктайт: ден соолук, билим жана татыктуу жашоо деңгээли. Бул рейтингде Кыргыз Республикасы 191 өлкөнүн ичинен 118-орунда турат.[15]

Кыргызстанда аялдардын саясатка жана чечимдерди кабыл алууга катышуу деңгээли мурдагыдай эле төмөн бойдон калууда. Өкүлчүлүктөгү дисбаланс мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында (мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот) жана чечимдерди кабыл алуу чөйрөлөрүндө байкалат. 2023-жылдын 1-январына карата саясий кызмат орундарынын деңгээлиндеги аялдардын үлүшү 31,4 пайызды түздү [16].

Аялдын белгилүү бир лидерлик кызматты ээлеши өзү эле аялдардын кызыкчылыгын сактоого кепилдик бере албайт. Бирок, коомдо ар дайым эркек жана аял калктын кызыкчылыктары бар жана алар ар башка. Саясий чечимдерди кабыл алууга гендердик мамиле белгилүү бир кубулуштардын эркектер менен аялдардын калкына ар кандай таасир тийгизип, ар кандай реакцияларды жаратышы мүмкүн экенин билдирет. Бийлик структураларындагы аялдар саясий маданиятка аялдардын да, эркектердин да кызыкчылыктарын коргоого жардам бере турган элементтерди киргизе алышат. Саясатта аялдар менен эркектердин өнөктөштүгү өкүлчүлүктүү демократиянын булагы болуп саналат.

Эркектер менен аялдардын "типтүү" мүнөздөмөлөрүнүн көпчүлүгү (агрессивдүүлүк жана баш ийүү, туруктуулук жана ийкемдүүлүк, активдүүлүк жана пассивдүүлүк, токтоолук жана экспрессивдүүлүк ж. б.) тубаса эмес, тескерисинче, алынган же коом тарабынан калыптанган. Кыздарды жана балдарды тарбиялоого ар кандай мамиле кылуу, ар кандай көндүмдөрдү үйрөтүү, окуу китептеринде аялдар менен эркектердин стереотиптик ролдорунун чагылдырылышы жалпы эле кесипти,

[13] Аялдардын саясий чөйрөдөгү статусу. Саясий таасир чөйрөсүндөгү эркектер менен аялдардын мамилелеринин иерархиясы, саясий активдүүлүктүн мотивациясы / Студенттердин файл архиви. // URL: https://studfile.net/preview/3299908/page:5/

[14] Дүйнө парламенттеринде канча аял депутат бар / "Сөз жана иш" аналитикалык порталы // URL: https://ru.slovoidilo.ua/2020/02/12/infografika/politika/skolko-deputatov-zhenshhin-parlamentax-mira

[15] Белгисиз убакыттар, туруксуз жашоо: өзгөрүп жаткан дүйнөдө биздин келечегибиз. Адамдык өнүгүү боюнча баяндама 2021–2022. — 274-б.// URL: http://hdr.undp.org/sites/default/files/hdr_2022_overview_-_russian.pdf

[16] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018–2022: Статистикалык жыйнак. — 68-б. // URL: https://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-zhenshiny-i-muzhchiny-kyrgyzskoj-respubliki/

иш-аракетти жана жүрүм-турумду тандоодо өз изин калтырат. Баланын башка жыныстагыларга болгон кызыгуусу, адатта, колдоого алынбайт. Мунун баары кыздар менен балдарды, эркектер менен аялдарды ар кандай позицияларга коет.

Ошол эле учурда коом тарабынан эркектердин жоопкерчилигинин-чөйрөсү катары белгиленген бардык нерсе (саясат жана чечим кабыл алуу, акча табуу, кесипкөйлүк) коом тарабынан аялдарга белгиленген иш-аракеттерге караганда жогору бааланат. Ал эми аялдар басымдуулук кылган кесиптин (медайымдар, санитарлар, тарбиячылар, тазалоочулар, тигүүчүлөр ж.б.) өзү эркектер гана басымдуулук кылган кесиптерге саясатчылар, өрт өчүрүүчүлөр, аскер кызматкерлери, милиционерлер ж.б.) салыштырмалуу "азыраак олуттуу" деп кабыл алынат.

Чындыгында, бир эле адамда феминдик (аялдык) жана маскулиндик (эркектик) сапаттар чогуу болушу мүмкүн. Аялдар да, эркектер да тайманбас жана коркок, жумшак жана катаал, амбициялуу жана момун ж.б. болушу мүмкүн. Мындан тышкары, алар белгилүү бир жагдайларда пайда болуп же көрүнбөй калышы мүмкүн. Ошентип, мисалы, жумшак жана камкор ата ырайымсыз зордукчу же киши өлтүргүч болушу мүмкүн, ал эми адептүү жана момун аял белгилүү бир жагдайларда агрессивдүү жана чечкиндүү болушу мүмкүн. Көпчүлүк адамдарда алардын гендердик идентификациясы төрөлгөндө катталган жынысына карама-каршы келбейт. Коом "эркектик" жана "аялдык" деп аталган бардык сапаттар чындыгында адамдык, башкача айтканда, ар бирибизге тигил же бул деңгээлде мүнөздүү болушу мүмкүн экенин этибарга албайт.



**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Бала өзүнүн “биологиялык жынысын” канча жашында билет?**
2. **Гендердик айырмачылыктарды түзүү процессинде үй-бүлөнүн жана үй-бүлөлүк тарбиянын ролу кандай?**
3. **Гендердик айырмачылыктарды түзүү процессинде билим берүүнүн ролу кандай?**
4. **Гендердик айырмачылыктарды түзүү процессинде ММКнын ролу кандай?**





## 1.3. Гендердик теңчилик “бирдейлик” дегенди билдиреби?

Гендердик теңчиликтин көптөгөн аныктамалары бар. Гендердик мамиленин чегинде ушул чечмелөөлөрдүн пайда болушу эл аралык, регионалдык, улуттук деңгээлдеги көп жылдык изилдөөлөрдүн жана талкуулардын натыйжасы болуп саналат. Адатта, бул түшүнүк укук, мүмкүнчүлүк, баалуулук, позиция жана натыйжалар сыяктуу өз ара байланышкан бир катар негизги элементтер аркылуу ачылат.

Укуктук мамиле эркектер менен аялдар бирдей укуктарга ээ болушу жана мыйзам алдында бирдей болушу керек дегенди билдирет. Бул укуктар ар бир өлкөнүн улуттук конституцияларында жана мыйзамдарында, эл аралык конвенцияларда жана башка ченемдик документтерде жазылган. Аялдар менен эркектерге бирдей укуктарды берүү “де-юре” теңдик, башкача айтканда, расмий, юридикалык теңчилик деп аталат.

Албетте, чыныгы гендердик теңчилик мыйзамдын кепилдигинен да көптү талап кылат. Аялдар менен эркектердин ортосундагы теңчиликти “де-факто” камсыз кылуу үчүн иш жүзүндө мыйзамдарды аткаруу гана жетишсиз — жашыруун тоскоолдуктардан өтүү зарыл.

Гендердик теңчиликтин контекстинде “мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги” түшүнүгү колдонулат. Эркектер да, аялдар да жынысына байланыштуу билим алууда, ишке орношууда же саясий, коомдук же үй-бүлөлүк жашоого катышууда тоскоолдуктарга дуушар болбошу керек. Эки жыныстын өкүлдөрү билимге, жумушка, ресурстарга, маалыматка, кызматтарга жетүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушу керек, башкача айтканда, дени сак жана бактылуу жашоого жөндөмдүү болушу керек.

Гендердик теңчилик ошондой эле эркектер менен аялдардын үй-бүлөгө, коомго жана коомчулукка кошкон салымдары ар кандай болушу мүмкүн болсо да, бирдей бааланышы керек дегенди билдирет. Бул салым аялдардын жана эркектердин эмгегин (акы төлөнүүчү же төлөнбөгөн) жана убакыт, камкордук, көндүмдөр жана билим сыяктуу материалдык эмес ресурстарды камтыйт.

Мисалы, убакыт маанилүү ресурс болуп саналат. Аялдар да, эркектер да суткасына 24 саат болсо да, биздин аймактагы өлкөлөрдө убакытты пайдалануу боюнча изилдөөлөр ушундай көрүнүштү көрсөтүп турат: аялдардын бош убактысы эркектерге караганда азыраак. КР УСК тарабынан үзгүлтүксүз жүргүзүлүп жаткан убакытты сарптоо боюнча изилдөөлөр көрсөткөндөй, аялдар эркектерге караганда акы төлөнүүчү жумуштарга азыраак убакыт коротушат. Ал эми акы төлөнбөгөн эмгекти

эсепке ала турган болсок, алардын жалпы жумуш убактысы эркектердин иштөө убактысынан бир топ ашып кетет. Убакыттын жетишсиздиги ар кандай мүмкүнчүлүктөргө жетүү үчүн олуттуу тоскоолдук болуп саналат.

Бааланбаган "аялдардын эмгеги" аялдар менен эркектерге терс таасирин тийгизет. Бул мамлекеттик саясатка таасир этиши мүмкүн. Мисалы, эгерде пенсия кирешеге жараша эсептелсе, аялдар жоготууга учурайт, анткени алар төрөт жана жаш балдарды багуу учурунда иштебеген убактысы эсепке алынбайт жана репродуктивдүү жана үй жумуштары үчүн киреше алышпайт. Эгерде аял көп жылдар бою үйдө отуруп, бала багып, жумуш рыногунда өз ордун издеп жүрсө, анын алган көндүмдөрү адатта жумуш берүүчүлөр тарабынан бааланбайт. Аялдын тиешелүү билими жана мурунку иш тажрыйбасы болсо дагы, эмгек рыногуна көп убакыттан бери жок болсо, анын мурунку тажрыйбасы жана көндүмдөрү бааланбайт дегенди билдирет.

Эркектер менен аялдардын билиминин маанилүүлүгүн бирдей баалоо материалдык кесепеттерге алып келет. Жергиликтүү жамааттар менен, мисалы, жылытуу системаларын же турак-жайды энергия менен камсыздоону өзгөртүү боюнча консультациялар өткөрүлгөндө, мындай талкууларга дайыма эле аялдар чакырыла бербейт. Бирок, аялдардын өзгөчө тажрыйбасы жана билими бар, мисалы, энергияны үйдө кантип колдонуу (күндүн кайсы убагында, кандай максатта), андыктан энергия менен камсыздоонун жаңы варианттарын карап чыгууда алардын көз карашы маанилүү болушу керек.

Чыныгы теңчиликке жетүү жолундагы тоскоолдуктар татаал жана көп учурда жашыруун мүнөзгө ээ. Мисалы: аялдар менен эркектер курулуш жана курулуш тармагында жумуш алууга бирдей укукка ээ, бирок эркектердин саны адатта бул кесиптеги аялдардын санынан ашат. Айрым учурларда, чыныгы айырмачылык аялдардын бул кесиптик чөйрөдө иштебей турган чечиминин кесепети болуп саналат. Бирок бул дайыма чыныгы тандообу? Бул жакшы маяналуу жана туруктуу кесипке ээ болууну каалаган аялдар үчүн кандай тоскоолдуктар бар? Билим берүү системасы аялдардын курулуш адистиктеринде билим алышына өбөлгө түзөбү? Бул кесипке ылайык аялдардын жумушка орношуусуна кандай стереотиптер тоскоол болушу мүмкүн? Позициялардагы бул айырмачылык мүмкүнчүлүктөрдүн теңсиздигинин бар экендигин көрсөтөт.

Тилекке каршы, массалык аң-сезимде теңчиликти жөнөкөйлөштүрүлгөн түшүнүү дагы эле кеңири жайылган, ал "Бардык адамдар бирдей, бул Конституцияда жазылган, бул жетиштүү" деген сөздө чагылдырылган.

Бул теңчилик түшүнүгү 20-кылымдын 70-жылдарына чейин активдүү колдонулуп келген, бирок азыркы учурда эскирип калган. Аялдар менен эркектерге башкача мамиле кылуу зарыл, анткени алардын жашоо шарттары ар башка. Заманбап теңдик кыймылы формалдуу жана иш жүзүндөгү теңчиликтен "натыйжа теңдигине" чейин ырааттуу түрдө илгерилеп келе жатты. Ошентип, универсалдуу адам укуктарын ырастоодон "кошумча укуктар" түшүнүгүнө чейин эволюция болгон (ак эмес расалардын, аялдардын, балдардын, майыптардын, азчылыктардын ж. б.).

"Кошумча укуктар" түшүнүгү аялдардын биологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам чоң репродуктивдүү жүктү (баланы көтөрүү, төрөт, эмчек эмизүү, үй-бүлөнүн кичинекей жана улгайган мүчөлөрүнө кам көрүү зарылчылыгы) көтөрөрүн таанууга негизделген. Демек, салттуу коомдо эркектер аялдарга салыштырмалуу артыкчылыктуу абалда. Мындай институционалдык дискриминация каада-салттарда, күнүмдүк практикада, мыйзамдарда, саясатта көрүнүп, теңсиздикке алып келет. Аны аялдар, башка аярлуу топтордун өкүлдөрү үчүн мамлекет жана коом тарабынан кошумча мүмкүнчүлүктөрдү жана колдоо көрсөтүү аркылуу жеңүү керек.

Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу эки жыныстын тең билимге жана саламаттыкты сактоого, башкарууга жана бийликке бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушун, финансылык көз карандысыздыкка жетишүүдө, жеке жана кесиптик муктаждыктарын ишке ашырууда бирдей мүмкүнчүлүккө ээ болушун билдирет. Гендердик теңчиликке жетишүүнүн маанилүү аспектиси - бул коомдун ар кандай чөйрөлөрүндөгү аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, ошондой эле бул процесске эркектерди тартуу.

Формалдуу юридикалык теңдикти жарыялоо менен иш жүзүндөгү теңдикке жетишүү мүмкүн эместиги айдан ачык. Мыйзам боюнча аялдар менен эркектер бирдей укуктарга ээ, бирок чыныгы теңчилик үчүн мамлекет жана коом кошумча күч-аракет жумшашы керек деп каалагандай айтууга болот. Эки жыныстагы адамдардын иш жүзүндөгү теңдиги көптөгөн факторлордон көз каранды, бирок баарынан мурда-юридикалык эмес факторлордон. Коомдук аң-сезимди алмаштырып, турмушта жана коомдук пикирде сексизмдин стереотиптерин жана көрүнүштөрүн жок кылуу керек.

Мисалы, мамлекет ар бир баланын жалпы орто билим алуу укугун, кесиптик билим алуу укуктарынын теңдигин жар салганына карабастан, айрым кыздар эрте турмушка чыккандыктан аны ишке ашыра албай жа-

тышат. Дагы бир мисал: никеге туруу максатында аялды ала качуу. Никеге мажбурлоо жана эрте никеге туруу кылмыш болуп саналат, бирок Кыргызстанда бул мыйзам бузуулар дагы да болсо кездешет. Нике курагына жете элек уурдалган аялдар, эреже катары, окуусун токтотушат жана кесиптик көндүмдөрүн камсыз кылган билим алышпайт. Натыйжада алар физикалык, психологиялык, экономикалык көз карандылыкка кабылышат, бул аларды үй-бүлөлүк зомбулукка өтө алсыз кылат. Алар юридикалык мааниде билим алуу укугун жоготпойт, бирок чындыгында жаңы туугандардын келинин колдоодон баш тартуусунан, кош бойлуулугуна жана жаңы төрөлгөн балага кам көрүүгө, үй чарбасын алып барууга байланыштуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашууда.

Гендердик теңчиликке жетишүү үчүн укуктардын теңдигинин гана эмес, ошондой эле мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигинин маанилүүлүгү дүйнөлүк коомчулуктун деңгээлинде таанылган. Ошентип, БУУнун Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенциясында (АБЖК) эркектер менен аялдардын ортосунда толук теңчиликке жетишүү үчүн коомдо жана үй-бүлөдө эркектердин да, аялдардын да салттуу ролун өзгөртүү керек деп айтылат. Үй-бүлөдө жана коомдо калыптанган жана колдоого алынган гендердик ролдорду бөлүштүрүүнүн стереотиптик көз карашы бирдей мүмкүнчүлүктөргө жетишүүгө тоскоолдук кылат.

Албетте, эркек менен аял бирдей эмес жана эч качан болбойт. Жаш курагы, маданияты, дини, расасы жана тажрыйбасы боюнча айырмачылыктар коомубузга көп түрдүүлүктү шарттагандай эле, аялдар менен эркектердин ортосундагы айырмачылыктар да бул ар түрдүүлүккө чоң салым кошот. Анын үстүнө эркектер аялдардан айырмалангандай эле, аялдар менен эркектердин ортосунда да олуттуу айырмачылыктар бар.

Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу аялдар менен эркектерге бирдей талаптарды коюуну билдирбейт. Репродуктивдик жүктөмгө таасир этүүчү аялдар менен эркектердин ортосундагы биологиялык айырмачылыктарды эске алганда, айрым учурларда аялдар менен эркектер менен иштөөдө ар кандай ыкмаларды колдонуу керек. Аялдарга бирдей натыйжаларды жетүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсү керек.

Бул теңчиликти түшүнүүнүн негизинде заманбап дүйнөдө “позитивдүү иш-аракет” түшүнүгү иштелип чыккан. Демек, декларативдик эмес, иш жүзүндө теңчиликке жетүү үчүн мамлекеттер эл аралык укукта "убактылуу атайын чаралар" деп аталган чараларды колдонушат. Аялдар менен эркектерге адилеттүү мамиле кылуу ар кандай жыныстагы

адамдардын бирдей натыйжага жетишине тоскоол болгон тарыхый жана социалдык кемчиликтердин ордун толтуруу чараларын талап кылат.

лери Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган. Келишимге кошулуу менен Кыргыз Республикасы ар бир эл аралык келишимдин жоболорун улуттук деңгээлде аткарууга жана БУУнун тиешелүү келишимдик органдарына алардын аткарылышы жөнүндө мезгилдүү баяндамаларды берүүгө милдеттендирди.

1969-жылдагы Эл аралык келишимдер укугу жөнүндө Вена Конвенциясында ратификацияланган ар бир Келишим анын катышуучулары үчүн милдеттүү жана алар тарабынан ак ниеттүүлүк менен аткарылышы керектиги каралган. Ошондой эле, келишимдин катышуучусу келишимди аткарбагандыгы үчүн шылтоо катары өзүнүн ички укугунун жоболоруна кайрыла албайт деп айтылат. Ушуга байланыштуу Конвенцияга катышкан мамлекеттер өздөрүнүн улуттук мыйзамдарын жана саясатын анын жоболоруна ылайык келтирүүгө милдеттүү. Катышуучу мамлекеттер конвенцияларда камтылган жарандык, маданий, экономикалык, социалдык жана саясий укуктардын бүткүл топтомун де-факто жана де-юре сактоого милдеттенишет.[31]

Ошентип, адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер катышуучу мамлекеттер үчүн адам укуктарын улуттук деңгээлде колдоо жана коргоо боюнча юридикалык милдеттенмелерди түзөт. Мында катышуучу-мамлекеттер өздөрүнүн юрисдикциясындагы ар бир адамдын келишимде каралган укуктарын ишке ашыруу үчүн өздөрүнүн эл аралык милдеттенмелерин аткарууда жардамга муктаж экендиги таанылган.

**1-таблица. Кыргыз Республикасы ратификациялаган БУУ системасынын негизги эл аралык келишимдеринин тизмеси**

| Кабыл алынган жыл | Күчүнө кирген жыл | Документтин аталышы | Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган күн |
|---|---|---|---|
| 1966 | 1976 | Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт | 1994-жылдын 12-январы |
| 1966 | 1976 | Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт | 1994-жылдын 12-январы |
| 1965 | 1969 | Расалык басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө эл аралык конвенция | 1997-жылдын 5-сентябры |

[31] Кыргыз Республикасында аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө БУУнун конвенциясынын жоболорун аткаруу боюнча отчеттуулукту даярдоо боюнча колдонмо / “Аялдарга жардам берүү борбору” КБ, 2019-ж.

| Кабыл алынган жыл | Күчүнө кирген жыл | Документтин аталышы | Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган күн |
|---|---|---|---|
| 1979 | 1981 | Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция | 1997-жылдын 10-февралы |
| 1984 | 1987 | Кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага каршы конвенция | 1997-жылдын 5-сентябры |
| 1989 | 1990 | Баланын укуктары жөнүндө конвенция | 1994-жылдын 7-октябры |
| 1990 | 2003 | Бардык эмгекчи-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенция | 2003-жылдын 29-сентябры |
| 2006 | 2008 | Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция | 2019-жылдын 16-майы |

Адам укуктарын чагылдырган эң маанилүү документ болуп 1948-жылы кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясы эсептелет (АУЖД). Ал бардык адамдарга мүнөздүү болгон кадыр — баркты жана теңдикти-адам укуктарынын негизин түзгөн түшүнүктөрдү тааныйт. АУЖД Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт менен бирге Адам укуктары боюнча эл аралык билль деп аталган нерсени түзөт. Алардын негизинде кийинчерээк адамдардын өзгөчө категорияларын коргоого багытталган атайын конвенциялар иштелип чыккан жана кабыл алынган.

АУЖД жалпысынан адам укуктарын жана аялдардын укуктарын коргоо стандарттарын иштеп чыгуу үчүн баштапкы чекит болуп калды, атап айтканда АУЖД мындай дейт: “Ар бир адам расасына, терисинин түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук же социалдык тегине, мүлкүнө, социалдык тобуна же башка абалына карата эч кандай айырмалоосуз, ушул декларация менен жарыяланган бардык укуктарга жана эркиндиктерге ээ болууга тийиш” (2-б.).

Ар бир келишимге ылайык ар кандай ыкмаларды колдонуу менен анын жоболорунун аткарылышын көзөмөлдөө үчүн өзүнчө механизм

катары эл аралык комитетти түзөт. БУУнун Адам укуктары[32] боюнча келишимдик органдары-көз карандысыз эксперттерден түзүлгөн комитеттер, алардын негизги максаты адам укуктары жаатындагы негизги эл аралык келишимдердин аткарылышын көзөмөлдөө , анын ичинде[33]:

— катышуучу мамлекеттердин мезгилдүү баяндамаларын кароо;

— жеке даттануулары кароо;

— жер - жерлерде териштирүү жүргүзүү.

БУУнун жол-жоболоруна ылайык, уюмга мүчө болгон ар бир өлкө өз милдеттенмелерин аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө тийиштүү комитетке мезгил-мезгили менен маалымат жөнөтүп турат.

Жарандар жана алардын бирикмелери Кыргызстандагы адам укуктарынын ар түрдүү тармактары боюнча БУУнун Адам укуктары боюнча келишимдик органдарына өздөрүнүн альтернативдүү мамлекеттик баяндамаларын берүү боюнча мүмкүнчүлүктөрү бар. БУУнун Келишим органдарына берилүүчү жарандык коомдун отчеттору адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин сакталышына коомдук мониторингдин натыйжаларына, ошондой эле мамлекеттик, региондук жана жергиликтүү өнүктүрүү программаларын ишке ашыруунун мониторингинин натыйжаларына негизделиши мүмкүн, анткени ар бир чара мамлекет тарабынан адам укуктарын урматтоону күчөтүүгө багытталган.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин адам укуктарын эл аралык коргоо механизмдеринин бир убакта пайда болушу менен турмуштун бардык чөйрөлөрүндө эркектер менен аялдардын тең укуктуулук принцибине негизделген аялдардын укуктарын коргоо боюнча эл аралык уюмдар да өнүгүп чыгышты.

Мүчө-мамлекеттерден олуттуу гендердик теңчиликке жетишүү боюнча өз милдеттенмелерин аткарууну талап кылган негизги документ Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндө конвенция болуп саналат (АБЖК).

1-б. АБЖК дискриминацияны “эркектер менен аялдардын тең укуктуулугуна, адам укуктарына жана саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык жана башка ар кандай чөйрөдөгү негизги эркиндиктерге негизделген аялдардын үй-бүлөлүк абалына карабастан таанылышын, пайдаланылышын же жүзөгө ашырылышын начарлатууга жана жокко чыгарууга багытталган жынысы боюнча ар кандай айырмачылык, четтетүү же чектөө” деп аныктайт”.

[32] Адам укуктары боюнча келишимдик органдар: алар эмне жана алардын менин ишиме кандай тиешеси бар?// БУУнун Туруктуу өнүктүрүү боюнча тобу // URL: https://unsdg.un.org/ru/2030-agenda/strengthening-international-human-rights/un-treaty-bodies

[33] Келишим органдары эмне кылышат?/ УВКПЧ // URL: https://www.ohchr.org/ru/treaty-bodies/monitoring-core-international-human-rights-treaties

**АБЖКнын негизги талаптары**

— эгерде буга чейин кылынбаса эркектер менен аялдардын тең укуктуулук принцибин өзүнүн улуттук конституцияларына же башка тиешелүү мыйзамдарга киргизүү, жана бул принциптин практикалык ишке ашырылышын мыйзам жана башка тийиштүү каражаттар менен камсыз кылуу;
— аялдарга карата ар кандай басмырлоого тыюу салган санкцияларды жана тиешелүү чараларды көрүү;
— аялдардын укуктарын эркектер менен бирдей негизде юридикалык коргоону белгилөө жана компетенттүү улуттук соттор жана башка коомдук институттар аркылуу аялдарды дискриминациялоонун ар кандай актысынан натыйжалуу коргоону камсыз кылуу;
— аялдарга карата кандайдыр бир басмырлоочу актыларды же аракеттерди жасоодон алыс болуу жана мамлекеттик органдардын жана мекемелердин бул милдеттенмеге ылайык иш алып баруусун камсыз кылуу;
— аялдарга карата басмырлоону түзгөн колдонуудагы мыйзамдарды, эрежелерди, үрп-адаттарды жана практиканы өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн кандайдыр бир адам, уюм же ишкана тарабынан аялдарга карата басмырлоону жоюу үчүн бардык тиешелүү чараларды көрүү;
— өзүнүн кылмыш-жаза мыйзамдарынын аялдарга карата басмырлоону түзгөн бардык жоболорун жокко чыгаруу;
— эркектердин жана аяалдардын ролдорунун стереотиптештирүү же жыныстын бири төмөн же артыкчылуу идеясына негизделген эркектер менен аялдардын социалдык жана маданий жүрүм-турум үлгүлөрүн өзгөртүү, бейкалыс пикирди жоюуга жана үрп-адаттарды жана башка бардык практикаларды жоюу;
— үй-бүлөлүк тарбия энеликти социалдык функция катары туура түшүнүүнү жана бардык учурларда балдардын таламдары биринчи орунда турган шартта, өз балдарын тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн эркектер менен аялдардын жалпы жоопкерчилигин таанууну камтыганын камсыз кылуу.

АБЖК айыл жергесиндеги аялдардын абалына өзгөчө көңүл бурат. Бул Кыргызстан үчүн өтө маанилүү, анткени өлкөнүн туруктуу калкынын үчтөн экиси айыл тургундары. Ошол эле учурда айыл жергесинде аялдардын үлүшү 49,5 пайызды, шаарда 52,4 пайызды түзөт. Кыргыз-

стандагы бардык аялдардын 63,8 пайызын айыл жергесиндеги аялдар түзөт[34].

БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу комитети Кыргызстандын[35] төртүнчү баяндамасы боюнча корутунду сөзүндө майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенцияны ратификациялоо маселесин карап чыгууну сунуштады. Бул сунуш 2019-жылы аткарылган, муну комитет Кыргызстанды[36] бешинчи баяндамасы боюнча өзүнүн акыркы сын-пикирлеринде канааттануу менен белгиледи.

БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитетинен тышкары, майыптыгы бар адамдарга ар тараптуу кам көрүү боюнча улуттук аракеттерди өнүктүрүүнү улантуу, майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциянын жоболорун шарттарга жараша улуттук мыйзамдарга жана саясатка толук киргизүүгө умтулуу сунушу жана майыптыгы бар адамдардын өздөрү жана башка тиешелүү кызыкдар тараптар менен консультацияда Кыргызстан тарабынан алынган Универсалдуу мезгилдүү сереп боюнча жумушчу топтун баяндамасында камтылган[37].

Кыргызстанда жашаган майыптыгы бар кыздар 1989-жылдагы Балдардын укуктары жөнүндө конвенциянын коргоосунда болот[38], эгерде бул балага карата колдонулган мыйзам боюнча ал 18 жашка эрте чыкпаса, 18 жашка чыкканга чейин "ар бир адамга" жайылтылат. Аталган Конвенцияга ылайык, Кыргызстан мүчө-мамлекет катары анда каралган бардык укуктарды урматтоого жана эч кандай басмырлоосуз камсыз кылууга, ошондой эле баланы басмырлоонун же жазалоонун бардык формаларынан коргоону камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттенет (2-б.).

2006-жылдагы майыптыгы бар адамдардын укуктары боюнча Конвенцияда майыптыгы бар аялдар менен кыздар бир нече дискриминацияга, зордук-зомбулукка, травмага же зомбулукка, шалаакылыкка же кайдыгерликке, туура эмес мамилеге же эксплуатацияга, майыптык боюнча басмырлоого көбүрөөк дуушар болушат деп таанылган. Бул адамдын инсандык касиетине мүнөздүү кадыр-барктын жана баалуулуктардын бузулушун билдирет.

Конвенциянын бардык жоболору жынысына жана жашына карабастан майыптыгы бар адамдарга карата колдонулат, бирок документте

[34] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022 – 32-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

[35] Комитет алтымышынчы сессиясында кабыл алды (2015-жылдын 16 февралы – 6 марты).

[36] Комитет сексенинчи сессиясында кабыл алды (2021-жылдын 18 октябры – 12 ноябры).

[37] Кыргызстандын баяндамасы адам укуктары боюнча кеңеште 44-сессияда каралды (2002 жылдын 15 июну – 3 июлу).

[38] КР Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1402-XII токтому менен кошулган.

аялдарга тиешелүү өзүнчө жоболор бар. Төмөнкүлөрдү камсыз кылуу үчү Конвенция мамлекетти бардык тиешелүү чараларды, мыйзамдарды жана стратегияларды кабыл алууга милдеттендирет:

— майыптыгы бар аялдардын бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин толук жана бирдей жүзөгө ашыруусун, аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнү, абалын жакшыртууну жана кеңейтүүнү;
— майыптыгы бар аялдарга жана балдарга карата эксплуатациялоо, зомбулук жана мазактоо учурларында күнөөлүүлөрдү аныктоону, иликтөөнү жана куугунтуктоону;
— социалдык коргоо программаларына жана жакырчылыктын масштабын кыскартуу программаларына жеткиликтүүлүктү.

Майыптыгы бар кыздар тууралуу айтсак, Конвенцияда алардын статусу боюнча атайын берене жок, бирок алар балдарга тиешелүү жоболорго баш иет (7-б.). Тактап айтканда, катышуучу мамлекеттен төмөнкү талап кылынат:

— Майыптыгы бар балдардын бардык адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин башка балдар менен бирдей толук жүзөгө ашырышын камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө. Майыптыгы бар балдарга карата бардык иш-аракеттерде биринчи кезекте баланын жогорку таламдарына көңүл бурулат.
— Майыптыгы бар балдар өзүнө тиешелүү бардык маселелер боюнча өз курагына жана жетилгендигине жараша тийиштүү салмак алган өз көз караштарын башка балдар менен бирдей эркин билдирүүгө жана бул укукту ишке ашырууда майыптыгына жана жаш курагына жараша жардам алууга укуктуу болушун камсыз кылууга.
— Катышкан мамлекеттер социалдык жактан коргоого жана бул укуктан майыптык белгиси боюнча басмырлоосуз пайдалануу укугун таанышы жана бул укукту ишке ашырууну камсыз кылуу жана дем берүү үчүн тиешелүү чараларды көрүшү, анын ичинде майыптыгы бар адамдарды, атап айтканда аялдарды, кыздарды жана майыптыгы бар улгайган адамдарды социалдык коргоо программаларына жана жакырчылыктын масштабын кыскартуу программаларына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүшү маанилүү (28-б.).

Майыптыгы бар аялдар үчүн Конвенциянын 13-беренеси өзгөчө мааниге ээ:

— мамлекеттердин майыптыгы бар адамдарды башкалар менен бирдей эле сот адилеттигине натыйжалуу жетүүнү камсыз кылуу, анын ичинде юридикалык процесстин бардык стадияларында, анын ичинде тергөө стадиясын жана алдын ала өндүрүштүн башка стадияларын түз жана кыйыр катышуучулардын өздөрүнүн натыйжалуу ролун аткарууну жеңилдеткен процесстик жана жаш курагына ылайык оңдоолорду кароо милдети;
— майыптыгы бар адамдардын сот адилеттигине натыйжалуу жетүүсүн камсыз кылууга көмөктөшүү максатында сот адилеттигин жүргүзүү чөйрөсүндө, анын ичинде полицияда жана пенитенциардык системада иштеген адамдарды окутууга көмөктөшүү.

Конвенцияда майыптуулук — бул эволюцияланып жаткан түшүнүк экени белгиленген. Бул ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн натыйжасы жана алардын башкалар менен бирдей негизде коомго толук жана натыйжалуу катышуусуна тоскоол болгон мамиле жана чөйрөлүк тоскоолдуктар.

Принциптерди жана көрсөтмөлөрдү камтыган башка маанилүү документтер-бул майыптыгы бар адамдарга карата Бүткүл дүйнөлүк иш-аракеттер программасы[39], майыптыгы бар адамдар[40] үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн стандарттык эрежелери, ДССУнун 2014-2021-жылдарга карата глобалдык майыптуулук боюнча планы.

2019-жылы БУУ майыптыгы бар адамдардын инклюзиясы боюнча стратегиясын ишке ашырарын жарыялаган. Бул уюмдун Башкы катчысынын баяндамасында майыптыгы бар адамдардын инклюзиясы адам укуктарын, тынчтыкты жана коопсуздукту туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуунун маанилүү шарты экендиги белгиленген. Бул 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартибине “Эч кимдин артта калбашын” камсыз кылуу убадасын аткаруу үчүн маанилүү.

1982-жылы[41] майыптыгы бар адамдарга карата бүткүл дүйнөлүк иш-аракеттер программасы майыптыктын кесепеттери аялдарга өзгөчө оор таасир этерин көрсөткөн. Көптөгөн өлкөлөрдө алар социал-

[39] Башкы Ассамблеянын 1993-жылдын 20-декабрындагы 48/96 резолюциясы менен кабыл алынган.
[40] Башкы Ассамблеянын 1982-жылдын 3-декабрындагы 37/52 резолюциясы менен кабыл алынган.
[41] Башкы Ассамблеянын 1982-жылдын 3-декабрындагы 37/52 резолюциясы менен кабыл алынган.

дык, маданий жана экономикалык жактан начар абалда, бул алардын саламаттыкты сактоо, билим берүү, окутуу жана жумушка орношуу кызматтарына жеткиликтүүлүгүн чектейт. Мындан тышкары, алар физикалык же психикалык жактан жабыркай турган болсо, алардын майыптыгы менен байланышкан кыйынчылыктар менен күрөшүүгө мүмкүнчүлүгү чектелген. Ошентип, алардын коомдук турмушка катышуусу барган сайын кыйындап бара жатат.

Майыптыгы бар, камкордукка муктаж адамдын үй-бүлөсүндө жашоосу да гендердик сезимтал кесепеттерге алып келет. Үй-бүлөнүн ичинде бул үчүн жоопкерчилик көбүнчө аялдарга жүктөлөт, бул алардын башка иш-чараларга катышуу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Документ үч багыт боюнча чараларды жана аракеттерди сунуштайт:

1) майыптыкты алдын алуу,
2) эмгекке жарамдуулугун калыбына келтирүү,
3) бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

Бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү – физикалык-маданий чөйрө, турак-жай жана транспорт, социалдык жана саламаттыкты сактоо кызматтары, билимге жана эмгекке, маданий жана социалдык жашоого, анын ичинде спорттук жана эс алуу жайларына жеткиликтүүлүк сыяктуу коомдун жалпы тутумдарын колдонууга бардыгына мүмкүнчүлүк берүү.

1993-жылдагы[42] майыптыгы бар адамдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн стандарттык эрежелери БУУнун майыптыгы бар адамдарга карата ишмердүүлүгүнүн мазмунун аныктоочу негизги жетектөөчү документ болуп калды. Типтүү эрежелерде адам укуктарын таанууга негизделген мамиле алдын алуу жана реабилитациялоонун салттуу ыкмаларына караганда басымдуу экенин белгилей кетүү керек.

ДССУнун 2014-2021-жылдарга карата майыптуулук боюнча глобалдык планында[43] “майыптыгы бар адамдар кызматтарга жетүү үчүн кеңири таралган тоскоолдуктарга туш болушат жана ден соолугунун натыйжалары төмөн, билим берүүдөгү жетишкендиктери төмөн, экономикалык катышуу деңгээли төмөн жана жакырчылыктын деңгээли майыптыгы жок адамдарга караганда жогору... Майыптык аялдарга, улгайган жана жакыр адамдарга пропорционалдуу эмес таасир этет” деп белгиленген.

[42] Башкы Ассамблеянын 1993-жылдын 20-декабрындагы 48/96 резолюциясы менен кабыл алынган.
[43] ДССУнун 2014–2021-жж карата майыптуулук боюнча глобалдык иш-аракеттер планы. // URL: https://www.who.int/disabilities/actionplan/ru/

Гендердик теңчилик эл аралык стандарттар
жагынан өзүнө төмөнкү чөйрөлөрдү камтыйт:

— саясий жана коомдук турмуш;
— жарандыкты алуу, өзгөртүү же сактоо;
— билим берүү, эмгек жана жумуштуулук, саламаттыкты сактоо, экономикалык жана социалдык турмуштун башка тармактары;
— мыйзам алдындагы теңдик, укук жөндөмдүүлүгүнүн теңдиги;
— жүрүү эркиндиги жана турган жана жашаган жерин тандоо эркиндиги.

Аялдардын саясий укуктары жөнүндө конвенция аялдардын өз өлкөсүн башкарууга катышуусун камсыз кылуучу укуктарды коргоого багытталган эл аралык акт болуп саналат. Бул укуктарга төмөнкүлөр кирет:

1) коомдук шайлоону талап кылган бардык мекемелерге шайлоо жана шайлануу укугу;
2) өз өлкөсүндө коомдук-мамлекеттик кызмат орундарын ээлөө укугу.

Никеге турууга, нике курагына жана никени каттоого макулдук берүү жөнүндө конвенция жубайды эркин тандоону, жашы жете элек никеге турууну жана кыздарды бойго жеткенге чейин кудалашууну жокко чыгаруу максатында кабыл алынган. Конвенцияда төмөнкүлөр каралган:

— эки тараптын тең толук жана эркин макулдугусуз никеге турууга тыюу салуу, муну алар жеке билдириши керек;
— минималдуу нике курагын белгилөө;
— компетенттүү орган тарабынан никени каттоонун милдеттүүлүгү;.

Үй-бүлөлүү аялдын жарандыгы жөнүндө конвенцияда төмөнкүлөр каралган:

— чет өлкөлүк жаран менен никенин түзүлүшү же бузулушу, ошондой эле нике болгон учурда күйөөсүнүн жарандыгын өзгөртүүсү аялдын жарандыгына автоматтык түрдө таасирин тийгизбейт;
— кайсы бир жарандын өз ыктыяры менен башка мамлекеттин жарандыгын алышы да, анын кайсы бир жаранынын өз жарандыгынан баш тартуусу да ошол жарандын аялынын жарандыгын сактап калышына тоскоол болбойт.

Энени коргоо жөнүндө конвенция төмөнкүлөрдү жөнгө салат:

— өнөр жай, айыл чарба, коммуналдык кызмат, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо тармактарында иштеген аялдардын укуктары, анын ичинде үйдө иштөөгө жалдоо;
— кош бойлуу жана бала эмизген аялдардын ден соолугун коргоо боюнча чаралар;
— кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүнүн минималдуу мөөнөттөрү, ооруп калганда же оорлогондо өргүү, жөлөкпулдарды төлөө;
— кош бойлуулук жана декреттик өргүүдө жүргөндө жумушту сактап калуу жана басмырлоого жол бербөө зарылчылыгы;
— баланы багуу үчүн тыныгууларды берүү жагынан эмчек эмизген энелерге колдоо көрсөтүү чаралары.

Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча эл аралык нормалардын биринчи расмий жыйнагы болду. Документ мамлекеттерди бул зыяндуу көрүнүштү айыптоого, аны жок кылуу боюнча милдеттенмелерин аткаруудан качуу үчүн эч кандай үрп-адаттарга, каада-салттарга же диний мотивдерге кайрылбоого чакырат. Декларация зордук-зомбулуктун аныктамасын берет жана анын деңгээлин аныктайт: аялдарга карата зомбулук-бул аялдын физикалык, сексуалдык же психологиялык ден-соолугуна зыян келтирүүчү же зыян келтириши мүмкүн болгон, ошондой эле мындай актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же өзүм билемдик менен коомдук жана жеке жашоодо эркинен ажыратуу.

Аялдарга карата зомбулук учурларды төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок булар менен чектелбейт:

a) үй-бүлөдө болуп жаткан физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде ур-токмокко алуу, үй-бүлөдөгү кыздарга карата сексуалдык мажбурлоо; сеп менен байланышкан зомбулук, күйөөсү тарабынан аялды зордуктоо, аялдардын жыныстык органдарына зыян келтирүү жана аялдарга зыян келтирүүчү башка салттуу практикалар, никеден тышкаркы зомбулук жана эксплуатацияга байланыштуу зомбулук;
b) бүтүндөй коомдо болуп жаткан физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, анын ичинде зордуктоо, сексуалдык мажбурлоо, жумушта, окуу жайларында жана башка жерлерде сексуалдык

асылуу жана коркутуу, аялдарды сатуу жана сойкулукка мажбурлоо;

c) кайсы жерде болбосун, мамлекет тарабынан же уруксат берүү менен физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук.

Ошентип, Декларация зомбулуктун үч деңгээлин бөлүп көрсөтөт: үй-бүлөдө, коомдо, анын ичинде билип туруп кылмышка жол берген бүтүндөй мамлекетте.

Аялдардын абалын жакшыртуу боюнча Пекин иш-аракеттер платформасы (ПИП) 12 негизги багытты аныктайт, алар боюнча мамлекет тарабынан да, өкмөттүк эмес уюмдар жана эл аралык институттар тарабынан да чаралар көрүлүшү керек:

1. Аялдар жана жакырчылык.
2. Билим берүү жана кесиптик окутуу.
3. Аялдар жана саламаттыкты сактоо.
4. Аялдарга карата зомбулук.
5. Аялдар жана куралдуу чыр-чатактар.
6. Аялдар жана экономика.
7. Аялдардын директивалык органдардын ишине жана чечим кабыл алуу процессине катышуусу.
8. Аялдардын абалын жакшыртуунун институттук механизмдери.
9. Аялдардын адам укуктары.
10. Аялдар жана ММК.
11. Аялдар жана айлана-чөйрө.
12. Кыздар.

"Аялдар жана медиа" багытынын алкагында бул теманы бир нече аспектилерде кароо керектиги так аныкталган:

— аялдардын массалык маалымдоо каражаттарында, анын ичинде алардын медиа күн тартибин аныктоочу жетекчи кызматтарда жана ММК ээлеринин арасында катышуусу;
— журналисттик жана жарнамалык материалдардагы аялдардын образдары (аялдардын образдары ММКда кантип көрсөтүлөт);
— ММКда аялдардын кызыкчылыктарынын социалдык топ катары көрсөтүлүшү жана ар кандай топтогу аялдардын медиа каналдарга

жетүүсү.[44]

Көпчүлүк өлкөлөрдө басма сөз жана электрондук маалымат каражаттары активдүү жана ар түрдүү жашоону алып бара жаткан аялдардын тең салмактуу образын жана өзгөрүп жаткан дүйнөдө алардын социалдык салымдарын чагылдырбайт. Аялдар менен ММКнын өз ара аракеттенүүсүнүн көз карашынан алганда, ИАПП төмөнкү стратегиялык максаттарды аныктайт:

— ММКларда жана технологиялык жаңы байланыш каражаттарында, ошондой эле ушул каражаттар аркылуу пикир билдирүү жана чечим кабыл алуу жаатында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
— ММКда аялдын тең салмактуу жана стереотиптик эмес образын түзүүгө көмөктөшүү.
Бул максаттарга жетүү үчүн ПИП мамлекеттик органдар тарабынан да, эл аралык, региондук, жергиликтүү деңгээлдеги жеке уюмдар тарабынан да мамлекеттин ар кандай деңгээлдеринде кабыл алынуучу чараларды сунуш кылат.
— Өкмөттөр жана эл аралык уюмдар тарабынан чараларды көрүү:

а) ... маалымат, билим берүү жана коммуникация боюнча изилдөө жана стратегиялар, аял менен кыздын тең салмактуу образын түзүүгө үндөө жана алардын көптөгөн ролдорун чагылдыруу;
c) ММКда стереотиптик эмес, тең салмактуу жана ар түрдүү аялдардын образдарын түзүүгө жана пайдаланууга көмөктөшүү максатында ММК адистеринин гендердик аспекттерин эске алуу менен кесиптик даярдыкка дем берүү;
d) ММКларды аялдарды төмөн адам катары сүрөттөөдөн баш тартууга жана аларды сексуалдык муктаждыктар жана товарлар үчүн объект катары колдонбоого, тескерисинче, аларды чыгармачыл адам катары көрсөтүүгө, өнүгүү процессинин негизги катышуучулары, ага салым кошкон жана анын пайдасын көрүүгө үндөө;
e) ММКларда аялдардын терс стереотиптик образдары басмырлоочу жана кадыр-баркты басмырлоочу, ошондой эле кемсинтүүчү деген ойду жайылтуу;
f) порнография менен күрөшүүгө жана ММКларда аялдарга жана балдарга карата зомбулукту чагылдырууга багытталган мыйзамдарды камтыган натыйжалуу чараларды көрүү же киргизүү.

[44] Ибраева Г., Торалиева Г. Медиа сабаттуулук аркылуу гендердик сезимтал окуяларды чагылдыруу жана экстремизмди пропагандалоого каршы аракеттенүү боюнча колдонмо. —11 Б. // URL: https://clck.ru/3CvHRp

— ММК жана жарнама агенттиктери тарабынан чара көрүү:

a) аялдын стереотиптик эмес образынын презентациясына көмөктөшүү максатында кесиптик жүрүм-турум эрежелерин жана кодекстерин жана өзүн-өзү жөнгө салуунун башка формаларын иштеп чыгуу;

b) массалык маалымат каражаттарында, анын ичинде жарнактарда аялдарга багытталган зордук-зомбулук, кадыр-баркты кемсинткен же порнографиялык материалдарга карата кесиптик жүрүм-турумдун эрежелерин жана кодекстерин түзүү;

c) жарандык коомду кызыктырган бардык көйгөйлөрдү чечүү контекстинде гендердик маселелерди эске алуу;

d) ММКнын бардык деңгээлдеринде чечим кабыл алуу процессине аялдардын катышуусун кеңейтүү.

— мамлекеттик органдар менен биргелешип ММК, ӨЭУ жана жеке сектор тарабынан чараларды көрүү:

a) үй-бүлөдө гендердик теңчиликке жана аялдардын жана эркектердин ролдорунун стереотиптик эмес бөлүштүрүлүшүнө өзгөчө көңүл бурган жана жубайлардын жана балдардын бирине карата орой мамилени жана аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн, анын ичинде үй-бүлөдөгү зомбулукту жоюуга багытталган маалыматтарды жайылтуучу медиа кампаниялар аркылуу үй-бүлөлүк милдеттерди адилеттүү бөлүштүрүүгө үндөө;

b) өз ролуна ар кандай турмуштук тажрыйбаларды алып келген лидер аялдар жөнүндө материалдарды даярдоо жана/же жайылтуу, анын ичинде кесипкөйлөр, менеджерлер жана ишкер аялдар катары жумуш менен үй-бүлөлүк милдеттерди тең салмактоо тажрыйбасы, өзгөчө жаш аялдар үчүн үлгү түзүү үчүн;

c) маалымдуулукту жайылтуу жана аялдардын укуктары жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу максатында мамлекеттик жана жеке окуу программаларын колдонуу менен кеңири масштабдуу кампанияларды жайылтуу;

e) ММК программаларына карата гендердик анализди колдонуу маселелери боюнча ыкмаларды иштеп чыгуу жана кесиптик даярдоо.

Туруктуу өнүгүү максаттары (ТӨМ) - бул 17 глобалдык максат, аларда 2030-жылга чейин жетүү дүйнө жүзү боюнча адамдардын жашоо сапатын жакшыртат деп болжолдонууда. Алар 2015-жылдын 25-сентябрында БУУнун Башкы ассамблеясында кабыл алынган. Кыргызстан дүйнөнүн башка өлкөлөрү менен катар аларга жетишүүгө умтулуусун билдирди.

Гендердик теңчилик темасы бардык ТӨМ боюнча өтмө катары өтөт,

ошондой эле өз алдынча катары 5-ТӨМ “Гендердик теңчиликке” бөлүнгөн. Ага жетишүү үчүн төмөнкү милдеттер каралган:

— аялдарга жана кыздарга карата басмырлоонун бардык формаларын бардык жерде жоюу;
— жалпы жана жеке чөйрөлөрдө аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн, анын ичинде адамдарды сатууну жана сексуалдык жана эксплуатациялоонун башка түрлөрүн жоюу;
— балдарды, эрте жана мажбурлап никеге туруу жана аялдардын жыныстык органдарын кесип салуу сыяктуу бардык зыяндуу практикаларды жок кылуу;
— коммуналдык кызматтарды, инфраструктураны жана социалдык коргоо тутумдарын камсыз кылуу, ошондой эле улуттук шарттарды эске алуу менен үй чарбасында жана үй-бүлөдө жалпы жоопкерчилик принцибин жайылтуу менен, акы төлөнбөгөн камкордук эмгегин жана үй чарбасын жүргүзүү ишин таануу жана баалоо;
— саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын ар тараптуу жана реалдуу катышуусун жана лидерлик үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
— калктын саны жана өнүгүү боюнча эл аралык конференциянын иш-аракеттер программасына, Пекин иш-аракеттер платформасына жана аларды аткаруунун жүрүшүн карап чыгуу боюнча конференциялардын жыйынтыктоочу документтерине ылайык сексуалдык жана репродуктивдик ден соолукту коргоо жаатындагы кызмат көрсөтүүлөргө жана репродуктивдик укуктарды ишке ашырууга жалпы жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу;
— улуттук мыйзамдарга ылайык аялдарга экономикалык ресурстарга бирдей укуктарды берүү, ошондой эле жерге жана менчиктин башка формаларына, финансылык кызмат көрсөтүүлөргө, мураска жана жаратылыш ресурстарына ээлик кылуу жана көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берүү боюнча реформаларды жүргүзүү;
— аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөшүү үчүн жогорку натыйжалуу технологияларды, атап айтканда маалыматтык-коммуникациялык технологияларды активдүү колдонуу;
— бардык деңгээлдеги гендердик теңчиликти жана бардык аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү илгерилетүү үчүн негиздүү саясатты жана аткарыла турган мыйзамдарды кабыл алуу жана өркүндөтүү.

### Текшерүү үчүн суроолор

1. Адам укуктарын коргоонун эл аралык системасы деген эмне?
2. Кыргыз Республикасы тарабынан адам укуктары жаатындагы кандай эл аралык келишимдер ратификацияланган?
3. Башкы “аялдар” конвенциясы кандай аталат?
4. Аялдардын укугун коргоодо дагы кандай эл аралык келишимдер бар?
5. ПИПтин алкагында гендердик стереотиптерди жеңүү үчүн ММКларга эмнелер сунушталат?


2
3
4
5
6
7
8
9
10
11
12
13
15
16
17
18



## 2.2. Кыргызстанда улуттук мыйзамдык база кандай?

Кыргызстан АБЖК келишимин ратификациялады, муну менен улуттук мыйзамдарды конвенциянын жоболоруна шайкеш келтирүүгө милдеттенди. КР Конституциясынын 3-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер өлкөнүн укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.

Кыргызстанда аялдарга карата басмырлоонун масштабын кыскартуу боюнча эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруунун башталышы 1996-жыл болду, өлкө беш Конвенцияны ратификациялаган:

— 1952-жылдагы Аялдардын саясий укуктары жөнүндө;
— 1957-жылдагы Үй-бүлөлүү аялдын жарандыгы жөнүндө;
— 1957-жылдагы Энени коргоо жөнүндө;
— 1962-жылдагы Никеге турууга макулдук, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө;
— 1979-жылдагы Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө.

Мындан тышкары, Кыргызстандын гендердик саясаты төмөнкү документтерде жазылган эл аралык критерийлерге жана ченемдерге негизделет:

— 1995-жылдагы Пекин декларациясы жана иш-аракеттер платформасы;
— 1993-жылдагы Аялдарга карата зомбулукту жоюу жөнүндө декларация;
— БУУнун Башкы Ассамблеясынын “2030-жылга чейин Туруктуу өнүгүү жаатындагы күн тартиби” резолюциясы.

Пактылардын жоболору Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарынын ченемдерине имплементацияланган. Алардын аткарылышы боюнча өлкө мезгил-мезгили менен БУУнун эл аралык органдарына отчет берип турат. Өлкөнүн расмий отчетунан тышкары, жарандык коом БУУнун тиешелүү комитеттерине альтернативдүү (же “көмүскө” деп аталган) отчетторду бере алат.

**Гендердик теңчиликтин негиздери Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясында төмөнкүлөр камтылган:**

— эркектер менен аялдар үчүн укуктардын, эркиндиктердин жана аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдиги (24-бер. 3-бөл.);
— жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырлоого жол бербөө (24-бер. 1-бөл.);
— эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кандай социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган жана мыйзамда белгиленген атайын чаралар басмырлоо болуп саналбайт (24-бер .1-бөл.);
— улуттук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салуу. (32-бер. 4-бөл.);
— мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мыйзамда каралган тартипте кызматка көтөрүлүүдө укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги (37-бер. 3-бөл.).
— Конституциядан кийин "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө"[45] Кыргыз Республикасынын Мыйзамы ар башка жыныстагы адамдарга турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясий жана экономикалык чөйрөдө бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү берүү боюнча мамлекеттик кепилдиктерди белгилейт, гендердик теңчиликти белгилөө боюнча мамлекеттин өз милдеттенмелерин ишке ашыруусу үчүн негиз болуп саналат.

**Мыйзамда каралган:**

— мамлекетти башкарууда гендердик теңчиликтин кепилдиктери, мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, кызматка көтөрүлүүдө бирдей укуктар жана бирдей мүмкүнчүлүктөр, квоталоо системасы, ага ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларынын кадрдык курамында бир жыныстагы кызматчылар басымдуулук кылбашы керек;

[45] 2008-жылдын 4-августундагы № 184

— гендердик тикелей басмырлоого да, кыйыр басмырлоого да тыюу;
— гендердик статистиканы жүргүзүү зарылдыгы;
— экономикалык, социалдык, эмгек мамилелеринде гендердик теңчиликтин кепилдиктери;
— гендердик теңчиликти сактоону камсыз кылуу механизмдери.

Гендердик теңчиликти сактоо зарылдыгы жөнүндө талаптар коомдук турмуштун ар кандай тармактарын жөнгө салуучу мыйзамдарга жана кодекстерге киргизилген.

**“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө”** [46] Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы төмөнкүлөрдү регламенттейт:

— талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүк айырмасы үч позициядан ашпоого тийиш;
— саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайызынан кем эмеси добуштардын эң көп санын алган аял-талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлүшү керек. Эгерде саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги аял жынысындагы талапкерлер шайлоочулардын добушун албай калган учурда, калган мандаттар аялдардын квотасы боюнча тизмени Борбордук шайлоо комиссиясында (БШК) каттоодо белгиленген саясий партиянын тизмесине аял жынысындагы талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык келген кезектүүлүктө бөлүштүрүлөт;
— депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда[47] анын мандаты төмөнкү катталган талапкерге берилет: аял жынысындагы талапкерлердин ичинен, аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда; эркек жынысындагы талапкерлердин ичинен, эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда. Жергиликтүү кеңештерге шайлоо

[46] 2011-жылдын 2-июлундагы № 68
[47] 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 1-б 31-п..

деңгээлинде буга 2019-жылы да жетишүүгө мүмкүн болду.[48]

**Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде төмөнкүлөр белгиленген:**

— эмгек укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги;
— жынысына, расасына, улутуна, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашына, жашаган жерине, динге болгон мамилесине, саясий ынанымдарына, коомдук бирикмелерге таандыктыгына, соттолгондугуна (эмгектик мамилелер чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган чектөөлөрдөн тышкары), ошондой эле кызматкердин ишкердик сапаттарына жана анын эмгегинин натыйжаларына байланышпаган башка жагдайларга жараша эмгектик укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө же аларды ишке ашырууда кандайдыр бир артыкчылыктарды алууга тыюу салуу;
— бирдей эмгек үчүн бирдей эмес акы төлөөнүн жол берилбестиги;
— бала багуу боюнча өргүүнү энеси гана эмес, баланын атасы дагы алуу мүмкүнчүлүгү.

**Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин ченемдери менен төмөнкүлөр каралган:**

— аялдардын жана эркектердин укуктарынын жана эркиндиктеринин теңдиги, үй-бүлөлүк мамилелерде аларды ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн бирдейлиги, жеке жана мүлктүк укуктардын жана милдеттердин теңдиги;
— үй-бүлө мамилелериндеги гендердик теңчилик коом жана мамлекет тарабынан корголот;
— үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана алар менен бирге жашаган адамдардын ортосундагы мамилелер гендердик теңчиликтин принциптерине, ошондой эле инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого негизделет;
— үй-бүлөлүк мамилелерде гендердик басмырлоого тыюу салуу;
— үй-бүлө, аталык, энелик, балалык- бүткүл коомдун камкордугунун жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу коргоонун предмети;
— жубайлардын экөөнүн тең бири-бирин материалдык жактан колдоо милдети;

[48] 2019-жылдын 8-августундагы № 117 “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 1-б 36-п.

— баланын энесине да, атасына да колдонулушу мүмкүн болгон ата-энелик укуктардан ажыратуу же чектөө;
— ата-эненин экөөнүн тең жашы жетпеген балдарын багуу, аларды тарбиялоо, алардын билим алуусуна кам көрүү милдети.

**Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде** эркектер менен аялдар үчүн кылмыштарды жана укук бузууларды жасагандыгы үчүн бирдей жоопкерчилик белгиленген, бирок алардын айрымдары боюнча жоопкерчиликке аялдар гана (мисалы, жаңы төрөлгөн баланы энеси өлтүргөндүгү үчүн) же эркектер гана (мисалы, кош аялдуулук же көп аялдуулук үчүн) тартылышы мүмкүн.

Жоопкерчиликтин теңдигинен аялдар жана эркектер үчүн жазаларды дайындоонун өзгөчөлүктөрүн айырмалоо зарыл. Мисалы, аялдар өмүр бою эркинен ажыратылбайт, аскерге милдеттүүлөргө (башкача айтканда эркектерге), кош бойлуу аялдарга коомдук жумуштар дайындалбайт.  Бирок бул бул категориядагы адамдардын жоопкерчиликтен кутула албайт дегенди билдирбейт. Аларга кандай болгон күндө дагы жаза берилет, анткени Кылмыш-жаза кодексинин дээрлик бардык беренелеринде альтернативдик санкциялар деп аталган нерсе каралган жана сот кылмыштын оордугуна жана күнөөсүнүн даражасына жараша белгилүү бир иш үчүн жазанын түрлөрүнүн бирин тандай алат.

**“Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын“** Массалык маалымат каражаттары жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик” VI бөлүмүндө “Жалпыга таркатылууга жатпай турган маалыматтардын тизмеси” 23-беренесин камтыйт. Бул беренеге ылайык, ММКда “порнографиялык материалдарды, басма басылмаларды, сүрөттөрдү же порнографиялык мүнөздөгү башка буюмдарды; адамдарды сатууга потенциалдуу курмандыктарды тартууга багытталган маалыматтарды, сексуалдык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде психологиялык жардам, баарлашуу, релаксация, массаж, мыйзамдуу ишмердүүлүккө жамынып жагымдуу убакыт өткөрүү, сексуалдык мамилеге андан ары кирүү максатында таанышуу жана башка маалыматтарды пропагандалоого жол берилбейт”.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. Аялдардын укуктарын коргогон АБЖКдан башка кандай эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган?
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясында аялдардын кандай укуктары кепилденген?
3. Кыргызстанда баланын атасы бала багуу боюнча өргүү ала алабы?
4. Жубайлар бири-бирин материалдык жактан колдоого милдеттүүбү?
5. Массалык маалымат каражаттары жөнүндө мыйзам эмнени пропагандалоого тыюу салат?







## 2.3. Кыргызстандын мыйзамдары мүмкүнчүлүктөрдү кантип “теңдештирет”?

Буга чейинки параграфта өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын жоболорунун тизмеси келтирилген, анын негизинде гендердик теңчиликке жетишүү процесси жөнгө салынат. Бул бөлүмдө мыйзамдардын ушул конкреттүү беренелери иш жүзүндө мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги принцибин кандайча камсыз кылаары көрсөтүлгөн.

Кыргызстанда мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин түзүү жана анын натыйжасында - гендердик теңчиликке жетишүү максатында бир катар чаралар каралган, аларды кабыл алуу үчүн негиз болуп Конституция эсептелет. Анда “Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге жана аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ” деп айтылат.[49] Ошондой эле негизги мыйзамда КР жарандары “Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүүдө, мыйзамда каралган тартипте кызматка көтөрүлүүдө бирдей укуктарга, бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ” деп белгиленген”[50] .

Кыргыз Республикасынын “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы Конституциядан кийин ар башка жыныстагы адамдар мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кирүүдө, кызматка көтөрүлүүдө жана анын органдарында андан ары иш жүргүзүүдө бирдей укуктарга жана бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ экендигин, ал эми мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин кадрдык курамында бир жыныстагы кызматкерлер басымдуулук кылбашы керектигин белгилейт.[51]

Мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги шайлоо мыйзамдарынын деңгээлинде да колдоого алынат. Мисалы, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө”[52] Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 60-беренесинин 3-бөлүгү талапкерлердин тизмесин аныктоодо саясий партия бир жыныстагы талапкерлердин 70 пайыздан ашпаган өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү, мында саясий партиялардан көрсөтүлгөн аял жана эркек талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүк айырмасы үч позициядан ашпоого тийиш экендигин регламенттейт.

[49] КР Конституциясынын 24-беренесинин 3-бөл.
[50] КР Конституциясынын 37-беренесинин 3-бөл
[51] “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 10-беренеси.
[52] 2011-жылдын 2-июлундагы № 68.(

Белгилей кетсек, шайлоо системасында бирдей мүмкүнчүлүктөрдү орнотуу — Кыргызстан аялдары үчүн ыраттуу жана оңой процесс эмес. Аталган ченем ушул Мыйзам кабыл алынган учурдан тартып (2011-жылдан тартып) колдонулгандыгына карабастан, анда "жылчык" сакталып, анын жардамы менен аялдар саясий процесстен сүрүлүп чыгарылган: ар кандай себептер менен мандатын тапшырган же тапшырууга аргасыз болгон аял депутаттар эркек депутаттар менен алмаштырылган. Ал эми 2017-жылы гана бул мыйзамга депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кийинки катталган талапкерге өткөрүлүп берилет деген жобону киргизүү менен аялдардын саясатка бирдей катышуусун камсыз кылууга мүмкүн болду: аял депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда аял талапкерлер; эркек депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда эркек талапкерлердин ичинен[53]. Жергиликтүү кеңештерге шайлоо деңгээлинде буга 2019-жылы да жетишүүгө мүмкүн болду [54].

Мындан тышкары, саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын көп санын алган аял жынысындагы талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлүүгө саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайызынан кем эмеси тийиш. Эгерде саясий партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги аял жынысындагы талапкерлер шайлоочулардын добушун албай калса, калган мандаттар аялдардын квотасы боюнча аны БШКда каттоодо белгиленген саясий партиянын тизмесине аял жынысындагы талапкерлерди жайгаштыруу тартибине ылайык кезектүүлүктө бөлүштүрүлөт.

Аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүн теңдөө аракети эмгек чөйрөсүндө да орун алууда. Эмгек кодекси менен Кыргызстанда кош бойлуу жана бала эмизген аялдар үчүн өзгөчө эмгек шарттары белгиленген, бала багуу өргүүсүн энеси гана эмес, баланын атасы дагы колдоно алат.

Эмгек мыйзамдарында бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн бардык көйгөйлөрү чечилген эмес. Совет доорунан бери Кыргызстанда аялдардын эмгегин колдонууга тыюу салынган эмгек шарттары бар өндүрүштөрдүн, жумуштардын, кесиптердин жана кызматтардын тизмеси бар[55] . Ал өлкөнүн эмгекке жарамдуу калкынын жарымына 400дөн ашык кесипке

[53] 2017-жылдын 5-июнундагы № 96 "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 1-б. 31-п..

[54] 2019-жылдын 8-августундагы № 117 "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 1-б.36-п.

[55] КР Өкмөтүнүн 2000-ж. 24-мартындагы № 158 токтому менен бекитилген.

тыюу салат жана көптөн бери жок болгон кесиптерге шилтеме берет. Мамлекет аялдарды эмгектин зыяндуу жана кооптуу шарттарынан коргоп, аялдардын ден соолугуна эркектердикине караганда көбүрөөк “камкордук” көрүп, калктын репродуктивдүү ролуна үмүттөнгөн мамиле колдонулат.

Бирок, моюнга алуу керек, “бардыгын бир жерге топтоо” — төрөт курагындагы жаш аялдарды, кош бойлуу аялдарды, улгайган аялдарды жана балалуу болууну каалабаган же кош бойлуу болууну пландабаган аялдарды, мамлекет алардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн кыскартып жатат. Рыноктук шарттарда жана жумуш орундары үчүн атаандаштыкта аялдар эмгек мамилелерин формалдуулабастан, мамлекеттин жана иш берүүчүнүн кепилдиктерисиз формалдуу эмес чөйрөдө кооптуу жумуштарды аткарууга мажбур болушат. Ошентип, аялдарды коргоо максатын көздөп, мамлекет муну менен аларга "аюу кызматын" көрсөтөт, аларды тандоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат, аздыр-көптүр корголгон формалдуу сектордон (бардык укуктары жана кепилдиктери менен расмий ишке орноштуруу) формалдуу эмес секторго (эмгек мамилелерин расмий түрдө тариздебестен) түртөт, аларды мындай эмгектин бардык терс кесепеттери менен жалгыз калтырат.

Эл аралык эмгек мыйзамдарынын өнүгүшү аялдардын эмгегине тыюу салуу чараларынан баш тартуу жолу менен баратат, анткени мындай саясат эркек жана аял жумушчуларга кош стандарттарды киргизет. Эркектерге жумуш тандоо жөнүндө чечим кабыл алуу укугу берилген, ал эми аялдар жумуш тандоо жөнүндө өз алдынча чечим кабыл ала албаган жарандар катары каралат. Алар жеке адам катары эмес, бир гана функциясы балдарды көтөрүү болгон адамдардын категориясы катары каралат. Бул маселени алар үчүн мамлекет чечет. Мындай мамиле эркектерге карата да басмырлоо болуп саналат (анткени эмгектин оор жана зыяндуу шарттары алардын ден соолугуна кооптуу), бул иш берүүчүлөрдү бардыгы үчүн эмгек шарттарын жакшыртууга шыктандырбайт[56] .

Кыргызстан Эл аралык эмгек уюмунун гендердик теңчилик маселелери боюнча конвенцияларына катышкандыгына карабастан, Эмгек кодексинде аялдар үчүн эмгек чөйрөсүн тандоону чектеген тыюу салуу чараларынан биздин мамлекет баш тарткан жок.

Гендердик теңчиликтин дагы бир элементи – бул жоопкерчиликтердин теңдиги. Ал жашоонун бардык тармактарында чагылдырылган

[56] Хоткина З.А. Эмгек рыногундагы стереотиптер жана басмырлоо // URL: www.ecsocman.hse.ru/data/726/698/1219/Hotkina.pdf

жана мыйзам менен бекитилген. Ошентип, Конституцияга ылайык, жубайлар никеде жана үй-бүлөдө бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ[57] . Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин ченемдеринде эки жубайдын бири-бирин материалдык жактан колдоо милдети[58] , эки ата-эненин тең жашы жете элек балдарын багуу[59] , аларды тарбиялоо, алардын билим алуусуна кам көрүү милдети белгиленген[60] . Эки жыныстагы адамдар жол эрежелерин сактоого, салык төлөөгө, коомдук тартипти бузбоого, укук бузбоого милдеттүү. Мыйзам бузулган учурда аялдар да, эркектер да мыйзам алдында жооп берүүгө милдеттүү.

Укуктардын теңдиги, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги жана жоопкерчиликтин теңдиги аялдар менен эркектерге бирдей өнөктөштүк мамилелерди түзүүгө мүмкүндүк берет: бири-бирине карата биргелешкен аракеттер, бирдей шарттарда мамлекеттик жана коомдук жашоого биргелешип катышуу.

[57] КР Конституциясынын 26-бер. 3-бөл.
[58] КР ҮБКнын 94-б.
[59] КР ҮБКнын 85-б.
[60] КР ҮБКнын 68-б

## Текшерүү үчүн суроолор

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясына “мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги” жөнүндө жобону киргизүү эмне үчүн мынчалык маанилүү болгон?
2. Эгерде Жогорку Кеңештин аял депутаты депутаттык мандатынан ажыратылса, ал кимге берилет?
3. Кыргызстандагы жергиликтүү шайлоолор жөнүндөгү мыйзамга аялдар үчүн квота кайсы жылы киргизилген?
4. Кыргызстанда аялдарга тыюу салынган кесиптердин тизмесин сактоо керекпи?
5. “Жоопкерчиликтин теңдиги” эмнени билдирет?



# III. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЯЛДАР МЕНЕН ЭРКЕКТЕРДИН АБАЛЫ САНДАР ТИЛИ МЕНЕН







## 3.1. Гендердик талдоо жана статистика

Гендердик талдоо - бул коомдун жана мамлекеттин турмушунун бардык чөйрөлөрүндө аялдар менен эркектерге мыйзамдардын, колдонуудагы же сунушталып жаткан программалардын, мамлекеттик саясий багыттын тийгизген ар кандай таасирин баалоо процесси. Гендердик талдоо сапаттуу маалыматтарды чогултууга жана экономикадагы жана коомдогу тенденцияларды түшүнүүгө, бул билимди потенциалдуу көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү жолдорун табуу үчүн колдонууга негизделген. Бул социалдык процесстерди жакшыраак түшүнүүнүн куралы, ал саясий, экономикалык, социалдык жана башка факторлор аялдар менен эркектерге кандай таасир этерин көрүүгө жана салыштырууга мүмкүндүк берет.

Гендердик талдоонун максаты - тараптардын биринин позициясын илгерилетүү же алсыратуу эмес, эки жыныс үчүн тең кандай болбосун кесепеттерди ачууда. Жыныстык айырмачылыктарды эске алуу менен иштелип чыккан социалдык-экономикалык маалыматтар орточо алганда эркектер аялдарга салыштырмалуу кирешеси жогору экенин жана аялдар репродуктивдүү функцияларды жана коомдо туура эмес бааланган социалдык ролдорду аткаруудан начар абалда экенин көрсөтүп турат. Гендердик талдоо ошондой эле эркектердин начар абалда калган учурларын баса белгилейт (мисалы, эркектердин эрте өлүмү).

Гендердик талдоо жынысына карабастан, ар бир адам саясий багыттардын, программалардын жана мыйзамдардын бирдей таасирленет деген ырастоого шек келтирет. Мындай түшүнүк гендердик нейтралдуу саясатка ылайык келет. Негизинен, мындай саясат аялдар менен эркектердин ар кандай физикалык, социалдык, экономикалык мүнөздөмөлөрүн жана турмуштук тажрыйбаларын, ошондой эле аялдар менен эркектердин өзгөчө топторун (мисалы, айылдык аялдар, майыптыгы бар адамдар) эске албайт. Анткени теңдик деген бардык адамдарды, алардын жынысына карабастан, жүргүзүлүп жаткан саясий курстун оң натыйжаларынын бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу дегенди билдирет.

### Гендердик көз караштан саясаттын түрлөрү

Гендердик калыс эмес саясат: аялдарга же эркектерге карата басмырлоочу мүнөзгө ээ болгон саясат;

Гендердик сокур саясат: саясатты түзүүгө жоопту адамдардын ген-

дердик фактордун маанилүүлүгүн тааныбагандыгынын натыйжасы болгон саясат;

Гендердик нейтралдуу саясат: аялдар менен эркектердин теңчилиги принцибин бекемдеген саясат, бирок бул саясатты иш жүзүнө ашыруу кээде эмгекчи аял мигранттардын абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн;

Гендердик сезимтал саясат: эмгекти гендердик бөлүштүрүүнү аныктоочу терең факторлорду талдоо, ошондой эле аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүн, укуктарын жана милдеттерин теңдештирүүгө арналган, аялдарга багытталган чараларды иштеп чыгуу максатын көздөйт.

Гендердик талдоо ролдордун жана ыйгарым укуктардын бөлүштүрүлүшүн, эркектер менен аялдардын ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн көзөмөлдөөнү, жумуш жүгүн алардын ортосунда бөлүштүрүүнү системалуу баалоону билдирет. Ал программалар жана саясаттар жалпысынан эркектер менен аялдарга жана гендердик мамилелерге кандай дифференцияланган таасирин тийгизерин аныктоо максатын көздөйт. Гендердик баалоонун натыйжалары саясий иш-чараларда жана административдик жол-жоболордо расмий жана институционалдык түрдө чагылдырылууга тийиш.

## Гендердик талдоонун эки этабы

Алдын ала баалоо. Бул этапта гендердик мамиле пландаштырылган саясий иш-чараларда эске алынары же алынбары аныкталат. Зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгү бар болгондо, чечим кабыл алуунун баштапкы баскычында алдын ала баалоо жүргүзүү эң жакшы.

Баалоонун негизги этабы. Бул этапта баалоо үчүн эмпирикалык маалыматтар талап кылынат. Тигил же бул мамлекеттик программа чечүүгө багытталган көйгөйдү гендердик талдоо төмөнкүлөрдү аныктоого жардам берет:

— аялдар жана эркектер көйгөйдү кантип “баштан кечиришет” ;
— көйгөй аялдар менен эркектердин абалына кандай таасир этет;
— түзүлгөн гендердик ролдор көйгөйгө кандай таасир этет;
— бул көйгөйлүү кырдаалда аялдар жана эркектер кандай стратегияларды колдонушат;
— көйгөй гендердик теңсиздикти күчөтүүдөбү.

Коюлган суроолорго божомолдоо жана жеке тажрыйбага гана таянуу менен жооп берүү мүмкүн эмес. Көбүнчө бул тажрыйба мамлекеттик кызмат алуучулар, айрыкча аялуу топтордун өкүлдөрү менен түздөн-түз өз ара аракеттенүүнү камтыбайт. Ошондуктан, тартылган топтор менен атайын талаа изилдөөлөрүн жана консультацияларды жүргүзүү зарыл. Айрым учурларда, мындай консультацияларды белгилүү бир мүнөздөмөлөрдүн негизинде түзүлгөн топтордо жүргүзүү керек болот: жынысы, жашаган жери, курагы жана башкалар боюнча. Коюлган суроолорго толук кандуу жооп алган учурда көйгөйдү гендердик сезимтал баяндап, максаттуу топтордун өзгөчөлүгүн бөлүп көрсөтүүгө болот.

Көйгөйдү аныктоо баскычында иштелип жаткан долбоордун, программанын же саясий чара ар кандай "гендердик эффектке" ээ эмес экенин моюнга алуу азгырыгы пайда болушу мүмкүн. Чындыгында, тигил же бул чаранын гендердик өзгөчөлүгү дайыма эле айкын боло бербейт. Бирок, эстен чыгарбоо керек: эгер азыр көрүнбөсө, кийинчерээк көрүнүшү мүмкүн. Ушуга байланыштуу гендердик сезимтал индикаторлорго өзгөчө маани берилет, алар өзгөчө функцияга ээ — убакыттын өтүшү менен коомдогу гендердик абалга тиешелүү өзгөрүүлөрдү аныктоо.

Индикаторлордун мааниси аялдардын жана эркектердин убакыттагы статусундагы жана ролундагы өзгөрүүлөрдү белгилөө жана максатка — гендердик адилеттүүлүккө жетишүүнү өлчөө жөндөмдүүлүгү менен шартталат. Индикаторлорду жана башка тиешелүү баалоо методикаларын колдонуу натыйжаларга жетүү жолдорун тереңирээк түшүнүүгө өбөлгө түзөрүн эске алуу менен гендердик сезимтал индикаторлорду колдонуу келечекте программаларды натыйжалуу пландаштырууга жана ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

**Демек, көйгөйдү гендердик талдоо бир нече милдеттүү элементтерди камтышы керек:**

— актуалдаштырылган маселе боюнча дээрлик толук статистиканы чогултуу;
— эмгекти бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн, ресурстарга жетүү деңгээлин жана аларды контролдоону аныктоо;
— эркектер менен аялдардын практикалык муктаждыктарын, чектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү;
— көйгөй менен иштеши керек болгондордун потенциалын баалоо;
— көйгөйдүн чечилишине таасир эткен кырдаалдын башка тараптарын

карап чыгуу (мисалы, уюмдардын өнүгүү деңгээли, каржылоо деңгээли, тармактарды түзүү жана зарыл өзгөрүүлөрдү лоббирлөөгө катышуу мүмкүнчүлүгү).

Гендердик талдоо жүргүзүүдөгү биринчи кадам болуп ачык статистиканы изилдөө саналат. КР УСК маалыматтарды чогултуу жана гендердик бөлүнгөн маалыматтарды түзүү боюнча аракеттерди координациялоо үчүн жооптуу негизги орган болуп саналат. Маалыматтардын чоң массиви ТӨМгө [61] жетишүү боюнча прогресске байкоо жүргүзүү үчүн далилдер базасы катары чогултулат. Бүгүнкү күндө КР УСК жеткиликтүү дезагрегация менен ТӨМдүн 171 көрсөткүчүнө, 110 глобалдык жана 61 улуттук көрсөткүчкө мониторинг жүргүзүүдө.[62]

Өлкөдө гендердик дезагрегацияланган маалыматтар дээрлик көп чогултулгандыктан жана алар жыл сайын жаңыланып туруучу "Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер"[63] статистикалык жыйнагында жарыялангандыктан, бул бөлүмдүн милдетине алардын бардыгын деталдуу талдоо кирбейт. Ар бир бөлүмдө бир нече көрсөткүчтөр, медиа өндүрүүчүлөр гендердик статистикадан кызыктуу маалыматты кантип ала алаарынын жана аны талдоонун негизинде кантип макала же маалыматты керектөөчүлөрдүн кызыгуусун жарата алган актуалдуу тема жөнүндө репортаж жасай алаарынын мисалдары берилген.

Гендердик талдоо ишинде "дата-журналистиканын" жана "чечимдерге таасир этүүчү журналистиканын" заманбап ыкмаларын колдонууга мүмкүндүк берген курал боло алат.

[61] Кыргызстандагы туруктуу өнүгүү максаттары // URL: https://sustainabledevelopment-kyrgyzstan.github.io/

[62] Кыргызстандын натыйжалуулугунун статистикалык индекси 81,5 баллга барабар, бул Борбордук Азияда эң жогору (Казакстан - 78,2 балл, Өзбекстан – 70,6 балл, Тажикстан – 53,4 балл).

[63] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2023-ж. // URL: https://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-zhenshiny-i-muzhchiny-kyrgyzskoj-respubliki/

**Текшерүү үчүн суроолор:**

1. **Гендердик талдоо кандайча жүргүзүлөт?**
2. **Саясаттын түрлөрүн гендердик көз караштан сүрөттөп бериңиз?**
3. **Гендердик талдоону кандай ырастоолор четке кагат?**
4. **Гендердик талдоонун милдети кандай?**



## 3.2. Демография

Калктын жыныстык-курактык курамы

2023-жылдын башына карата Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны 2022-жылы Кыргыз Республикасынын эл жана турак жай фондун каттоонун маалыматтарын эске алуу менен 7 млн. 037,6 миң адамды түзгөн.

Жыл сайын эркек балдар кыздарга караганда бир аз көбүрөөк төрөлүүдө (100 кызга 105 эркек бала төрөлөт[64]) , бирок божолдуу 40 жашка барганда эркектерге караганда аялдар көп (50,4 пайыз). Эгерде 40-44 жаштагы топтордо ажырым 0,8 пайыздык пунктту гана түзсө, ар бир курактык топ менен ал көбөйөт жана 80 жаштан ашкан курактагы аялдардын саны эркектердикинен дээрлик 2 эсе көп. Мындай тенденция акыркы беш жылдын ичинде сакталууда, ал эми өсүү темпинин айрым төмөндөөсүнө карабастан калктын санынын көбөйүшү тышкы миграциянын балансы терс болгон учурда төрөлгөндөрдүн санынын өлгөндөрдүн санынан ашып кетишинин эсебинен камсыз кылынат.[65]

Кыргызстандын калкы “жаш” болуп саналат: республиканын тургундарынын жарымы 24 жаштан жаш, мектепке чейинки курактагы балдар (7 жаштан жаш) калктын 17 пайызын түзөт, дагы болжолдуу 21 пайызын мектеп окуучулары (7-17 жаш) түзөт.

Мында республиканын калкынын маанилүү мүнөздөмөсү болуп курактык топтордун катышы саналат: эмгекке жөндөмдүүдөн жаш (2023-жылдын башына карата жалпы сандын 34,5 пайызын балдар жана өспүрүмдөр түзгөн[66] ), эмгекке жарамдуу (калктын 56,5 пайызы[67] ) жана эмгекке жарамдуу курактан улуу (8,9 пайыз[68] ) .

2022-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасында 198 миңге жакын майыптыгы бар адамдар же калктын жалпы санынын 2,98 пайызы — бул таяныч-кыймыл аппараты бузулган, көрүүсү, угуусу, интеллекти бузулган, психологиялык жана когнитивдик бузулуулары бар, жашыруун майыптыгы бар адамдар (жалпы оорулар) болгон. 2016-жылга салыштырмалуу алардын саны 10,5 пайызга көбөйгөн.

Майыптыгы бар адамдардын жалпы санынын 165 миңден ашууну

[64] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 54-б. // URL: http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf

[65] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2017-2021: Статистикалык жыйнак. — Б., 2022-ж. — 28-б.

[66] 0-15 курактагы.

[67] 16-62 жаштагы эркектер жана 16-57 жаштагы аялдар.

[68] 63 жаштагы жана андан жогору курактагы эркектер жана 58 жаштагы жана андан жогору курактагы аялдар.

бойго жеткен адамдар же бойго жеткен калктын 4 пайызын түзгөн, 2016-жылга салыштырмалуу алардын саны 10,4 пайызга көбөйгөн.

2022-жылга карата майыптыгы бар балдардын үлүшү майыптыгы бар адамдардын жалпы санынын 4,5 пайызын (34 181 адам) түзөт[69] . 2016-жылга салыштырмалуу майыптыгы бар балдардын саны 11,3 пайызга көбөйгөн[70] . Майыптыгы бар адамдардын санынын, өзгөчө балдардын арасында өсүшү калктын ден соолугунун абалынын начарлашынын индикатору болуп саналат. Белгилүү болгондой, балдардын ден соолугу улуттун репродуктивдүү потенциалын аныктайт жана улуттук коопсуздуктун фактору болуп саналат, социалдык жактан чоң мааниге ээ[71].

Аялдар менен эркектердин жашоо узактыгынын айырмасы, анын пенсия реформасына тийгизген таасири

Маанилүү көрсөткүч — бул төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы. Эркектер аялдарга караганда орто эсеп менен 8 жылга аз жашашат.

**2-таблица. КРде аялдардын жана эркектердин төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы, жыл**

| Талдоо үчүн параметрлер | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Эки жыныс тең | 71,3 | 71,5 | 71,7 | 71,8 | 71,9 |
| Эркектер | 67,4 | 67,6 | 67,8 | 67,9 | 68,0 |
| Аялдар | 75,6 | 75,8 | 76,0 | 76,1 | 76,3 |

[69] КР Билим берүү жана илим министрлигинин Социалдык технологиялар агенттигинин сурамына жооп катары 13.02.2023-ж. №03-2/1121 каты.
[70] КР УСКнын аналитикалык материалы // URL: http://www.stat.kg/ru/ekonomicheskie-zapiski/
[71] «ДМЧА конвенциясы боюнча отчет» аналитикалык материалы // URL: http://www.stat.kg/ru/ekonomicheskie-zapiski/

**1-сүрөт. Жашоонун күтүлүүчү узактыгы, эки жыныс тең**




**2-сүрөт. КРде аялдар менен эркектердин төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы**




Аялдар менен эркектердин жашоо узактыгынын айырмасы гендердик талдоо коомчулуктун көңүлүн маанилүү социалдык-маанилүү көйгөйгө кантип бура аларын жана бул резонанс аркылуу саясатчылардын чечимине кандай таасир этерин ачык көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасында эркектердин жашоо узактыгы аялдардан төмөн — 68 жаш 76,3 жашка каршы[72] . Бул орточо статистикалык аял орточо статистикалык эркектен 8,3 жыл көбүрөөк жашайт дегенди билдирет.

Бул глобалдык көрүнүштүн себеби — эркектердин өлүмүнүн жо-

[72] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 50-б. // URL: http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf

горку деңгээли. Ал "эркектик" жөнүндө стереотиптүү түшүнүктөргө түздөн-түз көз каранды болгон жашоо мүнөзү —тамеки чегүү, спирт ичимдиктерин ичүү, тобокелдүү жүрүм-турум (транспорт каражаттарын агрессивдүү айдоо, спорттун кооптуу түрлөрү менен машыгуу, мушташуу ж.б.), туура эмес тамактануу, медициналык жардамга өз убагында кайрылбоо, эркиндигинен ажыратуу жайларында болуу ж. б. менен тыгыз байланышта.

Аталган себептердин натыйжасында эркектердин өлүмү аялдардын өлүмүнөн 1,5-1,6 эсеге көп[73] . Анын ичинде аялдарга салыштырмалуу эркектердин өлүмүнүн жогорку деңгээли: суициддден (4 эсе), кол салуудан (4,7 эсе), кургак учуктан (3 эсе), алкоголизмден (7 эсе), дем алуу органдарынын ооруларынан (1,4 эсе), тамак сиңирүү органдарынын ооруларынан (2 эсе).

Бир катар башка өлкөлөргө салыштырмалуу Кыргыз Республикасында бул айырма (8 жылдан ашык) абдан чоң. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму сунуш кылган аялдар менен эркектердин жашоо узактыгынын ортосундагы ажырымдын биологиялык ченеми 5 жылдан ашпоого тийиш.

**3-таблица. Эркектер жана аялдар үчүн төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы**[74]

| Өлкө | Аялдар | Эркектер | Айырма |
|---|---|---|---|
| Австралия | 85,2 | 81,2 | 4 |
| Гонконг | 87,5 | 81,8 | 5,7 |
| Дания | 82,7 | 78,7 | 4 |
| Израиль | 84,3 | 81,0 | 3,3 |
| Индия | 70,5 | 68,1 | 2,4 |
| Индонезия | 73,6 | 69,3 | 4,3 |

[73] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 51-б. // URL: http://stat.kg/media/publicationarchive/7d7c4d59-2b8f-44e0-86be-adee6e8c5e28.pdf

[74] ЭКӨУнун «Pensions at a Glance 2020» серептик отчету/ БТПФнын маалыматтары (World Population Projects 2020).

| Өлкө | Аялдар | Эркектер | Айырма |
|---|---|---|---|
| Казакстан | 77,4 | 68,8 | 8,6 |
| Кытай | 79,0 | 74,0 | 5 |
| Латвия | 79,8 | 69,9 | 9,9 |
| Малайзия | 78,1 | 74,0 | 4,1 |
| Мексика | 77,8 | 72,1 | 5,7 |
| Норвегия | 84,2 | 80,2 | 4 |
| Сингапур | 85,5 | 81,3 | 4,2 |
| Чили | 82,3 | 77,4 | 4,9 |
| Швеция | 84,4 | 80,7 | 3,7 |
| Эстония | 82,5 | 74,0 | 8,5 |

**3-сүрөт. Эркектер жана аялдар үчүн төрөлгөндө күтүлгөн жашоо узактыгы жылдар менен**




Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасында аялдардын пенсия курагы эркектерге караганда 5 жылга эрте келе тургандыгын эске алганда, аялдардын пенсия курагына жетүү ыктымалдыгы 90 пайызга барабар, эркектердики 70 пайызга жакын.

Ушул себептен Кыргыз Республикасындагы пенсионерлердин көпчүлүгүн аялдар түзөт. 2022-жылга карата пенсионерлердин 65,4 пайызы — аялдар, 34,7 пайызы гана эркектер түзөт.

**4-таблица. Курагы боюнча пенсия алуучулардын саны**

| Алуучулар | 2010 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020[75] | 2021 | 2022[76] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 560 000 | 654 000 | 675 000 | 693 000 | 714 000 | 735 000 | 766 000 |
| Пайыз менен | | | | | | | |
| Аялдар | 65,0 | 65,1 | 65,3 | 65,2 | 67,2 | 65,44 | 65,27 |
| Эркектер | 35,0 | 34,9 | 34,7 | 34,8 | 32,8 | 34,89 | 34,73 |

**4-сүрөт. Курагы боюнча пенсия алуучулардын саны пайыз менен**




Ошол эле учурда, аялдардын орточо пенсиясынын өлчөмү эркектерге караганда дайыма төмөн болот. Бул аялдардын балалуу болуу үчүн карьералык тыныгуусунан улам келип чыгат, алар формалдуу эмес жумушка орношушат жана экономиканын аз айлык акы төлөнүүчү секторлорунда иштешет, ошондой эле айлык акысы жогору болгон жетекчилик кызматтарда азчылыкты түзөт.

[75] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 138-б. // URL: http://www.stat.kg/media/publicationarchive/b057b115-c40b-4180-ae1628ec7e459117.pdf

[76] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 125-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

## 5-таблица. Жынысы боюнча чектелген пенсиялардын орточо өлчөмү[77]

| Талдоо үчүн параметрлер | 2010 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022[78] |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Пенсиянын орточо өлчөмү | 2 538 | 5 172 | 5 368 | 5 553 | 5 909 | 6 412 | 8 114 |
| Аялдар | 2 429 | 5 122 | 5 343 | 5 403 | 5 410 | 5 965 | 7 619 |
| Эркектер | 2 739 | 5 272 | 5 419 | 5 856 | 6 162 | 5 952 | 7 480 |

## 5-сүрөт. Пенсиянын орточо өлчөмү




[77] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016-2020: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 138-б. // URL: http://www.stat.kg/media/publicationarchive/b057b115-c40b-4180-ae1628ec7e459117.pdf

[78] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022: Статистикалык жыйнак.— Б., 2021-ж. — 126-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

**6-сүрөт. Жынысы боюнча чектелген пенсиялардын орточо өлчөмү**




Ушул себептердин натыйжасында эки жыныс үчүн тең жагымсыз жагдай пайда болот: пенсияга чейин жашабаган же пенсия курагына араң жетип каза болгон эркектердин камсыздандыруу жыйымдары "жоголуп" кетет. Ошол эле учурда "эки тагдыр — бир карьера" жашоо принцибине баш ийген аялдар репродуктивдик функциясын аткаргандыгы, үй чарбасын жүргүзүү боюнча негизги жүктү аткаргандыгы үчүн эч кандай компенсация албай, узак карылыкты жакырчылыкта жашашат.

Бул көйгөй бүткүл дүйнө үчүн актуалдуу. Өлкөлөрдүн ар бири демографиялык абалга, жалпысынан пенсиялык системанын түзүлүшүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бул маанилүү көйгөйдү чечүүнүн ар кандай жолун табууда. Төмөндөгү таблицада башка өлкөлөрдө бул көйгөй кандайча чечилгендигинин мисалдары келтирилген.

## 6-таблица. Пенсиялык системадагы теңсиздик көйгөйүн чечүү жолдору (өлкөлөр боюнча)

| Өлкө | Көйгөйдүү чечүү жолдору[79] |
|---|---|
| Армения | Пенсиялык фонддордун пайлары жана топтолгон каражаттардын калдык суммасы мурастоо тартибинде жеке жактарга гана берилиши мүмкүн. Топтоочу пенсияны алганга чейин каза болгон катышуучунун пенсиялык эсебинде болгон пенсиялык фонддордун пайлары, ошондой эле топтоочу пенсияны алган мезгилде каза болгон пенсионердин мурастоого жаткан пайлары да мурасталышы мүмкүн. |
| Гонконг | Каза болгон аманатчынын топтолгон каражаттары мүлктүн бир бөлүгү катары каралат жана жеке өкүл (мураскор) же расмий орган тарабынан талап кылынышы мүмкүн |
| Казакстан | Бирдиктүү топтоочу пенсиялык фонддо болгон пенсиялык топтоолор - бул аманатчынын менчиги, ошондуктан алар милдеттүү тартипте мурасталат. “Казакстан Республикасында пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө” мыйзамдын 50-беренесинин 5-пунктуна ылайык, алуучу, ошондой эле БТПФда топтоолору бар жана пенсия курагына жете элек адам каза болгон учурда, анын үй-бүлөсүнө же сөөк койгон адамга тиешелүү финансылык жылга белгиленген 52,4 эселенген АЭКтин чегинде бир жолку төлөм жүргүзүлөт. Ошол эле учурда, ал жеке пенсиялык эсептеги каражаттардын санынан ашпоого тийиш. Эгерде калган сумма минималдуу пенсиянын өлчөмүнөн ашпаса, сөөк коюуга төлөгөндөн кийин пенсиялык топтоолордун калдыгы сөөк коюуга төлөө катары тариздел. <br>Минималдуу пенсиянын өлчөмүнөн ашып кеткен учурда калган сумма мурасталат. Пенсиялык аманаттарды мурастоо эгерде керээз жок болсо же жалпысынан мурастын тагдыры аныкталбаса, керээз же мыйзам боюнча жүзөгө ашырылат. Мураскор бул акчаны алуу үчүн нотариуска мурасты кабыл алуу жөнүндө арыз же мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк арызын бериши керек. Мурас мурас ачылган күндөн тартып алты айдын ичинде, башкача айтканда, мурас калтыруучу каза болгон күндөн тартып алты айдын ичинде кабыл алынышы мүмкүн. РК ЖКга ылайык, мураскорлор жети кезекке бөлүнөт. Мыйзам боюнча биринчи кезекте мурас алуучунун балдары, анын ичинде асырап алынгандар, ошондой эле жубайлар жана ата-энелер бирдей үлүштөрдө мурастоо укугуна ээ болушат. Экинчи кезектеги укук мураскорлору - мурас калтыруучунун ага-инилери, эже-сиңдилери, чоң ата-чоң энелери жана неберелери[80] |
| Жаңы Зеландия | Топтолгон сумма катышуучу эрте каза болгон учурда мураска калтырылышы мүмкүн. Бул үчүн мураскорлор катышуучунун жеке пенсиялык планынын провайдерин билиши керек |

[79] Казакстандын мисалынан башка бардык мисалдар (төмөнкү шилтеме) “БТПФ” АКнын веб-сайтында жайгаштырылган маалыматтын адаптациясы болуп саналат. // URL: https://www.enpf.kz/ru/services/recipient/heir.php

[80] Каза болгон аманатчылардын топтомдорун БТПФ эмне кылат? / Веб-сайт NewTimes // URL: https://newtimes.kz/eksklyuziv/104813-chto-delaet-enpf-s-nakopleniiami-umershikh-vkladchikov

| Өлкө | Көйгөйдүү чечүү жолдору[79] |
|---|---|
| Сингапур | Аманатчынын өмүрүн камсыздандыруу системасы камсыздандырылган адамга жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө өлүмгө дуушар болгон оору же толук майып болгондо же камсыздандырылган адам каза болгондо алгачкы бир нече жыл ичинде материалдык колдоо алууга мүмкүнчүлүк берет. Мында аманатчынын өзү үчүн төлөмдүн өлчөмү канчалык чоң болсо, мураска каражат ошончолук аз болот жана тескерисинче принциби колдонулат |
| Чили | Пенсионерлер каалаган убакта камсыздандыруу компаниясынан өмүр бою аннуитетти сатып алуу үчүн балансындагы өзүнүн калдыгын колдоно алышат (өмүр бою аннуитет сатып алуу талаптарына ылайык келген учурда). Каза болгондон кийин калган каражаттар мурас катары өтөт |
| Швеция | Өлкөнүн жалпы калкы туулган жылы боюнча курактык кластерлерге бөлүнөт. Өткөн жылы каза болгон адамдардын тирүү кезинде сарпталбаган пенсиялык топтоолору ошол эле жылы туулган пенсионерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Демек, каза болгон эркектердин топтомдору пенсионер аялдардын абалын жакшыртуу мүмкүнчүлүгү болуп саналат |

6-таблицадан көрүнүп тургандай, ар бир өлкө бул көйгөйдү чечүү үчүн өз жолун издеп, тапкан. Мисалы, Швецияда бойдок (расмий катталган никеде турбаган, эрте жесир калган, ажырашкан ж.б. у. с.) жалгыз бой аял пенсионерлердин санынын көп болушу фактысын эске алган ыкма табылган: алар өздөрүнө тааныш эмес курдаш эркек пенсионерлердин пенсиялык топтоолорунан колдоо алышат. Ошол эле учурда, кабыл алынган чечимде “аялдар”, “эркектер”, “жыныс”, “гендер” деген сөздөр айтылбаганы көңүлдү өзүнө бурат, бирок бул көйгөйдүн чечимин издөө статистикалык маалыматтарды жынысы боюнча талдоодон башталган.

Коомдо салттуу баалуулуктар үстөмдүк кылган жана үй-бүлө институту күчтүү болгон өлкөлөрдүн шартында эркектердин эрте өлүмү жана жакындарынын топтоолорун мурастоо механизмдеринин жоктугун чечүүнүн өз жолдорун издөө зарыл. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасында ажырашуулардын көрсөткүчү туруктуу өсүп, никелердин саны азайып баратканы байкалууда, бул көрүнүштүн себептери жана кесепеттери журналисттик иликтөө үчүн өзүнчө тема болушу мүмкүн.

**7-таблица. Кыргыз Республикасында никелердин жана ажырашуулардын саны**

| Талдоо үчүн параметрлер | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Никелердин саны | 49 579 | 49 431 | 39 747 | 50 747 | 48 232 |
| Ажырашуулардын саны | 10 434 | 10 992 | 9 128 | 12 037 | 12 187 |

**7-сүрөт. Кыргыз Республикасында никелердин жана ажырашуулардын саны**




Кыргыз Республикасындагы кырдаалга эң жакын болуп Казакстанда иштеп жаткан мурастоо системасы саналат. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” мыйзамынын “Пенсионердин каза болгондугуна байланыштуу алынбай калган пенсияны жана пенсиялык топтоолорду төлөө жана сөөк коюуга жөлөкпул төлөө” 32-беренесиндегидей эле “пенсионердин каза болгондугуна байланыштуу алынбай калган пенсияны ата-энеси, жубайы, балдары, ал эми алар жок болсо - мураска укугу бар үй-бүлө мүчөлөрү бирдей үлүштө алууга укуктуу” принциби каралган. Пенсионердин каза болушуна байланыштуу алынбай калган пенсияны төлөөнүн доонун эскириши (Казакстанда — кандай болбосун камсыздандырылган адам, эгерде адам пенсия курагына жете элек болсо да жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө камтылган пенсия-

лык топтоо), ошондой эле мурастоонун тартиби Жарандык кодекс менен белгиленет.

Демек, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” мыйзамынын 32-беренесинин төмөнкү жобосун колдонуу менен гендердик талдоонун натыйжаларын эске алуу менен бул тартипти конкреттештирүү мүмкүнчүлүгү бар: “Каза болгон камсыздандырылган адамдын жеке камсыздандыруу эсебинин топтоо бөлүгүндө камтылган пенсиялык топтоолордон мураскорлорго пенсиялык төлөмдөрдү жүзөгө ашыруунун мөөнөтү жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат”.

Ошону менен катар Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө” мыйзамынын, тактап айтканда “Камсыздандырылган адамдардын пенсиялык топтоолорун мураска калтыруу укугу жөнүндө” 9-беренесинин жана “Жөлөкпулдарды жана компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө” 18-беренесинин, “Камсыздандырылган адамдардын каза болгон күнүнө карата талап кылынбаган жөлөкпулдар алар менен чогуу жашаган үй-бүлө мүчөлөрүнө же каза болгон адамдын багуусундагы адамдарга төлөнүп берилет” деген 4-пунктунун аткарылышына парламенттик көзөмөлдү күчөтүү зарыл.

Бул мисал журналист тарабынан статистиканы колдонуу менен көйгөйдү кылдат гендердик талдоо, көңүлүн көйгөйгө буруу максатында чечим кабыл алуучу адамдарга таасир этүүнүн куралы гана болбостон, көйгөйдү чечүүнүн мүмкүн болгон ыкмаларын көрсөтүүнүн да куралы боло аларын көрсөтүп турат. Бул “чечимдер журналистикасы” ыкмасын колдонуунун мисалы.

### Төрөлүү, эрте никеге туруу, расмий эмес никеде төрөлгөн балдардын үлүшү

Айкын гендердик өлчөмгө ээ болгон демографиялык статистиканын дагы бир маанилүү темасы - төрөлүү статистикасы.

## 8-таблица. Аймак боюнча төрөлүүнүн жалпы коэффициенти (1 аялга балдардын саны)

| Аймактын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Баткен облусу | 3,51 | 3,64 | 3,34 | 3,07 | 3,39 |
| 3,51 | 3,64 | 3,34 | 3,07 | 3,39 | 3,01 |
| Жалал-Абад облусу | 3,08 | 3,15 | 2,94 | 2,75 | 3,01 |
| Ысык-Көл облусу | 3,13 | 2,93 | 2,73 | 2,48 | 2,42 |
| Нарын облусу | 3,45 | 3,14 | 2,94 | 2,58 | 2,15 |
| Ош облусу | 3,27 | 3,18 | 2,95 | 2,52 | 2,79 |
| Талас облусу | 3,37 | 3,14 | 2,99 | 2,66 | 2,79 |
| Чүй облусу | 3,52 | 3,49 | 3,08 | 2,84 | 2,66 |
| Кыргыз Республикасы | 3,30 | 3,33 | 3,05 | 2,89 | 2,81 |
| Маалыматтар Кыргыз Республикасынын 2022-жылдагы эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыктары боюнча кайрадан эсептелди | | | | | |

## 8-сүрөт. Кыргыз Республикасында төрөлүүнүн жалпы коэффициенти



## 9-сүрөт. Кыргыз Республикасында аймак боюнча төрөлүүнүн жалпы коэффициенти




8-таблицада жана 9-10-сүрөттөрдө берилген маалыматтарга ылайык, акыркы 5 жылда бир аялдан төрөлгөн балдардын саны орто эсеп менен 3,3төн 2,8ге чейин кыскарган. Төрөлүүнүн төмөндөө тенденциясы байкалууда: аялдын өмүрүндө төрөлгөн балдардын орточо саны азайып бара жатат. Ошол эле учурда Баткен облусунда төрөлгөндөрдүн саны өлкө боюнча эң жогору, ал эми Нарын облусунда эң төмөн.

Калктын жөнөкөй көбөйүшүн камсыз кылуу үчүн бул көрсөткүчтүн мааниси 2,1 деңгээлден төмөн болбошу керек. Демек, Кыргызстанда, төрөттүн деңгээли жөнөкөй көбөйүүнүн деңгээлине чейин төмөндөгөн көптөгөн КМШ өлкөлөрүнөн айырмаланып, азырынча калктын кеңири көбөйүшү камсыз кылынууда[81] .

Маалыматтар массивиндеги дагы бир маанилүү көрсөткүч — бул аялдын репродуктивдик курагы (9-таблицаны караңыз). “20 жаштан жаш” категориясы өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. КР УСКнын түшүндүрмөлөрүнө ылайык, бул курактык топтун көрсөткүчтөрүн аныктоодо 15-19 жаштагы аялдардын саны алынган. Башкача айтканда, айрым учурларда сөз эрте же ал тургай өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугу жөнүндө болууда. Бул жаш энелердин жана алардын балдарынын өмүрүнө, ден соолугуна жана өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизген олуттуу көйгөй. Бирок, өлкөдө көрүлгөн чаралардын, анын ичинде нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигин киргизүүнүн жардамы менен бул көрсөткүчтү туруктуу төмөндөтүү жетишилди[82].

[81] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2017–2021. — Б., 2022-ж. — 55-б.
[82] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2017–2021. — Б., 2022-ж. — 57-б.

## 9-таблица. Төрөттүн курактык коэффициенттери

| Жылдар | Жылына орточо курактагы 1000 аялга төрөлгөндөрдүн саны, жаш | | | | | | | | | Төрөлүүнүн жалпы коэффициенти |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 20 жаштан жаш1 | 20-24 | 25-29 | 30-34 | 35-39 | 40-44 | 45-49 | 50-54 | 15-49[2] | |
| Жалпы калк | | | | | | | | | | |
| 2018 | 35,91 | 207,85 | 185,92 | 130,38 | 77,49 | 21,26 | 1,33 | 0,04 | 106,79 | 3,28 |
| 2019 | 37,74 | 208,75 | 188,98 | 129,84 | 80,06 | 22,02 | 1,32 | 0,03 | 107,21 | 3,33 |
| 2020 | 33,47 | 186,71 | 175,80 | 118,66 | 73,94 | 19,84 | 1,13 | 0,03 | 96,75 | 3,05 |
| 2021 | 29,68 | 176,02 | 171,47 | 113,83 | 67,41 | 19,04 | 1,08 | 0,03 | 90,82 | 2,89 |
| 2022 | 30,04 | 155,50 | 162,72 | 121,04 | 72,37 | 18,83 | 1,20 | 0,02 | 86,76 | 2,81 |
| Шаар жергесиндеги калк | | | | | | | | | | |
| 2018 | 38,77 | 226,47 | 173,21 | 124,40 | 81,03 | 24,03 | 1,63 | 0,07 | 106,49 | 3,36 |
| 2020 | 37,26 | 218,4 | 201,37 | 107,94 | 81,18 | 23,62 | 1,43 | 0,03 | 102,31 | 3,36 |
| 2021 | 37,47 | 236,39 | 224,66 | 113,00 | 113,00 | 23,20 | 1,61 | 0,06 | 105,95 | 3,56 |
| 2022 | 31,06 | 141,17 | 175,52 | 135,57 | 83,12 | 20,88 | 1,70 | 0,04 | 90,65 | 2,93 |
| Айыл жергесиндеги калк | | | | | | | | | | |
| 2018 | 34,78 | 200,00 | 194,45 | 134,60 | 75,25 | 19,55 | 1,12 | 0,02 | 106,96 | 3,28 |
| 2019 | 35,61 | 193,84 | 184,46 | 135,73 | 75,40 | 19,86 | 1,02 | 0,03 | 104,33 | 3,22 |
| 2020 | 31,94 | 173,69 | 162,35 | 127,36 | 69,31 | 17,41 | 0,94 | 0,02 | 93,59 | 2,91 |
| 2021 | 26,43 | 150,60 | 145,28 | 114,52 | 62,38 | 16,28 | 0,73 | 0,01 | 82,11 | 2,58 |
| 2022 | 29,53 | 164,82 | 154,81 | 111,74 | 65,02 | 17,31 | 0,85 | 0,00 | 84,28 | 2,73 |

[1] бул курактык топтун салыштырмалуу көрсөткүчтөрүн аныктоодо шарттуу түрдө 15-19 жаштагы аялдардын саны алынган.

[2] 15 жашка чейинки жана 49 жаштан жогору курактагы энелерде төрөлгөндөрдү кошкондо.

[3] Аялдын өмүрүндө төрөлгөн балдардын орточо саны

10-сүрөт. Өлкө боюнча жылына орточо 1000 аялга төрөлгөндөрдүн саны




11-сүрөт. Жылына орточо 1000 аялга төрөлгөндөрдүн саны




Катталган никеге турбаган аялдардан төрөлгөн балдардын саны да бир аз азайгандыгы өзүнө көңүлдү бурат. Бирок, тилекке каршы, абсолюттук сандарда гана. Ал эми төрөлгөндөрдүн жалпы санынын пайызында мындай балдардын үлүшү тескерисинче өсүүдө жана бул өсүш айыл жергесиндеги аялдардын эсебинен болууда (25,1 пайыз), ал эми шаар жергесиндегилерде 20,7 пайызга чейин кыскарган.

## 10-таблица. Катталган никеде турбаган аялдарда төрөлгөн балдардын саны

| Жылдар | Адам | | | Төрөлгөндөрдүн жалпы санынан пайыз менен | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | жалпы калк | шаардык калк | айылдык калк | жалпы калк | шаардык калк | айылдык калк |
| 2018 | 36 790 | 14 339 | 22 451 | 21,5 | 23,1 | 20,6 |
| 2019 | 37 76 | 15 222 | 22 538 | 21,8 | 23,1 | 21,0 |
| 2020 | 30 016 | 13 111 | 16 905 | 19,0 | 21,7 | 17,3 |
| 2021 | 27 713 | 13 377 | 14 336 | 18,5 | 20,9 | 16,6 |
| 2022 | 34 978 | 12 672 | 22 306 | 23,3 | 20,7 | 25,1 |

## 12-сүрөт. Катталган никеде турбаган аялдарда төрөлгөн балдардын саны




Өлкө боюнча орточо эсеп менен балдардын дээрлик төрттөн биринин никесиз төрөлүшү олуттуу тынчсызданууну жаратат жана дагы бир журналисттик иликтөөнүн темасы болушу мүмкүн, бул коомчулуктун темага болгон кызыгуусун жөн гана арттырбастан, жалгыз бой энелерди жана алардын балдарын социалдык колдоо системасынын бир бөлүгү болуп калышы мүмкүн болгон саясий жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга өбөлгө түзүшү мүмкүн.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. Кыргызстанда кимдер көп төрөлөт - эркек балдарбы же кыздарбы?
2. Канча жаштан кийин аялдардын саны эркектердикинен ашып түшө баштайт?
3. Аялдардын өлүмүнө салыштырмалуу эркектердин эрте өлүмүнүн себептери эмнеде?
4. Кыргызстанда эркектердин пенсиялык топтомунун “жоголуу” көйгөйүн кантип чечсе болот?
5. Өспүрүмдөрдүн кош бойлуулугунун жана төрөттүн төмөндөшүнүн себеби эмнеде?




2+2=4
y = (x2 − 1)(x4 + 2)

## 3.3. Билим берүү

Билим берүүнүн ар кандай деңгээлдериндеги кыздар менен эркек балдардын, уландар менен кыздардын катышы

Азыркы учурда жалпы орто билим берүү системасында 2350 күндүзгү жалпы билим берүү уюму иштейт (анын ичинен 2 164 мамлекеттик мектеп жана 186 жеке менчик), жалпы 1448 миң окуучуну камтыйт, анын ичинде 713 миң кыз жана 735 миң эркек балдар. Акыркы 5 жылда билим берүү уюмдарынын тармагы 85 бирдикке, ал эми андагы окуучулардын саны дээрлик 180 миң адамга көбөйдү. Ошол эле учурда шаар жергесинде окуучулардын контингенти 23 пайызга, ал эми айыл жергесинде — 9 пайызга жогорулаган.

Башталгыч жалпы (1-4-класстар) жана негизги жалпы (5-9-класстар) билим берүү уюмдарында кыздардын эркек балдарга карата катышынын деңгээли негизги мектепке (1-9-класстар) кыздар эркек балдарга караганда дээрлик аз кабыл алынарын көрсөтүп турат. Бирок 9-класстан кийин (15-16 жаштан баштап) эркек балдарды окутуу менен камтуунун акырындык менен төмөндөшү байкалат, бул кесиптик окуу жайларга (лицейлерге), орто кесиптик билим берүү уюмдарына же эмгек рыногуна тезирээк чыгууга даярдаган кыска мөөнөттүү курстарга окууга өтүп жаткан жаштардын санынын көбөйүшү менен байланыштуу.

**11-таблица. Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто(толук) жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу жалпы билим берүү уюмдарына кабыл алынган кыздардын жана эркек балдардын катышы (окуу жылынын башына карата; пайыз менен)**

| Билим берүүнүн деңгээли | 2018/2019 | 2019/2020 | 2020/2021 | 2021/2022 | 2022/2023 |
|---|---|---|---|---|---|
| Башталгыч жалпы билим берүү (1–4-класстар) | 99,0 | 99,7 | 99,5 | 99,7 | 100,2 |
| Негизги жалпы билим берүү (5–9-класстар) | 99,0 | 99,1 | 100,0 | 94,9 | 101,3 |
| Орто(толук) жалпы билим берүү (10–11-класстар) | 122,2 | 124,9 | 124,4 | 122,2 | 127,6 |

## 13-сүрөт. Билим берүү уюмдарына кабыл алынган кыздардын жана эркек балдардын катышы




Ошентип, Кыргызстандын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына эркек балдар кыздарга караганда көбүрөөк келет, бирок 11-класс аяктагандан кийин кырдаал кыздардын пайдасына өзгөрөт. Балдарды орто мектептик билим берүү менен камтуу төмөндөөдө, айрыкча эркек балдардын арасында (45,8 пайыз), кыздар көбүнчө толук орто мектептин алкагында билим алышат (54,2 пайыз).

## 12-таблица. 2022/2023-окуу жылынын башына карата жалпы орто билим берүүнүн күндүзгү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн саны (жынысы жана классы боюнча[83])

| Талдоо үчүн параметрлер | Жалпысынан аяктагандар | анын ичинде | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 4-класс | 9-класс | 11-класс |
| Башталгыч жалпы билим берүү (1–4-класстар) | 304 805 | 139 863 | 106 185 | 58 757 |
| Негизги жалпы билим берүү (5–9-класстар) | 151 686 | 68 254 | 52 041 | 31 391 |
| Орто (толук) жалпы билим берүү (10–11-класстар) | 153 119 | 71 609 | 54 144 | 27 366 |

[83] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018–2022. — Б., 2023-ж. — 140-б.. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

**14-сүрөт. Жалпы орто билим берүүнүн күндүзгү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрү (жынысы жана класстар боюнча)**




Гендердик теңчилик көз карашынан орто мектепти аяктабаган эркек балдардын санынын азайышынын туруктуу тенденциясынын кесепеттерине көңүл буруу керек. Бул эркек балдар орто мектепти аяктабастан жогорку окуу жайларга тапшыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес дегенди билдирет. Бул орто кесиптик жана жогорку билим берүү системасындагы окуучулардын саны боюнча статистика менен тастыкталат.

Алсак, орто кесиптик билим берүү системасында 2022/2023-окуу жылынын башына карата студенттердин саны 108 186 түзгөн, алардын ичинен 46 406 эркек балдар (42,8 пайыз) жана 61 780 кыз (57,1 пайыз[84]). Ушундай эле көрүнүш жогорку билим берүү системасында да байкалат: аялдар 52 пайызды түзөт. ЖОЖдон кийинки билим берүү системасында да аялдардын санынын өсүшү байкалууда.

**13-таблица. Аспиранттарды жана докторанттарды жынысы боюнча бөлүштүрүү (жыйынтыкка карата пайыз менен)**

| Талдоо үчүн параметрлер | Аспиранттар | | | | | Докторанттар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Аялдар | 58,8 | 58,7 | 60,1 | 58,7 | 59,6 | 61,6 | 66,7 | 69,0 | 65,2 | 59,7 |

[84] Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим, 2018-2022: Стат. жыйнак. — Бишкек: 2023-ж. — 127-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/20f9c650-734c-4865-884b-c19000f82a87.pdf

| Талдоо үчүн параметрлер | Аспиранттар | | | | | Докторанттар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
| Эркектер | 41,2 | 41,3 | 39,9 | 41,3 | 40,4 | 38,4 | 33,3 | 31,0 | 34,8 | 40,3 |

**15-сүрөт. Аспиранттардын бөлүштүрүлүшү (жылдар жана жынысы боюнча)**




**16-сүрөт. Докторанттардын бөлүштүрүлүшү (жылдар жана жынысы боюнча)**




Акыркы беш жылда докторанттардын саны 1,6 эсеге өскөн: 2018-жылы 146 адам болсо, 2022-жылы 236 адам болгон. Аспиранттардын да, докторанттардын да жалпы санында аялдардын үлүшү 60 пайызга жакынды, ал эми эркектердин үлүшү 40 пайыздан ашыкты түзөт.

Биринчи, үстүртөн караганда бул тенденция позитивдүү сезилиши мүмкүн: аялдардын билим деңгээли канчалык жогору болсо, өзү үчүн

да, анын үй-бүлөсү жана бүтүндөй коом үчүн ошончолук жакшы болот.

Бирок, ошол эле учурда экектердин билим деңгээли туруктуу төмөндөсө, анда аялдар үй-бүлө куруудан баш тартып, никесин расмий каттоосуз балалуу болууну каалашат деген тобокелдик бар ("Демография" бөлүмүндөгү маалыматтарды караңыз). Билимдүү өнөктөштөрдү таппай, билим деңгээлиндеги айырмачылык жубайлардын дүйнө таанымдагы айырмачылыгына, чыр-чатактарга, үй-бүлөлүк зомбулукка жана натыйжада үй-бүлөлүк биримдиктин начардыгына алып келет деп адилеттүү коркот.

### Мектепке барбаган балдар

КР УСКнын маалыматы боюнча мектептик билим берүү менен камтылбаган 7-17 жаштагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны 2018-жылдан 2022-жылга чейин балдардын жана кыздардын арасында акырындык менен азайып бара жатат. 2022-жылы мектепке барбаган эркек балдар (1456) кыздарга караганда (1019) көп. Алардын ичинен олуттуу үлүш 10-11-класстарга барбаган өспүрүмдөргө туура келет. Негизги себеп болуп ден соолукка байланыштуу чектөөлөрдүн болушу саналат. Ушул себептен улам эркек балдардын 70,1 пайызы жана кыздардын 68,9 пайызы мектепке барбайт. 2022-жылы бул көрсөткүчтөр 2018-жылга салыштырмалуу 20 пайыздык пунктка өскөн. Эркек балдардын 14,9 пайызы жана кыздардын 17,6 пайызы үй-бүлөлүк шарттарга байланыштуу мектепке барбайт. Эркек балдардын 3,9 пайызы жана кыздардын 4,5 пайызы иштөөгө мажбур. Ошол эле учурда, иштеген кыздардын саны эркек балдарга караганда бир аз көп (0,6 пайызга[85]) .

2022/2023-окуу жылынын башына карата мектепке барбаган балдардын көпчүлүгү Ош облусунда— 22 пайыз (554 бала) жана Чүй облусунда— 17 пайыз (431) байкалган[86].

Тилекке каршы, майыптыгы бар балдардын баары эле мектепке баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес деп айтууга туура келет. Бул тууралуу КР УСК тарабынан ТӨМ 4.1.1.1а "7-17 жаштагы (1-11-класстар) жалпы билим берүү уюмдарында окууга келбей калган балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны, жынысы боюнча" көрсөткүчү боюнча чогултулган маалыматтар тастыктап турат. Бул көрсөткүч баланын же кыздын окууга келбегени-

[85] Билим берүү жана маданият / КР УСКнын веб-сайтынын бөлүмү // URL: https://www.stat.kg/ru/statistics/obrazovanie/
[86] Ошол эле жерде.

нин бир нече себептерин камтыйт, алардын арасында майыптык бар[87] . Ушул себептен улам окууга барбагандардын жалпы санынан балдардын 69,5% окууга барган эмес.

Алсак, Кыргызстанда майыптыгына байланыштуу мектепке барбай калган кыздардын да, балдардын да саны өсүүдө (18-сүрөт). Бирок, бул сандар чыныгы сүрөттү толугу менен чагылдырбашы мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек. Мисалы, майыптыктын болушу баланын мектепке баруусуна тоскоол болбошу мүмкүн, бирок транспорттун же ата-энелердин  каалоосунун жоктугунан улам бала барбашы мүмкүн. Ошол эле учурда майыптык себеби боюнча мектепке барбаган балдардын саны айкын өскөн учурда (5 жылда 1,4 эсеге), биринчи жолу майыптыгы бар деп таанылган 18 жашка чейинки балдардын саны көбөйүү тенденциясына ээ эмес экенин белгилей кетүү маанилүү. Бул мектепте билим албаган майыптыгы бар кыздар менен эркек балдардын үлүшү өсүп жатканын билдириши мүмкүн. Бул алардын андан ары кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүн, демек, экономикалык көз карандысыздыкты кыйла төмөндөтөт.

Акыркы беш жылда окуу жылынын ичинде жалпы билим берүүчү уюмдардан чыккан окуучулардын саны 16,5 пайызга көбөйдү жана 2022-жылы 104 миңден ашыкты түздү. Окуудан чыккандардын негизги бөлүгү (80 пайызы) республиканын башка жалпы билим берүү уюмдарына окууга өткөн балдарга туура келет (14-таблица, 19-сүрөт)[88] .

**14-таблица. Окуу жылынын ичинде жалпы билим берүү уюмдарынан чыккан окуучулардын саны**

| Талдоо үчүн параметрлер | Адам | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2018 | 2022 | 2018 | 2022 |
| Жалпысынан окуудан чыккан окуучулар | 89 597 | 104 361 | 100 | 100 |
| алардын ичинен: | | | | |
| күндүзгү жалпы билим берүүчү башка уюмдарга | 70 919 | 83 955 | 79,1 | 80,4 |

[87] 4.1.1.1а. көрсөткүчү. 7-17 жаштагы (1-11-класстар) жалпы билим берүү уюмдарында окууга келбей калган балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны, жынысы боюнча / веб-сайт “Кыргыз Республикасындагы туруктуу өнүгүү максаттары” // URL: https://sustainabledevelopment-kyrgyzstan.github.io/4-1-1-1a/
[88] Гендердик статистика / Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим: Стат. жыйнак. — Бишкек, 2023-ж. — 2-3-б.  // URL: https://www.stat.kg/ru/statistics/obrazovanie/

| Талдоо үчүн параметрлер | Адам | | Жыйынтыкка карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2018 | 2022 | 2018 | 2022 |
| баштапгыч кесиптик билим берүү уюмдарына | 2 717 | 2 734 | 3,0 | 2,6 |
| кесиптик орто билим берүү уюмдарынын күндүзгү бөлүмдөрүнө | 6 240 | 6 475 | 7,0 | 6,2 |
| ар түрдүү курстарга | 1 101 | 1 216 | 1,2 | 1,2 |
| ишке киргендигине байланыштуу | 1 276 | 1 110 | 1,4 | 1,1 |
| республиканын чегинен чыгып кеткендигине байланыштуу | 4 459 | 6 238 | 5,0 | 6,0 |
| иштебейт, окубайт | 622 | 284 | 0,7 | 0,3 |
| башка себептер | 2 263 | 2 349 | 2,5 | 2,2 |

**17-сүрөт. Окуудан чыккан окуучулардын саны, адам**




2022-жылы башка күндүзгү билим берүү уюмдарына кеткен окуучулардын саны 2018-жылга салыштырмалуу кыйла өстү (жалпы сандын 80,4 пайызы 79,1 пайызга каршы), ошондой эле республиканын чегинен чыгып кеткендигине байланыштуу (6,0 жана тиешелүү түрдө 5,0 пайыз). Ошол эле учурда окуу жылынын ичинде ишке кирүүсүнө байла-

ныштуу окуудан чыккандардын саны 2,3 эсеге кыскарган.

2022-жылы мектептен чыгып кеткендердин көпчүлүк бөлүгү — айыл жериндеги балдар. Жыл ичинде жалпы билим берүү уюмдарынан чыккан окуучулардын көбү Чүй (жалпы санынын 21 пайызы), Ош (20 пайыз) жана Жалал-Абад (13 пайыз) областтарында, ошондой эле Бишкек шаарында (17 пайызы) катталган. Мында эркек балдар кыздарга караганда мектептен көп чыгышат.

## Билим берүүдөгү кесиптик сегрегация

Эмгек рыногунда экономиканын тармактары боюнча гендердик бөлүнүү кесиптик билим берүүдөн келип чыгат.

### 15-таблица. 2022/2023-окуу жылынын башына карата кесиптик орто билим берүү уюмдарынын студенттеринин саны (адистиктердин топтору жана жынысы боюнча)[89]

| Талдоо үчүн параметрлер | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | Салыштырма салмак пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | кыздар | уландар | кыздар | уландар |
| Бардыгы, анын ичинде адистиктер боюнча: | 100,0 | 100,0 | 56,0 | 44,0 |
| гуманитардык жана социалдык илимдер | 4,0 | 13,3 | 28,5 | 71,5 |
| билим берүү жана педагогика илимдери | 44,0 | 6,8 | 89,6 | 10,4 |
| саламаттыкты сактоо жана медициналык илимдер | 25,1 | 6,2 | 89,6 | 10,4 |
| искусство жана маданият | 3,6 | 2,0 | 70,3 | 29,7 |
| экономика жана башкаруу | 12,9 | 16,2 | 51,4 | 48,6 |
| геология жана пайдалуу кендерди чалгындоо жана иштетүү | 0,0 | 3,0 | 2,1 | 97,9 |
| электр жана жылуулук энергиясы | 0,2 | 7,0 | 3,3 | 96,7 |

[89] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018–2022. — 143-б // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

| Талдоо үчүн параметрлер | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | Салыштырма салмак пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | кыздар | уландар | кыздар | уландар |
| сервис, туризм жана маалымат коопсуздугу | 1,7 | 2,1 | 52,6 | 47,4 |
| айыл чарба жана айыл чарба илимдери | 0,3 | 4,0 | 10,4 | 89,6 |
| геодезия жана жерге жайгаштыруу | 0,1 | 0,8 | 11,2 | 88,8 |
| машина куруу жана материалдар технологиясы | 0,0 | 0,3 | 14,6 | 85,4 |
| аэронавигация жана авиациялык жана ракета- космостук техниканы эксплуатациялоо | 0,2 | 1,2 | 17,8 | 82,2 |
| кеме куруу жана суу транспорт каражаттарынын техникасы жана технологиясы | 0,0 | 0,1 | 25,0 | 75,0 |
| жерде жүрүүчү транспорттун техникасы жана технологиясы | 0,2 | 8,1 | 3,7 | 96,3 |
| фотоника, прибор куруу, оптикалык жана биотехникалык системалар жана технологиялар | - | 0,1 | - | 100 |
| электроника, радиотехника жана байланыш системалары | 0,1 | 0,9 | 14,7 | 85,3 |
| автоматика жана башкаруу | 0,7 | 2,8 | 26,3 | 73,7 |
| информатика жана эсептөө техникасы | 4,2 | 17,2 | 24,3 | 75,7 |
| химиялык технология | 0,0 | 0,1 | 6,2 | 93,8 |
| токой ресурстарын көбөйтүү жана кайра иштетүү | 0,1 | 0,1 | 30,0 | 70,0 |
| өнөр жай экологиясы жана биотехнологиялар | 2,1 | 0,6 | 81,3 | 18,7 |
| курулуш жана архитектура | 0,3 | 5,5 | 6,6 | 93,4 |
| техносфералык коопсуздук жана жаратылышты абаттоо | 0,2 | 1,6 | 15,3 | 84,7 |

**18-сүрөт. ОКБ билим берүү уюмдарынын студенттеринин саны (жынысы боюнча пайыз менен)**




Кесиптик орто билим берүү уюмдарынын студенттеринин арасында кыздардын үлүшү дээрлик жогору бойдон калууда: 2022/2023-окуу жылынын башына карата 56 пайызды түзөт. Ошол эле учурда билим берүү (89,6 пайыз), саламаттык сактоо (89,6 пайыз), искусство жана маданият (70,3 пайыз), экономика жана башкаруу (51,4 пайыз), тейлөө (52,6 пайыз) сыяктуу адистиктер боюнча билим алууда кыздардын салттуу басымдуулук кылгандыгы белгиленет. Уландар курулуш жана архитектура (93,4 пайыз), машина куруу жана материалдар технологиясы (85,4 пайыз), пайдалуу кендерди иштетүү (97,9 пайыз), электрондук техника (85,3 пайыз), энергетика (96,7 пайыз) жана башка салттуу "эркектердин" адистиктери менен байланышкан кесиптерди тандашат.

Жогорку кесиптик билим берүү системасында 2022/2023-окуу жылынын башына карата республикада 61 жогорку кесиптик билим берүү уюму иштеген: 43 мамлекеттик жана 18 жеке менчик — билим алгандардын саны 227 582 миң студентти түзөт (109 356 эркек, 118 226 аял)[90].

Аялдардын билим деңгээли эркектердикинен 4 пайызга жакын айырма менен жогору.

[90] Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим, 2018-2022: Стат. жыйнак. — Бишкек, 2023-ж. — 140-б. https://www.stat.kg/media/publicationarchive/20f9c650-734c-4865-884b-c19000f82a87.pdf

## 16-таблица. 2022/2023-окуу жылынын башына карата жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттеринин саны (адистиктердин топтору жана жынысы боюнча)[91]

| Талдоо үчүн параметрлер | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | Салшытырма салмак пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| Бардыгы | 100 | 100 | 51,9 | 48,1 |
| Анын ичинде адистиктер боюнча: | 3,2 | 1,8 | 66,2 | 33,8 |
| Табигый илимдер | 20,5 | 25,0 | 47,0 | 53,0 |
| Гуманитардык илимдер | 36,1 | 5,1 | 88,4 | 11,6 |
| Педагогикалык билим берүү | 2,5 | 1,9 | 59,3 | 40,7 |
| Маданият жана искусство | 0,6 | 2,0 | 25,3 | 74,7 |
| Айыл чарба | 0,9 | 0,4 | 69,3 | 30,7 |
| Социалдык илимдер | 11,4 | 19,4 | 38,9 | 61,1 |
| Саламаттык сактоо | 15,3 | 17,0 | 49,3 | 50,7 |
| Экономика жана башкаруу | 1,1 | 3,5 | 24,4 | 75,6 |
| Архитектура жана курулуш | 0,1 | 0,4 | 16,1 | 83,9 |
| Маалымат коопсуздугу | 1,2 | 0,7 | 66,8 | 33,2 |
| Тейлөө чөйрөсү | 0,1 | 0,6 | 17,9 | 82,1 |
| Геодезия жана жерге жайгаштыруу | 0,2 | 3,0 | 5,3 | 94,7 |
| Геология, пайдалуу кендерди чалгындоо жана иштетүү | 0,2 | 3,8 | 5,7 | 94,3 |
| Энергетика жана электроэнергетика | 0,2 | 0,8 | 23,2 | 76,8 |
| Материал таануу, металлургия, машина куруу | 0,5 | 3,6 | 13,9 | 86,1 |
| Транспорттук техника жана технология | 0,0 | 0,0 | 5,7 | 94,3 |

[91] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022. — 146-147-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

| Талдоо үчүн параметрлер | Жыйынтыкка карата пайыз менен | | Салшытырма салмак пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | аялдар | эркектер | аялдар | эркектер |
| Прибор куруу | 0,3 | 0,9 | 27,0 | 73,0 |
| Электроника, радиотехника жана байланыш | 0,3 | 0,5 | 41,3 | 58,7 |
| Автоматташтыруу жана башкаруу | 3,3 | 6,9 | 34,2 | 65,8 |
| Эсептөө техникасы жана маалыматтык технология | 0,4 | 0,8 | 38,7 | 61,3 |
| Химиялык технология жана биотехнология | 0,0 | 0,1 | 26,2 | 73,8 |
| Токой ресурстарын көбөйтүү жана кайра иштетүү | 0,2 | 0,8 | 21,7 | 78,3 |
| Техносфералык коопсуздук, жаратылышты абаттоо жана гидрометеорология | 1,2 | 0,8 | 62,4 | 37,6 |
| Азык-түлүк технологиясы жана өндүрүшү | - | 0,2 | - | 100 |
| Аскердик билим берүү | | | | |

**19-сүрөт. Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттеринин саны (жынысы боюнча пайыз менен)**



2022/2023-окуу жылынын башына карата жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттеринин арасында аялдардын саны 52 пайызга жакынды түздү. Мурунку жылдардагыдай эле, билим берүү профилин тандоодо гендердик сегрегация сакталууда. Алсак, педагогикалык билим берүү (студенттердин жалпы санынан 88 пайыз), табигый илимдер (65 пайыздан ашык), тейлөө чөйрөсү (61 пайызга жакын) багыттары боюнча окуп жаткан аялдардын үлүшү салттуу түрдө жогору. Ошол эле учурда, эркектер негизинен архитектура жана курулуш (82 пайыздан ашык), техникалык илимдер (76 пайызга жакын), айыл чарба илимдери (75 пайыз) жана саламаттыкты сактоо (62 пайыздан ашык) адистиктерин тандашат.

Бул тенденциянын андан ары сакталышы бүгүнкү күндө эркектердикинин 74,4 пайызын түзгөн аялдардын орточо эмгек акысынын деңгээлинин ортосундагы катыш сакталаарына алып келет, анткени “эркектик” деп аталган кесиптер жогорку маяналуу бойдон калууда жана стереотиптик түрдө “аялдыкы” катары кабыл алынган жана кам көрүү функциясы менен байланышкан кесиптердин (билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык коргоо) акысы төмөн.

Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды алга карай өнүктүрүү жана жашоонун ар кандай чөйрөлөрүн бардык жерде санариптештирүү шарттарында техникалык адистиктерде окуган аялдардын санынын аздыгы, албетте, алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жана азыркы эмгек рыногунда иш менен камсыз болуусунун кыскарышына алып келет.

Инклюзия көз карашынан алганда кесиптик билим берүү чөйрөсүнүн мүнөздөмөсүнө токтолсок, 2022-жылдын февралына карата Кыргызстанда студенттердин жалпы саны 231 394 адамды түзгөн, алардын ичинен 205 адамдын майыптыгы бар, бул өтө эле аз (0,09 пайыздан аз).

Мектептик билим берүүдөгүдөй эле, ЖОЖдо же орто кесиптик билим берүү уюмунда билим берүү кызматтарын алуу бүтүндөй шаардын инфраструктурасынын, ошондой эле билим берүү системасынын майыптыгы бар адамдардын билим алуу муктаждыктарын инклюзияга жана ар тараптуу канааттандырууга ылайыкталбагандыгы менен чектелет. Гранттык орунга тапшыруу окуу жайдын имаратына кирүү, анын аудиторияларын, ашканаларын, китепканаларын, ажатканаларын ж. б. пайдалануу көйгөйүн чечпейт.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Эркек балдардын мектептен чыгып кетишинин себептери эмнеде?**
2. **Кыргызстанда балдар кандай себептерден улам мектепке барышпайт?**
3. **Билим берүү менен камтууда эркек балдар менен кыздардын ортосунда кандай айырмачылыктар бар?**
4. **Аялдар менен эркектер атайын орто жана жогорку билим алууда кайсы кесиптерди тандашат? Эмне үчүн?**
5. **ЖОЖдордун студенттеринин арасында майыптыгы бар адамдардын пайызы канча?**





## 3.4. Ден соолук

Калктын ден соолугунун көрсөткүчтөрү гендердик айырмачылыктарга ээ. Бул айырмачылык жашоо узактыгында, ооруга чалдыгууда, репродуктивдик ден соолуктун көрсөткүчтөрүндө жана аялдар менен эркектердин өлүмүнүн себептеринде байкалат.

2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында саламаттык сактоодо негизги басым жүрөк-кан тамыр жана онкологиялык оорулардан, ошондой эле энелердин жана ымыркайлардын өлүмүн кыскартуу маселелерин чечүүгө жасалууда. Энелердин өлүмүн 25 пайызга азайтуу милдети коюлган, балдардын жана ымыркайлардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү тирүү төрөлгөн 1000 балага 18 жана тиешелүү түрдө 12 учурдан ашпоого тийиш.

Энелердин өлүмүнүн деңгээли туруктуу өнүгүү жаатындагы негизги көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда. Акыркы жылдары жетишилген позитивдүү динамикага карабастан, Кыргызстанда энелердин өлүмү жогору бойдон калууда. 2021-жылы кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки кыйынчылыктардан 50 аялдын өлүмү же тирүү төрөлгөн 100 миңге 33,3 аялдын каза болгону катталган. 2015-2019-жылдар мезгилинде биринчи жолу айыл жерлеринде энелердин өлүмүнүн коэффициенти (22,3) шаарга (28,8) салыштырмалуу төмөндөдү. Бирок, 2020-2021-жылдары кырдаал кескин өзгөрүп, айыл жеринде энелердин өлүмү 2020-жылы 100 000 тирүү төрөлгөнгө 49,2 жана 2021-жылы 39,5 учурга чейин өскөн.

Белгилей кетүүчү нерсе, төрөттүн 99 пайыздан ашыгын медициналык адистер кабыл алышат. Аялдар медициналык мекемелерден тышкары төрөгөн учурлар сейрек кездешет. Ушундан улам, төрөттүн медициналык мекемеде болуп жаткандыгы эмес, медициналык персоналдын квалификациясы жөнүндө маселелер өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, анткени төрөгөн аялдар кош бойлуулук учурунда көзөмөлдө болушкан. Эмне үчүн аялдар өз убагында катталбагандыгынын себептерин аныктоо да маанилүү жана дарыгерлерге өтүшүп кеткен учурлар менен күрөшүүгө туура келүүдө.

**20-сүрөт. Энелердин өлүмүнүн коэффициенти**[92]




Неонаталдык өлүмдөр кыйла кыскарган жана 2021-жылы 11,9 учурду түзсө, 2015-жылы 14,0 болгон. Ошол эле учурда каза болгон эркек балдардын арасында кыздарга караганда 2,5 пайыздык пунктка көп.

**21-сүрөт. Неонаталдык өлүмдүн коэффициенти**[93]




15 жаштагы жана андан жогору курактагы аялдар менен эркектердин 85 пайыздан ашыгы ден соолугунун абалын жакшы жана абдан жакшы деп баалашат. Эркектер (88 пайыз) аялдарга (82,6 пайыз) салыштырмалуу ден соолугуна оң баа беришет. Ушул себептен улам эркектер ме-

[92] "Кыргыз Республикасында туруктуу өнүгүү максаттары" веб-сайты // URL: https://sustainabledevelopment-kyrgyzstan.github.io/3-1-1/
[93] "Кыргыз Республикасында туруктуу өнүгүү максаттары" веб-сайты // URL: https://sustainabledevelopment-kyrgyzstan.github.io/3-2-2/

дициналык жардамга кечирээк жана анча каалабастан кайрылышат, диспансерлөө процедурасынан азыраак өтүшөт, бул эркектердин эрте өлүмүнүн себептеринин бири болуп саналат.

Залалдуу шишик ооруларынын жогорку деңгээли сакталууда, атап айтканда аялдар арасында. 2021-жылы 2016-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 4,1 пайызга төмөндөгөн жана 100 миң калкка 86,0 учурду түзгөн. Бирок, буга карабастан, шишик оорулары өлүмдүн негизги себептеринин бири бойдон калууда: өлгөндөрдүн жалпы санынын 10,2 пайызы. 2021-жылы 0 жаштан 24 жашка чейинки жана 65 жаш жана андан жогору курактагы топтордо ооруга чалдыккан эркектердин саны ооруга чалдыккан аялдардын санынан ашып түштү. Калган курактык топтордо ооруга чалдыккандардын санында аялдар басымдуулук кылат.

Республика боюнча орто эсеп менен күн сайын 11 адам кургак учук оорусуна чалдыгат. 100 000 калкка эсептегенде, бул көрсөткүч 2016-жылы 93,4 учурдан 2021-жылы 58,1 учурга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда, эркектердин арасында кургак учук оорусуна чалдыгуу аялдарга караганда 1,3 эсе жогору.

Гепатит оорусуна чалдыгуунун деңгээли жыл сайын эркектердин арасында да, аялдардын арасында да төмөндөөдө. 2021-жылы 100 000 калкка вирустук гепатиттин 1,8 учуру туура келген. Ошол эле учурда, ооруган эркектердин саны (100 000 эркек калкка 2,5 учур) мурунку жылдарга салыштырмалуу өзгөргөн жок, бирок аялдардын арасында ооруга чалдыгуу көбөйдү (1,1 учур).

2021-жылы АИВ менен ооругандардын жана жуккан учурлардын өсүшү байкалган. АИВге чалдыккандардын санынын кыйла туруктуу өсүшү 2015-2019-жылдары байкалган. Мында АИВ менен жашаган жана диспансердик каттоодо турган адамдардын саны өткөн алты жылда 60 пайызга өскөн.

**22-сүрөт. Ден соолуктун абалын 2021-жылы жакшы жана абдан жакшы катары өз алдынча баалоо**



## 23-сүрөт. 2021-жылы жашоонун күтүлгөн узактыгы




## 24-сүрөт. 100 000 адамга кургак учук оорусу




Эркектердин арасында алкоголдук көз карандылыктын деңгээли дээрлик 2 эсеге кыскарган жана 2021-жылы 100 000 калкка 26,0 учурду түзгөн, аялдардын арасындагы ушул көрсөткүчтөн 3,5 эсеге ашкан. Баңгизатка көз каранды болгон учурда бул көрсөткүч өлкө боюнча 100 000 калкка орточо 2,0 учурду түзгөн. 100 000 калкка эркектердин арасында 3,9 учур, ал эми аялдардын арасында 0,1 учур катталган.

Жыл сайын кан айлануу системасынын оорулары өлүмдүн себептеринин жарымынан көбүн түзөт (2021-жылы каза болгондордун жалпы санынын 51,1 пайызы). Бул оорулар эмгекке жарамдуу курактагы калктын өлүмүнүн негизги себептеринин түзүмүндө башкы болуп эсептелет (32,4 пайыз). 2021-жылы жүрөк-кан тамыр ооруларынан каза болгондордун саны 100 миң калкка 297,1 учурду түзгөн. Салттуу түрдө бул

көрсөткүч эркектердин арасында бир аз жогору.

Кант диабетинен каза болгондор эркектерге караганда аялдардын арасында жогору. Акыркы беш жылда кант диабетинен каза болгондордун санынын көбөйүшү байкалууда. 2021-жылы ушул себептен улам аялдардын өлүмүнүн көрсөткүчү 100 000 адамга 8,3 учур, ал эми эркектердин арасында 5,8 учурду түзгөн.

**17-таблица. 2021-жылы 100 000 калкка жүрөк-кан тамыр ооруларынан, залалдуу шишик ооруларынан, кант диабетинен жана өнөкөт респиратордук оорулардан каза болгондор (учурлардын саны)**

| Талдоо үчүн параметрлер | Бардыгы | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|---|
| Жүрөк-кан тамыр ооруларынан каза болуу | 297,1 | 283,3 | 311,0 |
| Залалдуу шишик ооруларынан каза болуу | 59,5 | 56,4 | 62,7 |
| Кант диабетинен каза болуу | 7,1 | 8,3 | 5,8 |
| Өнөкөт респиратордук оорулардан каза болуу | 14,2 | 11,2 | 17,3 |

**25-сүрөт. 2021-жылы 100 000 адамга өлүм**




Суициддер бүгүнкү күндө психикалык ден соолуктун, ошондой эле калктын социалдык бакубаттуулугунун индикатору катары кызмат кылган адамзаттын глобалдуу жана эң курч көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.

Акыркы жылдары өзүн өзү өлтүрүүнүн төмөндөө тенденциясына карабастан, анын эркектердин арасындагы көрсөткүчү жогору бойдон

калууда. Ошол эле учурда, эгерде 2021-жылы республика боюнча 100 000 калкка 5,8 учур катталса, эркектердин арасында - 8,8 учур же аялдарга караганда 3,1 эсеге көп (2,8 учур).

Өлүмдүн себептеринин түзүмүндө олуттуу үлүштү өлүмдүн табигый эмес себептери ээлейт: 2 843 каза болгон же 2021-жылы каза болгондордун жалпы санынын 7,3 пайызы. Өлүмдүн мындай себептеринин жалпы санынын 29,6 пайызы жол-транспорт кырсыктарынан жабыр тарткандарга жана каза болгондорго туура келет. 2021-жылы жол кырсыгынан каза болгон 841 адам ЖААК органдарында катталган. Ошол эле учурда эркектер арасында ЖТК натыйжасында өлүмгө учуроо (100 миң эркек калкка 17,9 учур) аялдардын арасындагы ушул көрсөткүчтөн 2,5 эсеге көп (7,3 учур).

**26-сүрөт. 100 000 калкка баңги затка жана алкоголдук көз карандылык оорусу**




**27-сүрөт. Өзүн-өзү өлтүрүү жана жол кырсыгынан каза болгондор**



## 28-сүрөт. Өспүрүмдөрдүн арасындагы төрөт жана энелердин өлүмүнүн коэффициенти




### Текшерүү үчүн суроолор

1. **Кыргызстанда энелердин өлүмүнүн негизги себептери эмнеде?**
2. **Өзүнүн ден соолугун жакшы аялдар баалайбы же эркектерби?**
3. **Кыргызстанда өлүмдүн эң башкы себеби болуп кайсы оорулар саналат?**
4. **Өзүн-өзү өлтүргөндөрдүн арасында кимдер кобүрөөк: эркектерби же аялдарбы?**
5. **ЖТКдан кимдер көп каза болот - аялдарбы же эркектерби?**



## 3.5. Саясий катышуу

Кыргызстан БУУнун мүчөсү болуу менен өлкөдө гендердик теңчиликке, анын ичинде саясий чөйрөдө жетишүү боюнча өзүнө милдеттенме алган. 2008-жылы Жогорку Кеңеш "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" мыйзамды кабыл алган, анда укуктук, уюштуруучулук жана башка механизмдер аркылуу мамлекеттик бийликтин бардык бутактарында мамлекетти башкарууга катышуу үчүн аялдар менен эркектерге бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөнүндө жобо жазылган.

Кыргызстандын мамлекеттик бийлик органдарындагы аялдар, алардын өкүлчүлүгүндө көрүнүктүү прогресске жетишкенине карабастан, бир катар кыйынчылыктарга туш болушууда. 2024-жылдын 10-апрелиндеги маалыматтар көрсөткөндөй, өлкө өкмөтүндө он алты министрликтин үчөөнү аялдар жетектейт, бул өткөн жылдарга салыштырмалуу олуттуу жакшыруу болуп саналат, бирок гендердик паритеттен дагы да болсо алыс. Министрдин орун басарларынын арасында аялдардын үлүшү 17 пайызды түзөт.

Мыйзам чыгаруу бийлигиндеги абал да ушундай: 7-чакырылыштагы Жогорку Кеңеште 2024-жылдын 1-апрелинде 90 депутаттын 20сы гана аялдар. Бул көрсөткүч 2005-2007-жылдарга салыштырмалуу кыйла жакшырды, анда парламентте бир да аял депутат болгон эмес, бирок бул көрсөткүч дагы эле коңшу Борбор Азия өлкөлөрүнөн артта калууда.

**29-сүрөт. ЖК депутаттарын жынысы боюнча бөлүштүрүү, 1995-2021-жж.**



“Өлкөнүн калкынын жарымын түзгөн аялдар жергиликтүү кеңештерде да көрсөтүлүшү керек, айрыкча жергиликтүү кеңештер аялдарга түздөн-түз таасир этүүчү маселелер жана көйгөйлөр менен алектенүүсүн эске алуу менен — мисалы, ичүүчү таза сууга жетүү, айылдардын жана шаарлардын санитардык абалы, мектепте билим алуу үчүн шарттар жана мектепке чейинки билим алуунун жеткиликтүүлүгү”, - деп 2016-2019-жылдардагы мыйзамдардын Кыргыз Республикасынын аймактык жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө тийгизген таасири жөнүндө баяндамада айтылат.

2019-жылы Кыргызстанда жаңы мыйзам кабыл алынып, ага ылайык жергиликтүү кеңештерге, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарына аялдар үчүн 30 пайыздык гендердик квота киргизилген. Кабыл алынган мыйзам ошондой эле депутат аял кызматтан кетсе же башка кызматка өтсө, анын мандаты кийинки аял талапкерге тапшырыла турган тартипти киргизди. Бул чара жергиликтүү бийлик органдарындагы аялдардын санын көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Жергиликтүү кеңештерде 2021-жылдагы шайлоодон кийин мандаттарды резервдөө киргизилгенден кийин айылдык кеңештерде аялдардын үлүшү 38 пайызды түзгөн.

Кыргызстандын саясатында аялдар туш болгон негизги көйгөйлөрдүн бири болуп стигматизация жана гендердик стереотиптер саналат. Маданий түшүнүктөрдө кыргыз аял салттуу түрдө саясий же коомдук иштер менен эмес, үй тиричилиги жана балдарды тарбиялоо менен ассоцацияланат. Бул жөнүндө өзүнүн саясий ишмердигинен улам социалдык тармактарда сынга кабылып, ал тургай коркутуп-үркүтүүгө дуушар болгон Бакай-Ата айылдык кеңешинин депутаты Айгүл Дүйшөнованын тажрыйбасы күбөлөндүрөт.[94]

Көйгөйлөр терс комментарийлер менен гана чектелбейт. 2022-жылы ЕККУнун колдоосу менен “Социалдык технологиялар агенттигинин” сурамжылоосунда Кыргызстандагы аял саясатчылар психологиялык жана экономикалык зомбулукка туш болуп жатканын билдиришкен. Зордук-зомбулукка төмөнкүлөр кирет: харрасмент, коркутуу, кемсинтүү жана гендердик кысым. Аял-саясатчыларга натыйжалуу шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү жана эркектер менен бирдей саясат жүргүзүү кыйын[95].

Бул чакырыктарга жооп катары Кыргызстанда гендердик квоталар өлкөнүн саясий турмушунда аялдардын өкүлчүлүгүн жакшыртуу ча-

[94] Бийликтин жынысы? Эмне үчүн саясатта аялдардын саны аз? / Kaktus.Media, 2024-ж. // URL: https://kaktus.media/doc/494342_polvlasti_pochemy_v_politike_tak_malo_jenshin.html

[95] Z., Kochorbayeva, N., Prigoda, B., Islanbekova, M., Tyulegenov. Violence against women in politics in the Kyrgyz Republic: Results of study / OSCE, 2022-ж. // URL: https://www.osce.org/files/f/documents/c/5/519390.pdf

расы катары киргизилген. Депутат Дастан Бекешев белгилегендей, бул квоталар орун алган жаңылыш пикирлерден арылуу жана аялдардын мамлекетти башкарууга катышуусуна көмөк көрсөтүү үчүн зарыл[96]. Бирок, оң өзгөрүүлөргө карабастан, бул чаралар көбүнчө аялдардын саясаттагы ролуна карата коомдук көз караштагы фундаменталдуу өзгөрүү эмес, убактылуу чечим катары кабыл алынат.

Квоталоо системасы “Гендер+” принцибин карманып, аялдарды саясатта аз көрсөтүлгөн гендер катары гана камтыбастан, саясий ишмердүүлүккө башка аялуу топторду да тартууга тийиш. “Квоталар акыркы максат эмес, бул теңчиликке жетишүү куралы. Натыйжалуу ишке ашырылган квоталар саясий партияларда жана парламентте майыптыгы бар адамдардын санын көбөйтүү милдетин ийгиликтүү ишке ашыра алат. Мында теңсиздиктин башка көрүнүштөрүнө жол бербөө үчүн квоталар кылдат ойлонуштурулушу керек. Мисалы, талапкерлердин тизмесинде майыптыгы бар эркектер гана көрсөтүлгөн же эгерде бул тизмелерге аз көрсөтүлгөн этникалык топтордун талапкерлери киргизилбеген болсо, мындай кырдаал коюлган максатка жооп бербейт”[97] .

Майыптыгы бар аялдардын бийлик органдарындагы өкүлчүлүгү — бул жөн гана үлүштүк же сандык түрдө көрсөтүлгөн өкүлчүлүк эмес. Максаты болуп ар кандай иш-аракеттердин бардык документтеринде майыптыгы бар адамдардын кызыкчылыктарын эсепке алуу жана чагылдыруу саналат. Ошол эле учурда, аялдардын өздөрү социалдык топ катары ар түрдүү экендигин эске алуу керек. Майыптыгы бар кыздардын жана жаш аялдардын муктаждыктары улгайган аялдардыкынан олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Майыптыгы бар кош бойлуу жана эмчек эмизген аялдардын өзгөчө муктаждыктары бар. Психикалык көйгөйлөрү бар, угуусунда же көрүүсүндө кемчилиги бар аялдар, кыймыл активдүүлүгү чектелген аялдар ж.б. өзүнүн коомдук, экономикалык, социалдык маданий, саясий турмушка толук кандуу катышуу жолунда, өз укуктарын коргоодо, билим алууга жетүүдө жана медициналык кызмат алууда ар кандай тоскоолдуктарга туш болушу мүмкүн. Мындан тышкары, аялдардын бул категориялары көбүнчө басмырлоонун бир нече формаларына туш болушат. Ошондуктан, чечим кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде алардын катышуусу абдан маанилүү болуп саналат, анткени алардын үнүн угууга жана эске алууга, мыйзам актыларында билдирүүгө мүмкүндүк берет.

[96] Акылбекова А. “Аялдар үйдө эле отурбашы керек". Депутаттар аялдар үчүн квота жөнүндө талашууда / “Азаттык” веб-сайты, 2019-ж. // URL: https://rus.azattyk.org/a/kyrgyzstan_gender_law/29960449.html

[97] Майыптыгы бар адамдардын саясий катышуусун жактоо боюнча жетекчи принциптер / ЕККУ ДИАУБ, 2019-ж. // URL: https://www.osce.org/files/f/documents/c/7/420746.pdf

Инклюзивдик мамиле бир нече багыттар боюнча ишке ашырылышы мүмкүн: майыптыгы бар аялдарды шайлоочу, партия мүчөлөрү, талапкер катары тартуу, шайлануучу кызматка талапкер болгон майыптыгы бар аялдарды колдоо, даректүү маалыматтык-агартуу иштери, финанасылык колдоо ж.б[98].

Кыргыз коомунун салттуу көз караштары жана тартиби мурдагыдай эле аялдардын саясий активдүүлүккө умтулуусуна таасирин тийгизип келет, мында аял саясатчылар жогорку кысымга, айыптоого жана басмырлоого туш болушат. Бул чакырыктарга жооп катары саясаттагы аялдардын абалын жакшыртууга багытталган бир катар чаралар сунушталган. Бул чаралар гендердик шартталган зомбулукка каршы күрөшүү үчүн мыйзам чыгаруу демилгелерин, укук коргоо органдарынын жана саясий партиялардын практикасын өзгөртүүнү, гендердик сезимтал журналистиканы стандартташтырууну жана ММК жана социалдык медиа аркылуу гендердик сезимталдыкты жогорулатууну камтыйт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын Өкмөтүнүн аялдардын саясий турмуштагы абалын жакшыртуу боюнча активдүү аракеттерине карабастан, өлкөдөгү чыныгы бийлик жана таасир дагы да болсо эркектердин колунда. Бирок, өлкөнүн эгемендүүлүк жылдарында эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылган мыйзам чыгаруу демилгелери, ошондой эле аялдардын саясий процесстерге катышуусун илгерилетүү аркылуу олуттуу кадамдар жасалды. Гендердик квоталарды киргизүү бул процессте негизги учур болду.

[98] Ошол эле жерде.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Кыргызстанда мамлекеттик кызматкерлердин арасында аялдардын үлүшү канча?**
2. **Шайлоо квоталары эмне үчүн бар?**
3. **2024-жылы Жогорку Кеңештин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү канча?**
4. **2021-жылдагы шайлоодон кийин жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын арасында аялдардын үлүшү канча?**
5. **Жетекчи кызматтарда аялдардын өкүлчүлүгүнүн төмөн болушунун негизги себептери эмнеде?**





## 3.6. Гендердик зомбулук

Кыргызстанда гендердик зомбулук кеңири жайылган жана анын көрүнүштөрү көп түрдүү. Акыркы жылдары бул учурлар жалпы коомчулуктун көзөмөлүндө болууда. Мамлекет тарабынан зомбулукту алдын алуу үчүн калктын маалымдуулугун жогорулатуу жана мындай актыларды жасагандарды жазалоо максатында бир катар мыйзамдык жана практикалык саясий чаралар кабыл алынган.

Гендердик зомбулуктун көрүнүштөрүнүн түрлөрү жана масштабдары жөнүндө түшүнүк берүү үчүн бул бөлүмдө АБЖК[99] ченемдерин аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын бешинчи мезгилдүү баяндамасынын материалдары, ошондой эле Өкмөттүк эмес уюмдардын кеңеши тарабынан даярдалган бул докладка  Альтернативдүү отчет[100] колдонулган. Жеткиликтүү маалыматтардын көпчүлүгү 2022-жылдын акырына карата жаңыланган.

### Үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулук

Зордук-зомбулуктун бул түрүнүн коркунучу жабык эшик артында болуп, эң жакын адамдар зомбулук кылуучунун ролун аткарышат. Тилекке каршы, кээде үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандар үчүн эң кооптуу жер өзүнүн үйү болот. Соттор караган үй-бүлөлүк зомбулук учурларынын дээрлик 98 пайызы аялдарга карата күйөөлөрү (68 пайыз), уулдары (17 пайыз), аталары (2 пайыз) тарабынан жасалган. Мамлекеттик органдарга жардам сурап кайрылгандардын саны көбөйгөнүнө карабастан, үй-бүлөлүк зомбулук көпчүлүк учурда жашыруун мүнөздө болууда.

Кыргыз Республикасы постсоветтик мейкиндиктеги үй-бүлөлүк зомбулукту башынан кечирген адамдарды коргоо максатында мыйзам кабыл алган алгачкы өлкөлөрдүн бири. 2017-жылы "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө[101]"  жаңыланган мыйзам кабыл алынган. Аны аткаруу субъекттеринин саны көбөйдү жана ага 11 ыйгарым укуктуу орган кирет. Алардын ар бири үчүн мыйзамда милдеттер коюлган, ошондой эле аларды аткаруу процессинде ведомстволор аралык координациялоо жана өз ара аракеттенүү механизми бекитилген. Атап айтканда, зарыл болгон укуктук, медициналык жана психоло-

[99] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-мартындагы № 35-б буйругу.// URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/216900

[100] Альтернативдүү отчеттор / "Аялдарга жардам берүү борборунун" веб-сайты // URL: http://wsc.kg/sovet-npo/

[101] КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы. // URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111570/edition/1006725/kg

гиялык жардам көрсөтүү, социалдык коштоо жана консультациялык кызматтарды көрсөтүү үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарды кайра багыттоо каралган.

Мыйзамда ченемдер каралган, алардын ичинде ИИОнун үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча жабыр тарткан адамдын өзүнөн гана эмес, ар кандай адамдардан келип түшкөн кайрылууларга кыйшаюусуз жооп кайтаруу милдети, бирдиктүү коргоо ордерин берүү жана колдонуу эрежелери камтылган. Биринчи жолу зомбулуктун күнөөкөрлөрү үчүн алардын зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүүгө багытталган коррекциялык программаларды киргизүү каралган. Жаңыланган мыйзамды укук колдонуу практикасында ишке ашыруу бир катар мыйзам алдындагы жана ведомстволук актыларда[102] чагылдырылган.

Көрүлүп жаткан чаралар үй-бүлөлүк зомбулукка жооп кайтаруунун күчөтүлгөндүгү тууралуу күбөлөндүрөт. Орточо алганда үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу жарандардын арыздарынын жана кайрылууларынын саны аздыр-көптүр туруктуу бойдон калууда. Берилген коргоо ордерлеринин саны, козголгон кылмыш иштери ж.б. ушул тенденцияны тастыктайт.

**18-таблица. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган жана үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын саны (убактылуу коргоо ордерин берүү менен[103])**

| Талдоо үчүн параметрлер | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Үй-бүлөлүк зомбулук учурлары катталды | 7 178 | 8 642 | 10 152 | 10 151 | 9 880 |
| Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдардын саны: | 7 178 | 6 490 | 8 577 | 9 038 | 8 725 |
| Алардын ичинен аялдар | 595 | 429 | 623 | 439 | 430 |
| Алардын ичинен эркектер | 6 583 | 6 061 | 7 954 | 8 544 | 8 295 |
| Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын саны | 7 178 | 6 286 | 8 254 | 8 774 | 8 515 |
| Алардын ичинен аялдар | 6 562 | 5 899 | 7 891 | 8 463 | 8 225 |

[102] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-октябрындагы №642 "Коргоо ордеринин формасын бекитүү жөнүндө" токтому // URL: https://cbd.minjust.gov.kg/10022/edition/850337/kg; КР ИИМдин 2017-жылдын 14-ноябрындагы № 970 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын ишин уюштуруу боюнча нускаманы бекитүү жөнүндө" буйругу .

[103] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022. — 227-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

| Талдоо үчүн параметрлер | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Алардын ичинен эркектер | 616 | 387 | 363 | 311 | 290204 |
| Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан жашы жете электердин саны: | | 204 | 323 | 264 | 210 |
| Алардын ичинен кыздар | | 90 | 160 | 124 | 122 |
| Алардын ичинен эркек балдар | | 114 | 154 | 140 | 88 |
| Убактылуу коргоо ордерлери берилген | 7 144 | 6 490 | 8 577 | 9 038 | 8 725 |

**30-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктун катталган учурларынын саны жана берилген убактылуу ордерлердин саны**




**31-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын саны**



## 32-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандардын саны




Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча ИИ органдары тарабынан берилген коргоо ордерлеринин санынын жыл сайын өсүшү байкалууда. ИИМдин маалыматы боюнча республикада 2023-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун 10 миңден ашуун учуру катталган, алардын 95 пайыздан ашыгы – аялдарга карата зомбулук[104] .

КР ӨКМге караштуу Кризистик кырдаалдарда бирдиктүү мамлекеттик нөөмөттүк-диспетчердик кызматы (112 системасы) жарандардан аялдарга жана балдарга карата үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулук фактылары жөнүндө чалууларды кабыл алат. Бардык келип түшкөн чалуулар 112 системасынын диспетчерлери тарабынан катталат жана кайрылуунун мүнөзүнө жараша жооп кайтарууну уюштуруу жана зарыл болгон учурда жардам көрсөтүү үчүн тиешелүү шашылыш ыкчам кызматтарга, негизинен 102 жана 103 кызматтарына жөнөтүлөт. Мында 112 системасы тарабынан окуяга чара көрүүнүн уюштурулушун көзөмөлдөө жүзөгө ашырылат.



[104] Кыргызстандагы зомбулуктан жабыр тарткандарга кайда кайрылуу керек - Кризистик борборлордун даректери жана телефондору / Веб-сайт «Барометр» // URL: https://barometr.kg/kuda-obratitsya-zhertvam-nasiliya-v-kyrgyzstane-adresa-i-telefony-krizisnyh-centrov?ysclid=lw1zeaskva922969105

## 19-таблица. Гендердик зомбулук фактылары боюнча 112 системасына чалуулар боюнча статистикалык отчеттуулук[105] .

| Жыл | Бардыгы | Алардын ичинен | | |
|---|---|---|---|---|
| | | аялдарга карата | балдарга карата | эркектерге карата |
| 2016 | 94 | 85 | 8 | 1 |
| 2017 | 169 | 144 | 24 | 1 |
| 2018Я | 191 | 143 | 47 | 1 |
| 2019 | 401 | 333 | 60 | 8 |

## 33-сүрөт. Гендердик зомбулук фактылары боюнча 112 системасы боюнча чалуулардын саны




Учурда өлкө боюнча 18 кризистик борбор иштейт, ага зомбулукту башынан өткөргөндөр кайрылып, баш калка ала алышат жана аны менен бирге психолог, юристтен консультация алышат. 2022-жылы калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөтүүчү кризистик борборлорго жана мекемелерге 14 525 адам кайрылган[106] . алардын ичинен 78 пайыз - аялдар, 21 пайыз - эркектер.

[105] Кыргыз Республикасында гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук иш-аракеттер планынын негизинде 2016-жылдан тартып жүргүзүлүүдө, КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №786 токтому.

[106] Статистиканын бөлүмдөрү / КР УСКнын веб-сайты // URL: http://stat.kg/ru/statistics/

### 34-сүрөт. Зомбулук жасоо фактылары боюнча кайрылгандардын саны [107]:




### 35-сүрөт. Жабыр тарткан аялдар менен эркектердин үлүшү (зомбулуктун түрлөрү боюнча)







“Кыргызстандын кризистик борборлор ассоциациясы” тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун масштабын изилдөөнүн маалыматтары боюнча төмөнкүлөр аныкталды:

[107] Кыргыз Республикасындагы гендердик статистика: PowerPoint презентациясы / КР УСК // URL: https://unece.org/sites/default/files/2023-05/VAW_%20Alymkulova_Kyrgyzstan_v2_RU.pdf

— Аялдардын 83 пайызы күйөөлөрүнөн же өнөктөштөрүнөн ар кандай формадагы зомбулукка кабылышат;
— Психологиялык зомбулуктан тышкары, аялдардын 29 пайызы мезгил-мезгили менен уруп-сабоо, буюмдарды ыргытуу, курал же бычак менен коркутуу түрүндө физикалык зомбулукка кабылышат;
— Физикалык зомбулукка кабылган аялдардын 38 пайызы майыптуулукка кабылышат же ден соолугу туруктуу бузулат;
— Аялдардын 24 пайызы эркине каршы ала качуу жолу менен никеге туруп, ала качкан адам менен жашап калышкан, ала качкандардын ар бир төртүнчүсү кийин ажырашып кетишкен, анын ичинде ар бир экинчи аял зомбулуктун айынан;
— Аялдардын 15 пайызы ата-энесинин кысымы менен турмушка чыгышкан ;

108

### 20-таблица. Кризистик борборлорго жана мекемелерге кайрылуунун жыйынтыгы боюнча социалдык-психологиялык жардам алгандардын саны[109]

| Берилген күндүзгү консультациялар (юридикалык, медициналык, социалдык, психологиялык): | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| аялдарга | 7 278 | 9 223 | 10 129 | 10 956 | 11 154 |
| эркектерге | 1 476 | 2 780 | 3 133 | 2 767 | 2 753 |
| Баш калка берилген | | | | | |
| аялдарга | 446 | 605 | 273 | 551 | 1 055 |
| эркектерге | 15 | 47 | 19 | 30 | 1 363 |



[108] Кыргызстандын кризистик борборлорунун ассоциациясы: aocc.kg
[109] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2018-2022. — 226-б. // URL: https://www.stat.kg/media/publicationarchive/197e5d29-1a02-4078-b91d-782be10c9ded.pdf

## 36-сүрөт. Берилген күндүзгү консультациялардын саны (жынысы, жылдар боюнча)




## 37-сүрөт. Баш калка берүү (жынысы, жылдар боюнча)




Мамлекеттик кризистик борборлордун жоктугу көйгөй бойдон калууда. Иштеп жаткандар мамлекеттик эмес жана тышкы каржылоодон көз каранды. Бишкек шаарынын мэриясынын алдында жалгыз муниципалдык кризистик борбор иштейт. КР ЭСКМдин социалдык буйрутмасынын алкагында айрым кризистик борборлор зомбулуктан жабыр тарткан аялдарга кызмат көрсөтүүгө грант алышат. Бирок, аялдарга жардам көрсөтүүчү борборлордун үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө иштеши үчүн борборлордун туруктуу иштеши жана борборлор үчүн имараттарды бөлүп берүү зарыл.

2022-жылы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча соттор тарабынан каралган кылмыш иштеринин саны 2019-жылга салыштырмалуу дээрлик 2 эсеге

өскөн, соттор тарабынан каралган кылмыш иштеринин саны да 63төн 108ге көбөйгөн. Бирок ошол эле учурда токтотулган иштердин саны да 2,2 эсеге көбөйгөн.

### 21-таблица. Үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу соттор караган кылмыш иштеринин саны[110]

| Аяктаган иштер | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 122 | 126 | 126 | 94 | 228 |
| Өкүм чыгаруу менен каралган | 63 | 84 | 84 | 62 | 108 |
| Токтотулган | 53 | 28 | 28 | 24 | 117 |
| Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары колдонулган | 1 | 5 | 5 | 5 | 2 |
| Прокурорго кайтарылган | 5 | 2 | 2 | 2 | 1 |

### 38-сүрөт. Үй-бүлөлүк зомбулукка байланыштуу соттор караган кылмыш иштеринин саны




[110] Ошол эле жерде. — 229-б.

Зордук-зомбулуктун ар бир учуру оор физикалык жана моралдык азаптардан тышкары, өлкөгө олуттуу экономикалык зыян келтирет. Алсак, Кыргызстанда "Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук канча турат?"[111] изилдөөсү жүргүзүлгөн, анын авторлору DOVA (Domestic Violence Assessment Instrument) адам укуктарынын негизинде үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулукту баалоонун эл аралык методологиясын колдонушкан. Жүргүзүлгөн эсептөөлөрдүн натыйжасында үй-бүлөдө аялды өлтүрүүнүн бир учуруна мамлекеттин жана коомдун минималдуу түз чыгымдары 1,6 миллион сомдон ашык экендиги аныкталган (дарылоого, тергөөгө, сот өндүрүшүнө, адвокаттын кызматына чыгымдар, аял каза болгон учурда сөөк коюуга, багуучусунан айрылганда балдарга жөлөкпул төлөөгө ж.б.). Ошол эле учурда Кризистик борборлор ассоциациясынын баалоосу боюнча зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн жылына 10 орундуу бир баш калкалоо үчүн орто эсеп менен 2 млн.сом сарпталат.

Демек, үй-бүлөлүк зомбулук Кыргызстанда гендердик зомбулуктун кеңири тараган түрлөрүнүн бири болуп саналат. Аны алдын алуунун, жабыр тарткандарга жардам көрсөтүүнүн, шашылыш чара көрүүнүн, кайталанган зомбулук тобокелдиктерин баалоонун, зомбулук көрсөткөндөрдү жазалоонун таасирдүү жана адекваттуу чараларынын системасы өзүнүн калыптанышынын башталышында турат.

### Сексуалдык зомбулук

**39-сүрөт. КР Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренеси боюнча соттордун жыйынтыктоочу актылары (зордуктоо)**




[111] Елиференко А., Темирова Т., Молдошева А. Үй-бүлөдөгү зомбулук канча турат? Изилдөө долбоорунун жыйынтыгы боюнча жыйынтыктоочу документ. — 2012-ж. // URL: https://www.undp.org/sites/g/files/zskgke326/files/migration/kg/UNDP-kgz-How-much-violence-in-a-family-costs.pdf




Тажрыйба сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткандардын олуттуу бөлүгү башынан өткөн окуя боюнча ИИБге арыз менен кайрылбай тургандыгын көрсөттү. Ушул себептен улам укук коргоо органдарына сексуалдык кылмыштар фактылары боюнча аялдардын кайрылууларынын расмий статистикасы жабырлануучулардын өздөрүнүн каалабагандыгынан, ошондой эле укук коргоо жана сот органдарынын ишинин натыйжасыздыгынан улам жогорку даражадагы латенттүүлүк менен айырмаланат.

**Аялдардын өкмөттүк эмес уюмдарынын жана КР Акыйкатчы институтунун маалыматтарын** талдоо сотко чейинки этапта укук коргоо жана тергөө органдары тарабынан жетишсиз чара көрүүсүн жана укукка жат аракеттерди жана жазык-процесстик мыйзамдардын ченемдерин бузууларды аныктады.

**Соттук тажрыйбаны**[112] талдоо зордуктоо боюнча иштердин олуттуу бөлүгү токтотулгандыгын көрсөттү:

— КР Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренеси (1997-ж.) 1-бөлүгү боюнча (бойго жеткен аялга карата) - иштердин 60 пайызы;

— 2-бөлүгү боюнча (оордотуучу жагдайлары менен аялдарга карата) – 36 пайыз;

— 3-бөлүгү боюнча (жашы жете элек кыздарга карата) - 32 пайыз;

— 4-бөлүгү боюнча (жашы жете элек кыздарга карата) – 21 пайыз.

[112] Аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча Кыргыз Республикасынын соттук практикасын изилдөө жөнүндө отчет / "Аял-судьялардын кыргыз ассоциациясы" КБ. — 2017-ж.

Мында, жазык мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренесинин 3, 4-бөлүктөрү боюнча иштер жабырлануучулардын арыздары боюнча жана тараптардын жарашуусу боюнча токтотулушу мүмкүн эмес.

2012-2015-жылдары бардыгы болуп 756 иш иликтенген[113] . Кылмыш иштерин иликтөөнүн жүрүшүндө бир катар учурларда соттор 129-берене боюнча мыйзамдын ченемин Кылмыш-жаза кодексинде аныкталган жабырлануучулардын субъекттерине карата эмес колдонгону аныкталган. Алсак, КР Кылмыш-жаза кодексинин 129-беренесинин 1, 2-бөлүгү жабыр тарткан бойго жеткен аялдарга карата колдонулгандыгына карабастан, алар иш жүзүндө жашы жете электерге, ал тургай жаш кыздарга карата колдонулган (2012-2015-жылдары 140 кылмыш иши аяктаган).

Сексуалдык зомбулуктан жапа чеккендер сот адилеттигине жетүүдө олуттуу тоскоолдуктарга туш болушат, алардын ичинен эң кеңири тарагандары:

— жабырлануучу жөнүндө маалыматтардын купуялуулугун сактабагандык;
— жабыр тарткан аялдар үчүн коопсуздук жана коргоо шарттарын түзүү практикасынын жоктугу: тергөө жана сот процессинде жабыр тарткан аял жана анын туугандары айыптоочу, кээде жергиликтүү коомчулук тарабынан ар кандай коркунучтарга дуушар болушат;
— сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү системасы жок: шашылыш жана реабилитациялык жардам көрсөтүү үчүн аялдардын жана кыздардын жаш курагын эске алган мамлекеттик психологиялык кызматтар жок;
— жыныстык жол менен жугуучу инфекциялардын, АИВ-инфекциянын жана каалабаган кош бойлуулуктун алгачкы 72 саатында катнаштан кийинки профилактикалоо учурунда шашылыш жардам көрсөткөн саламаттык сактоо уюмдарынын кызматтарынын чектелгендиги жана өз ара аракеттенүүсүнүн жетишсиздиги;
— соттук эксперттердин санынын аздыгы же жоктугу далилдерди (биологиялык материалдарды, зомбулуктун издерин ж. б.) чогултуу жол-жобосун өз убагында жүргүзүүгө мүмкүндүк бербейт, бул тергөө процессинде кыйынчылыктарга алып келет;
— өлкөдө ДНК экспертизасынын жана геномдук каттоо мыйзамдарынын жоктугу ДНК анализин практикага киргизүүгө жол бербейт. Сотто генетикалык экспертизанын жыйынтыктарынын жоктугу кылмышкердин күнөөсү боюнча талашсыз далилдерди келтирүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

[113] Аялдарга жана кыздарга карата кылмыштар боюнча Кыргыз Республикасынын соттук практикасын изилдөө жөнүндө отчет / "Аял-судьялардын кыргыз ассоциациясы" КБ. — 2017-ж.

## Эрте никеге туруу жана көп аялдуулук

Басмырлоочу нике практикасы боюнча расмий маалыматтар, анын ичинде никеге чейинки курактагы никеге тургандардын саны республиканын деңгээлинде жок, анткени аларды мамлекеттик каттоо дээрлик жүргүзүлбөйт.

Медициналык-демографиялык изилдөөгө ылайык, аялдардын 14 пайызы 18 жашка чыга электе, 1 пайыздан азы 15 жашка чейинки куракта турмушка чыгышкан. Ошол эле учурда 18 жашка чейин үйлөнгөн эркектер аныкталган эмес[114] . Демек, жашы жете элек куракта нике туруу аялдарга түздөн-түз тиешелүү көйгөй деп айтууга болот.

Медициналык-индикатордук кластердик текшерүү 15-49 жаштагы аялдардын ичинен 0,4 пайызы 15 жашка чейин жана 20-49 жаштагы аялдардын 12,7 пайызы 18 жашка чейинки куракта турмушка чыкканын аныктады. Көп аялдуулук учурлары бар: аялдардын 0,9 пайызы көп аялдуу никеде / союзда[115] .

**40-сүрөт. Эрте никеге туруу жана көп аялдуулук (пайыз менен)**[116]




[114] КР медициналык-демографиялык изилдөөсү 2012. — Бишкек, Кыргыз Республикасы жана Calverton, Maryland, АКШ/ УСК, ССМ жана ICF International, 2013-ж.
[115] Көп индикаторлуу кластердик изилдөө: жыйынтыктоочу отчет. — Бишкек, 2014-ж./ КР УСК, БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ). — 196-203-б.
[116] Кыргызстан: Көп индикаторлуу кластердик изилдөө // URL: https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru/

Жашы жете электер менен никеге туруу көйгөйү “Гендер коомдун кабылдоосунда” изилдөөсүндө изилденген[117] , анын натыйжаларына ылайык, респонденттердин 20 пайызы жашы жете элек кезинде турмушка чыккан кыздарды жеке таанышат. Сурамжылоого катышкандарга белгилүү болгон 18 жашка чейин турмушка берилген кыздардын 45 пайызы чоңдордун чечими менен берилген. Респонденттердин басымдуу көпчүлүгү (77 пайызы) жашы жете элек кезинде күйөөгө тийген аял күйөөсүнө олуттуу көз каранды болуп калат жана кесиби жок калат деп эсептешет. Жашы жете элек курактагы никеге туруу кыздардын билим алуусуна жана өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет, зомбулуктун ар кандай түрлөрүнүн алдында алдсыздыгын жогорулатат, алардын өмүрүнө жана ден соолугуна, ошондой эле балдарынын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирет.

Жашы жете электер менен никеге туруунун көбөйүшүнө жакырчылык жана үй-бүлөнүн кыздан кутулууну каалоосу, үй-бүлөнү пландаштыруу боюнча билимдин жетишсиздигинен жаштардын эрте жыныстык активдүүлүгү, кыздарга эрте куракта турмушка чыгууга уруксат берген диндердин таасиринин күчөшү сыяктуу факторлор таасир этет. Жашы жете электердин никелери никеге туруу үчүн кыздарды күч менен ала качуу аркылуу жасалат[118]. Бирок укук коргоо органдарына кайрылуу күнөөлүүлөрдү жазалоону кепилдей албайт. 17 жашка чыга элек адам менен иш жүзүндө нике мамилелерин түзүүгө мажбурлоо боюнча 23 кылмыш ишинин соттук тажрыйбасын изилдөө 12 иштин токтотулганын аныктады.

2016-жылдан тартып КР Кылмыш-жаза кодексинде диний ырым-жырымдарды өткөрүүдө нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузгандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган (154, 155-1-беренелер)[119] .

**КР Кылмыш-жаза кодексине төмөнкүдөй жобо киргизилген:**

*“Өзүнө карата никеге туруу боюнча диний ырым-жырымдар жасалган баланын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруунун диний ырым-жырымын жасаган адам, ошого тете нике курагы жөнүндө мыйзам актыларын бузуу менен өзүнө карата бала менен никеге туруу*

[117] Коомдун кабылдоосундагы гендер: улуттук изилдөөнүн жыйынтыктары, 2016-ж. / КР УСК, БУУнун калкты жайгаштыруу фонду, Тынчтык куруу фонду, Миграция боюнча эл аралык уюм,, БУУ Аялдар. — Бишкек, 2016-ж. — 99-100-б. // URL: http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/

[118] Коомдун кабылдоосундагы гендер: улуттук изилдөөнүн жыйынтыктары, 2016-ж. — 121-б. // URL: http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/

[119] “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 2016-жылдын 17-ноябры — № 179.

*боюнча диний ырым-жырым жасалган жашы жеткен адам, - үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат".*

Бул жосунду криминалдаштыргандан кийин жалпысынан 17 ушундай учур катталып, аларды текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча 10 кылмыш иши козголгон. Аталган кылмыш иштерин иликтөөнүн жана соттук кароонун жыйынтыгы боюнча 8 айыптоо өкүмү чыгарылып, 22 адамга карата жаза (шарттуу) дайындалган.

Кыргызстанда сегиз мамлекеттик орган жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы тарабынан 2017-жылдын 21-декабрындагы №1084 биргелешкен буйругу менен бекитилген эрте никеге туруунун алдын алуу жөнүндө мыйзамды Ишке ашыруу боюнча план кабыл алынган.

**КР ИИМ жашы жете электердин арасында эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча методикалык колдонмо иштеп чыккан,** ал эми КР БИМ жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында иш алып баруу жана минималдуу нике курагына чейин диний "никеге" катышууга тыюу салуу жөнүндө атайын нускама катты жайылткан.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы 2016-жылдын 21-декабрындагы № 410 "Имамдарга 18 жашка чыга элек адамдар менен "нике" кыюу ырым-жырымын өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндө" буйругун кабыл алуу менен бул көйгөйдү чечүүгө өз салымын кошту.

Мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чаралар көйгөйдүн масштабын кыскартууга өбөлгө түзүшү мүмкүн, бирок алар жетишсиз.

## Аялды анын эркине каршы никеге туруу максатында ала качуу

КР Кылмыш-жаза кодексине 2013-жылы киргизилген өзгөртүүлөргө, аялды эркине каршы никеге туруу үчүн ала качуу (мындан ары - аялды уурдоо) үчүн жаза чаралары күчөтүлгөнүнө карабастан, аялдарды ала качуу жагдайы кооптуу бойдон калууда.

Кыргызстанда никелердин 20 пайыздан ашыгы кыз ала качуу жолу менен жасалса, зордук менен никелердин үлүшү алты пайызды түзөт. Никеге туруу үчүн кыз ала качуу шаардык конуштарга[120] караганда айыл жергесинде 2 эсе көп болот жана физикалык, психикалык жана кээде сексуалдык зомбулук менен коштолот.

[120] Коомдун кабылдоосундагы гендер: улуттук изилдөөнүн жыйынтыктары, 2016-ж./КР УСК, БУУнун калкты жайгаштыруу фонду, Тынчтык куруу фонду, Миграция боюнча эл аралык уюм,, БУУ Аялдар. — Бишкек, 2016-ж. // URL: http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/

Коомдук аң-сезимде кыздардын ала качкан адамдан качууга жана укук коргоо органдарына ал жөнүндө билдирүүгө тоскоолдук кылган стереотиптик көз караштар бекемделген. Кыздык аялдын ийгиликтүү үй-бүлөлүк жашоосунун ачкычы деп эсептелет, ошондуктан ала качкан адамга турмушка чыкпаган кыз коомчулукта стигматизацияланып, кийин турмушка чыгуу кыйынга турат.

Расмий маалыматтарга ылайык, жыл сайын ИИБ никеге турууга мажбурлоо боюнча 22-25 учурду[121] каттайт, бирок чындыгында мындай учурлар дээрлик көп. Белгилей кетүүчү нерсе, 2019-жылдын 1-январында күчүнө кирген КР Кылмыш-жаза кодексинде кыз ала качуу беренеси (175-берене) ачык айыптоо статусунда калган, ал эми жаза мөөнөтү 5 жылдан 7 жыл 6 айга чейин (III категория). Мыйзам чыгаруучу тарабынан кылмыштын бул түрүн ачык айыптоо иштерине киргизүү кылмыш жөнүндө арыз бере ала турган адамдардын чөйрөсүн кыйла кеңейтти, бул келечекте бул кылмыштын латенттүүлүгүнүн төмөндөшүнө жана ачылышынын көбөйүшүнө алып келиши керек.

Изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча[122] шаар жана айыл жергесиндеги аялдар менен эркектердин көпчүлүгү (70 пайыз) аял уурдоо үчүн жоопкерчилик жөнүндө билишет. Ошол эле учурда, "3 жылдан 10 жылга чейин" эркиндигинен ажыратуу каралган жаза жөнүндө туура жоопту сурамжылоого катышкандардын жарымынан азын тандаган: аялдардын 41 пайызы жана эркектердин 44 пайызы. Мындай маалыматтардын болушу калктын арасында масштабдуу агартуу жана алдын алуу иштерин жүргүзүү зарылдыгын көрсөтүп турат. Болбосо бул көрүнүш "үй-бүлөнүн иши" деп эсептелип, социалдык жактан мыйзамдаштырылып, айтылбастан кала берет.

2016-жылы "Аялдарга жардам берүү борбору" КБ мамлекеттик органдар тарабынан КР Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренесинин[123] ишке ашырылышына коомдук мониторинг[124] жүргүзгөн.

[121] КР ИИМдин маалыматы боюнча 2015-жылы никеге турууга мажбурлоо фактылары боюнча жалпысынан 23 кылмыш иши, 2016-жылы — 26 кылмыш иши, 2017-жылы — 31 кылмыш иши катталган.

[122] Коомдун кабылдоосундагы гендер (улуттук сурамжылоонун жыйынтыктары), 2016. КР УСК, БУУнун калкты жайгаштыруу жаатындагы фонду, Тынчтыкты куруу фонду, Миграция боюнча эл аралык уюм, БУУ-Аялдар. Бишкек, 2016-ж. // URL: http://www.stat.kg/ru/statistics/gendernaya-statistika/

[123] КР Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренеси"Аялды никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн аялды ала качуу же никеге турууга тоскоолдук кылуу", 2-б.: Аялды өз эркине карабастан никеге туруу үчүн ала качуу 5 жылдан 7 жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат. (2019-жылдын 1-январынан кийин бул КР Кылмыш-жаза кодексинин 175-беренеси.)

[124] КР КЖК 155-беренесинин колдонулушуна жүргүзүлгөн коомдук мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчет // URL: http://wsc.kg/otchet-po-itogam-obshhestvennogo-monitoringa-primeneniya-stati-155-uk-kr/

**Натыйжада төмөнкүлөр аныкталган:**

- — гендердик маселелер боюнча маалыматтарды чогултуу жана талдоо үчүн укук коргоо түзүмдөрүндө программалык камсыздоо жок, ошондой эле маалымат чогултуунун методологиясы жана индикаторлору жок;
- — кыз ала качуу маселелери укук бузуулардын жана кылмыштарды алдын алуунун жергиликтүү пландарында артыкчылыктуу эмес, укук коргоо органдарынын райондук координациялык чогулуштары бул маселелерди күн тартибине киргизбейт;
- — бул категориядагы иштер боюнча узакка созулган соттук териштирүү тараптардын арыздарын чакыртып алууга жана макулдашууга алып келет. Бул ала качкан адам, ошондой эле жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан жабырлануучуга жана анын үй-бүлөсүнө катуу психологиялык кысым көрсөтүүнүн натыйжасы.

Тергөө органдарынын кызматкерлери жана соттор, ошондой эле адвокаттар көбүнчө аялды эркине каршы ала качуу улуттук салт деген стереотиптик позицияны карманышат. Арыздар катталган учурда тергөө органдарынын аракеттери иш жүзүндө тергөөнү созууга же токтотууга, башкача айтканда ишти сотко чейин жеткирбөөгө багытталган. Эреже катары, козголгон кылмыш иштери ар кандай себептерден улам сотко жетпейт. Көбүнчө бул тараптардын элдешүүсү менен байланыштуу, бирок аялды уурдоодо кылмыштардын бир нече курамы бар, анын ичинде инсандын эркиндигине, ар-намысына жана кадыр-баркына, жыныстык кол тийбестигине жана жыныстык эркиндигине, үй-бүлөгө жана жашы жете электерге каршы кылмыштар.

Сурамжыланган жабырлануучулардын жана алардын өкүлдөрүнүн айтымында, сот процесстери мыйзамда белгиленгенден узакка созулат. Дайындалган соттук процесстердин болжол менен 80 пайызы кийинкиге калтырылганы, анын ичинен 20 пайызы соттордун демилгеси боюнча, 50 пайызы жабырлануучулардын келбегендигине байланыштуу адвокаттардын өтүнүчү боюнча, калган учурларда прокурорлордун жоктугуна байланыштуу жана башка себептер менен кийинкиге калтырылганы аныкталган. Кийинкиге калтырылганда соттор ишти созууга көмөктөшөт. Мындай жагдай жабырлануучуну тергөө жана сот баскычтарында бир нече жыл бою бул кылмыш жөнүндө эскерүүдөн моралдык азап тартууга алып келет[125].

[125] КРдеги соттук тажрыйбаны изилдөө жөнүндө отчет (2012-2015-жж.), БУУӨП.

**Жыл сайын өтүүчү “Зомбулуксуз 16 күн”** кампаниясы гендердик зомбулук көйгөйүнө коомчулуктун көңүлүн буруу максатында КР ЭСКММ, жергиликтүү бийлик жана өз алдынча башкаруу органдарынын, эл аралык уюмдардын биргелешкен аракеттери менен өткөрүлөт.

Ошентип, Кыргыз Республикасында гендердик зомбулук аялдар менен кыздар, ошондой эле кээ бир учурларда эркектер менен эркек балдар туш болгон олуттуу көйгөй бойдон калууда. Кыргыз Республикасында гендердик зомбулуктун беш аспектисин бөлүп көрсөтүүгө болот:

**1. Аялдарга жана кыздарга багытталгандык.**

Кыргызстандагы аялдар жана кыздар гендердик зомбулуктун кеңири спектрине туш болушат, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук, сексуалдык зомбулук, коомдук жайлардагы зомбулук жана жумуш орундарындагы зомбулук.

**2. Үй-бүлөлүк зомбулук.**

Көптөгөн аялдар өнөктөштөрү же үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан физикалык, психологиялык жана экономикалык зомбулукка туш болушат. Акыркы жылдары өлкөдө үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү, анын ичинде мыйзамдык чараларды көрүү, баш калкалоочу жайларды жана колдоо борборлорун түзүү боюнча кадамдар жасалганы менен аялдар менен кыздардын корголушун камсыз кылуу үчүн дагы көп иштер бар.

**3. Сексуалдык зомбулук жана асылуу.**

Кыргызстанда коомдук жайларда сексуалдык зомбулук жана асылуу да кеңири жайылган көйгөйлөр болуп саналат. Зордук-зомбулуктун бул түрүнөн жабыркагандар көбүнчө адилеттүү соттук териштирүүлөрдү жана колдоого ээ болууда көйгөйлөргө туш болушат.

**4. Салттуу практикалар.**

Кыргызстандагы айрым салттуу үрп-адаттар жана тажрыйбалар, айрыкча мажбурлоого алып келген нике ортомчусу жана каада-салт боюнча нике сыяктуу гендердик зомбулукту күчөтүшү мүмкүн.

**5. Социалдык стигматизация.**

Кыргызстанда гендердик зомбулукту башынан кечиргендер көп учурда социалдык стигматизацияга жана маданий жана социалдык көз караштардан улам коом тарабынан колдоонун жоктугуна туш болушат.

Кыргызстанда гендердик зомбулук көйгөйүн чечүү үчүн көп деңгээлдүү мамиле талап кылынат, ал өзүнө мыйзамдарды өзгөртүүнү, институттук коргоо механизмдерин бекемдөөнү, коомдун билимин жана маалымдуулугун, ошондой эле зомбулукту башынан кечирген адамдарды колдоону жана коргоону камтыйт.

Гендердик зомбулуктун бир катар резонанстуу учурлары ушул окуу

куралынын практикалык бөлүмүндө алар ММКда кандай чагылдырылгандыгы көз карашынан каралат.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Гендердик зомбулук ага кабылгандардын физикалык жана психологиялык ден соолугуна кандай таасир этет?**
2. **Мамлекеттин жана коомдун деңгээлинде гендердик зомбулукту алдын алуунун кандай чаралары бар?**
3. **Коомчулук гендердик зомбулукту башынан кечирген адамдарды кантип колдоп, аларды калыбына келтирүүгө жана реабилитациялоого кандай жардам бере алат?**
4. **Кайсы жыныс гендердик зомбулукка көбүрөөк кабылат?**
5. **Бүгүнкү күндө биздин өлкөдө гендердик зомбулукка байланыштуу кырдаал тууралуу эмнелерди билесиңер?**



# IV. ИНКЛЮЗИВДҮҮ ГЕНДЕРДИК СЕЗИМТАЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН ПРИНЦИПТЕРИ





## 4.1. Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика деген эмне?

Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика (ИГСЖ) — бул гендердик теңсиздикти эске алган жана зыяндуу стереотиптерди бекемдебестен аялдар менен эркектерди адилеттүү чагылдырган медиа контентти түзүү практикасы. Маалыматты чагылдырууга мындай мамиле гендердик аспектилерди аң-сезимдүү түрдө эске алат жана турмуштун бардык чөйрөлөрүндө аялдар менен эркектердин адилеттүү жана калыс көрсөтүлүшүнө умтулат.

ММК коомго эбегейсиз зор таасирин тийгизет, анын дүйнө, аялдар жана эркектер, алардын ролдору жана мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырат. Гендердик теңчилик жана адилеттүүлүк маселелери барган сайын маанилүү болуп жаткан заманбап дүйнөдө журналистиканын ролу өзгөчө маанилүү болууда. ИГСЖ - бул гендердик теңсиздикти эске алган жана аялдардын, эркектердин гендердик өзгөчөлүгүнө карабастан адилеттүү жана урмат-сый менен чагылдырууга умтулган медиа контентти түзүү ыкмасы.

Журналистикада гендердик сезимталдык эмне үчүн маанилүү? Биринчи кезекте ал окуяларды чынчыл чагылдыруу жана адамдын кадыр-баркын коргоо үчүн журналисттердин этикалык жоопкерчилигине шайкеш келет. Ар кандай гендердик көз караштарды эске алуу менен журналисттер көйгөйлөрдү толук түшүнүүнү, тарыхта маргиналдашкан же айтылбаган үндөрдү күчөтүшү мүмкүн.[126]

Гендердик сезимтал журналистиканын артыкчылыктары кандай, бул сапаттуу контентти түзүүгө кандайча жардам берет? Журналисттерди жана медиа өндүрүүчүлөрдү иште гендердик аспектилерди эске алууга түрткөн бир катар себептерди карап көрөлү:

— ***Чындыкты так жана объективдүү чагылдыруу.*** Салттуу журналистика көбүнчө социалдык көйгөйлөрдүн гендердик аспектилерин эске албайт, бул аларды жөнөкөйлөтүүгө, бурмалоого жана стереотиптерди көбөйтүүгө алып келет. ИГСЖ тескерисинче, гендердик факторлорду терең талдоонун негизинде так жана объективдүү материалдарды түзүүгө мүмкүндүк берет[127].

— ***Гендердик теңчиликке көмөктөшүү.*** Адамдарды ММКда адилеттүү жана урмат-сый менен сүрөттөө инклюзивдүү жана тең укуктуу

[126] Гендердик-сезимтал журналистика. ММКда зомбулукту кантип чагылдыруу керек? / CABAR.asia курсу // URL: https://school.cabar.asia/ru/course/onlajn-kurs-genderno-chuvstvitelnaja-zhurnalistika-kak-osveshhat-nasilie-v-smi/

[127] Гендердик сезимтал журналистиканын стандарттары // URL: https://hero-datkayim.kg/wp-content/uploads/2022/11/standarty-genderno-chuvstvitelnoj-zhurnalistiki.pdf

коомду түзүүгө өбөлгө түзөт. ИГСЖ гендердик стереотиптерге шек келтирет, басмырлоонун жана теңсиздиктин бетин ачат, ошону менен коомдо оң өзгөрүүлөрдү жаратат.

— *ММКга болгон ишенимди жогорулатуу.* Аудитория гендердик маселелерди чагылдырууга аң-сезимдүү мамиле кылган медиага көбүрөөк ишенет. ИГСЖ өз аудиториясына болгон сый-урматты көрсөтөт, бул алардын катышуусун жана лоялдуулукту жогорулатат.
— *Темалардын жана каармандардын чөйрөсүн кеңейтүү.* ИГСЖ салттуу темаларды жана каармандарды чагылдыруу менен гана чектелбейт. Ал көбүнчө салттуу медиада байкалбай калган окуяларга басым жасайт.
— *Журналисттердин кесиптик өсүшүнө түртку берүү.* Гендердик теорияны жана практиканы өздөштүрүү, гендердик сезимтал тил жана талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү жана гендердик теңчилик жаатындагы эксперттер менен кызматташуу журналисттердин ишин сапаттуу жана суроо-талапка ээ кылуу менен алардын кесиптик өсүшүнө өбөлгө түзөт.

## Гендердик сезимтал журналистиканын негизги принциптери

### Тең укуктуулук

— Аялдар менен эркектерге байланыштуу темаларды саны жана сапаты боюнча бирдей үлүштө чагылдыргыла.

### Стереотиптердин жоктугу

— Тилде, сүрөттөрдө жана сюжеттерде гендердик жана башка социалдык стереотиптерди колдонуудан алыс болгула.

### Көп түрдүүлүк

— Курагы, классы, расасы, этностук таандыгы, майыптыгынын болушу жана башкалар сыяктуу ар кандай факторлорду эске алуу менен аялдардын жана эркектердин тажрыйбасынын ар түрдүүлүгүн көрсөткүлө.

### Урматтоо

— Аялдарга жана эркектерге карата мазактаган жана кемсинткен баалоо, айтымдардан алыс болгула.

**Эксперттердин балансы**

— Эксперттер жана маалымат булактары катары аялдар менен эркектердин бирдей өкүлчүлүгүн камсыз кылгыла.

**Сынчыл мамиле**

— Силер жазган темалардын гендердик аспектилерин талдап, алардын коомго тийгизген таасирин ачкыла.

**Тилге карата сезимталдык**

— Гендердик корректтүү тилди, ошондой эле ар кандай гендердик иденттүү адамдарга, социалдык статусуна карабастан урмат көрсөткөн тилди колдонгула. Гендер раса, этностук таандыктык, сексуалдуулук социалдык-экономикалык статус, майыптуулук сыяктуу иденттүүлүктүн башка аспектилери менен кайчылашарын моюнга алгыла.

ИГСЖ - бул журналисттерден өз ишин үзгүлтүксүз өркүндөтүүнү жана сынчыл талдоону талап кылган мамиле. Бардык учурларга ылайык келүүчү ИГСЖнын универсалдуу рецепти жок. Ар бир журналист өзүнүн мамилесин конкреттүү кырдаалга жана аудиторияга ылайыкташтырышы маанилүү.

**Окуу жана өз алдынча билим алуу**

— Гендердик теориянын жана практиканын негиздерин өздөштүргүлө. Бул гендердик стереотиптерди, басмырлоону жана теңсиздикти жакшыраак түшүнүүгө, ошондой эле гендердик маселелерди чагылдырууга аң-сезимдүү мамиле кылууга жардам берет.

— Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика боюнча курстардан же тренингдерден өткүлө. Мындай курстар жана тренингдер силерге керектүү көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана гендердик темалар боюнча практикалык тажрыйба топтоого жардам берет.

— Гендердик темадагы китептерди жана макалаларды окугула. Бул силерге бул жаатдагы акыркы изилдөө жана иштеп чыгуулардан кабардар болууга мүмкүндүк берет. (Бул окуу куралынын аягында окуу үчүн кошумча адабияттардын тизмеси бар.)

**Көндүмдөрдү өнүктүрүү**

— Гендердик корректтүү тил көндүмдөрүн өркүндөткүлө. Салттуу сөздөргө жана айтымдарга гендердик нейтралдуу альтернативаларды изилдеп, гендердик стереотиптерди колдонуудан алыс болгула.

— Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүргүлө. Маалыматты гендердик адилеттүүлүк көз карашынан талдоого, гендердик стереотиптерди жана жаңылыш пикирлерди аныктоого үйрөнгүлө.

— Гендердик маалыматтар менен иштөөгө үйрөнгүлө. Гендердик маалыматтарды табуу, талдоо жана чечмелөө жөндөмү силерге так жана маалыматтуу материалдарды түзүүгө жардам берет.

**Практика**

— Материалдарыңарда аялдар менен эркектерди бирдей чагылдырууга умтулгула. Каармандардын, эксперттердин жана спикерлердин санындагы гендердик дисбаланстан алыс болгула.

— Гендердик сезимтал сүрөттөрдү жана иллюстрацияларды колдонгула. Сүрөттөрдөгү гендердик стереотиптерден алыс болгула, адамдардын чыныгы ар түрдүүлүгүн чагылдырган сүрөттөрдү колдонгула.

— Тилге көңүл бургула. Гендердик корректтүү тилди колонгула, ар кандай гендердик иденттүү адамдарды урматтагыла.

— Гендердик теңчилик жаатындагы эксперттер жана активисттер (аялдар дагы, эркектер дагы) менен кызматташкыла. Бул баалуу маалыматтарга жана эксперттик ой-пикирлерге жетүүгө жардам берет.

— Сынга ачык болгула. Кесиптештериңердин, эксперттердин жана аудиториянын пикирин уккула, каталарыңардан сабак алууга аракет кылгыла.

**Жеке позиция**

— Өзүңөрдө гендердик сезимталдыкты өнүктүргүлө. Өзүңөрдүн гендердик жана социалдык стереотиптериңерди жана жаңылыш пикирлериңерди ойлонуштургула, бул жаатта жеке өсүүгө умтулгула.

— Гендердик теңчиликтин активдүү жактоочусу болгула. Гендердик адилеттүүлүк идеяларын жайылтуу үчүн өз медиа платформаңарды колдонгула.
— Үлгү болгула. Силердин инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистикаңар башка журналисттерди шыктандырып, медиа ландшафттын өзгөрүшүнө түрткү бериши мүмкүн.

— Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика жөн гана эрежелердин жыйындысы эмес, урматтоого, инклюзивдүүлүккө жана адилеттүүлүккө умтулган философия экенин унутпагыла.

Демек, гендердик теңсиздик - бул адамдардын жашоосунун бардык аспектилерин козгогон универсалдуу көйгөй. ММКлар көбүнчө гендердик стереотиптерди кайталашат жана күчөтүшөт, бул аялдар менен эркектердин укуктарын бузат, алардын мүмкүнчүлүктөрүн чектейт жана гендердик теңчиликке карай прогрессти жайлатат. ИГСЖ бул стереотиптерге каршы чыгып, гендердик теңсиздик маселелери боюнча маалымдуулукту жогорулатып, коомдогу оң өзгөрүүлөргө өбөлгө түзө алат.

ИГСЖ принциптерин аң-сезимдүү колдонгон журналисттер адилеттүү, инклюзивдүү жана тең укуктуу коомду калыптандырууга олуттуу салым кошо алышат. Бул дүйнөнү баарына адилеттүү жана тең укуктуу кылууга жардам бере турган курал. ПИПте белгиленгендей, “ММК аялдар менен эркектерди стереотиптик эмес, көп түрдүү жана тең салмактуу түрдө чагылдыруу аркылуу аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун камсыздоого жана абалды жакшыртууга көп жагынан көмөк көрсөтүүгө жөндөмдүү”.[128]

Жалпысынан ИГСЖ сунуштардын жөнөкөй тизмесинин чегинен чыгып, окуяларды этикалык чагылдырууну жана коомдук прогрессти терең жактоочулукту камтыйт. ИГСЖ гендердик маселелерди чагылдырууда ар кандай үндөрдү жана көз караштарды бекемдөөгө умтулуп, урматтоонун, инклюзивдүүлүктүн жана адилеттүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныйт. Ушул принциптерди сактоо менен журналисттер стереотиптер менен күрөшүүдө, системалык теңсиздикти жоюуда жана адилеттүү коомду калыптандырууда чечүүчү ролду ойношот. ИГСЖ гендердик теңсиздикти жоюуга жана бардыгы үчүн адилеттүү жана инклюзивдүү дүйнөнү курууга көмөктөшүүчү социалдык өзгөрүүлөрдүн күчтүү куралы катары кызмат кылат.

[128] Пекин иш-аракеттер платформасы (ПИП) // https://www.un.org/womenwatch/daw/beijing/pdf/BDPfA%20R.pdf

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. ИГСЖ деген эмне?
2. Материалды гендердик сезимталдык менен сөз эркиндигинин ортосунда кантип теңдештирүүгө болот?
3. Инклюзивдүү гендердик сезимтал медиа контентти түзүүдө журналисттер кандай ыкмаларды жана куралдарды колдоно алышат?
4. Гендердик теңсиздикти жоюуда ММК кандай ролду ойнойт?





## 4.2. ИГСЖнын тарыхы жана ишке киргизүү тажрыйбасы кандай?

Гендердик көйгөй коомдук пикирди калыптандыруу менен медиа материалдарда негизги тема бойдон калууда. Гендердик көйгөйлөр боюнча окуяларды түзүүгө киришип жатып, журналисттер гендердик стереотиптер коомго терең таасирин тийгизип, басмырлоого жана адам укуктарынын бузулушуна алып келиши мүмкүн экендигин түшүнүшү керек. Бирок, аялдардын уку үчүн кыймылдын тарыхы стереотиптерге каршы туруу жана кырдаалды жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт.

Журналисттер жана ММК кызматкерлери күн сайын радио, телекөрсөтүү, гезит, журнал жана интернет аркылуу чагылдыруу менен көптөгөн адамдарга таасир этет. Эң жакшы учурда журналисттер жана ММК кызматкерлери тынчтыкта жанаша жашоого, демократияга жана адам укуктарын урматтоонун өсүшүнө өбөлгө түзөт. Алар биздин коомду демократиялык багытта өнүктүрө турган позитивдүү күчтү түзүүгө көмөктөшөт. Эң начар учурда журналисттер жана ММК кызматкерлери коомдогу терс маанайды күчөтүп, баш аламандыкка өбөлгө түзүшү мүмкүн. Сөздөр жана сүрөттөр - чыныгы күчтүү курал.

### Эл аралык тажрыйба

Дүйнөдөгү ММК гендердик аспектилерди кантип чагылдырарын түшүнүү үчүн дүйнөлүк ММКдагы гендердик көйгөйдү эң чоң жана эң узак изилдөө боюнча Глобалдык ММКны мониторингдөө долбоорунун (GMMP)[129] маалыматтарын өздөштүрүп, эл аралык тажрыйбага кайрылабыз. GMMP коомдук уюмдардан баштап университеттин студенттерине, изилдөөчүлөргө, ММК практиктерине чейинки топтордун жана жеке адамдардын кеңири чөйрөсүн камтыгандыгы менен уникалдуу.

GMMP гендердик теңчиликти пропагандалоо ишинин маанилүү куралы болуп калды, анын изилдөө боюнча отчеттору кеңири жайылды. 1995-жылдан баштап ар бир беш жылда GMMP изилдөөсү ММКда гендердик көрсөткүчтөрдүн өзүнчө көрсөткүчтөрүн, анын ичинде аялдардын эркектерге салыштырмалуу катышуусун, гендердик жаңылыш пикирди жана жаңылыктардагы жана башка контенттеги стереотиптерге байкоо жүргүзгөн.

Изилдөөчүлөр жаңылык ММКдагы гендердик теңчилик индексин

[129] ММКны мониторингдөө боюнча глоаблдык долбоор (GMMP) // URL: https://waccglobal.org/our-work/global-media-monitoring-project-gmmp/

(GEM индекси), анын орточо ажырымын төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептешет: жаңылыктардагы адамдардын саны (субъекттер жана булактар), репортер катары катышуу, эксперт жана өкүл катары сүйлөө, ошондой эле экономикалык жана саясий жаңылыктарда болушу. GMMPтин маалыматтары жаңылыктар аялдар дээрлик көрүнбөгөн дүйнөнүн сүрөтүн тартканын көрсөттү.

**41-сүрөт. Жаңылыктарда аялдардын көрсөтүлүшү (жыл боюнча пайыз менен)**




Мониторинг ММКдагы ачык талкуулардагы аялдардын үнүн колдонууда өтө жай прогрессти көрсөтөт. Жаңылыктар дүйнөнүн эркектерге багытталган көз карашын гана билдирбестен, ошондой эле кыздар менен аялдарга карата маргиналдаштыруу, басмырлоо жана зомбулуктун негизин түзгөн гендердик көз караштарды жана терең тамырлаган стереотиптерди камтыйт.

2020-жылы салттуу ММКда гендердик теңчиликтин ажырымын жоюу үчүн кеминде 67 жыл талап кылынары аныкталды. 2015-жылы бул көрсөткүч 72 жылды түзгөн. 2020-жылдагы изилдөөнүн жыйынтыктары бул чөйрөдөгү өзгөрүүлөр өтө жай экенин көрсөтүп турат.

Изилдөөчүлөр ММКда толук гендердик теңчиликке жетишүү, башкача айтканда журналисттердин материалдарында аялдар менен эркектердин бирдей болушуна жетишүү үчүн сандык катыштагы гендердик ажырымды жоюу жетишсиз экенин баса белгилешет. Отчеттун авторлору журналистиканын сапатын жакшыртып, көптөгөн окуяларды

гендердик оптика аркылуу кароо керек дешет.

Мониторингдин авторлору эң чоң гендердик ажырым саясий жаңылыктарда экенин белгилешет — аларда аялдардын 20 пайызы гана көрсөтүлгөн.

**42-сүрөт. Саясий жаңылыктарда аялдардын көрсөтүлүшү (жыл боюнча пайыз менен)**




Эң аз гендердик ажырым социалдык материалдарда жана илим жана саламаттыкты сактоо боюнча басылмаларда катталган: анда аялдардын көрсөтүлүшү 30 пайыздан ашат.

Журналисттердин материалдарында аялдардын көрсөтүлүшүн жогорулатуу бир башка, ал эми окурмандардын алдында пайда болгон образдарды түзүү башка нерсе. 2015-жылдагы мониторингге ылайык, ММКда көрсөтүлгөн аялдардын жалпы санынын 20 пайызы гана иштеген адамдар катары көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда ММКлар 60 пайыздан ашык учурда аялдарды жумушсуз жана үй кожойкеси катары көрсөтүүдө.

Изилдөөчүлөрдүн айтымында, маселе ММКнын материалдарында эркектин көңүл борборунда болушунда гана эмес, журналисттер интервью алуучу катары эркектерди тандашат — эксперттерден баштап, окуялардын жөнөкөй күбөлөрүнө чейин. Бирок, 2020-жылдын отчетуна ылайык, бул жерде прогресс байкалган. "Акыркы жылдары дүйнө жүзү боюнча эксперт аялдарды табуу боюнча көптөгөн демилгелер жайылган. ММКлар тышкы кысымдарга, ошондой эле тармактын жакшыртууга багытталган ички аракеттерине жооп кылып, эксперттердин пулун диверсификациялоого аракет кылып жатышат. Учурда жаңылыктардагы

эксперттердин 24 пайызы аялдар. Көп жылдар бою бул көрсөткүч 19 пайызды түзгөн", — деп айтылат отчетто.

Эркектерге функциялардын бардык түрү мүнөздүү: жеке тажрыйбанын негизинде пикирин айткан эркектер, күбө болгон эркектер жана жеке пикирин билдирген эркек саясатчылар.

Эгерде журналисттер окшош функциялары бар аялды көрсөтүшсө, анда алар дайыма анын образын кошумча ролдор аркылуу ачып беришет. Мисалы, эгер аял жеке тажрыйбасы жөнүндө айтып жатса, анда ал кожойке же апа катары көрсөтүлөт. Ошондой эле, мониторингде аялдар зордук-зомбулуктун "курмандыгы" катары көп көрсөтүлөрү белгиленген.

Аялдарга арналган окуялардын жалпы үлүшү 2000-жылдан бери салыштырмалуу туруктуу 10 пайызды түзүп келген, бирок 2020-жылы бул көрсөткүч 9 пайызга чейин төмөндөгөн. Экономикалык жана саясий жаңылыктар аялдарга эң аз багытталган. Ошол эле учурда, эркек журналисттердин басылмаларындагы материалдардын башкы каарманы катары аялдарды тандоосу 10 пайыздан ашпайт.

Окуялардын жети пайызы гана гендердик теңсиздик маселелерин козгойт жана үч пайызы гана гендердик стереотиптерге каршы чыгат. Бул гендердик стереотиптер ММКда бекем орногонун көрсөтүп турат. 10 жылдын ичинде гендердик стереотиптерге каршы чыккан саясий жаңылыктардын үлүшүн көбөйтүүдө эч кандай прогресс байкалган эмес.

Салттуу ММКдагы аялдардын салыштырмалуу көрүнбөгөндүгү онлайн платформаларга өттү. Изилдөөчүлөр онлайн-медиа жаңылыктарды берүү үчүн салттуу медианын моделдерин колдонуудагы таң калыштуу окшоштуктарды белгилешет.

Жалпысынан, эки гана негизги айырмачылык бар. Биринчиден, аялдар окуяларды салттуу ММКга караганда интернетте көбүрөөк айтышат: тармакта жарыяланган жаңылыктардын 40 пайыздан ашыгын аялдар түзгөн. Экинчиден, басылмалар үчүн булактарды тандоо айырмаланат. Изилдөөчүлөр онлайн басылмалардагы журналисткалар окуяларынын булактары катары 30 пайыздан ашык учурда аялдарды тандашарын белгилешет. Онлайн ММКдагы эркектер өзүнүн репортаждары үчүн аялдарды 20 пайыздан ашык учурда тандашат.

Дүйнөлүк экономикалык форум глобалдык гендердик ажырым боюнча кезектеги баяндамасын[130] жарыялады, анда дүйнө өлкөлөрүнүн

[130] Гендердик ажырым боюнча глобалдык доклад: Дүйнөлүк экономикалык форумдун жыныстардын теңчилиги жөнүндө жылдык отчету, биринчи жолу 2006-жылы жарыяланган. 2017-жылдын отчету 144 ири жана өнүгүп келе жаткан экономиканы камтыйт.

жыныстардын тең укуктуулугу боюнча рейтинги көрсөтүлгөн. Жыл сайын Дүйнөлүк экономикалык форум гендердик теңчиликти өлчөөгө багытталган гендердик ажырым индексинин (GGI) эсептөөлөрүн жүргүзөт. Индекс төрт негизги чөйрөдө он төрт көрсөткүч боюнча статистиканы эске алат: экономикалык катышуу жана карьералык мүмкүнчүлүктөр, билим деңгээли, ден соолук жана жашоо узактыгы, саясий укуктар жана мүмкүнчүлүктөр.

Эксперттер белгилегендей, ушул кезге чейин дүйнөдө бир дагы өлкө 100 пайыз жыныстык теңчиликке жетише албай келет. Учурда эң мыкты көрсөткүчтөрдү Түндүк Европа мамлекеттери көрсөтүүдө. 2023-жылы гендердик теңчиликтин жалпы деңгээли боюнча Исландия, Норвегия, Финляндия, Жаңы Зеландия, Швеция, Германия, Никарагуа, Намибия, Литва, Бельгия алдыңкы орундарды ээлеген. Рейтингдин аягында Пакистан, Иран, Алжир, Чад жана Ооганстан жайгашкан.

2023-жылга карата Кыргызстан гендердик ажырымдын Глобалдык индексинде 84-орунду ээледи (146нын ичинен), бул аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана алардын лидерлиги боюнча мындан аркы аракеттердин зарылдыгын баса белгилейт.

## Кыргызстандын тажрыйбасы

Кыргызстанда ММКлар гендердик теңсиздикти кантип чагылдырары же журналисттер өз материалдарында аялдардын кандай образдарын колдонору жөнүндө масштабдуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Бирок, белгилүү бир тыянак чыгарууга жардам бере турган бир нече отчеттор бар.

2021-жылы “Борбордук Азиядагы тынчтыкты орнотуу жана медиатехнологиялар мектеби” **“Кыргызстандын медиа чөйрөсүндөгү гендердик стереотиптер”**[131] отчетун жарыялаган. Изилдөөчүлөр 10го жакын онлайн басылмалардын басылмаларын, ошондой эле 2020-жылдын октябрынан декабрына чейин Фейсбуктагы бир нече ири топтордун талкууларын изилдешкен.

Эксперттер маалымат агенттиктеринин ленталарында жарыяланган жаңылыктардын гендердик балансын талдашкан. Ага шайлоо өнөктүгү аяктап, парламенттик шайлоо башталган учурда, октябрдын башында гана байкоо жүргүзүлгөн.

Мисалы, 2020-жылдын октябрында бул Жогорку Кеңешке талапкерлер аялдар тууралуу билдирүүлөр жана бул инсандардын ишмердиги

[131] Кыргызстандын медиасферасындагы гендердик стереотиптер: изилдөөнүн жыйынтыктары, 2020-ж.// URL: https://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/5394-gendernye-stereotipy-v-mediasfere-kyrgyzstana-rezultaty-issledovaniya.html

тууралуу баяндар болгон. Журналисттер шайлоочулар менен болгон жолугушуулары жөнүндө билдиришкен, алардын позициясын, саясий/кесиптик ишмердүүлүгүн сүрөттөшкөн же жөн гана статистиканы жарыялашкан. Талапкер аялдар ошондой эле шайлоо процессине комментарий берип, өз божомолдору менен бөлүшүшкөн. ММКдагы гендердик балансты күчөтүү аял шайлоочуларга багытталган билдирүүлөрдү да көрсөттү.

Ошол эле учурда изилдөөнүн авторлору ММКда жана коомдук дискурста аялдардын жетишсиз көрсөтүлүшү менен көрүнгөн контенттик басмырлоо деп аталган нерсени аныкташкан. Маалымат агенттиктери эркек эксперттердин, эркек саясатчылардын ой-пикирлерин аялдарга караганда 6 эсе көп беришкен. Саясатчылар жана активисттер тартылган визуалдык катарда (фото, видео) аялдарга караганда эркектер көп болгон.

Кыргызстанда 2020-жылдын октябрь-ноябрь айларында коомдук-саясий кырдаал курчуп турган маалда социалдык тармактардын колдонуучулары өз пикирлерин ачык айтып, гендердик сабырсыздыкты көрсөтүп, Интернетте кеңири жайылган сексисттик стереотиптерди колдонушкан.

Изилдөөнүн авторлору Кыргызстандагы медиа сектор азырынча гендердик теңчиликти илгерилетүү жана аялдардын укуктарын/мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча чыныгы аракеттерди көрсөтө элек деген тыянакка келишкен. Мындан тышкары, гендердик стереотиптерди жана гендердик сабырсыздыкты көбүнчө медиа жайылтат, азыктандырат жана бекемдейт.

Шайлоо учурундагы медиа материалдарда аялдардын жетишсиз көрсөтүлүшү тууралуу окшош тыянактар ЕККУнун байкоочуларынын отчетторунда баяндалган.

— 2015-жылдагы парламенттик шайлоодо аялдардын ММКда чагылдырылышы анча-мынча деп аталды. “Шайлоо алдындагы үгүт учурунда КТРКнын коомдук телеканалы убактысынын 95 пайызын жаңылыктарга, 91 пайызын учурдагы окуяларды чагылдырууга, эркек саясатчыларга арналган программаларга бөлгөн. Калган ММКлар да пропорциялуу эмес чагылдырышкан; убакыттын 88-98 пайызы эркек талапкерлерге арналган», - деп айтылат отчетто.
— 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо оң тенденция байкалган. ММК айрым дебаттарды депутаттыкка талапкерлер аялдарга арнаган. Бирок, жалпысынан алганда, аялдар чыгып сүйлөгөндө гендер-

дик маселелерге дээрлик көңүл бурулган эмес.

— 2021-жылдагы парламенттик шайлоо өлкөнү бир аз артка жылдырды. Үгүт учурунда аялдардын жалпы көрүнүүсүнүн төмөндүгү байкалып, гендердик теңчилик маселелери дээрлик көтөрүлгөн эмес.

Журналист Елена Нечаева “Чёрный ящик - белый шум” (“Кара куту — Ак чуру-чуу”) берүүсүндө[132] 2022-жылдын 8-мартында Борбор Азия өлкөлөрүндөгү мамлекеттик телеканалдар трансляция кылган аялдардын образын талдаган. Анын талдоосу мамлекеттик телеканалдардын журналисттери аялдарды куттуктоого аракет кылуу менен гендердик стереотиптерди күчөтүп жатканын көрсөткөн.

Жалпысынан Кыргызстандын медиасында аялдын образы үч түрдө көрсөтүлгөн. Турмуш-тиричилик менен гана алектенген көп балалуу эне ; балдарын мекенине таштап, акча табуу үчүн кеткен мигрант аял; күйөөсүнүн ур-токмогуна чыдаган жана көнүмүш жашоосун өзгөрткүсү келбеген аял түрүндө.

Кыргызстандагы ММКдагы азыркы кырдаал дүйнөдөгү азыркы тенденцияларды толугу менен чагылдырат, ошол эле учурда патриархалдык өзгөчөлүктөр даана байкалат деген тыянак чыгарууга болот.

Ошентсе да кырдаалды өзгөртүү үчүн жасалган аракеттер бар. Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясы маданият жана билим берүү саясаты чөйрөсүндөгү төмөнкү артыкчылыктуу милдеттерди камтыйт:

1. үй-бүлөлүк ролдорго болгон мамилени өзгөртүү (салттуу милдеттерди бөлүштүрүүнүн ордуна тилектештик жана өз ара колдоо, уулдарды жана кыздарды тарбиялоодо бирдей мамиле кылуу);
2. аялдардын саясий катышуусуна карата мамилени өзгөртүү (саясатчы аялдарга карата позитивдүү мамиле, саясаттын социалдык чөйрөлөрүнүн башка чөйрөлөрдөн артыкчылыктуулугу);
3. эркектер менен аялдардын кесиптик ишке ашырылышына карата мамилени өзгөртүү (кесиптик стереотиптер);
4. гендер чөйрөсүндө функционалдык билим берүүнү илгерилетүү;
5. гендердик басмырлоо жана зомбулук категорияларын жана аларды алдын алуу жолдорун түшүндүрүү аркылуу гендердик басмырлоого каршы күрөшүү, ошондой эле медиа, жарнамалык жана маданий продуктуларга басмырлоого каршы экспертиза түзүү.

[132] Многодетные МАТЕРИ, неженские ПРОФЕССИИ и прочие ГЕНДЕРНЫЕ СТЕРЕОТИПЫ [видео] / ЧЕРНЫЙ ЯЩИК — БЕЛЫЙ ШУМ Көп балалуу ЭНЕЛЕР, аялдардын эмес КЕСИПТЕР жана башка ГЕНДЕРДИК СТЕРЕОТИПТЕР [видео] / КАРА КУТУ - АК ЧУРУ-ЧУУ // URL: https://www.youtube.com/watch?v=MTc4GrMfBO8

2020-жылы "Медиа сабаттуулук аркылуу окуяларды гендердик сезимтал чагылдыруу жана экстремизмди пропагандалоого каршы аракеттенүү боюнча колдонмо"[133] чыккан. Ал КР ММСЖСМ, "БУУ-Аялдар" түзүмү, "ПИЛ Рисеч Компани" жана "Дата Лаб" менен биргеликте даярдалган. Колдономону журналисттер, мамлекеттик органдардын басма сөз кызматтарынын кызматкерлери, ошондой эле журналистика факультеттеринин окутуучулары колдоно алышат. Колдонмонун бир бөлүгү ММКлардын, журналисттердин (ошондой эле мамлекеттик органдардын басма сөз кызматтарынын кызматкерлеринин ишине карата) иштериндеги окуяларды гендердик сезимтал чагылдырууга арналган. Анда аялдардын образдары ММКда кантип берилерине, алардын кызыкчылыктарын социалдык топ катары көрсөтүүгө көңүл бурулган. Колдонмо ошондой эле мигрант аялдарга карата зомбулукту чагылдырууга ММКнын мамилелерине талдоо жүргүзүүнү жана гендердик сезимтал маалымдоо боюнча журналисттер үчүн жалпы сунуштарды камтыйт.

Ошол эле 2020-жылы "Гендердик сезимтал маалымдоо боюнча сунуштамалар"[134] жарыяланган. Иш ЕККУ, Норвегиянын Тышкы иштер министрлиги жана Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги тарабынан каржыланган. Сунуштамаларда ММКлар аялдарды кантип чагылдырары айтылат, ал эми чек баракчалары журналисттерди андагы суроолор боюнча ой жүгүртүүгө мажбурлайт.

"Медиасабак" платформасында журналисттер үчүн гендердик теңчилик жана гендердик сезимтал журналистика принциптерине негизделген материалдарды жазуу боюнча чек-баракча жарыяланган. Ал БУУӨПтүн жана Финляндия ТИМдин долбоорлорунун колдоосу менен КР ССМдин демилгеси менен иштелип чыккан. Чек баракчада гендердик стереотиптер жана гендердик ролдор жөнүндө маалыматтар, сексизмдин табияты жана гендердик сезимтал журналистиканын аныктамасы камтылган.

Cabar.asia аналитикалык басма өз мектебинин алкагында "Гендердик сезимтал журналистика. ММКда зомбулукту кантип чагылдыруу керек"[135] окуу куралын иштеп чыккан. 6 жумалык курста гендер деген эмне, гендердик стереотиптер жана гендердик жаңылыш тексттен кантип сактануу керектиги жөнүндө негизги маалыматтар камтылган.

---

[133] Ибраева Г., Торалиева Г. Медиа сабаттуулук аркылуу гендердик сезимтал окуяларды чагылдыруу жана экстремизмди пропагандалоого каршы аракеттенүү боюнча колдонмо. — 2020-ж. // URL: https://clck.ru/3CyfXr

[134] https://media.kg/news/50663/

[135] Гендердик сезимтал журналистика. ММКда зомбулукту кантип чагылдыруу керек? / CABAR.asiaнын курсу // URL: https://school.cabar.asia/ru/course/onlajn-kurs-genderno-chuvstvitelnaja-zhurnalistika-kak-osveshhat-nasilie-v-smi/

Курстун алкагында зомбулукту ММКларда жана блогдордо кантип чагылдыруу керектигин билүүгө болот: зомбулуктун учурдагы түрлөрүн түшүнүүдөн тартып, аны чагылдыруу тилине чейин (гендердик зомбулук фактыларын ачуу менен жазууга боло турган жана болбой турган терминдер жана сөздөр). Курстун маанилүү түзүүчүсү — зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдар менен кантип сүйлөшүү керектиги жөнүндө модуль: кантип маектешүү керек, баарлашууда кандай этика сакталышы керек.

UNDPнин сайтында "Гендердик сезимтал журналистика"[136] онлайн-курсу жарыяланган. Ал БУУӨПтүн жана Финляндия ТИМинин колдоосу менен КР ЭСКММдин суроо-талабы боюнча иштелип чыккан. Окутуу модулу үч сабактан турат жана болжол менен эки-үч саатка созулат. Сабактардын аягында тест тапшыруу сунушталат. Тесттин жыйынтыгы боюнча сертификат алууга болот. Курс гендердик сезимтал журналистика деген эмне экендигин түшүндүрөт, зомбулуктун түрлөрү жөнүндө айтып берет, терминдерди түшүндүрөт жана гендердик стереотиптер жөнүндө түшүнүк берет. Ошондой эле, ММКда туура эмес чагылдыруунун мисалдары талданат жана зомбулукту чагылдыруу боюнча материалдарды жазууда эске алынуучу эрежелер берилет. Курс кыргыз жана орус тилдеринде сунушталат.

Социалдык технологиялар агенттиги Кыргыз Республикасындагы шайлоо өнөктүктөрүнө системалуу түрдө гендердик мониторинг жүргүзөт, мониторингдин натыйжалары боюнча отчеттордун ар биринде ММКларда чагылдыруу, таратылуучу үгүт материалдары жана кампаниялардын жүрүшү жана натыйжалары жөнүндө баннерлер жөнүндө кеңири иллюстрацияланган бөлүм камтылган[137].

## Гендердик-этикалык кодекс

Дүйнөдө кодекстердин көптүгүнө карабастан, талдоо алардын жоболорун аткарууда олуттуу кемчиликтерди көрсөтөт. Бул боштуктар, башка факторлордон тышкары так формулировкалардын жоктугу, түшүнүктүн жетишсиздиги жана аларды ишке ашыруу үчүн практикалык колдонмолордун жоктугу менен түшүндүрүлөт.

Бирок, кодекстер ММКнын кызматкерлери үчүн этикалык ой жүгүртүү боюнча колдонмо катары маанилүү ролду ойной берет, алар кесиптик

[136] Гендердик сезимтал журналистика" онлайн курсу / UNDP Кыргызстан // URL: https://www.undp.org/ru/kyrgyzstan/news/konkurs-na-prokhozhdenie-onlayn-kursa-genderno-chuvstvitelnaya-zhurnalistika

[137] 2020-жылдын 4-октябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун гендердик мониторингинин жыйынтыктары боюнча отчет / "Социалдык технологиялар агенттиги" КБ // URL: https://awli.kg/wp-content/uploads/2021/02/genmonelectjk2020.pdf

жоопкерчиликти жогорулатууга өбөлгө түзөт жана коомго ММКны өз иши үчүн жоопко тартууга чакырууга мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстанда Гендердик-этикалык кодекс иштелип чыккан, ал 2021-жылдын 12-ноябрында Бишкек шаарында өткөн “Медиадагы гендердик оптика” аймактык форумунда кабыл алынган. Форумга макулдашууга кол койгон аймактык медиалардын өкүлдөрү катышкан. Кодекс “Жарык нуру” демилгесинин алкагында БУУ-Аялдар менен биргеликте ММКларды колдоо борбору тарабынан уюштурулган ГСЖ боюнча алты айлык окуунун катышуучулары тарабынан иштелип чыккан.

Бул кодексти кабыл алган медиа уюмдар өз материалдарынын мазмунунда жана редакциялык саясатта гендердик теңчиликке умтулууга, ошондой эле гендердик стереотиптер менен күрөшүүгө милдеттүү. Кодекс Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына, өлкө кабыл алган эл аралык документтерге, Кыргыз Республикасынын журналисттеринин этика кодексине негизделген. Гендердик этика кодекси эки бөлүмдөн жана тогуз жободон турат.

### I. Башкаруу

— Медиа уюм гендердик теңчиликти илгерилетүү аркылуу гүлдөгөн жана адилеттүү коомду куруудагы өзүнүн ролун терең түшүнөт жана ошого жараша иш алып барат.
— Медиа уюм кадр саясатында, милдеттерди жана темаларды бөлүштүрүүдө гендердик басмырлоого жол бербейт.
— Медиауюм аялдар менен эркектер үчүн бирдей эмгек шарттарын, бирдей эмгек акы төлөөнү жана карьералык тепкич боюнча алдыга жылуу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү кепилдейт.
— Медиа уюм жыныстык асылууларды, куугунтуктоолорду жана жынысы боюнча басмырлоону алдын алуу боюнча комплекстүү чараларды көрөт. Эгерде кызматкерлерден даттануу келип түшсө, кылдат текшерүүдөн кийин адилеттүү чечим кабыл алынат.
— Медиа уюм эркектер жана аялдар үчүн жумушту үй-бүлө же башка турмуштук кырдаалдар менен айкалыштыруу боюнча бирдей ийкемдүү саясатты иштеп чыгат.
— Медиа уюм өз кызматкерлеринин гендердик аң-сезимин жана кесиптик көндүмдөрүн жогорулатууга умтулат.

## II. Мазмуну

— Медиа уюм материалдардын мазмунунда гендердик стереотиптерге жана басмырлоого жол бербейт жана дайыма гендердик теңчиликти сактоого умтулат. Журналист сексисттик кастыктан алыс болуп, гендердик сезимтал тилди колдонот.
— Журналист маалымат булагы катары, эксперт катары аялдар менен эркектерге бирдей мүмкүнчүлүк берет жана алардын ар бирин салттуу эмес ролдордо чагылдырууга аракет кылат.
— Гендердик зомбулук темасын чагылдырууда журналист зомбулукту башынан кечирген адамдын укуктарын жана кызыкчылыктарын биринчи орунга коет. Ал көйгөйдү жашоонун кадимки бөлүгү катары боёодон алыс болот.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **ММКны глобалдык мониторингдөө (GMMP) кайсы жылдан бери жүргүзүлүп келет?**
2. **Гендердик ажырымдын глобалдык индекси деген эмне? Анда Кыргызстан канчанчы орунду ээлейт?**
3. **Кыргызстандагы ММКларга гендердик мониторинг жүргүзүү боюнча кандай изилдөөлөр жүргүзүлгөн?**
4. **Кыргызстанда Гендердик этикалык кодекс качан кабыл алынган?**




ПРЕССА
ПРЕССА

## 4.3. Гендердик зомбулук жөнүндө темаларды кантип чагылдыруу керек?

Жакынкы убакка чейин гендердик зомбулук же аялга карата зомбулук жеке же үй-бүлөлүк маселе катары каралып келген. Бирок, акыркы жылдары бул көйгөйдү кабыл алууда өзгөрүү болду, бүгүнкү күндө гендердик зомбулук жалпы мамлекеттик көйгөй жана адам укуктарын бузуу болуп эсептелет. Аялдардын укугун коргоочу топтор гендердик зомбулук маселесин дайыма көтөрүп, бул маселе жеке адамдын же жеке үй-бүлөнүн жеке иши эмес, коомдук маселе катары каралышына жетишүүдө.

Гендердик зомбулукту башынан кечирген адамдар жөнүндө көптөгөн стереотиптер бар болсо да, мындай кырдаал ар бир аялда болушу мүмкүн. Бай жана кедей, билимдүү жана сабатсыз, үй-бүлөлүү жана жалгыз. ДССУнун баалоосу боюнча дүйнөдөгү ар бир бешинчи аял зомбулукка кабылган.

### Контекстти ачкыла

Журналист өзүнүн окурмандарына/аудиториясына кыздарга жана аялдарга карата зомбулук феноменин статистика, контекст жана анын системалуу мүнөзүн көрсөткөн маалымат түрүндө түшүнүүнүн ачкычын бериши керек. Сандык маалыматтар масштабдарды көрсөтүүгө мүмкүндүк берет, бирок аларды этияттык менен колдонуу керек. Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдар жана эксперттер менен интервью кырдаалды жакшыраак түшүндүрүүгө жана кыздарга жана аялдарга карата зомбулук түшүнүгүнө тигил же бул регионго же өлкөгө мүнөздүү көрүнүш катары түшүнүккө каршы турууга жардам берет. Контекстти ачуу “аялдарга карата зордук-зомбулук дайыма болуп келген, болуп жатат жана боло берет” же “эркектер табиятынан мачо жана муну менен эч нерсе кыла албайсың” деп эсептелген бул көрүнүшкө фаталисттик мамилени өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Гендердик же сексуалдык зомбулукту чагылдыруу өзүнчө, айрым учурларга гана көңүл буруп эмес, кыскача болсо да, окуяны толугу менен айтып берүүгө аракет кылуу керек. Бул кылмышкерлерди актоо үчүн эмес, аудиторияга маселени жакшыраак түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүү үчүн жасалат. Мындай маалымат көрүнүштүн маңызын жана анын кесептерин түшүнүүгө жардам берет. Зордук-зомбулук — экономикалык, социалдык жана саясий кырдаалдын натыйжасы болуп саналат жана бул

кырдаал талдоого муктаж. Мисалы, зордуктоо согуштун куралы катары колдонулган учурларда журналисттер көйгөйдүн тарыхый жана геосаясий контекстин ачып, аны гуманитардык укук көз карашынан көрсөтүшү керек. Эл аралык кылмыш соту ушул сыяктуу кылмыштар үчүн соттогон адам болгонбу? Кандай саясий шарттар зордук-зомбулукка ыңгайлуу шарт түздү? Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдар коомчулукка эмнени жеткиргиси келет?

Үй-бүлөдөгү адам өлтүрүүлөрдүн алдында дайыма зордук-зомбулук болот. Зомбулукка кабылган аял өнөктөшүнө наразы болдубу? Андай болсо, эмне үчүн ал корголгон жок? Укук коргоо органдары тарабынан каталар же шалаакылык болдубу? Ушундай кырдаалда гендердик зомбулукту башынан кечирген адамдарды колдоо ассоциациясы эмне кылууну сунуштайт?

Бир нече изилдөөлөрдө ММКларда колдонуудагы мыйзамдарды, анын ичинде Кылмыш-жаза кодексинин айрым беренелерин жана бул көрүнүшкө каршы күрөшүүнүн башка чараларын үзгүлтүксүз чагылдыруу тоскоол болуучу таасир берип, тиешелүү түрдө аялдарды коргой турганы белгиленген. Ошондой эле аудиторияга эл аралык укуктун тиешелүү жоболорун эскертип туруу керек. Мисалы, аялдарды майып кылуу менен операциялар/жыныстык органдарын алып салуу жана мажбурлап никеге туруу ар кандай эл аралык келишимдерде жана конвенцияларда бекитилген аялдардын жана кыздардын укуктарын бузуу болуп саналат. Жана теманы андан ары изилдөө үчүн практикалык маалыматтар (баш калкалоочу жайлардын даректери, юридикалык жардам жана коргоо ассоциациялары ж.б.) жана ресурстар (интернет шилтемелери, басылмалардын аталыштары ж. б.) менен бөлүшүү керек.

### Формулировкаларга кылдат мамиле кылгыла

Сөздөрдү жана формулировкаларды тандоого өзгөчө көңүл буруу керек, алар зыян келтириши мүмкүн. “Кумардын негизиндеги кылмыш” жана “аффективдүү абалда адам өлтүрүү” терминдеринен баш тартуу керек. Бул сөздөрдүн ордуна, тиешелүү кырдаалда мындай айтымдарды колдонуу керек: “турмуш-тиричилик себебинен өлтүрүү”. Аялдарга карата зомбулук маселелерин талкуулоодо колдонулган лексика нейтралдуу эмес. Тигил же бул сөздөр жана сөз айкаштары таарынычтуу жана ачуу болушу мүмкүн, зордук-зомбулуктун чындыгын жашырышы, басынтышы, шылдыңдашы жана көрсөтпөшү мүмкүн[138] .

[138] ММК жана аялдарга каршы зомбулук. Бул көрүнүштү ММКда кантип чагылдыруу керек? — Брюссель, 2018-ж. // URL: http://www.ajp.be/violencesfemmes-recommandations/

## Аталыштарга көңүл бургула

Макаланын аталышы — анын “жүзү”. Аталышы окурмандардын көңүлүн алар көңүл бурбашы мүмкүн болгон мазмунуна караганда көбүрөөк бурат. Социалдык тармактар да өзгөчө эмес: бул жерде алар мазмунга шилтемелерди кээде ачпастан жөнөтүшөт.

Бул дагы бир жолу туура аталыштар канчалык маанилүү экендигин көрсөтөт. Сенсациялуу же этиятсыз жазылган аталыштар олуттуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Аталышты жазууда журналисттер өздөрүнө бир нече жөнөкөй суроолорду бериши керек. Аталыш гендердик стереотиптерди бекемдебейби? Аталыш бир жагынан өтө эле тажатма болуп, экинчи жагынан жеке мүнөздөгү деталдарды ачыкка чыгарган жокпу? Аталыш зордук-зомбулукту башынан кечирген адамды кемсинткен жокпу? Бардык көңүл күнөөкөргө бурулган жокпу? Иллюстрацияларды тандоо да абдан маанилүү.

## Статистиканы жана изилдөөлөрдү талдоодо этият болгула

Адистердин баалоосу боюнча дүйнө калкынын канча пайызы жакын өнөктөшү (же мурунку өнөктөшү) тарабынан зомбулукка кабылган? Дүйнөдө бейтааныш адамдар тарабынан жасалган (өнөктөштөр эмес) физикалык жана сексуалдык зомбулукту башынан кечирген адамдар азбы же көппү? Жыл сайын канча “ар-намыс” кылмыштары, эрте никеге туруу жана өзүнө залал келтирүү/аялдардын жыныстык органдарын кесүү учурлары катталат?

Кандай гана тема болбосун журналисттер көп учурда статистикага шилтеме кылышат. Материалды гендердик зомбулуктун масштабын көрсөткөн статистикалык маалыматтар менен бекемдөө маанилүү. Көйгөй бул маселе боюнча ишенимдүү статистиканы алуу оңой эместигинде. Бул чөйрөдөгү изилдөөчүлөр методиканы катуу сактоо менен да, журналисттер көп учурда ушул сыяктуу кыйынчылыктарга туш болушат: респонденттерден жеке суроолорго чынчыл жоопторду кантип алууга болот, коомдук жоопко таасир этүүнү жана кээде саясий кысымдарды кантип жок кылуу керек? Изилдөөчүлөр маалыматты айтпай коюудан келип чыккан системалуу каталардан кантип сактанууну билишет, бирок аларга бардык калкты камтыган толук масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн каржылоо жетишпейт.

Гендердик маселелерди чагылдырууда журналисттер ЮНЕСКО[139] сунуштагандай гендердик статистиканы негиз кылып алышы керек жана эркектерге тиешелүү маалыматты аялдарга тиешелүү маалыматтан бөлүшү керек.

### Керексиз сенсациядан алыс болуп, чыныгы кырдаалды сүрөттөгүлө

Негизги милдет жасалган зомбулук, анын себептери жана жагдайлары жөнүндө кантип айтып берүүнү билүү. Бул окуя канчалык деталдуу болушу керек? Ага маектештердин сөздөрүн купюрасыз кошууга болобу? Деталдардын жетишсиздиги материалды маалыматсыз жана кызыксыз кылышы мүмкүн, ал эми ашыкча болсо, тескерисинче, аудиторияны таң калтырып, зыяндуу кызыгууну жаратышы мүмкүн. Ушул эки чектин ортосун табуу оңой эмес. Журналист дайыма тең салмактуулукту сактоосу зарыл, анткени таразанын бир табагында зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдардын укугу жана кадыр-баркы, экинчи табагында коомчулуктун кызыкчылыгы турат.

### Жашыруун камераларды жана башка “жашыруун” ыкмаларды колдонууну чектегиле

Күбөлөрдөн жана жабыр тарткандардан, аялдарга карата зордук-зомбулук сыяктуу сезимтал тема жөнүндө сөз болгондо маалымат алуудагы кыйынчылыктар журналисттерди “жашыруун” ыкмаларды колдонууга мажбурлашы мүмкүн. Мындай ыкмалардын арасында сырткы көрүнүшүн өзгөртүү, ишке киргизүү, жашыруун тартуу, телефон же интернет байланыштарын бузуу, журналисттик ишмердүүлүктү “маскировкалоо” же полицияга же өзүнө жардам берүү тобуна таандыктыгын имитациялоо кирет.

Этиканын эрежелери түшүнүктүү: чыныгы журналист “жаңылыктарды, сүрөттөрдү же документтерди алуу үчүн туура эмес ыкмаларды

[139] Кейтлин Дьюи. 10 ичинен 6 бул шилтемени окубай туруп бөлүшөт, дейт жаңы, көңүлдү чөгөргөн изилдөө, 2016-жылдын 16-июну. // URL: https://www.washingtonpost.com/news/the-intersect/wp/2016/06/16/six-in-10-of-you- will-share-this- link-without-reading-it-according-to-a-new-and-depressing-study/?noredirect=on&utm_ term=.3ca1298125c6; Жан-Поль Мартоз. Терроризм жана ММК. Журналисттер үчүн колдонмо / ЮНЕСКО, Париж, 2017-ж.// URL: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000247074; ММК үчүн гендердик индикаторлор: ММКнын ишинде жана материалдарында гендердик маселелерди эсепке алууну баалоо үчүн индикаторлор системасы / ЮНЕСКО, Париж, 2012-ж. // URL: http://www.unesco.org/new/en/communication-and- information/crosscutting-priorities/gender-and-media/gender-sensitive-indicators-for-media/

колдонбошу керек". 1972-жылы Стамбулда эл аралык журналисттер федерациясы тарабынан кабыл алынган журналисттердин укуктары жана милдеттери декларациясында ушундай деп айтылат. Бирок, айрым атактуу репортерлор да бул эрежелерди бузушкан. Мисалы, кийин La Prensa гезитинде жарыяланган материалдарды чогултуу үчүн 2011-жылы жана 2013-жылы Гондурастык журналист Сиомара Орейана башка мигранттар менен бирге Мексика аркылуу АКШга жетүү үчүн өзүн мигрант катары көрсөткөн.

Бирок, мындай ыкмалар өзгөчө бойдон калууга тийиш жана коом үчүн маанилүү маалыматты алуу үчүн талап кылынганда жана "чынчыл" ыкмалар түгөнгөндө гана колдонулушу керек. Мындай ыкмаларды "журналисттик постановкалар" же "чагымчыл журналистика" үчүн колдонууга болбойт. Провокатор журналисттер өздөрүнүн ким экендигин жашырып, жашыруун съемканы гана колдонбостон, интервью алып жаткан адамды ар тараптан провокациялоого жана "кармоого" аракет кылышат.

Журналисттер "жашыруун" ыкмаларды колдонуунун бардык кесепеттерин эске алып, журналистиканын "зыян келтирбе" деген негизги этикалык принциби катары жоопкерчиликти унутпашы керек. Мында купуялуулукка жана съемка кылууга байланыштуу башка эрежелер сакталууга тийиш. Демек, журналисттин алдында бир жагынан коомчулукка маалымат берүү, экинчи жагынан материалда айтылган адамдардын укуктарын бузбоо боюнча жөнөкөй эмес милдет турат.

### "Кызматтык журналистиканы" жана "чечимдер журналистикасын" машыктыргыла

ММКлар өз материалдарында зомбулукка каршы чараларга басым жасаган (жана, мисалы, зомбулукка каршы күрөшкөн же зомбулукту башынан кечирген адамдарга жардам берген атайын уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө айтып берген) учурда бул коомдогу кырдаалга оң таасирин тийгизет. Зордук-зомбулук окуялары жөнүндө жаңылыктар таасир этүү чараларына жана зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдарга уюмдар, жарандык коом, баш калкалоочу жайлар, адистештирилген соттор тарабынан социалдык-экономикалык колдоо көрсөтүү чараларына багытталган учурда мындай жаңылыктар аялдардын абалын жакшыртууга кызмат кылат. Мындай ыкма менен жасалган зордук-зомбулук үмүтсүз кырдаал катары каралбайт; тескерисинче, мындай материалдар чечимдердин жана коргонуу механизмдеринин бар экендигин көрсөтөт.

Ар бир макалада зордук-зомбулукту башынан кечирген аялдарга тез жардам кызматтарынын (полиция, ооруканалар, аялдар бирикмелери, адвокаттык уюмдар) байланыш маалыматтары берилип, коргоо жана жардам алуу үчүн эмне кылуу керектиги түшүндүрүлүшү керек, айрыкча полиция эч кандай чара көрбөсө. Ошондой эле гендердик зомбулукту алдын алуучу ассоциацияларды эскерүү пайдалуу. Мындай бирикмелердин иш-аракеттери жөнүндө маалымат али чече элек же алар менен байланыша албагандарга түрткү берет.

### Материалды даярдоого жетиштүү убакыт бөлгүлө

Кесиптин кыйынчылыктарынын бири болуп репортерлорго көбүнчө окуя болгон жерде иштөөгө убакыттын жетишсиздиги саналат. Журналист үчүн негизги муктаждыкты түзгөн убакыт акыркы убакта керемет нерседей болуп калды. Журналистке контекстти түшүнүүгө, кырдаалга сүңгүүгө  жана эң негизгиси зомбулукту башынан кечирген адам менен сүйлөшүүгө убакыт керек. Бул сапаттуу журналистиканын баасы. Эгерде маалыматтык себеп шашылыш болбосо (мисалы, тез арада кетүүнү талап кылган гуманитардык кризис эмес), журналисттерге алдыдагы тапшырмага кылдат даярдануу сунушталат. Бул окуя болгон жерде убакытты гана үнөмдөбөстөн, ошондой эле туура эмес пикирден жана башка каталардан сактайт.

### Маалымат балансын гендердик теңчиликтин пайдасына өзгөрткүлө

Макала жазуудан же аудиовизуалдык материал даярдоодон мурун, журналист аларды гендердик теңчиликти илгерилетүү үчүн кантип колдонсо болору жөнүндө ойлонушу керек. Жана бул феминисттик активдүүлүк эмес, жакшы журналисттик практика, анткени максаты аялдардын жаңылыктарда бирдей катышуусун камсыз кылуу. Буга чейин белгиленгендей, аялдар гезиттин, радионун же ТВ жаңылыктарынын 24 пайызында гана, ал эми интернет жаңылыктарында жана Твиттердеги билдирүүлөрдө 26 пайызында гана башкы каарман болушат. Ошондуктан гендердик тең салмактуулукту калыбына келтирүү жана аял эксперттерге жана бардык тармактардагы лидерлерге маалымат мейкиндигиндеги адилеттүү ордун кайтаруу үчүн максаттуу аракеттер керек.

Интервью алууда кандай стандарттарды сактоо керек жана журналисттер ката кетирбөө жана этиканы бузбоо үчүн өзүн кандай алып

жүрүшү керек? Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдардын укуктарын жана кадыр-баркын урматтоону, алардын коопсуздугун камсыз кылууну журналисттик милдетти — коомчулукка маалымдоону аткаруу менен кантип айкалыштырса болот?

Ар бир окуя бир маанилүү эмес экенин эстен чыгарбоо керек. Көпчүлүгү гендердик зомбулук “жеке” маселе, аны ачык талкуулоонун кереги жок деп эсептешет. Сырттагы адамдардын мындай “жеке” иштерге кийлигишип, аялга жасалган зордук-зомбулук жөнүндө сураганы да жакшы эмес деп эсептелет. Мындан тышкары, гендердик зомбулук кээде белгилүү бир жагдайларда эркектердин аялдарга карата жол берилген жана алгылыктуу мамилеси катары кабыл алынат. Гендердик зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдарды зомбулук көрсөткөндөр гана эмес, ошондой эле коомдун өзү да унчукпай коюуга мажбурлаган.

Коомдо мындай мамилеге жабыр тарткандар өздөрү күнөөлүү, алар зордук-зомбулукка себеп болгон бир нерсе жасашса керек деп эсептешет, эгер алар эмне болгонун айтууга батынса, аларга эч ким ишенбейт же жаңы зомбулук аракеттеринин коркунучу астында унчукпоого мажбурлашат.

Журналисттер чыныгы ысымдарды, жеке маалыматтарды жана/же жабырлануучулардын ким экендигин ачыкка чыгарган сүрөттөрдү колдонуудан алыс болушу керек. Зордук-зомбулуктан жабыр тарткан аялдарды коомдук айыптоонун предметине айландырбоо же гендердик зомбулукка байланыштуу кылмыштардын олуттуулугун төмөндөтүү үчүн мындай макалалар үчүн иллюстрацияларды өтө кылдаттык менен тандоо керек.

Чындыгында, окурмандарга кылмыштын маңызын түшүнүүгө жардам берүүнүн ордуна, мындай маалымат жабыр тарткандарга зыян келтирип, аларды ого бетер курмандыкка чалып, коомдогу калыбына келтирүү процессин татаалдаштырышы мүмкүн, бул сөзсүз түрдө аялдар алган психологиялык травманы күчөтөт.

Маселени чечүүнүн мүмкүн болгон варианты болуп бул темага арналган маалыматтык материалдарды үзгүлтүксүз жарыялоо, сот процесстерин, ошондой эле гендердик зомбулук менен күрөшүүгө багытталган ар кандай акцияларды жана иш-чараларды туура чагылдыруу саналат.

Көбүнчө зордуктоо, кол салуу жана киши өлтүрүү сыяктуу кылмыштарды курчап турган жымжырттык учурдагы абалдын сакталышына өбөлгө түзөт. Зордук-зомбулуктун кандай болбосун түрү акталбайт, эч кандай учурда динде, маданиятта же үрп-адаттарда ага негиз табууга азгырылбоо керек.

Маселе белгилүү бир маалымат берүү жолдорунун кесепеттерин жана интервью бергендер, жардам бергендер үчүн, ошондой эле журналисттердин өздөрү үчүн мүнөздүү болгон тобокелдиктерди аныктоодо. Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдар же күбөлөр жеке жашоосун урматтоого жана кол тийбестикке укуктуу, бирок биринчи кезекте алар коопсуздукка укуктуу. Журналисттер үчүн маектешкендердин жана алар менен иштегендердин жашоосун жана жыргалчылыгын коргоо үчүн билимин жана көндүмдөрүн өркүндөтүү маанилүү.

Көбүнчө аялдарга карата зомбулукка көңүл бурулбайт же анын кесепеттери минималдаштырылат. Бирок, изилдөөлөр көрсөткөндөй, зомбулукту башынан кечирген адамдар өмүр бою физикалык жана психологиялык ден соолук үчүн олуттуу кесепеттерге дуушар болушат. Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдар жана аларга колдоо көрсөткөндөр жөнүндө маалыматтарды жарыялоо менен байланышкан тобокелдиктер жөнүндө кабардар болуу журналисттин ар кандай ишинин контексттик алкагына кириши керек.

Жергиликтүү жана эл аралык аялдар уюмдары, коомдук уюмдар жана бирликтер, ошондой эле журналисттердин бирикмелери зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдардын алдында турган потенциалдуу тобокелдиктер, коркунучтар, ошондой эле маданий контекст жөнүндө баалуу маалымат булагы болуп саналат.

## Гендердик зомбулуктун ар кандай түрлөрүн чагылдыруудагы жалпы принциптер жана эрежелер

**Так формулировкаларды колдонуу.** Гендердик стереотиптерден алыс болуп, ушул темаларды чагылдырууда каймана маанидеги терминологияны колдонууга өзгөчө көңүл буруу керек. Зордуктоо эч качан секс же туруксуз “мамиле” дегенди билдирбейт. Үй-бүлөдөгү зомбулук жөн гана уруш эмес, бул юридикалык кесепеттерге алып келген зордук-зомбулук кылмышы. Кылмыштын укуктук алкагын эске алып, туура терминологияны колдонуу керек. Гендердик зомбулукка кабылган аялдардын өлүмүнө карата “кумардын негизиндеги кылмыш” терминин колдонууга жол берилбейт. Кумардын негизинде кылмыштар болбойт. Мүмкүн болушунча туура тилди колдонуп, көп учурда көз жаздымда калган зордук-зомбулук учурларын чагылдыруу керек.

**Гендердик зомбулук кылмыш экендигин так аңдап-түшүнүү.** Бул мыйзамсыз жүрүм-турум болгондуктан, аны алдын алуу жана жа-

залоо керек. Бул ошондой эле социалдык көйгөй, аялдардын жашоо укугуна, кадыр-баркына, физикалык жана психологиялык бүтүндүгүнө коркунуч келтирүү жана адам укуктарын коргоо маселеси. Сексуалдык зомбулук жана аялдарга карата зордук-зомбулук адам укуктарын бузуу катары гана эмес, ошондой эле тынчтык же согуш мезгилинде жасалганына карабастан адамзатка каршы кылмыш катары аныкталган.

“**Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамбы” же “жабырлануучубу”?** “Жабырлануучу” деген сөздү колдонуу башынан өткөн травманын кесепеттери жөнүндө маалыматтын бар экендигин билдирет жана аял алсыз болгонун жана алсыз экенин божомолдойт. Бул сөздүн өзү эле аялдын каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн, зомбулукту кадимки жана күтүлгөн көрүнүш катары кабыл албоо, жардам издөө жана аман калуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. “Зордук-зомбулукту башынан кечирген” деген сөздү колдонуу кол салуудан кийинки жашоону билдирет, анын жашоосундагы бир окуя боюнча аялды аныктабайт жана кырдаалды көзөмөлгө алууга жана келечекке байланыштуу чечимдерди кабыл алууга багытталган аялдын аракеттерин баса белгилөөгө жардам берет. Азап чеккенине карабастан, зордук-зомбулукка кабылган адам жашоосун улантып, эч нерсеге карабай бактылуулукка жана жыргалчылыкка умтулушу керек.

**Жеке жашоого жана сый-урматка байланыштуу маселелер.** Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдардын көбү окуяларды кайра айтып жатканда уялуу же күнөөнү же азапты сезишет. Журналист катары өзүн так аныктап, окуянын мазмунун түшүндүрүү керек; ишенимди калыптандыруу маанилүү. Интервью берген адамдарга айрым суроолорго жооп берүүдөн баш тартууга укугу бар экендигин жана колдоо үчүн башка бирөөнү алып келиши мүмкүн экендигин билдирүү керек. Мүмкүн болсо, журналист травманын кесепеттерин билген аял болушу керек. Мисалы, зордук-зомбулукту башынан кечирген аялдардын көбү болгон окуяны толук эстеп калбашы мүмкүн же абдан оор болсо, кээ бир окуяларды эстей албай калышы мүмкүн, анткени мээ мындай эскерүүлөрдү бөгөттөй алат. Анонимдүүлүккө кепилдик берүүдө аны сактоо жана жумуш же жайгашкан жер сыяктуу бардык аныктоочу элементтерди жашыруу зарыл.

**Агрессордун эмес, зомбулукту башынан кечирген адамдын купуялыгын сактоо.** Ким агрессор жана ким агрессияга дуушар бол-

гонун так көрсөтүңүз. Кандай түшүнүктөр жана кырдаалдын аспектилери аялдарды зордук-зомбулук мамилелеринде өздөрүнүн абалын түшүнүүгө жардам берүү үчүн тобокелге салганына көңүл буруңуз.

**Коопсуздук маселелери.** Айрым учурларда журналист менен баарлашуу аялды тобокелге салышы мүмкүн. Журналист адамдарга кайрылууда аларга кошумча коркунуч туудурушу мүмкүн экендигин аңдап түшүнүү керек. Кээде аялдын зордукталганын моюнга алуу аны үй-бүлөдөн кууп чыгууга, өч алууга, атүгүл өлүмгө алып келиши мүмкүн. Интервью жүргүзүү убактысын жана ордун тандоодо ушул тобокелдиктерди эстен чыгарбоо керек. Бул жаатта иш алып барган аялдар ӨЭУлары жана кризистик борборлор контекст жана мындай маалыматты ачыкка чыгарууга байланыштуу коркунучтар жөнүндө маалымат бере алышат. Мындан тышкары, сексуалдык зомбулук үй-бүлө мүчөлөрүнө, жамаатка жана күбөлөргө таасир этиши мүмкүн экендигин түшүнүү керек. Зордук-зомбулукка кабылган адамдын ысымын дайыма эле көрсөтүү мүмкүн эмес.

**Кырдаалды иликтөө.** Жалган маалымат көйгөйдү туура эмес изилдөөнүн натыйжасы болуп саналат. Мисалы, ММКларда көбүнчө “чоочун адамдан келип чыккан коркунучтарга” басым жасалат, мында сексуалдык зомбулуктун көбү аялга белгилүү адам тарабынан жасалат же үй-бүлөлүк зомбулук жалгыз көрүнүш катары каралат. Бул жаңылыштыктарга макаланын бекем жана далилдүү пайдубалын камсыз кылуу үчүн кырдаалды изилдөө аркылуу каршы чыгуу керек, аны аудиторияга чындык жөнүндө маалымдоо үчүн зарыл болгон контекстке коюу зарыл.

**Сексисттик көз караштарды жайылтууга көмөктөшпөө.** Болгон окуяда аялдын күнөөсү болушу мүмкүн экенине ишара кылбоо, аялдын ишмердүүлүгүн, кийинүү стилин же жүрүм-турумун чектеген кеңештерди бербөө. “Коргоосуз”, “азгырылган” жана “өлүмдөн да жаман тагдырга туш болгон” деген сыяктуу драмалык бурулуштарды колдонуудан алыс болуу керек, анткени алар, мисалы, ишенчээктик сыяктуу аялдар жөнүндөгү стереотиптерди колдойт. Аялдын болгон окуяга кандай реакция кылганына же ал кандай темпте калыбына келгенине карап тыянак чыгарбоо. Аялдар калыбына келе аларын жана стандарттуу эмес кырдаалга “нормалдуу” реакция деген түшүнүк жок экенин көрсөтүү маанилүү. Бардык жагынан аялдарга урмат көрсөтүү. Зордук-зомбулукту башынан кечирген аял жөнүндө эркелетүүчү ысымдарды же лакап ат-

тарды жана ушул сыяктуу сөздөрдү колдонуп, кемсинтүү менен айтууга болбойт.

**Шылтоолорду же “себептерди” издебөө (алкоголь, баңгизат, уруш-талаш, кызганыч, жубайлардын ажырашуусу, ишенимсиздик ж.б.), алар борбордук көйгөйдөн — зордук-зомбулуктан алаксытат.** Гендердик зомбулуктун себеби — кээ бир эркектер жетүүгө аракет кылган аялдардын үстүнөн көзөмөлдөө жана үстөмдүк. Зордук-зомбулукту актоодон алыс болуп, зомбулукту башынан кечирген адамга тилектештикти жана урмат көрсөтүү керек.

**Бүт окуяны айтып берүү, бирок акылдын чегинде. Кандуу деталдарды сүрөттөөгө көңүл бурдурбоо.** Окуяны расмий жана географиялык контекстте жайгаштыруу аял үчүн да маанилүү. Фактыларды, айрыкча расмий булактардан табуу керек. Тиражды көбөйтүү же жарнаманы тартуу үчүн зомбулук фактыларын чуулгандуу жол менен бербөө өтө маанилүү.

**Аялды окуяга чейин жашоосу болгон жана андан кийин да жашоосу уланып жаткан толук кандуу адам катары көрсөтүү.** Зордук-зомбулукту жеңүү окуяларына өзгөчө көңүл буруу керек, кыйынчылык жөнүндө айтууда жана ага каршы турууда чечкиндүү болгон адамдарды колдоо.

**Кылмышкерге көңүл буруу. Көбүнчө, кылмышкер макалада айтылбайт же кыйыр эскерилет.** Зордукталганына аялдар күнөөлүү эмес. Негизги ММКда зордукчулар же кол салгандар “желмогуздар” же “маньяктар” деп аталат, бул алар башка эркектерден көрүнүктүү айырмаланып турушат дегенди билдирет, бирок бул, албетте, андай эмес. Кылмыштын дагы бир категориясы — үй-бүлөлүк зомбулук, мында кылмышкер көбүнчө жазадан качат же кол салуунун кесепеттери минималдаштырылат.

**Макалага иллюстрация катары сүрөттөрдү тандоодо этият болуу.** Биринчи кезекте, зомбулукту башынан кечирген адамга жана алардын үй-бүлөлөрүнө сый-урмат көрсөтүлүшү керек. Сексизмден, сенсациядан жана уятсыздыктан алыс болуу зарыл. Эч качан алардан сүрөттөрдү же аудио материалдарды уурдабаш керек. Музыкалык фонду колдонууда үрөйдү учурган обондорду же “жинди сүйүү” же кызганыч

жөнүндө айтылган ырларды тандабоо керек.

**Зордук-зомбулукка кабылган аялдар жардам жана колдоо издеп кайрыла турган уюмдар жөнүндө маалымат берүү.** Репортаждар зомбулукту башынан кечирген адамдарга жардам берүү үчүн акысыз телефон номерлери, ошондой эле аларга керек болгон башка маалыматтар камтылышы керек. Бир сүйлөм өмүрдү сактап кала алат. Мындай сүйлөмдү кошуу жетиштүү: "Эгер сиз кризистик абалда болсоңуз, чалыңыз [жана телефон номерин берүү]". Мындай учурда, сиздин жаңылык материалыңызды окуп жаткан адамдар оор кырдаалга туш болсо, дароо жардам ала алышат.

**Ар кандай формадагы: психологиялык, экономикалык жана эмоционалдык зордук-зомбулукка каршы чыгуу менен темага болгон кызыгууну сактоо.** Аялдын өлтүрүлүшүн күтпөш керек. Окуянын уникалдуулугун жана мындай учурлардын ар бирине мүнөздүү элементтерди эске алуу менен окуяны айтып берүү керек. Бул "кайрадан" же "дагы бир учур" сыяктуу айтымдардан алыс болууга жардам берет, бул темага болгон сезимталдыкты начарлатат.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Гендердик зомбулук кылмыш болуп саналабы?**
2. **Гендердик зомбулукка кабылган аялдардын өлүмүнө карата “кумардын негизиндеги кылмыш” термини колдонулушу мүмкүнбү?**
3. **Кайсы термин дээрлик туура: “жабырлануучу” же “зомбулукту башынан кечирген адам”? Эмне үчүн?**
4. **Зордук-зомбулук актысынын ырайымсыз деталдарын сүрөттөө керекпи?**
5. **Зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдарга жардам көрсөткөн уюмдар тууралуу маалыматты окурмандарга эмне үчүн жеткирүү керек?**


&$!#%
ЯЗЫК НЕНАВИСТИ
САМА ВИНОВАТА
НЕИНКЛЮЗИВНЫЕ ТЕРМИНЫ

## 4.5. Гендердик сезимтал тил деген эмне?

Журналистикада эзелки каада-салттарга жана стереотиптерге негизделген баяндарды түзүүгө, салттуу маданий парадигмаларды улантууга жана бийликтеги тамырлашкан айырмачылыктарды бекемдөөгө умтулуу кеңири жайылган. Бул тенденция ММКнын материалдарында гендерди чагылдырууда өз ордун табат, мында коомдун заманбап динамикасы көп учурда бурмаланып чагылдырылат. Мындай берүүдө көбүнчө заманбап гендердик иденттүүлүктүн жана мамилелердин бардык нюанстары эске алынбай, чындыктын толук эмес, кээде туура эмес чагылдырылышына алып келет.

Кесиптик этиканын эрежелерин сактоо тилдин таасиринин деңгээлин терең түшүнүүнү, жоопкерчиликтүү журналистиканын негизин түзгөн негизги принциптерди түшүнүүнү талап кылат.

Бул милдет оңой эмес, анткени лексиконго кирген сөздөрдүн жана айтымдардын көптүгү тамырлаган теңсиздикти бекемдейт жана зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдарга карата коомдун мамилесин жана реакциясын өзгөртүүдө прогресске тоскоол болот. Милдет теңсиздикти колдогон тилдик конструкцияларды, клишелерди, шаблондорду жок кылууда. Ушундай жол менен коомдук кабылдоодо жана зомбулукту башынан кечирген адамдарга карата мамиледе олуттуу өзгөрүүлөргө жол ачылат. Тилдеги бийликтин дисбалансын таануу жана аны жоюу коомдогу чыныгы өзгөрүүлөргө жана жабыр тарткандардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Гендердик зомбулукка байланыштуу дискурста кеңири жайылган жаңылыш түшүнүктөр көбүнчө адаштыруучу гана эмес, ошондой эле терең көйгөйлөрдү жараткан сөздөрдө да байкалат. Мисалы, сексуалдык зомбулукту сексуалдуулук чөйрөсүнө туура эмес байланыштыруу эки тараптын макулдугу боюнча сексуалдык өз ара аракеттенүү менен эч кандай мыйзамдуу байланышы жок зордук-зомбулук актысы жана үстөмдүк катары анын чыныгы табиятын жашырат. Мындан тышкары, “ал зордукталганына өзү күнөөлүү” же “ал ага өзү түрткү берген” деген сыяктуу зордук-зомбулукту башынан кечирген адамдардын өздөрүн күнөөлөгөн сөздөр виктимблеймингди улантат, кылмышкерлердин күнөөсүн алып салуу менен зордук-зомбулукка кабылгандарды ого бетер курмандыкка чалат. Мындан тышкары, кылмышкерлерди нормалдуу эмес же коомдук нормалардан четтеген катары сүрөттөгөн формулировкалар кылмышкерлер көбүнчө көнүмүш социалдык чөйрөлөрдө

аракеттенерин моюнга албайт жана гендердик зомбулукту “нормалдуу эмес” адамдар гана жасайт деген жаңылыш түшүнүктү бекемдейт. Мындай доомattarга сын көз менен кароо жана талашуу керек.

Аталган принциптерди жана эрежелерди сактоо менен журналисттер жана укук коргоочулар гендердик зомбулук маселесин объективдүү жана боорукердик менен талкуулоого көмөктөшүп, жоопкерчилик, тилектештик маданиятын калыптандырууга жана коомдук маанилүү өзгөрүүлөргө көмөктөшө алышат.

Гендердик туура лексика бардык жыныстагы адамдарды бирдей урматтоону жана кадыр-баркын камсыз кылуу боюнча фундаменталдык жактоочулукту камтыйт. Бул аялдарга да, эркектерге да мүнөздүү болгон кадыр-баркты жана баалуулукту төмөндөтүүчү же кемсинткен терминдерден жана сөздөрдөн аң-сезимдүү алыс болууну билдирет. Бардык жыныстардын теңдигин тааныган жана тастыктаган тилди колдонуу менен биз тамырлашкан стереотиптерге жана жаңылыш пикирлерге каршы турбастан, ошондой эле инклюзивдүү жана урмат көрсөткөн дискурсту түзөбүз.

### Жазууда жана сүйлөөдө гендердик корректтүү формаларды колдонуу боюнча сунуштар

— Сүйлөмдөгү сөздөрдүн тартибин аялдар да, эркектер да дайыма биринчи орунда турбагандай кылып өзгөрткүлө. Эркектер “эркектер жана аялдар”, “эркек балдар жана кыздар”, “эркек жана аял” сыяктуу сөз айкаштарында дайыма биринчи орунга коюлганда — аялдарды анча маанилүү эмес нерсе катары эстегендей таасир калтырат. Кунт коюп окуган окурмандар бул колдонмонун текстинде бул сөз айкаштары кезектешип жатканынан көңүл бурушат.
— Аялды бирөөнүн аялы, энеси же эжеси/карындашы катары эмес, инсан катары сүрөттөгүлө — контекст талап кылган учурларды же эркектер ушундай сүрөттөлгөн учурларды кошпогондо.
— Силер айтып жаткан адамдардын жынысына карата ар кандай сөздөрдү колдонгонго аракет кылгыла (студент — студент кыз), алар көбүнчө феминитивдер деп аталат.
— Ошол эле учурда аялдын статусун төмөндөткөн жана эки маанилүү образ жараткан (мисалы, катчы аял, дарыгер аял ж.б.) “аялдык” суффикстерден алыс болгула. Мындай учурларда эркектер жана аялдар үчүн жалпы терминдерди колдонгула (катчы). Сөз болуп жаткан адамдын жынысын көрсөтүү ар кандай жолдор менен жасалышы

мүмкүн: этиш формасында (депутат белгиледи) же сын атооч формасында (кыргызстандык социолог Асанова эсептейт…).
— Эгерде эркектер “эркек” деп гана аталса, репортаждардын тексттеринде аялдарга “кыздар” же “айымдар” деген сыяктуу кайрылууларды колдонбогула.
— Жыныстык таандыктыгын көрсөтүү зарыл болгон учурларды кошпогондо, “юрист аял”, “айдоочу аял” же “министр аял” сыяктуу сөз айкаштарын колдонбогула. Эркектерге карата да ушундай нерселерден алыс болгула, мисалы “эркек мугалим”.
— Баалоочу сын атоочторду же “чыргоо аял”, “туталанма аял”, “жинди аял”, “жумшак аял”, “эркек сымал аял” ж.б. сыяктуу стереотиптик маанидеги сөздөрдү колдонууга жол бербегиле.

**Текшерүү үчүн суроолор**

1. **Гендердик сезимтал тил окурмандардын жана аудиториянын кабылдоосуна кандай таасир этиши мүмкүн?**
2. **“Төрага” кызмат ордунун аталышы канчалык туура?**
3. **“Виктимблейминг” деген эмне?**
4. **“Феминитивдер” деген эмне? Кайсы учурларда аларды колдонуу туура болот?**
5. **Кандай учурларда “юрист аял” “айдоочу аял” же “министр аял” сыяктуу сөз айкаштарын колдонсо болот?**


ПРАКТИКУМ

## V. ПРАКТИКУМ: Инклюзивдүү гендердик сезимтал журналистика

Бул колдонмодо айтылгандардын бардыгын ММКдагы реалдуу билдирүүлөрдү талдоо үчүн колдонсо болот. Колдонмонун автор-түзүүчүлөрү билдирүүлөрү аналитикалык талдоонун предмети болгон авторлордун түшүнүүсүнө үмүттөнүшөт. Бул инклюзия, гендердик теңчилик жана зордук-зомбулуктун ар кандай аспектилерин чагылдырууда журналисттерде пайда болгон көйгөйлөрдү ойлоп табылган эмес, реалдуу ММКдагы конкреттүү билдирүүлөр менен көрсөтүү үчүн гана жасалды.

Жалпысынан гендердик сезимтал чагылдыруу жөнүндө сөз болгондо, бул зордук-зомбулук темасына байланыштуу материалдар жөнүндө гана эмес экендигин так түшүнүү керек. Журналисттер аялдар туш болгон башка көйгөйлөрдү чагылдырып, алардын ийгиликке жеткен окуялары жөнүндө айтып бериши керек. Эгер силер аял жөнүндө макала үчүн окуяны же сюжетти кайдан табууну билбесеңер, анда буга чейин белгиленгендей, гендердик статистика жардам берет. Маалыматтарды талдоо кырдаалды ар тараптан кароого жана гендердик теңсиздик темасын толук ачууга мүмкүндүк берет.

Адамзаттын жарымы аялдар болгонуна карабастан, алардын укуктары дагы да болсо дүйнө жүзү боюнча чектелет жана гендердик теңчиликке жетүүгө али көп бар. Айрым эсептөөлөр боюнча бул 80 жылдан 100 жылга чейин убакыт талап кылышы мүмкүн[140]. Көйгөй ошондой эле COVID-19 пандемиясы бизди бир топ артка кайтарганында: эксперттер гендердик теңсиздиктин көрүнүштөрү күчөп, пандемиядан келип чыккан экономикалык кризис аялдарга көбүрөөк таасирин тийгизди деген пикирди айтышат[141]. Ошондуктан гендердик стереотиптерди ачыкка чыгарган жана гендердик теңсиздикке каршы чыккан материалдар тез-тез жарыяланып турушу керек.

Бирок, заманбап медиа басылмаларда гендердик зомбулукка басым жасалып, алардын авторлору мындай сезимтал темаларды чагылдырууда кээ бир жалпы каталарды кетирип жаткандыктан, практикумдун биринчи бөлүгү ушул темага арналат. Атап айтканда, аялды никеге турууга мажбурлаган учурлар, үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулук, майыптыгы

[140] Сара Гордон. Эксперттер 10 жылдан бери биринчи жолу гендердик теңсиздиктин көбөйгөнүн катташты / «Ведомости» газити. — 03.11.2017-ж. // URL: https://www.vedomosti.ru/economics/articles/2017/11/03/740456-uvelichenie-gendernogo-neravenstva

[141] Ирина Шелудкова. Пандемияда гендердик теңсиздик күч алууда / Euro news. — 07.03.2021-ж. // URL: https://ru.euronews.com/business/2021/03/07/women-suffer-the-most-during-pandemic



бар адамдарга жана жашы жете электерге карата гендердик зомбулук.

## 5.1. Гендердик зомбулук темасындагы басылмаларды талдайбыз

Гендердик зомбулук темасындагы басылмалардын эки башка түрү бар экендиги көңүлдү бурат:

1. укук коргоо органдарынын басма сөз кызматтарынан расмий билдирүүлөр;
2. көз карандысыз медиа өндүрүүчүлөрдүн аналитикалык же тергөөчүлүк материалдары.

"Аялды никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн аялды ала качуу же никеге турууга тоскоолдук кылуу" сыяктуу КР Кылмыш-жаза кодексинин 175-бер. (2-пункт: Аялдын эркине каршы никеге туруу үчүн аны ала качуу).

**Биринчи мисал-кырсыктардын расмий жыйындысынан.**

№ 1 мисал

**Ошто үйлөнүү максатында 15 жаштагы кызды ала качкан төрт жигит кармалды**[142]**.**

19/10/22 15: 16 ОКУЯЛАР

Бишкек, 19.10.22. / Индира Камчыбекова - Кабар/ Ак-Буура бөлүмүнүн кызматкерлери 15 жаштагы кызды никеге туруу максатында ала качканы үчүн төрт жигит кармалды, деп билдирет Ош шаардык ички иштер башкармалыгы.

Белгиленгендей, алардын бардыгы 48 саатка убактылуу кармоочу жайга камалган.

18-октябрда саат 22: 00дө Масалиев жана Зайнабединов көчөлөрүнүн кесилишинде шаардын тургуну, 2007-жылы туулган кыз уурдалганы аныкталган.

Кылмыштын жүрүшүндө үйлөнүүнү каалаган Р. уулу У. жана анын 1985-жылы туулган О. Т., 1986-жылы туулган С. З. жана 1985-жылы туулган М. У. аттуу үч досу кармалган.

Аталган факты боюнча КР Кылмыш-жаза кодексинин 197-беренеси боюнча кылмыш иши козголуп, тергөө иштери башталды.

Шектүүлөрдүн тыюу салуучу чарасы сот тарабынан 20-октябрда кабыл алынат.

Милиция ала качуу (кыз ала качуу) салт эмес, кылмыш экенин эскертти.

[142] Индира Камчыбекова. Ошто үйлөнүү максатында 15 жаштагы кызды ала качкан төрт жигит кармалды / Kabar. — 19.10.2022-ж. // URL: https://kabar.kg/news/v-oshe-zaderzhany-chetvero-parnei-za-pokhishchenie-15-letnii-devochki-v-tceliakh-zhenit-by/

## Билдирүүнүн текстин талдоо

— Аталышы туура эмес. Билдирүүнүн текстинде жашы жете элек кызга карата кылмыш, зомбулук (физикалык, психологиялык) тууралуу сөз болууда. Автор ала качуучу аракетин аң-сезимсиз "үйлөнүү максатында" деген жашыруун билдирүүнү камтыган сөздөр менен актайт.
— "Үйлөнгүсү келген адам" деген сөз нике чечими эркектин өзгөчө укугу деген ойду жаратат, нике союзу жөнүндө чечимде эки тарап тең ыктыярдуу жана аң-сезимдүү катышышы керек.
— Уурдалган 15 жаштагы кыз жашы жете элек өспүрүм жана мектеп окуучусу экени эч жерде айтылган эмес.
— "Төрт жигит" деген сөз айкашы барымтачылардын образын романтикалаштырып, кылмышкерлердин жоругунун жашын билдирет, бирок булар толук бойго жеткен эркектер: 27, 36 жана 37 жаштагы.
— Кырдаал сейрек болуучу окуя катары берилген, контекст сүрөттөлгөн эмес, мындай кылмыштар Кыргызстанда көп жасалат.
— Материал коомдук жайда зомбулук болгон учур жөнүндө ИИБнын расмий билдирүүсү (Ош шаарынын ИИБнын пресс-релизи) түрүндө жарыялангандыктан, материалда келечекте мындай кылмышты алдын алуу жана зомбулуктун бул түрүнөн жабыркаган адамдарга практикалык жардам көрсөтүү үчүн алдын алуу чараларын көрүү мүмкүнчүлүгү колдон чыгарылган. Колдоону кайдан табууга боло тургандыгы тууралуу маалымат көрсөтүлгөн эмес: ишеним телефону, социалдык борборлордун, психологдордун байланыш маалыматтары.

**Тыянак.** Бул билдирүүнү талдоо гендердик жактан туура эмес деп аныктоого мүмкүндүк берет.

## Экинчи мисал — көйгөйдүн себептерин жана анын кесепеттерин талдоо аракети[143].

№ 2 мисал

Ала качуу (Кыздарды ала качуу) — макул же каршы?

“Кыргыздардын жек көрүлгөн улуттук каада-салттарынын, айрыкча кыздардын арасында жек көргөндөрдүн бири— бул “ала качуу” (“кыз ала качуу”). Кимден сураба, дээрлик бардыгы жапайылык деп жооп беришет. Ал эми көптөгөн жигиттер: “Бул салт!» <...> дешет

<...> Уурдалгандардын баары бактысыз болуп калды деп айтууга болбойт. Бул салттын аркасында көптөгөн бактылуу никелер бар.

Жөнөкөй мисал. Жогорку билимдүү, ал тургай эки жогорку билим алган, шаардык кыз. Өмүр бою шаарда, ыңгайлуу шарттарда жашап өскөн. Ал 27 жашта. Бойдок. Биздин түшүнүктөр боюнча ал карып калган! Үйдө баары айтышат: “Турмушка чык, сен “кара далы болуп калдың”. Ал эми кыз иштейт, эч кимге тийишпейт, өз жашоосу үчүн өзү акча табат, бирок ага дайыма жемелегендиктен атасынын үйүндө болуу ыңгайсыз. Татыктуу адам жок болгондуктан, күйөөгө тийүү мүмкүн болбой жатат. Бир күнү аны көптөн бери аны сүйүп жүргөн классташы ала качып кетет, ал дагы көпкө чейин үйлөнбөй жүргөн. Аны жумушта болгон кезде түз эле айылга ала качып кетет. Бүттү! Аягы жакшы болгон окуя. Ал үй жаныбарлары менен аралашып, ага эки бала төрөп берди жана анын айтымында, абдан бактылуу. Эң негизгиси күйөөсү аны жакшы көрөт. Демек, бул салт кимдир бирөөнү бактылуу кылат экен.

### Билдирүүнүн текстин талдоо

— Автор сүрөттөлүп жаткан көрүнүшкө карата туура эмес терминдерди колдонот: “кыз ала качуу”. Белгилүү болгондой, бул кылмыш жоопкерчилигинин юридикалык аныктамасы “аялды анын эркине каршы никеге туруу үчүн уурдоо”.

— Автор башынан эле бул кылмышты салттардын катарына кошкон. Салттуу кыргыз коомунда мындай жол менен никеге туруу эч кандай норма эмес, тескерисинче, эрежеден тышкары экенин, күйөө баланын финансылык жактан кудуретсиздигинин көрсөткүчү катары айыпталып келгендигин тастыктаган изилдөөлөр, анын ичинде Кыргызстан боюнча да изилдөөлөр бар болсо да[144].

— Макалада “колониалдык” тил колдонулат: бул практика кеңири жайылган бир катар аймактар (“Кавказда, Кыргызстанда, Казакстанда,

[143] Ала качуу (кыздарды ала качуу) — макул же каршы? / Limon.kg. // URL: https://limon.kg/news:14221

[144] Кыргыздарда кыз ала качуу дайыма кылмыш деп эсептелип келген / manas.news. — 2024-ж. 13-апрели // URL: https://manas.news/analytics/krazha-nevest-u-kyrgyzov-vsegda-schitalas-prestupleniem/

Эфиопияда, Руандада жана башка өлкөлөрдө”) саналып өткөн. Ошол эле учурда автор: “Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө бул кылмыш жана никенин мыйзамсыз түрү деп эсептелет”, - деп белгилейт. Бул Кыргызстанда кылмыш деп эсептелбегендей таасир калтырат.

— Бул таасирди иш-аракеттердин, ырым-жырымдардын жана ошол эле учурда айтылган сөздөрдүн деталдуу сүрөттөлүшү күчөтөт, бул кылмыштын жагдайларын түстүү ырым-жырым катары көрсөтөт.
— Автор кылмышкерге ачыктан-ачык боору ооруйт: “кызды ала качуунун күйөө бала үчүн пайдасы бул учурда кыздын ата-энесине калың төлөбөгөнүндө... Бирок, кээде төлөш керек болот. Пландаштырылгандан да көп. Айрыкча, уурдалган кызы үй-бүлөсүнүн сүйүктүүсү болуп калса. Ошондо күйөө баланын абалы суктанаарлык болбойт”.
— Билдирүү “аягы жакшы болгон” окуя менен аяктап, “Бул салт кимдир бирөөнү баары бир бактылуу кылат экен” деген сөздөр менен аяктайт, бирок бул окуянын реалдуу жагдайлары белгисиз.
— Макалага иллюстрация катары советтик белгилүү “Кавказ туткуну” кинокомедиясынын кадрлары колдонулат, бул маселенин олуттуу эместиги, атүгүл күлкүлүүлүгү тууралуу таасирди ого бетер күчөтөт.

**Тыянак.** Бул билдирүүнү талдоо гендердик жактан туура эмес деп аныктоого мүмкүндүк берет.

Ошентип, бул көйгөйдүн биздин коом үчүн маанилүүлүгүнө карабастан, ММКларды талдоо кыздын макулдугусуз никеге туруу максатында кыздарды ала качуу темасына арналган материалдардын көпчүлүгү маалыматтык мүнөзгө ээ экенин көрсөтүүдө. Дээрлик бардык жаңылыктарда мамлекеттик органдар (мисалы, ИИМ) маалыматтын жалгыз булагы болуп саналат, алар бир катар милициялык жыйынды маалыматтарда (пресс-релиздерде) же отчеттордо жабыркагандарды айыптаган (виктимблейминг) жана кылмышкерди актаган сөздөргө жол беришет. Мындан тышкары, материалдарга иллюстрация катары жабыр тарткандарды алсыз жана коргоосуз көрсөтүп, стереотиптерди бекемдешет[145] .

Биздин коом мындай мамилеге жана консолидацияга канчалык туруштук бере алары убакыттын өтүшү менен айкын болот. Бирок, азыртадан эле никеге туруу үчүн 2018-жылдын 27-майында ала качуунун курмандыгы болгон Бурулай Турдаалы кызынын өлүмүнө алып келген

[145] Чүй облусунун ШИИБ: Кемин районунда ала качуу фактысы тастыкталган жок (сүрөт булагы: vb.kg) // URL: https://www.for.kg/news-769269-ru.html; Кызды уурдоо жана тазалыкты текшерүү. Борбор Азия элдеринин эчакта эле арылуу керек болгон салттары // URL: https://asiaplustj.info/ru/news/central-asia/20230226/krazha-nevesti-i-proverka-na-tselomudrennost-traditsii-narodov-tsa-ot-kotorih-davno-pora-izbavitsya

коркунучтуу окуядан улам айрым тыянактар чыгарылган. Кыз ала качкан адам менен Чүй ОИИБдин имаратында жалгыз калтырылгандыктан, ал кызды бычактап, жаракаттардан улам ал каза болгон. Бул темада билдирүүлөр көп болгондуктан, бардыгын мисал катары берүү мүмкүн эмес. Интернетте ар түрдүү аталыштагы билдирүүлөр абдан көп болгон:

— *“20 жаштагы Бурулай турмушка чыгуудан баш тартканы үчүн милиция бөлүмүндө өмүрүнөн ажыратылды”;*
— *“Бизди Кечир, Бурулай ... Соцтармактын колдонуучулары кыздын өлтүрүлүшүнө нааразы”;*
— *“Биз — аялдардын укугу үчүн! Бишкекте Бурулайдын өлүмүнө арналган митинг өтөт”;*
— *“Бурулайдын атасынын үмүтү үзлдү: Кыргызстанда баарын акча чечеби?”;*
— *“Бурулайдын өлтүрүлүшү. Милиционерлердин ар бирине 260 миң сом айып салынды, инспекторлор акталды”;*
— *“Бурулайдын иши: Сот үч милиционерге айып салып, экөөнү актады”;*
— *“Бурулайдын өлүмүнө жол берген милиционерлерди кантип жазалашты - соттун өкүмү”;*
— *“ИИМдин жетекчилиги милиция бөлүмүндө өлтүрүлгөн Бурулайдын ата-энесинен кечирим сурады”;*
— *“19 жаштагы Бурулайдын өлүмү үчүн областтык ИИБ башчысы жана анын орун басарлары кызматтан алынды”;*
— *“Бурулай жок жыл. Кыргызстанда кыз ала качуу салты жөнүндө эмнеге кыз өлтүрүлгөндөн кийин айтыла баштады”;*
— *“Бурулайдын окуясы кыргызстандыктар үчүн сабак болду”.*

Коомчулукту милициянын аракетсиздигинен, кесипкөйлүгүнүн жоктугунан болгон кылмыш адилеттүү нааразы кылды: мамлекеттик имараттын ичинде Бурулай аттуу жаш кыз мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. ММКлар сот процесси кандай жүрүп жатканын, кандай жаза чаралары көрүлгөнүн активдүү көзөмөлдөп жатышты. Бир гана агенттик Бурулай жана ала качкандар менен унааны токтоткон автоинспекторду, тез жардам чакырып, бирок медицина кызматкерлерин күтпөй, Бурулайды өзү ооруканага алып кеткенин бир абзац менен белгилеген.

№ 3 мисал

Бурулайдын иши боюнча сот - автоинспектор кызды өлтүргөн учур тууралуу айтып берди[146]

Биринчи көрсөтмөнү Бурулай жана ала качкандар менен унааны токтоткон автоинспектор берген: "Унаасында Бурулай болгон Марс менен Ахмат кармалгандан кийин мен аларды Жайыл райондук ички иштер бөлүмүнө алып бардым. Ал жерде документтерди толтуруп жаткан учурда Бурулайга туугандарына телефон чалыш үчүн телефонумду бердим. Бир аздан кийин ызы-чууну угуп, Бурулай отурган кабинетти көздөй чуркадым. Көрсө, Марс ал жакка кирип, эшикти ичинен бекитип койгон экен".

Автоинспектордун айтымында, РИИБдин кызматкерлеринин бири эшикти каккылап, ачууну талап кылып, эшикти талкалайм деп коркуткан. Андан кийин ызы-чуу жана сынган айнектин үнү угулду. Ошондон кийин кимдир бирөө эшикти талкалап, кабинетке киргенде милиционерлер Бурулай менен Марстын кан жалап жатканын көрүшкөн.

Күбө тез жардам чакырганын, бирок медицина кызматкерлерин күтпөстөн, Бурулайды өзү ооруканага алып барганын кошумчалады.

Бул каармандын окуясы бул кайгылуу окуяда эсте каларлык журналисттик материалдардын бири болуп, экинчи тарабын — өлкөдөгү тартипти коргоого чакырылган адамдардын арасында үмүт арта турган адамдардын бар экенин көрсөтүүдө.

Бул иш адилеттүү түрдө коомчулуктун чоң нааразычылыгын жаратты. Коомчулуктун, биринчи кезекте журналисттердин активдүү позициясы аялды анын эркине каршы никеге туруу үчүн ала качуунун уланып жаткан практикасына кызыгуунун жана кыжырдануунун жаңы толкунун жаратты.

Өлкө боюнча акциялар өтүп, маалыматтык кампания, анын ичинде инновациялык формаларды жана ыкмаларды колдонуу менен ишке ашырылды. Мисалы, "Ачык линия" коомдук фонду тарабынан хакатондун жүрүшүндө смартфондор үчүн "Куткаруучу тегерек" аттуу атайын мобилдик тиркеме иштелип чыккан. "Аялдарга жардам берүү борбору" коомдук уюму Бурулайдын элесине арналган стрит-арт өткөрдү жана 2018-жылдагы "Зомбулуксуз 16 күн" улуттук кампаниясынын башталышы болду. Кампаниянын алкагында үй-бүлөлүк зомбулук, мажбурлап никеге туруу

[146] Бурулайдын иши боюнча сот – автоинспектор кызды өлтүргөн учур тууралуу айтып берди / Sputnik Кыргызстан. — 17.10.2018-ж. // URL: https://ru.sputnik.kg/incidents/20181017/1041586304/avtoinspektor-ubijstvo-burulaj-sud.html

жана эрте никеге туруу темасындагы баннерлер иштелип чыгып, шаарлардын көчөлөрүндө жайгаштырылган.

КР БИМ жана КР ИИМ ӨЭУ жана эл аралык уюмдар менен өнөктөштүктө кесиптик лицейлерде, жогорку окуу жайларда лекцияларды өткөрүштү. КТРКда жана башка телеканалдарда, анын ичинде аймактык телеканалдарда атайын көрсөтүүлөр, ошондой эле “Ала качуу (кыз ала качуу)” тасмасы жана популярдуу аткаруучунун аткаруусундагы “Кыз кадыры” тематикалык ырынын клиби көрсөтүлдү.

Бул окуядан кийин ИИМ кызматтык иликтөө жүргүздү. Анын жыйынтыгында ИИОнун 23 кызматкери жазаланды, алардын ичинен 5 кызматкер иштен бошотулду, 8 кызматкер ээлеген кызматынан бошотулду, 7 кызматкер толук эмес кызматка ылайык келери жарыяланды, калгандары тартип жаза түрүндө жазаларын алышты. Областтын ИИБ башчысы, анын орун басарлары, РИИБ башчысы жана бир катар милиционерлер кызматтан алынды. Бул иш жасалган кылмыш үчүн жазанын ачык прецеденти болгон.

Жаңы мыйзамдар күчүнө кирди. Кылмыш-жаза мыйзамдарына өзгөртүүлөр 2016-жылы киргизилген, бирок өзгөртүүлөр 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген, анын ичинде:

— аялдын эркине каршы никеге туруу үчүн ала качуу боюнча КР Кылмыш-жаза кодексинин беренеси боюнча мөөнөт узартылды;
— бардык күбөлөр мыйзам алдында жоопко тартылышат;
— бул кылмышка күбө болгон ар бир адам ал жөнүндө билдире алат;
— бул берене боюнча иштер жабыркагандардын кайчылаш арызы боюнча жабылбайт.

Бул өзгөрүүлөрдүн баары кыздын трагедиялуу өлүмүнөн кийин ишке ашканы өкүнүчтүү. Коомчулуктун, анын ичинде кесипкөй журналисттик коомчулуктун реакциясы Бурулайдын өлүмү курулай болгон жок деген үмүт берет.

ММКда көп чагылдырылган темалардын дагы бири-үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулук.

№ 4 мисал

**Бишкекке жакын жерде күйөөсү кызганычтан улам аялын сабап, кескилеп салган. Абайлаңыз, сүрөт![147]**

Шаршемби, 2023-ж. 20-сентябры 14: 51. ОКУЯЛАР

Айрым маалыматтар боюнча ал аялынын кулагы менен мурдун кесип салган.

Бишкекке жакын жайгашкан Селекция айылында 39 жаштагы эркек киши кызганычтан улам аялын сабап, кескилеп салган. Бул тууралуу маалымат социалдык тармактарда пайда болгон.

36 жаштагы аял азыр оор абалда реанимацияда жатат. Айрым маалыматтар боюнча үй-бүлөлүк заалым аялын түнү бою кыйнап, аялынын кулагы менен мурдун кесип салган.

Чүй облусттук ИИМ бул факты боюнча КР Кылмыш-жаза кодексинин "Ден соолукка оор залал келтирүү" беренеси боюнча кылмыш иши козголгонун билдирди.

Шектүү адам кармалды. Милициянын маалыматы боюнча ал мурда соттолгон жана сыноо мөөнөтүндө.

Кошуналарынын айтымында, ал киши буга чейин да жубайын бир нече жолу сабап, кыйнаган. Ал милицияны чакырган, бирок заалымды кое беришкен.

Ошол түнү да аял милицияга телефон чалган, бирок укук коргоочулар кеч келген.

## Билдирүүнүн текстин талдоо

— Аталышы туура эмес, анткени ал чындыкка дал келбейт: кылмышты күйөөсү жасаганы баса белгиленет, ал эми чындыгында кылмышты мурунку күйөөсү, чоочун эркек жасаган.
— Материалда "курмандык" деген стигма сөз колдонулат.
— Автор шектүү адамдын аракеттерин "кызганычтан улам" деген сөздөрдү колдонуу менен актайт, гендердик зомбулук болгон учурда анын себептери эч кандай шылтоо боло албайт, анткени муну менен зордук-зомбулук үчүн жоопкерчилик жабырлануучуга жүктөлөт (виктимблеймингдин мисалы).
— Бул укук коргоо органдарынын шалаакылыгынан улам келип чыккан системалуу кылмыш экенин көрсөтүүнүн ордуна, автор: "Аял милици-

[147] Бишкекке жакын жерде күйөөсү кызганычтан улам аялын сабап, кескилеп салган. Абайлаңыз, сүрөт! / Vesti.kg. — 20.09. 2023-ж. // URL: https://vesti.kg/proisshestviya/item/115291-pod-bishkekom-muzh-iz-revnosti-izbil-i-izrezal-zhenu-ostorozhno-foto.html

яны чакырган, бирок заалымды кое беришкен", - деген сөздөр менен чектелген.

— ИИБдин расмий маалыматынын аягында үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам бере турган борборлордун байланыш номерлери жок.

**Тыянак.** Бул билдирүүнүн текстин талдоо гендердик жактан туура эмес деп аныктоого мүмкүндүк берет.

Бул кылмыш жөнүндө билдирүүлөр абдан көп болгон. Жаңылыктар лентасынын аталыштары чуулгандуу аталыштар менен көңүл бурган:

— "Уулунун көзүнчө мурду менен кулагын кескен. Жабырлануучунун эжеси үрөй учурган маалыматтарды айтып берди"[148] ;
— "Эркек мурунку аялын кыйнаган. Операциянын баасы 45 миң доллардан кем эмес"[149] ;
— "Майып болгон Аселдин мурунку күйөөсү 20 жылга эркинен ажыратылды"[150] ;
— "Мурунку күйөөсү аялдын кулагы менен мурдун кесип салган. Бүгүнкү иш жөнүндө эмне белгилүү" [151];
— "Селекциядагы аялды кыйноо: соттор жана милиционерлер жазага тартылабы?"[152] ;
— "Асель Ногойбаеваны колдойбуз. Бишкекте кайрымдуулук иш-чарасы өтөт"[153] ;
— "Өзүн көрүп, эс-учун жоготкон". Асель Ногойбаева зомбулуктан кийинки жашоосу жөнүндө айтып берди[154].

Коомчулук милиционерлердин аракетсиздигинен улам болгон кылмышка адилеттүү наразы болду. ММКлар сот процесси кандай жүрүп жатканын, кылмышкерге карата кандай жаза чаралары көрүлгөнүн, жабыркаган Асел Ногойбаеванын абалын активдүү көзөмөлдөп турушкан.

[148] 24kg. — 21.09.2023-ж. // URL: https://24.kg/proisshestvija/275658_rezal_nos_iushi_naglazah_usyina_sestra_jertvyi_rasskazala_jutkie_podrobnosti_/
[149] 24kg. — 27.09.2023-ж. // URL: https://24.kg/proisshestvija/276101_mujchina_istyazal_byivshuyu_jenu_operatsiya_oboydetsya_nasummu_nemenee_45_tyisyach/
[150] sputnik.kg. — 26.01.2024-ж. // URL: https://ru.sputnik.kg/20240126/asel-istyazanie-sud-prigovor-1082201431.html
[151] kaktus.media. — 26.01.2024-ж. // URL: https://kaktus.media/doc/487823_byvshiy_myj_otrezal_jenshine_yshi_i_nos._chto_izvestno_o_dele_na_segodnia.html
[152] Azattyk — 03.10.2023-ж. // URL: https://rus.azattyk.org/a/32620704.html
[153] 24kg. — 27.10.2023 г. // URL: https://24.kg/obschestvo/277897_podderjim_asel_nogoybaevu_vbishkeke_proydet_blagotvoritelnoe_meropriyatie/
[154] kaktus.media. — 10.01.2024 г. // URL: https://kaktus.media/doc/493716_poteriala_soznanie_yvidev_sebia._asel_nogoybaeva_rasskazala_o_svoey_jizni_posle_nasiliia.html

Бирок бир гана azattyk.org бир материалда жабырлануучу Аселдин 20 арызына шалаакы мамиле жасаган милиционерлер жазага тартылабы деген суроону берген. Жабырлануучу мурдагы күйөөсү тарабынан зомбулукка жана ур-токмокко алынганы тууралуу милицияга арыз менен көп жолу кайрылган, бирок милиция органдары бардык кайрылууларга көңүл бурбай, аялдар мыйзам менен корголбой турганын иш жүзүндө көрсөткөн.

Өзүнчө тема — майыптыгы бар адамдарга карата гендердик зомбулук көрсөтүү учурларын чагылдыруу. Жаңылыктар түрмөгүн барактап жатып, биз майыптыгы бар адамдарга карата зордук-зомбулуктун коркунучтуу учурлары жөнүндө аталыштарды көп кездештиребиз. Бул макалалар физикалык жаракаттарды сүрөттөө менен гана чектелип, психологиялык кысым жөнүндө сөз кылбайт, бул дагы олуттуу көйгөй[155] .

№ 5 мисал

**Үч жашар кызынын көзүнчө күйөөсүнүн колунан каза болгон Айкыз Калмурзаеванын өлтүрүлүшү тууралуу билдирүүлөрдүн сериясы. Жаш аял дүлөй жана дудук, 1-топтогу майып болгон.**

“Кызынын көз алдында 23 жаштагы Айкыз күйөөсүнүн колунан каза тапты”[156] ;

“Баткенде 22 жаштагы Айкыз Калмурза кызынын жансыз денеси табылды - күйөөсү кармалды”[157] ;

“Баткенде 23 жаштагы Айкыз Калмурза кызынын жансыз денеси табылды - сот жылдырылды” [158];

“Баткенде күйөөсү урушуп жатып аялын муунтуп өлтүргөн”[159] ;

“Кадамжайда эркек киши аялын өлтүрүүгө шектелүүдө - экөө тең угуу боюнча майып” [160];

“Кадамжайда эркек киши көчөдө 22 жаштагы аялын муунтуп өлтүргөн” [161].

Билдирүүлөрдүн көбү ИИБдин пресс-релиздери, маалымат булагы

[155] Түптө майып кыздарды зордуктоо. Тергөө аяктады/ 24kg. — 16.08.2023-ж. // URL: https://24.kg/proisshestvija/272628_iznasilovanie_devochek_sinvalidnostyu_vtyupe_sledstvie_zaversheno/
[156] Azattyk. — 12.01.2024-ж. // URL: https://rus.azattyk.org/a/32771539.html
[157] Today.kg. — 11.01.2024-ж. //URL: https://today.kg/news/859433/
[158] Akipress. — 12.04.2024-ж. // URL: https://svodka.akipress.org/news:2089873?from=mportal&place=top-project
[159] 24.kg. — 11.01.2024-ж. // URL: https://24.kg/proisshestvija/283954_vbatkene_muj_zadushil_jenu_vovremya_ssoryi/
[160] Sputnik.kg. — 11.01.2024-ж. // URL: https://ru.sputnik.kg/20240111/kadamzhay-ubiystvo-semeynoe-nasilie-1081863063.html
[161] Vesti.kg. — 11.01.2024-ж. //URL: https://vesti.kg/obshchestvo/item/119292-v-kadamdzhae-muzh-v-khode-ssory-zadushil-zhenu.html

укук коргоо органдары. Материалдардын аягында шектүү кармалып, КР Кылмыш-жаза кодексинин “Адам өлтүрүү” беренеси менен кылмыш иши козголгону билдирилди (24.kg, Sputnik.kg, vesti.kg).

Маркумдун жакындары журналисттерге ал мурда да сабалганын, ооруканага түшкөнүн айтышкан. Бирок, анын милицияга кайрылуусу жыйынтыксыз болгон – эч кандай чара көрүлгөн эмес. (Azattyk , today.kg)

“Ал аны мыкаачылык менен тепкилеп, сабап, соо жери калган эмес. Мунун баары кызынын көзүнчө болду. Соо жери калган жок. Мен ушунча жыл жашадым, бирок мындай мыкаачылыкты биринчи жолу көрүп жатам. Болгон окуяны бурмалоого жана жумшартууга аракет кылууга болбойт. Ал мыйзамдын бардык катаалдыгы менен жазаланышы керек. Биз ошону гана суранабыз”, - деп маркумдун чоң энеси Кадича Мамажанованын сөзүн билдирди Азаттык.

“Январь айынын башында ал эжелерине жолдошу экөөнүн ортосунда жаңжал болгонун айткан. Биз, кыязы, бул кезектеги үй-бүлөлүк уруш деп ойлоп, маани берген эмеспиз. Көрсө, эжемди күйөөсү 3 күн бою сабаган экен. Эжем качып кетүүгө аракет кылганда, аны кууп жетип, чачынан сүйрөп, токмоктой баштаган, анан муунтуп өлтүрдү. Жанында кичинекей кызы бар эле... Айылдаштары эмне болуп жатканын көрүп, чуркап барышкан, күйөөсү качып кеткен. Тез жардам аны ооруканага алып барган, бирок эжем каза болгон. Биз күнөөлүү үчүн адилет жаза сурайбыз”, - деген бир тууганы Нургазы Пиржановдун сөздөрүн Today.kg билдирген.

Массалык маалымат каражаттары фемицид фактысын чагылдырууда, тилекке каршы, сот процесси жана тергөө иш-чаралары кандай жүрүп жатканын активдүү көзөмөлдөбөйт, анткени социалдык тармактарда коомчулуктун чоң реакциясы жок.

Дагы бир мисал, БЦШ менен ооруган 16 жаштагы кызга карата жасалган кылмыш[162].

№ 6 мисал

Беш айлык боюнда бар БЦШ менен ооруган 16 жаштагы кыз кансырап ооруканага түшкөн. Ал жерде ага операция жасалган, бирок түйүлдүктү сактап калуу мүмкүн болгон жок. Кыз зордукчуну - алтымыш төрт жаштагы эркек кишини түздөн-түз көрсөткөн. Анын айтымында, эркек киши ага белек убада кылып үйүнө алып келип, зордуктап жүргөн. Буга чейин, кан кете электе эле, кыздын апасы кош бойлуу экендиги боюнча милицияга арыз менен кайрылган.

Адвокаттын айтымында, кылмыш ишин козгоо ДНК-анализдин жоктугунан, ошондой эле айыпталуучу Ысык-Көл ОИИБдин ыкчам милиция кызматкеринин атасы болгондуктан кыйын болгон. Адвокат милиционерлер жабырлануучунун үй-бүлөсүнө кысым көрсөтүп жатканын айткан. Анын айтымында, кыздын эжесине адвокат менен байланышууга тыюу салууга аракет кылышкан. Бирок, милиция шектүүнүн тугандык байланышы кылмыш ишин тергөөдө эч кандай таасир этпей турганын айтып, баарын четке каккан.

Тергөө экспертизанын жыйынтыгы чыкканга чейин токтотулган. Кыргызстанда ДНК экспертизасын жүргүзүү мүмкүн болбогондуктан, биоматериалды Орусияга алып барууга туура келген. Экспертиза үчүн акча (бул абдан кымбат изилдөө болуп саналат) кайдыгер эмес адамдар тарабынан чогултулган.

Экспертиза шектүүнүн аталыгын тастыктап, 2023-жылдын февралында сот айыпталуучуну 11 жылга эркинен ажыраткан. Бирок, өкүм даттанылат деген маалыматтар бар.

Жашы жете электерге карата гендердик зомбулукту чагылдыруу учурлары да көп кездешет: "Сүлүктүдө 31 жаштагы эркек киши 14 жаштагы кызды зордуктаганы үчүн кармалды"[163] ; "Ысык-Көлдө 16 жаштагы кыз зордуктоо тууралуу айтып берди"[164] . Ачык мисал: атасынан төрөгөн 14 жаштагы кыз жөнүндө билдирүүлөр сериясы.[165]

[162] Kloop.kg. — 11.02.2023-ж. // URL: https://kloop.kg/blog/2023/02/11/iznasilovanie-16-letnej-devochki-s-dtsp-sud-prigovoril-obvinyaemogo-k-11-godam-kolonii/

[163] Vesti.kg. — 22.01.2024-ж. // URL: https://vesti.kg/proisshestviya/item/119769-v-sulyukte-zaderzhan-31-letnij-muzhchina-za-iznasilovanie-14-letnej-devochki.html

[164] Turmush.kg. — 15.01.2024-ж. // URL: https://www.turmush.kg/ru/news:2050716

[165] Оксана Гут. Социалдык өнүктүрүү министрлиги ойлонууда — зордукчу атаны аталык укуктан ажыратуу керекпи / Vb.kg. — 04.02.2019-ж. // URL: https://www.vb.kg/doc/376498_minsocrazvitiia_dymaet_lishat_li_roditelskih_prav_otca_nasilnika.html;
Оксана Гут. 14 жаштагы кош бойлуу кыздын өз атасы аны үч жолу зордуктаганын мойнуна алды / Vb.kg. — 04.02.2019-ж. // URL: https://www.vb.kg/doc/376469_rodnoy_otec_14_letney_beremennoy_devochki_priznalsia_chto_trijdy_nasiloval_ee.html;
Оксана Гут. Атасынан төрөгөн 14 жаштагы кыздан тугандары баш тартышты / Vb.kg. — 11.04.2019 г. // URL: https://www.vb.kg/doc/377792_ot_14_letney_devochki_rodivshey_ot_otca_otkazalis_rodstvenniki.html;
Оксана Гут. Атасынан кош бойлуу болгон 14 жаштагы кыздын атасы өмүр бою эркинен ажыратылышы мүмкүн / Vb.kg. — 11.03.2019-ж. // URL: https://www.vb.kg/doc/377163_otcy_ot_kogo_zaberemenela_rodnaia_14_letniaia_doch_grozit_pojiznennyy_srok.html

№ 7 мисал

“14 жаштагы кыздын өз атасы кызын бир нече жолу зордуктаганын мойнуна алган. Бул тууралуу Ош ОИИБдин басма сөз кызматы билдирди <...>

<...> Үй-бүлө социалдык кызматтардын каттоосунда турган. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин эч ким, анын ичинде 14 жаштагы кыз окуган мектептин администрациясы өспүрүмдүн кызыктуу абалына көңүл бурган эмес. Милициянын маалыматы боюнча жашы жете элек кыз өзү кош бойлуу экенин түшүнгөн эмес. Ал азыр алтынчы айда.

<...> Социалдык өнүктүрүү министрлиги ойлонуп жатат -зордукчу атаны аталык укуктан ажыратуу керекпи.

<...> Биз азыр алар кандай шарттарда жашашканын анкташыбыз керек. Эмне үчүн кошуналар эч нерсе билишкен жок, эмне үчүн мектепте өспүрүмдүн кош бойлуулугун байкаган жок. Балким, ал сабакка катышкан эмес, жашырган.

<...> Атасынан төрөгөн 14 жаштагы кыздан туугандары баш тартышкан.

Билдирүүлөрдүн өзүндө, айрыкча көпчүлүк макалалардын аталышында зордук-зомбулук учурлары жана андан кийинки мамлекеттик органдардын аракеттери жана сот процесстери сүрөттөлөт, алар мамлекеттик социалдык коргоо системасынын, өзгөчө турмуштук оор кырдаалда болгон үй-бүлөлөргө жана балдарга жардам көрсөтүү жагынан толук алсыздыгы жөнүндө туруктуу таасир калтырат. Билдирүүлөргө караганда, жергиликтүү коомчулук, туугандары жана укук коргоо органдары сексуалдык зомбулуктан жабыр тарткандарга бирдей кайдыгер.

Тилекке каршы, билдирүүлөрдүн авторлору жабыр тарткандардагы кризистик кырдаалды жөнөкөй билдирүү менен гана чектелишип, бул “кайдыгерлер чынжырынын” бир бөлүгү болуп калышты. Маселе гендердик зомбулук темасындагы ар бир билдирүү - көйгөй жөнүндө айтуу мүмкүнчүлүгү гана болбостон, ошондой эле жабыр тарткан конкреттүү кызга да, зомбулукка кабылган башка потенциалдуу адамдарга да жардам бере турган маалыматтарды берүүдө. Ар бир билдирүүнү коомчулукка зомбулукту алдын алуу, ага каршы күрөшүү ыкмалары жана жабыр тарткандардын кийинки аракеттери жөнүндө маалымдоо мүмкүнчүлүгү катары колдонуу зарыл, мисалы:

- жабырлануучуну коргоону жана кылмышкерди жазалоону кепилдеген, зомбулукка кабылгандардын укуктарын түшүндүргөн ИИБ өкүлдөрүнүн интервьюлары;
- жашы жете электерге мыйзамдык кепилдиктерди жана ушундай

учурлар үчүн каралган практикалык колдоо чараларын түшүндүрүү менен социалдык камсыздоо органдарынын интервьюлары;
— ушундай учурларда окутуунун атайын тартибин түшүндүрүү менен КР БИМдин интервьюсу ж.б.;
— жалпы картинаны эксперттик маалымат менен толуктоо үчүн профилдик ӨЭУлардын жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен интервью;
— зомбулуктун себептерин изилдөө;
— манипуляциялык маалыматтын (салтка, динге, маданиятка шилтеме) таралышына жол бербөө, анткени баалуулуктар көп учурда туура эмес чечмеленет, аларды жакшы көз караш менен түшүндүрүү керек;
— аталаган көйгөйдүн масштабын жана башка маанилүү аспектилерин көрсөткөн статистикалык маалыматтар.

Ар бир учурда макалаларга маалыматтык мүнөз берүү керек, анткени гендердик зомбулук коомчулуктун көңүлүн жана мамлекет тарабынан чечкиндүү чараларды талап кылган олуттуу маселеге айланууда. Мыйзамдык жана нормативдик базаны бекемдөө маанилүү.

Гендердик зомбулук темасындагы билдирүүлөр дайыма эмоционалдык көз караштан алганда өтө оор материал болгонуна карабастан, окурмандарды толук үмүтсүздүк жана жалгыздык, турмуштук оор кырдаалда колдоонун жоктугу сезими менен калтырууга болбойт. Зордук-зомбулукка кабылган адамдар, айрыкча балдар жакшылыкка үмүтүн үзбөй жашоосун улантышы керек. Жана бүтүндөй коомдун милдети — аларга жардам берүү, зордук-зомбулуктун ар кандай түрүн алдын алуу үчүн ар бир ушундай окуядан керектүү сабактарды алуу.

Кыргызстанда 2023-жылы үй-бүлөлүк зомбулуктун 13 миң 104 учуру катталган. Бул 2022-жылга караганда 32 пайызга көп, анда үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча 9880 факт катталган. Мындай маалыматты “Азаттыкка” ИИМдин басма сөз кызматы билдирди[166]. Бул статистика жыл сайын үй-бүлөлүк зомбулук жана фемицид учурларынын саны өсүп жатканын көрсөтүүдө. Бул биздин өлкө аялдар жана балдар үчүн коопсуз эмес экенин көрсөтүп турат.

[166] Кыргызстанда 2023-жылы өткөн жылга салыштырмалуу үй-бүлөлүк зомбулук 33 пайызга көп катталган / Azattyk. — 19.01.2024-ж. // URL: https://rus.azattyk.org/a/32783456.html

## Аталыштар

### Өзүңөрдү текшергиле. Бул аталыштарда эмне туура эмес?

> “Көңүл бурган эмес”. Эркек киши аялын сабап, тирүүлөй көмүүгө аракет кылган — аны коомдук жумуштарга тартуу өкүмү чыгарылган
> Бишкекте көчөдө эркек киши аялын сабап салган. Ал арыз жазуудан баш тартты
> Кадамжайда эркек киши апасын дубалагандыгы үчүн чоң энесин сабап салган
> Супермаркетте эркек киши таанышуудан баш тартканы үчүн кызды сабады

Бул аталыштардын бардыгы виктимблеймингдин белгилерин камтыйт. “Ал арыз жазуудан баш тартты” деген сөздөр жабырлануучунун дарегине агрессордун жазасыз калышына түрткү бергендей айыптоолорго алып келет. Бирок, журналисттер окурмандарга агрессор жабыр тарткан адам үчүн эмес, коргоо системасы иштебей жатканы үчүн жазасыз калып жатканын түшүндүрүшү керек.

Кыздардын же аялдардын сабалышынын себептерин аталыштарда эскерүү зомбулуктун нормалдашуусуна өбөлгө түзөт. Бул аларга зордук-зомбулук көрсөтүү үчүн шылтоолор болушу мүмкүн деген ойду жаратат. Көптөгөн журналисттер мындай сөздөрдү кырдаалдын абсурддугун баса белгилөөнү каалоосу менен түшүндүрүшөт. Бирок, бул көбүнчө тескери натыйжага алып келет.

> Ысык-Көлдө эркек киши үйгө кирип пенсионер аялды зордуктаган. Ал аны кечирди
> Кызды зордуктагым келди, анткени ал тамеки тартат, ичимдик ичет - Кыргызстандын криминалдык окуялары
> Баласынын көзүнчө аялды зордуктаган таксист: “Ал мас болчу да”

Кыргызстанда журналисттер аялдарга карата зомбулуктун кандай түрү жөнүндө жазбасын, Паттерн бирөө — көптөгөн аталыштар виктимблеймингдин белгилерин камтыйт. “Ал аны кечирди” деген сөздөр жабырлануучунун дарегине зордукчунун жазасыздыгын кубаттаган деген айыптоолорду башталарына алып келет. Журналисттер окурмандарга зордукчунун жазасыз калуусу жабырлануучунун иш-аракеттери менен эмес, коргоо системасынын натыйжасыздыгы менен байланыштуу экенин жеткириши керек.

Зордуктоонун себептерин аталышта жазуу сексуалдык зомбулуктун нормалдашуусуна өбөлгө түзөт. Анткени, аялды зордуктоого мүмкүндүк берген белгилүү себептер бар болгон сыяктуу. Көптөгөн журналисттер мындай жол менен кырдаалга көңүл буруп, окурмандардын наразычылыгын жараткысы келгенин белгилешет. Бирок, тилекке каршы, ушул сыяктуу формулировкалар көбүнчө тескери натыйжа берет.

## Гендердик зомбулук жөнүндө билдирүүлөрдөгү сүрөттөргө карата талаптар

Провакациялык сүрөттөр жана видеоматериалдар, аталыштар жана кыйытмалар журналистикада бардык жерде колдонулат. Үй-бүлөлүк жана башка гендердик зомбулук темасындагы материалдар да четте калбайт. Таң калтырган сүрөттөр жана видеолор басылманын трафигин көбөйтөт.

Мындай репрезентация зордук-зомбулук көйгөйүн чечпейт, коомдун көңүлүн ага бурбайт жана жабыр тарткандарга жардам бербейт. Тескерисинче, ал “тескери натыйжага” алып келет[167] . Бул дагы “зыян келтирбе” принцибине каршы келет.

Ушундай шарттарда жашаган жана башка аял үчүн өлүм же олуттуу физикалык жаракат менен аяктаган зордук-зомбулуктун тарыхын көргөн же окуган аялды элестеткиле. Кандуу бычак, чоң муштум менен сүрөттү көрөт. Ал мындай деп ойлошу мүмкүн: “Менин күйөөм азырынча анчалык деле коркунучтуу эмес...анткени, ал азырынча мындай ырайымсыз физикалык агрессияны көрсөтпөйт, болгону азаптайт”.

Журналисттер үчүн зордук-зомбулук олуттуу жаракат, сынык же токмоктоо гана деген мифти жокко чыгаруу маанилүү. Зордук-зомбулук ар кандай формада болоорун баса белгилөө керек: сексуалдык, физикалык, психологиялык жана экономикалык. Ал кам көрүү же сүйүү катары көрүнүп, жашыруун көрүнүшү мүмкүн, бул аны ого бетер коркунучтуу кылат. Ар бир журналисттик материалда кандай болбосун зордук-зомбулукка жол берилбестигине жана норма эмес экендигине көңүл буруу зарыл. Мыкаачылыкты жана зомбулукту көрсөтүүдө ашыкча сенсациядан жана натурализмден алыс болуу керек.

Коомдук пикирди калыптандырууда сүрөт жана видео чоң роль ойнойт. Ошондуктан, ар бир кадр кылдаттык менен ойлонуштурулушу керек. Мисалы, зордуктоого кабылган аялдарды көбүнчө башын ылдый түшүргөн абалда сүрөттөшөт, бул алар күнөөлүү болгондой жалган элес

[167] Горбунова О. Травмасыз кызматташуу: ММКда аялдарга карата гендердик зомбулук темасын кантип коопсуз чагылдыруу керек. — Минск, 2018-ж.

калтырышы мүмкүн. Визуалдык материалдар текстти толуктап турушу керек, бирок чыныгы жүздөрдү колдонуудан алыс болуу керек. Мындай учурларда иллюстрацияларды өз алдынча түзгөн жакшы.

Өлтүрүү куралдары, кан болгон жана өлүктөр (же кандуу дене мүчөлөрү) менен сүрөттөрдү колдонууга болбойт. Жабыр тарткан аялдын үстүндө муштумун түйгөн адамды же зордукчу (анын көлөкөсү) менен сахналаштырылган сүрөттөрдөн, фарш майдалагычтан жана коркунучтуу куурчактардан тартылган сүрөттөрдөн баш тартуу керек. Социалдык тармактардагы сүрөттөр, жылаңач аялдардын, жабырлануучунун балдарынын жана башка туугандарынын сүрөттөрү зомбулукка каршы күрөшүүгө салым кошпойт.

Материалдарды визуализациялоо үчүн киши өлтүргүчтүн бетинин сүрөтүн, жабырлануучунун травмасы жок сүрөтүн, өлтүрүлгөн менен киши өлтүргөн адамдын биргелешкен сүрөтүн; окуя болгон жерди деталдарысыз, өлтүрүлгөн жана /же киши өлтүргүчтүн батирин (үйүн); номери жок атайын кызматтын унааларын колдонсо болот. Күбөлөрдүн, милиция кызматкерлеринин, кошуналардын, туугандардын макулдугу менен алардын сүрөтүн жайгаштырууга жол берилет. Бул учурда полициянын денени тегеректеген контуру, аялдарга карата зомбулукка каршы наарazычылык акциялары, шамдар жана гүлдөр көрсөтүлгөн сүрөттөр ылайыктуу.

### Гендердик зомбулукту чагылдыруунун мисалдарын изилдөө үчүн кошумча интернет материалдар

"Бардыгынын көз алдында" долбоору Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулукка күнөөлүү адамды жазалоо абдан кыйын экенин айтып, тиешелүү маалыматтарды келтирет.

"Убить нельзя погибнуть" долбоору — Кыргызстандагы аялдар үй-бүлөлүк зомбулуктан коргонууга аргасыз экени тууралуу.

Аталышы материалдын негизги идеясын билдирет: Тааныш, үй-бүлө мүчөсү, өнөктөш. Кыргызстанда аялдарды ким көп зордуктаганын маалыматтар менен көрсөтөбүз

"Мен аны баары бир өлтүрмөкмүн" — Кыргызстандагы фемицид тууралуу "Клоонтун" изилдөөсү.

— уурдалган келин Айзада Канатбекованын өлтүрүлүшү: жаңы маалыматтар // URL: https://www.youtube.com/watch?v=qebckJZI_hU
— Айзада Канатбекованын уурдалышы: шектүү адам өлөр алдында аудио билдирүү жазган // URL: https://www.youtube.com/watch?v=j7r6U7SBOkU

### Текшерүү үчүн суроолор

1. Журналист эмне үчүн зомбулук жөнүндө айтышы керек?
2. Эмне үчүн зордук-зомбулук жөнүндө адам укуктарынын олуттуу бузулушу деп айтуу керек?
3. Журналист зомбулук фактыларын чагылдырууда кандай эрежелерди сакташы керек?
4. Зордук-зомбулук темасындагы материалдарда кандай айтымдардан, сөздөрдөн жана сөз айкаштарынан алыс болуу керек?
5. Сексуалдык зомбулук темасын чагылдырууда визуалдык мазмун кандай болушу керек?
6. Шилтемелерди басуу менен видеолорду көргүлө жана талдагыла. Бул сюжеттердин авторлору кандай каталарды кетиришти?





## 5.2. Гендердик дата-журналистикада көнүгөбүз

Дата-журналистика- бул биринчи кезекте окуяларды түзүү үчүн маалыматтарды колдонгон журналистика[168] . Башкача айтканда, дата-журналистика — бул журналисттик материалдарды түзүү үчүн маалыматтарды чогултуу, тазалоо, уюштуруу, талдоо, визуалдаштыруу жана жарыялоо. Дата окуяны түзүүнү болжол менен үч этапка бөлүүгө болот.

### №1 этап. Маалымат чогултуу

Дата-окуяны түзүүнүн биринчи этабы - маалыматтарды чогултуу. Бирок силер кандай маалыматтарды чогултуу керектигин кантип түшүнөсүңөр? Бул жерде эки вариант бар: же силерде башынан эле суроо бар, ага жоопту маалыматтан тапкыңар келет же кызыктуу маалыматты тапкыңар келген маалыматтар силерге жетет.

Жаңылыктар күн тартибинен суроо же гипотеза келип чыгышы мүмкүн. Мисалы, силер жаңылыктар сайтын ачып, бийлик мугалимдердин айлыгын көтөргүсү келгенин билесиңер. Бул маалыматты маалыматтарга негизделген окуяга айландырса болот. Бул үчүн мугалимдин орточо эмгек акысын аныктоо жана бул сумма учурдагы баалардын шартында жашоо үчүн жетиштүү экенин баалоо керек. Ошондой эле, мугалимдердин көпчүлүгү аялдар экендиги жөнүндө маалыматтарды кошуп, эркектер мындай айлыкка иштөөгө макул болбошу мүмкүн деп божомолдоого болот. Бардык керектүү маалыматтарды статистикадан алууга болот.

Кээде маалымат ведомстволор кандайдыр бир статистиканы жарыялаганда журналисттерге өздөрү келет. Алардын маалыматтарын карап, силер өзүңөргө ар кандай суроолорду бере аласыңар. Бул жаңы трендби же жылдан жылга болуучу туруктуу абалбы? Балким, бир жерде өсүш болушу мүмкүн - анда мындай кескин өсүштүн себебин табуу керек. Бул суроолорго жооп алуу үчүн кошумча маалыматтарды издөө керек болушу мүмкүн.

Гендердик статистиканы КР УСКнын сайтынан табууга болот, Улутстаткомдун “Эркектер жана аялдар” жыйнагын жана кылмыштуулук жөнүндө динамикалык таблицаларды изилдөөгө болот. Жыйнак беш жылда бир жолу чыгат, анда гендердик зомбулук боюнча маалыматтар бар. КР УСК тарабынан жүргүзүлүүчү Убакыт бюджетин иликтөөгө дагы көңүл буруу керек. Берилген изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргызстандагы аялдар жана

[168] Валеева Анастасия. Дата-журналистика деген эмне? / Cabar.asia // URL: https://school.cabar.asia/ru/video/anastasija-valeeva-chto-takoe-data-zhurnalistika/

эркектер өз убактысын эмнеге жумшаарын түшүнүүгө жардам берет.

Улуттук статистикадан тышкары, эл аралык уюмдар түзгөн маалыматты дагы колдонсо болот. Мисалы, гендердик статистиканы БУУ-Аялдар чогултат. "Кыргызстандын маалыматтар мектеби" өзүнүн веб-сайтында Борбордук Азия боюнча ар кандай маалыматтар камтылган таблицаны жайгаштырган, анда гендер боюнча да статистика бар.

Дата-журналистка Савия Хасанова дүйнө жүзү боюнча фемицид жөнүндө көптөгөн маалыматтарды топтогон. Анын материалдарынан фемициддин негизги критерийлери менен таанышып, анын башка өлкөлөрдө кандай иликтенип жатканын көрүүгө болот.

### №2 этап. Маалыматтарды даярдоо жана талдоо

Окуяга керектүү болгон бардык маалыматтарды чогулткандан кийин, аны тазалоо керек. Маалыматтарды тазалоо жана уюштуруу процесси дата-журналистикасынын эң көп убакытты талап кылган жана ошол эле учурда негизги этабы болуп саналат.

Эреже катары, бул иш Microsoft Excel таблицаларында же башка таблицалык процессорлордо жасалат. Муну онлайн же маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча тренингдерден үйрөнсө болот. Натыйжада, силердин маалыматтар "таза" болушу керек, башкача айтканда, автоматташтырылган программалык камсыздоо менен талдоого жарактуу. Компьютер маалыматтарды кантип талдай алат? Бул, биринчи кезекте, жөнөкөй математикалык операциялар, мисалы, сумманы жана орточо маанини эсептөө, үлүштү же көрсөткүчтүн өзгөрүшүн эсептөө.

Бирок, бул жерде эң негизгиси журналистика; башкача айтканда, бул эсептөөлөр окуянын суроолоруна жооп берүүгө кандайча жардам берет. Эсептөө канчалык татаал болсо, силер ошончолук күтүлбөгөн окуяны түзө аласыңар. Мисалы, статистикалык талдоо ыкмаларын колдонуп, бир ченемдин экинчисине корреляциясын же көз карандылыгын белгилей аласыңар.

### №3 этап: Маалыматтарды жарыялоо

Эми силер талдап бүтүп, аны аудиторияга жеткирүүгө даяр болгондон кийин, окуяңарга ылайыктуу сөздөрдү, сүрөттөрдү жана каармандарды табууга убакыт келди. Материалыңарда көтөргүңөр келген көйгөйдү көрсөтүү үчүн сизлерге кандай эксперттер жана каармандар керек экенин ойлонуп көргүлө.

Маалыматтарды кызыксыз жазуунун кереги жок, математиканы эсептөөлөрүңөргө шилтеме берип, көшөгө артында калтырса болот. Ал эми окуянын өзүндө маалыматтан тапкан нерсеңердин жашоодо кандайча көрүнөөрүн жана анын кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин сүрөттөө.

Окуяңарды айтып берүү ыкмаларынын бири - маалыматтарды визуалдаштыруу. Ошол эле учурда, дизайндын негизги принциптерин билүү жана берилген маалыматты чагылдырган графиктин түрүн туура тандай билүү маанилүү. Маалыматтарды категориялар боюнча салыштыруу үчүн тилке диаграммасы жана трендди белгилөө үчүн сызык диаграммасы сыяктуу классикалык графиктер эч качан модадан чыкпайт. Эгерде силер эксперимент кылгыңар келсе, анда эң ылайыктуу түрүн тандоого жардам бере турган көптөгөн каталогдор жана онлайн ресурстар бар.

Визуализацияларды түзүү үчүн көптөгөн онлайн куралдар, анын ичинде акысыз куралдар бар. Жаңы баштагандарга Датарапперден (сайтта нускама блогу бар), Инфограммалардан баштоо сунушталат, ал эми алдыңкы колдонуучулар Флориш жана Табло менен таанышышы керек.

Эгерде силер маалыматтарга негизделбеген окуяларды кантип түзүү керектигин билгиңер келсе, анда Кыргызстанда силер үчүн "Маалыматтардан кенч издейбиз" аттуу атайын окуу куралы түзүлгөн. Окуу куралы кыргыз жана орус тилдеринде басылып чыккан.

### Кыргызстанда дата-окуяларды жазуунун мисалдары

> "Стереотиптерге каршы вакцина" долбоору Кыргызстандагы кыздардын өз кесибин табуусуна эмне тоскоол болуп жатканын айтып берет.

> "Бул аял ал жерде эмне жоготту?" долбоору - Кыргызстандын өкмөтүндөгү теңсиздик жөнүндө.

> Кыргызстанда кантип сактанышат?: Эркектердин 90% презерватив колдонгусу келбейт

> "Кыргызстандын маалымат мектеби" өз сайтында Кыргызстандагы Internewsтун дата-журналистика боюнча стипендиаттары тарабынан түзүлгөн окуяларды чогултат.

## ТИРКЕМЕЛЕР

## КЫСКАЧА ГЛОССАРИЙ

**Абьюзер** - термин зордук-зомбулук ыкмаларын колдонгон адамды сүрөттөө үчүн колдонулат. Бул максатка жетүү үчүн психологиялык, физикалык же экономикалык зомбулук болушу мүмкүн.

**Коопсуз жер** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын же анын мыйзамдуу өкүлүнүн пикири боюнча анын өмүрүнө же ден соолугуна коркунуч келбеген аймак же жай (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Боди-позитив (англ. Body Positive)** — феминисттик кыймыл, анын максаты адамдарды башкалардын денесин кандай болсо ошондой кабыл алууга үндөө. Бул коомдук кыймыл "менин денем — менин ишим" деген ураан менен чыгат. Кыймылдын өкүлдөрү адамдардын кандай болсо, ошондой болуу укугун коргошот. Алар коом ашыкча салмагы бар адамдарды кабыл алууну үйрөнүшү керек деп эсептешет. Кыймылдын максаты - сулуулуктун таңууланган стандарттарына каршы күрөшүү.

**Виктимблейминг, виктимизация** – Болгон зомбулук үчүн жоопкерчиликти толук же жарым-жартылай күнөөлүүгө, агрессорго эмес зомбулуктан жабыркагандарга жүктөөнү билдирген термин.

**Убактылуу коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартканга мамлекеттик коргоо берүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата мыйзамда аныкталган таасир этүү чараларын колдонууга алып келүүчү документ (КР "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Гендер** - ар башка жыныстагы адамдардын ээ болгон, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму; турмуштун бардык чөйрөлөрүндө, анын ичинде саясат, экономика, укук, идеология жана маданият, билим берүү жана илим жаатында көрүнүүчү эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилелердин социалдык аспекти. Гендердик мүнөздөмөлөр тукум кууп өткөн же биологиялык жактан шартталган эмес. Алар тарыхый жана учурдагы саясий жана экономикалык кырдаалга көз каранды болуп, эмгек бөлүштүрүүгө жана салттуу осуяттарга байланыштуу коомдо кабыл алынган социалдык ролдордун натыйжасы катары чыгат.

**Гендердик басмырлоо (тикелей, кыйыр)** - жынысы боюнча адамдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын чектеген аргандай айырмалоо, өзгөчөлөө же артыкчылык берүү. Коомдук турмуштун саясий, экономикалык, маданий, жарандык же ар кандай башка жааттарында эркектердин жана аялдардын тең укуктуулугун таанууну, пайдаланууну, же жүзөгө ашырууну солгундатууга, же ажыратууга багытталган.

**Гендердик саясат** - ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерде теңчиликти орнотууга багытталган мамлекеттик, коомдук иш.

**Гендердик статистика** - социалдык-саясий турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү ар башка жыныстагы адамдардын тийиштүү абалын чагылдырган жана коомдогу гендердик маселелерди жана мамилелерди баяндаган статистика.

**Гендердик экспертиза** - улуттук мыйзамдардын мониторинги жана коомдук укуктук талдоо, ошондой эле аялдар жана эркектер үчүн аларда бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн, укуктардын, милдеттердин, жоопкерчиликтердин, теңөнөктөштүк мамилелердин жана теңчилик натыйжалардын сакталышына ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун баалоо, гендердик басмырлоону болтурбоо.

**Гендердик өкүлчүлүк** - кандайдыр бир уюмдун курамында аргандай жыныстагы адамдардын белгиленген катышта болушу.

**Гендердик теңчилик** - аялдардын жана эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны жүзөгө ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрү, ал адамдарга жынысына карабастан жашоо-турмуштун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүнө катышуу үчүн өз жөндөмдүүлүгүн эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилиши (КР 2008-жылдын 4-августундагы № 184 “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы).

**Гендердик теңчилик** аялдар менен эркектердин улуттук, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүгө салым кошуу жана анын натыйжаларынан ырахат алуу үчүн өз укуктарын жана потенциалын толук ишке ашыруу үчүн бирдей шарттарга ээ экенин билдирет.

Азыркы учурда “теңчилик”" түшүнүгү тең (бирдей) натыйжаларга жетүү үчүн аялдар менен эркектерге ар кандай мамиле жасоо зарыл экендигин таанып.

**Гендердик тең укуктуулук** - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдетүүчү жагдайлардан сырткары ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдында укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги.

**Гендердик индикаторлор** - белгилүү бир мезгилдин аралыгында коомдо болуп жаткан гендердик-маанилүү өзгөрүүлөрдү жыйынтыктоо үчүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү пайдаланган көрсөткүчтөр же ченегичтер.

**Гендердик мамилелер** - карым-катнаш жүрүмүндө же биргелешкен ишмердигинин аргандай түрлөрүн жүзөгө ашыруу учурунда ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы жүрүм-турумдун жана мамилелердин мүнөзү.

**Гендердик стереотиптер** - тиешелүү мезгилде тиешелүү коом үчүн эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.

**Гендердик талдоо** - коомдун жана мамлекеттин бардык чөйрөлөрүндө иш жүзүндө болгон же сунушталып жаткан программалар, мыйзамдар, мамлекеттик саясий багыт менен аялдар менен эркектерге көрсөтүлүп жаткан аргандай таасир этүүлөрдү баалоо жүрүмү.

**Гендердик аудит** - уюмдун саясатында, программаларында жана ишинде комплекстүү гендердик мамилени колдонууну, уюмдун ишинде кабыл алынган саясатты чагылдыруу деңгээлин талдоо жана баалоо куралы.

**Көрсөтмөлөрдү депонирлөө** - сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүүдө соттук далилдерди алдын ала камсыз кылуу (сактоо) максатында тергөө судьясы тарабынан тараптардын биринин өтүнмөсү боюнча күбөнү же жабырлануучуну суракка алуу (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 129 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси).

**Басмырлоо** - бардык адамдардын бардык укуктар менен эркиндиктерди бирдей башталышта таануусун, пайдаланышын же жүзөгө ашырышын жок кылуу же басмырлоо максаты же кесепети бар расасынын, терисинин түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка ынанымдары, улуттук же социалдык теги, мүлктүк абалы, туулгандыгы же башка жагдайлары белгилерине негизделген ар кандай айырмалоо, четке кагуу, чектөө же артыкчылык берүү.

**Аялдарга карата басмырлоо** - эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун, саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же башка ар кандай чөйрөдөгү адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин негизинде аялдарды үй-бүлөлүк абалына карабастан таанууну, пайдаланууну же жүзөгө ашырууну начарлатууга же жокко чыгарууга багытталган жынысы боюнча ар кандай айырмалоо, четке кагуу же чектөө.

**Кыйыр басмырлоо мыйзам,** саясат же практика түзүлгөндө же нейтралдуу көрүнгөндө (түздөн-түз басмырлоочу аныктамаларсыз) пайда болот, бирок алар белгилүү бир топту же адамдардын тобун жагымсыз абалда калтырышат.

**Майыптык белгиси боюнча басмырлоо** - адамдын саясий, экономикалык, социалдык, маданий, жарандык же кайсы болбосун башка жааттагы бардык укуктарын жана негизги эркиндиктерин башкалар менен тең катарда таануусун, ишке ашыруусун же жүзөгө ашыруусун кемитүү же тануу максаты же натыйжасы болгон, майыптыгынын себеби боюнча кайсы болбосун айырмачылык, четке кагуу же чектөө;

**Түздөн-түз басмырлоо бир же бир нече тыюу салынган** негиздерге байланыштуу бир адамга же адамдардын тобуна салыштырмалуу кырдаалда башка адамга же адамдардын тобуна караганда начар мамиле жасалганда; же бир же андан көп тыюу салынган негиздерге байланыштуу себептерден улам адамдардын бир же бир тобуна зыян келтирилгенде орундуу болот.

**Кызматтык милдеттер** - башкаруу системасынын максаттарына жетишүүгө багытталган жана аткаруу үчүн милдеттүү болгон кызматкердин иш-аракеттеринин жыйындысы. Жумушчулардын иш-аракеттеринин аныкталган жана иреттелген жыйындысы аткарылуучу функциялардын маңызын түзөт.

**Үй эмгеги** — үй-бүлөнүн муктаждыктарын канааттандырууга багытталган эмгек ишмердигинин формасы. Үй эмгеги өлкөнүн адамдык жана социалдык потенциалынын пайдубалын түптөгөн социалдык жактан пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгектин бир түрү болуп саналат.

**Тергөөгө чейинки текшерүү** — Кылмыштардын бирдиктүү реестрине кылмыш жөнүндө арыз же билдирүү катталган учурдан тартып кылмыш ишин козгоо же кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин сотко чейинки өндүрүш баскычы; (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 129 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси).

**Жабырлануучу** - аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук катары аныкталган жүрүм-турумга дуушар болгон кандай болбосун жеке жак (Европа Кеңешинин 2011-жылдын 11-майындагы аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча конвенциясы (Стамбул конвенциясы).

**Зордуктоо** - жабырлануучуга же башка адамдарга өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирбеген зомбулук көрсөтүү же аны колдонуу коркунучу менен, ошого тете жабырлануучунун алсыз абалын пайдалануу менен жыныстык катнашка баруу (КР 2021-жылдын 28-октябрындагы № 127 Кылмыш-жаза кодекси).

**Майыптуулук** - адамдын туруктуу дене-бой, психикалык же акыл-эс бузуулары бар экендигин болжолдогон, мыйзамда белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленүүчү социалдык-юридикалык статус.

**Инклюзивдүүлүк** - адамдардын ортосунда теңсиздиктин жоктугун камсыз кылган коомдук жашоону уюштуруу принциби. Жеке адам кандай көрүнбөсүн, кандай кийинбесин, эмнеге ишенет, кандай гендерге өзүн танадык кылбасын. Ал билим берүүгө, искусствого, бизнеске баары менен бирдей катышат.

**Инклюзивдүү мамиле** социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал баарына достук мамиледе жана жеткиликтүү болушу керек.

**Инклюзия (англ. Inclusion — киргизүү)** — бардык жарандардын, биринчи кезекте дене тарбиялык өнүгүүсүндө кыйынчылыктарга ээ болгон жарандардын социумга катышуу деңгээлин жогорулатуу процесси.

**Инклюзия** - майыптыгы бар адамдарды активдүү коомдук жашоого реалдуу киргизүү процесси. Коомдун бардык мүчөлөрү үчүн бирдей деңгээлде зарыл.

**Интерсекционалдуулук (же кесилиш теориясы)** — эзүүнүн, үстөмдүк кылуунун же басмырлоонун ар кандай формаларынын же системаларынын кесилишин изилдөө.

**Интерсекиялык феминизм** кесилиш теориясын камтыйт жана аялдардын бирдиктүү тажрыйбасын четке кагат.

**Инфраструктура** - Кыргыз Республикасынын аймагындагы турак жай, административдик жана башка имараттардын, курулмалардын, жөө жүрүүчү тротуарларынын, автомобиль жолдорунун, коомдук транспорттун, коммуникация каражаттарынын жана башка техникалык каражаттардын жыйындысы (Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 3-апрелиндеги № 38 "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы).

**Квалификациялуу юридикалык жардам** - адвокаттын кылмыш, жарандык, административдик иштер жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамда белгиленген учурларда сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында мамлекеттин эсебинен адамдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын көрсөтүү жана/же коргоо боюнча кесиптик иши (КР 2022-жылдын 10-августундагы "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" мыйзамы).

**Квир идентүүлүк (англ. queer - башкача)** — сексуалдуулугу жана/же гендердик идентификациясы көпчүлүктөн айырмаланган адамга карата колдонулган жамааттык термин. "Квир" гетеросексуалдык эмес ориентацияны жана/же "аял/эркек" бинардуулуктун жана цисгендердиктин алкагынын тышкары гендердик идентүүлүктү (гендердик идентификациясы биологиялык жынысына дал келген адамдарды билдирген термин) билдирет.

**Квоталар** - саясий институттарда, эмгек мамилелери чөйрөсүндө жана башка чөйрөлөрдө эки жыныстагы адамдардын өкүлчүлүгүнүн мыйзамдаштырылган деңгээлинде туюндурулган убактылуу атайын чараларды түрлөрүнүн бири, алар мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында эркектер менен аялдардын тең салмактуу өкүлчүлүгүнө жетишүүсүнө жараша жокко чыгарылышы мүмкүн.

**Гендердик маселелерге комплекстүү мамиле (англ. gender mainstreaming)** — эркектер менен аялдардын ортосундагы теңсиздикти четтетүү үчүн бардык саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык жана башка чөйрөлөрдөгү мыйзамдарды, саясатты жана программаларды түзүүдө, аткарууда, мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо аялдар менен эркектердин кызыкчылыктары жана тажрыйбасы ажырагыс аспект болуп кала турган стратегия.

**Консультациялык-алдын алуу борбору (кризистик борбор)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык-психологиялык, ошондой эле укуктук, медициналык жардам көрсөтүү боюнча уюм (КР "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Консультациялык-укуктук жардам** — Кыргыз Республикасынын укуктук системасы, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, укуктарды соттук жана соттон тышкары тартипте ишке ашыруунун жана пайдалануунун ыкмалары жөнүндө маалымдоо; укуктук маселелер боюнча консультация берүү; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардам берүү; адамга квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жардам көрсөтүү; квалификациялуу юридикалык жардамдын аныктамасына туура келбеген жардамдын башка түрлөрү (КР 2022-жылдын 10-августундагы "Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө" мыйзамы).

**Кыйыр гендердик басмырлоо** - жыныстык таандыктыгын тикелей көрсөтпөстөн басмырлоо (КР 2008-жылдын 4-августундагы № 184 "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы).

**Майыптыгы бар адамдар (майыптыгы бар адам)** — туруктуу физикалык, психикалык, интеллектуалдык же сенсордук бузулуулары бар адамдар (адам), алар ар кандай тоскоолдуктар менен өз ара аракеттешкенде алардын башкалар менен бирдей коомдун жашоосуна толук жана натыйжалуу катышуусуна тоскоол болушу мүмкүн (2006-жылдын 13-декабрындагы Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция).

**Азчылык** - саны жагынан мамлекеттеги (же белгилүү бир аймактагы) калктын калган бөлүгүнөн аз болгон же болбосо базалык биологиялык муктаждыктарды, социалдык, маданий жана диний муктаждыктарды камтуу менен белгилүү бир муктаждыктарды канааттандырууга жетүүдө татаалдыкты башынан кечирген социалдык топ. Азчылык сөзсүз түрдө топтогу адамдардын расмий статусу менен аныкталбайт.

**Мизогиния** - аялдарга (кыздарга) карата жек көрүү, жактырбоо, же болбосо тамырлап кеткен жаңылыш пикир. Аялдарды жынысына карап басмырлоо, кемсинтүү, аялдарга карата зомбулук же сексуалдык объективдүүлүк түрүндө болушу мүмкүн. Мизогинист (же мизогин) — мизогиния мүнөздүү болгон адам.

**Көп түрдүүлүк** - коомдо гендердик, этномаданий, курактык, социалдык-экономикалык, диний жана башка параметрлери боюнча айырмаланган ар түрдүү топтордун болушу.

**Гендердик тең укуктуулуктун бузулушу** - кемсинтүү, жек көрүү, ошондой эле адамдын жыныстык таандыктыгына байланыштуу укуктарын чектөө же артыкчылык берүү түрүндө көрүнгөн активдүү же пассивдүү жүрүм-турум.

**Гендердик белги боюнча аялдарга карата зомбулук** - аялдарга багытталган зомбулук, анткени ал аял болуп саналат же аялдарга тиешелүү (Европа Кеңешинин 2011-жылдын 11-майындагы Аялдарга карата зомбулукту жана үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча конвенциясы (Стамбул конвенциясы). Жыныстык белгинин негизинде жасалган, аялдарга физикалык, сексуалдык же психологиялык жактан зыян келтирген же азап тарттырган, ошондой эле мындай актыларды жасоо коркунучу, мажбурлоо же өзүм билемдик менен эркинен ажыратуу, коомдук же жеке жашоодо.

**Үй-бүлөдөгү зомбулук (үй-бүлөлүк зомбулук)** - эгерде бул аракет үй-бүлө мүчөсүнүн мыйзамдуу укуктарын жана эркиндиктерин кемсинтсе, ага дене-бой же психикалык жактан зыян келтирсе жана моралдык зыян келтирсе же болбосо жашы жете элек үй-бүлө мүчөсүнүн дене-бой же инсандык өнүгүүсүнө коркунуч келтирсе, үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн экинчи мүчөсүнө карата атайылап жасаган ар кандай аракети.

**Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер** - бачабаздык, лесбиянчылык же сексуалдык мүнөздөгү бузуку формадагы башка аракеттер, өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтуу болбогон зомбулукту колдонуу менен же жабырлануучу эркекке (жабырлануучу аялга) же башка адамдарга карата колдонуу коркунучу менен же болбосо жабырлануучу эркектин (жабырлануучу аялдын) алсыз абалын пайдалануу менен (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 127 Кылмыш-жаза кодекси).

**Улуттук гендердик механизм** - жашоонун бардык чөйрөлөрүндө эркектер менен аялдардын бирдей укуктары жана бирдей мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө фундаменталдуу конституциялык жобону жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү башкаруу институттарынын, мамлекеттин механизмдеринин жана чараларынын системасы.

**Тийиштүү шарттарды камсыз кылбоо** - майыптыгы бар адам товарларга жана кызматтарга жетүү үчүн зарыл болгон иш-аракеттерди аткарышы үчүн жумуш ордун же окуу ордун, товарларды сатууну, кызматтарды көрсөтүүнү адаптациялоонун жоктугу. Тийиштүү шарттарга жеткиликтүү жумуш орду, атайын ылайыкташтырылган жабдуулар, брондолгон унаа токтотуучу жай, өзгөртүлгөн жумуш убактысы ж. б. кириши мүмкүн.

**Баарлашуу** - тилдерди, тексттерди, Брайль алиппесин, тактилдик байланышты, ири арипти, жеткиликтүү мультимедиялык каражаттарды, ошондой эле басма материалдарын, аудио ортомчулуктарды, кадимки тилди, окурмандарды, ошондой эле байланыштын бекемдөөчү жана альтернативдүү методдорун, ыкмаларын жана форматтарын, анын ичинде жеткиликтүү маалыматтык-коммуникациялык технологияны колдонууну камтыган коммуникация (2006-жылдын 13-декабрындагы Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция).

**Гендердик теңчиликтин объекттери** - укуктук жөнгө салууга жаткан коомдук, саясий, экономикалык жана башка социалдык мамилелер.

**Коргоо ордери -** үй-бүлөдөгү зомбулуктан же анын коркунучунан жабыр тарткандарга мамлекеттик коргоону берүүчү жана зомбулук жасаган же аны жасайм деп коркуткан адамга Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө” мыйзамында аныкталган таасир этүү чаралары түрүндө эскертүүгө алып келүүчү процессуалдык юридикалык документ.

**Патриархат** - социалдык уюмдун формаларынын бири, мында жашоонун көптөгөн чөйрөлөрүндө, биринчи кезекте саясатта, экономикада жана үй-бүлөдө басымдуу ролду эркектер ойнойт (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 16-сентябрындагы №1096/1 буйругу менен бекитилген окуу-методикалык комплекстерге дискриминацияга каршы жана гендердик экспертиза жүргүзүү методологиясы,).

**Алгачкы виктимизация**- кылмыш жасоо процессинде кылмышкер менен жабырлануучунун ортосундагы өз ара аракеттенүү, ошондой эле ошол өз ара аракеттенүүнүн же кылмыштын өзүнүн кесепеттери .

**Кайталанган (экинчи) виктимизация** - бул алгачкы виктимизациядан кийин пайда болгон кошумча виктимизация. Жабырлануучуну айыптоо, жабырлануучуга карата орунсуз жүрүм-турум же жабырлануучу кайрылган медициналык адистердин же башка адистердин сөзү, ошондой эле жабырлануучунун азабын күчөтүүчү башка аракеттер түрүндө болушу мүмкүн. “Кайталанган виктимиазция” термини жабырлануучуну күнөөлөө жана бийликтин жана ушул чөйрөдө кызмат көрсөткөн башка субъекттердин сезимсиз мамилеси, жүрүм-туруму жана практикасы менен жабырлануучуга келтирилген кошумча травманы билдирет.

**Позитивдүү аракеттер** - Конституция жана мыйзамдар тарабынан берилген укуктарды ишке ашырууда эркектер менен аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн теңөөгө багытталган чаралар же мурда болуп өткөн жагымсыз абалды жоюу жана айрым топтордун теңдикке карай жолундагы прогрессин тездетүү үчүн бир катар мыйзамдык, административдик жана практикалык чаралар, теңдикке болгон укуктун курамдык бөлүгү.

**Жыныс** - адамдын биологиялык мүнөздөмөсү.

**Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо** - Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 154 жана 155-беренелеринде каралган сексуалдык мүнөздөгү зордуктоо жана күч колдонуу аракеттеринин белгилери жок болгон учурда, адамды шантаж же жабырлануучу эркектин (жабырлануучу аялдын) материалдык же башка көз карандылыгын пайдалануу жолу менен жыныстык катнашка, бачабаздыкка, лесбиянчылыкка же сексуалдык мүнөздөгү башка аракеттерди жасоого мажбурлоо (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кылмыш-жаза кодекси).

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам** — үй-бүлө мүчөсү же үй-бүлөлүк зомбулук жасалган үй-бүлө мүчөсүнө теңештирилген адам, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон жашы жете элек адам (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамы).

**Жабырлануучу** - кылмышы менен дене-бой, моралдык жана (же) материалдык зыян келтирилген адам (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 129 Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси).

**Теңдик укугу** - бардык адамдардын кадыр-баркы боюнча бирдей болуу укугу, урматтоо жана кылдаттык менен мамиле кылуу укугу жана жарандык ишмердүүлүктүн же экономикалык, социалдык, саясий же маданий турмуштун ар кандай чөйрөсүндө башкалар менен бирдей шартта катышуу укугу. Бардык адамдар мыйзам алдында бирдей жана мыйзам менен бирдей корголууга жана жардам алууга укуктуу.

**Жаңылыш пикир (социалдык)** — жетиштүү себепсиз, маалыматсыз же тажрыйбасыз адам же топ жөнүндө алдын ала түзүлгөн пикир көбүнчө туура эмес же ийкемсиз жалпылоолорго негизделет.

**Кайдыгер мамиле** — үй-бүлө мүчөлөрүнө жана аларга теңештирилген адамдарга кам көрүү боюнча милдеттерди атайылап аткарбоо (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамы).

**Үй-бүлөлүк зомбулукка бөгөт коюу** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өмүрүн, ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын коргоону камсыз кылуучу үй-бүлөлүк зомбулукту токтотууга багытталган чаралар (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Куугунтуктоо (асылуу)** — адамдын кадыр-баркына доо кетирген же бейбаштык, кастык, кемсинтүү же агрессивдүү чөйрөнү жараткан каалабаган мамиле же жүрүм-турум. Сексуалдык асылуу гана эмес, башка ар кандай куугунтуктоо, айрыкча жумуш ордунда. Көптөгөн өлкөлөрдө мыйзам адамга мындай кысым көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн чектейт, мындай иш-аракеттерди юридикалык чечмелөө ар кандай маданияттарда айырмаланат.

**Гендердик тикелей басмырлоо** - жыныстык таандыктыгын түздөн-түз көрсөткөн басмырлоо (КР 2008-жылдын 4-августундагы № 184 "Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы).

**Түздөн-түз басмырлоо** - адам өзүнүн укуктарын ишке ашыра албаган же объективдүү себепсиз, жеке өзгөчөлүктөрүнө же ким экендигине байланыштуу азыраак артыкчылык менен ага карата мамиле кылган басмырлоо. Басмырлоонун түрлөрү: майыптык белгиси боюнча басмырлоо, сексуалдык ориентациясы боюнча басмырлоо, жынысы боюнча басмырлоо, расалык же этникалык теги боюнча басмырлоо, жаш курагы боюнча басмырлоо.

**Психологиялык зомбулук** - дене-бой, сексуалдык, экономикалык зомбулук жасайм деп коркутуу, ошондой эле ар-намысты жана кадыр-баркты атайылап кемсинтүү, өмүргө коркунуч туудурган же психикалык, дене-бой саламаттыгынын бузулушуна алып келүүчү укук бузууларды же жосундарды жасоого мажбурлоо, ошондой эле жашы жеткен адамдардын баарлашуу укугун чектөө (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Натыйжанын теңдиги** - теңчилик концепциясы, ага ылайык эркектер менен аялдар тең (бирдей) натыйжаларга жетишүү үчүн аларга ар кандай мамилени көрсөтүү зарыл экендиги таанылат, анткени алардын жана башкалардын жашоо шарттары ар башка.

**Теңчиликтин аспектиси катары бирдей мамиле ушул сыяктуу мамилеге барабар эмес.** Адамдар менен толук жана натыйжалуу теңчиликке жетүү үчүн алардын ар кандай жагдайларын түшүнүү менен, ар кандай жолдор менен мамиле кылуу, алардын бирдей баалуулугун тастыктоо жана коомго бирдей катышуу жөндөмүн бекемдөө зарыл. Теңдик укугу натыйжалуу болушу үчүн позитивдүү аракеттерди талап кылат.

**Тең укуктуу мамилелер** - ар башка жыныстагы адамдардын кызматташуусу же мамлекеттик жана коомдук турмушка бирдей шарттарда биргелешип катышуусу.

**Бирдей мүмкүнчүлүктөр** - гендердик тең укуктуулукка иш жүзүндө жетишүү үчүн зарыл болгон каражаттардын жана шарттардын системасы.

**Акылга сыярлык ылайыкташуу** - зарыл болгондо конкреттүү учурда, майыптыгы бар адамдардын башка бардык адам укуктары жана негизги эркиндиктери менен бирдей ишке ашырылышын же жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу максатында диспропорциялуу же негизсиз оорчулук кылбастан зарыл жана ылайыктуу өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү киргизүү. (2006-жылдын 13-декабрындагы Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция).

**Бала** - ар бир адам баласы 18 жашка чыкканга чейин, эгерде бул балага карата колдонулуучу мыйзам боюнча ал эрезеге жете элек болсо (1989-жылдын 20-ноябрындагы Баланын укуктары жөнүндө конвенция).

**Сексизм (латын тилинен sexus «жыныс» англ. sexism)** — адамдарга карата бейкалыс пикирлердин жыйындысы же адамдарды жынысы же гендер боюнча басмырлоо; белгилүү бир жыныстагы адамдарга карата жаңылыш пикир, терс мамиле же антипатия.

**Сексуалдык асылуу** - эмгектик, кызматтык, материалдык, үй-бүлөлүк жана башка көз карандылыкта турган адамды оозеки же физикалык жактан кордогон жана мазактаган сексуалдык мүнөздөгү аракеттер (КР 2008-жылдын 4-августундагы №184 “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” мыйзамы).

**Үй-бүлөлүк зомбулук (үйдөгү зомбулук)** - үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн башка үй-бүлө мүчөсүнө же ага теңештирилген адамга карата жабырлануучунун конституциялык жана башка укуктарын жана эркиндиктерин бузган, ошого тете ага дене-бой же психикалык жактан зыян келтирген, же болбосо дене-бой же психикалык өнүгүүсүнө зыян келтирген, ден соолукка анча оор эмес зыян келтирген ар кандай атайылап жасаган аракеттери (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы №127 Кылмыш-жаза кодекси, Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамы).

**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүү системасы** - мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамга ылайык мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын адвокатурасы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана жактар тарабынан мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берүүнү жана көрсөтүүнү уюштуруу системасы. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам түрүндө көрсөтүлөт (КР 2022-жылдын 10-августундагы “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” мыйзамы).

**Системалык функционалдык талдоо** - аткаруу бийлигинин органдарынын, уюмдардын же мекемелердин бир катар бир же бир нече функцияларынын аткарылышын салыштыруу.

**Социалдык кызмат** - уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүчү уюм, мекеме (Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамы).

**Социалдык адилеттүүлүк теңдик түшүнүгү** адамдын өзүнө көз каранды болбогон жана мамлекеттин жана башка социалдык институттардын жардамы менен коомдук ресурстарды кайра бөлүштүрүүнү талап кыла турган туулган жерине, жынысына, расасына, улутуна, динине жана башка факторлорго байланыштуу турмуштук кырдаалдардын жана жагдайлардын ар түрдүүлүгүн камтыйт дегенди билдирет.

**Атайын чаралар** - жашоо-тиричиликтин кыйла басмырлоочу чөйрөсүндө жыныстардын биринин адамдарын колдоого багытталган уюштуруучулук, мыйзамдык, институттук мүнөздөгү чаралар. Атайын чаралар убактылуу болушу мүмкүн.

**Айнек дубалдар** - горизонталдык гендердик эмгек сегрегациясы, анда аялдарга кийинчерээк олуттуу вертикалдуу, карьералык өсүштү камсыз кылган кесиптер жана иш-чаралар азыраак жеткиликтүү.

**Айнек шып** - бул демографиялык топтун (адатта, азчылык топторунун) иерархияда белгилүү бир деңгээлден жогору көтөрүлүшүнө тоскоол болгон көрүнбөгөн тоскоолдукту көрсөтүү үчүн колдонулган метафора. Бул метафораны алгач феминисттер жетишкендиктери жогору болгон аялдардын карьерасындагы тоскоолдуктарга карата ойлоп табышкан.

**Стереотип социалдык (грек. stereos - катуу, бекем жана typos - форма, үлгү)** - ар бир адам ошол топтун кайсы бир мүчөсүнө таандык болгон, алардын чыныгы сапаттарына карабастан, алдыңкы мүнөздөмөлөрдүн бирдей топтомун алып жүрүүчү катары эсептелген, аныкталуучу адамдардын топтору жөнүндө кеңири бөлүшүлгөн түшүнүктөрдүн жалпыланган, жөнөкөйлөтүлгөн жана катаал системасы.

**Гендердик стереотиптер** - белгилүү бир мезгилде ошол коом үчүн эркектер менен аялдардын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө туруктуу түшүнүктөр.

**Стигматизация**- “ярлыктарды” илүү, кандайдыр бир сапатты (адатта терс) жеке адам же көп адамдар менен байланыштыруу, бирок бул байланыш жок же далилденген эмес.

**Түзүмдүк теңсиздик** - объективдүү мүнөздөгү себептер менен шартталган социалдык топтордун ортосундагы теңсиздик (тарыхый түзүлгөн шарттар, салттуу жашоо мүнөзү, географиялык аралык ж.б.)

**Турмуштук оор кырдаал** - жарандын турмуш-тиричилигин объективдүү бузган кырдаал (майыптык, улгайган курагына же оорусуна байланыштуу өзүн-өзү тейлөөгө жөндөмсүздүк, жетимдик, кароосуз калуу, аз камсыз болуу, жумушсуздук, белгилүү бир жашаган жеринин

жоктугу, үй-бүлөдөгү чыр-чатактар жана катаал мамиле, үй-бүлөлүк зомбулук, жалгыздык ж.б.), аны өз алдынча жеңе албайт ("Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" КР мыйзамы).

**Баш калка (үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар үчүн убактылуу болуу борбору)** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга коопсуз убактылуу жашоо берүүчү уюм (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Аялуу социалдык топтор** - стигматизацияланган жана башка топторго салыштырмалуу басмырлоого, зордук-зомбулукка, табигый жана техногендик кырсыктардын оор кесепеттерине кабылуу коркунучу жогору болгон калктын тобу же коомдун бир бөлүгү. Адатта, аялуу топторго балдар, аялдар, улгайган адамдар, азчылыктар, майыптар, аз камсыз болгон адамдар ж.б. кирет. Аялуу топторду аныктоо мобилдүү жана кырдаалга жараша болот.

**Феминитивдер (лат. femina - "аял"), же феминативдер (nomina feminina — аялдын ысымы)** — аялдарды билдирген женский роддогу зат атоочтор. Эркекти билдирген мужской роддогу ат атоочтордон келип чыккан жана алар менен жупташ болуп саналат. Орус тилинде көбүнчө "-к-" суффикси кесиптик феминитивдерди (программист – программистка), жашаган жеринин феминитивдерин (бишкектик), жарандыгын (сербка) түзүү үчүн кызмат кылат. Феминитивдерди түзүү үчүн башка суффикстер активдүү колдонулат, мисалы - янк-: "горец – горянка", "китаец – китаянка".

**Фемицид** - бул зордук-зомбулуктун эң жаман түрү, ал аялды өлтүрүү менен аяктайт жана кыйноолорду, өзүнө зыян келтирүүнү, ырайымсыздыкты жана сексуалдык зомбулукту камтышы мүмкүн (Аялдарга карата зомбулук маселелери боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн колдонмо. Нью-Йорк, 2010).

**Физикалык зомбулук** - үй-бүлөнүн бир мүчөсүнүн/ага теңештирилген адамдын үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө/ага теңештирилген адамга түздөн-түз же кыйыр түрдө атайылап физикалык таасири, турмуштук маанилүү функцияларды жөнөтүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу,

эркин жүрүүдөн, турак жайдан, тамак-аштан, кийим-кечеден ажыратуу же чектөө, оор кара жумушка мажбурлоо, ошондой кам көрүү жана багуу боюнча милдеттерден баш тартуу (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Функция** - административдик максаттарга жетүүгө багытталган жана натыйжага (продуктка) алып келүүчү, мамлекеттик органдардын/мекемелердин максаттары менен түздөн-түз байланышкан окшош ниеттери жана негизги мүнөздөмөлөрү бар башкаруу органынын иши же администрациялык иш-аракеттердин системасы.

**Харассмент (англ. harassment — куугунтуктоо)** — адамдын жеке жашоосунун бүтүндүгүн бузган башка адамга ыңгайсыздык же ал тургай зыян келтирген жүрүм-туруму.

**Хэштег активдүүлүк** - хэштегдерди социалдык тармактар аркылуу күрөшүү же колдоо үчүн колдонуу.

**Үй-бүлө мүчөлөрү** - жубайлар, ата-энелер жана балдар, чоң энелер/чоң аталар жана неберелер, камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана көзөмөлдөгүлөр, асырап алуучулар жана асыранды балдар, багып алуучу ата-энелер жана багып алуучу балдар, мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого кабыл алынган башка адамдар, мурдагы жубайлар, өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй кыздар/өгөй балдар, ага-инилер жана эже-сиңдилер (ата-энеси бир жана атасы же энеси башка), иш жүзүндөгү тарбиячылар жана иш жүзүндөгү тарбиялануучулар (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Экономикалык зомбулук** — үй-бүлөнүн бир мүчөсү/ага теңештирилген үй-бүлө мүчөсү тарабынан үй-бүлөнүн башка мүчөсүн/ага теңештирилген адамды багуу боюнча милдеттерди атайылап аткарбоо, ошондой эле мыйзам күчүнө кирген адамга арналган мүлктү же кирешени алуу же тескөө, жана/же ишенимдүү адамдын каражаттарын жана мүлкүн ишеним артуучуга зыян келтирип пайдалануу укугунан атайылап ажыратуу же чектөө (КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги №63 "Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" мыйзамы).

**Тил** - сүйлөө жана жаңдоо тилдерин жана оозеки эмес тилдердин

башка формаларын камтыган коммуникация каражаты (2006-жылдын 13-декабрындагы Майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенция).

**Кастык тили** - адамдарды жынысына, расасына, улутуна, динине, майыптуулугуна, сексуалдык иденттүүлүгүнө, курагына же башка социалдык өзгөчөлүктөрү боюнча мазактоого, кемсинтүүгө же басмырлоого багытталган сөздөрдү же айтымдарды колдонуу. Мындай сөздөр коомдогу жек көрүүчүлүктү жана кастыкты козутууга жана зомбулук, басмырлоо аракеттерин көрсөтүүгө өбөлгө түзөт.

## Кошумча окуу үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси


1. Валеева Анастасия. Дата-журналистика деген эмне? https://school.cabar.asia/ru/video/anastasija-valeeva-chto-takoe-data-zhurnalistika/

2. Жаңыдан баштагандар үчүн гендер: кыскача курс https://www.colta.ru/articles/specials/10698-gender-dlya-chaynikov-kratkiy-kurs

3. Де Бовуар Симона. Экинчи жыныс https://www.litres.ru/book/simona-de-bovuar/vtoroy-pol-23031636/chitat-onlayn/

4. Зайцева Дарья. Аялдардын көз карашы: фемоптика кантип пайда болгон жана ал эмне үчүн керек https://heroine.ru/zhenskij-vzglyad-kak-poyavilas-femoptika-i-dlya-chego-ona-nuzhna/

5. Кыргыз Республикасынын саясатындагы аялдарга карата зомбулук: изилдөөнүн жыйынтыктары https://www.osce.org/files/f/documents/8/9/519387.pdf

6. Невски Астрид. «Элла жана чагылган»: сторителлинг жана фемоптика https://www.b17.ru/article/358690/

7. 2020-жылдын 4-октябрында өткөн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун гендердик мониторингинин жыйынтыктары боюнча отчет. Кыргыз Республикасындагы шайлоолорго гендердик мониторинг
https://awli.kg/wp-content/uploads/2021/02/genmonelectjk2020.pdf

8. Елиференко А., Темирова Т., Молдошева А. Үй-бүлөлүк зомбулук канча турат? Изилдөө долбоорунун натыйжасы боюнча жыйынтыктоочу документ. — 2012 г.
https://www.undp.org/sites/g/files/zskgke326/files/migration/kg/UNDP-kgz-How-much-violence-in-a-family-costs.pdf

9. Гусева Ная. Көз айнекти сүрткүлө: Фемоптика
https://cinetexts.ru/femoptics

10. Фридан Бетти. Аялдыктын табышмагы
https://www.litres.ru/book/betti-fridan-22445541/zagadka-zhenskogo-67816325/chitat-onlayn/

11. Шведова Надежда. БУУнун артыкчылыктарындагы гендердик теңчилик
https://www.intertrends.ru/jour/article/view/185/29

12. Шведова Надежда. Татаал жөнүндө жөнөкөй: гендердик агартуу: Окуу куралы
http://www.owl.ru/win/books/easygender/index.htm

13. Заманбап медиа жана коммуникация мейкиндигиндеги кастык тили. ЖОЖдордун окутуучулары үчүн окуу-методикалык колдонмо, Бишкек, 2021.
https://mediasabak.org/media/library/2022/02/28/352866db26b94c48901c649565de8475.pdf

"InKoom - Кыргызстанда адилеттүү жана
инклюзивдүү коомдун өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү"
долбоору